БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНҮКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АЯЛДАР:

## ӨЗГӨРҮП ЖАТКАН ДҮЙНӨДӨГҮ РОЛУ, СТАТУСУ, ОБРАЗДАРЫ ЖАНА ЧАКЫРЫКТАРЫ

ОКУТУУЧУЛАР ҮЧҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК КОЛДОНМО



БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНҮКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АЯЛДАР: ӨЗГӨРҮП ЖАТКАН ДҮЙНӨДӨГҮ РОЛУ, СТАТУСУ, ОБРАЗДАРЫ ЖАНА ЧАКЫРЫКТАРЫ

## ОКУТУУЧУЛАР ҮЧҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК КОЛДОНМО

Бишкек, Душанбе, Алматы

2026

УДК 305-055.2(5)
ББК 60.542.21(5)
А 55

**ОКУТУУЧУЛАР ҮЧҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫККАНДАР:**

1. Алымбаев А. (Кыргызстан)
2. Зиёи Х. (Тажикистан)
3. Курбонхонов О. (Тажикистан)
4. Мамбетова Р. (Кыргызстан)
5. Масалиева Н. (Кыргызстан)
6. Рахимов М. (Тажикистан)
7. Салморбекова Р. (Кыргызстан)
8. Удербаева С. (Казахстан)
9. Шамбеталиева Х. (Кыргызстан)
10. Шозимов П. (Тажикистан)

**А 55** БОРБОР АЗИЯДАГЫ АЯЛДАР: ӨЗГӨРҮП ЖАТКАН ДҮЙНӨДӨГҮ РОЛУ, ДАРАЖАСЫ, ОБРАЗДАРЫ ЖАНА ЧАКЫРЫКТАРЫ. МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ДАЯРДАЛГАН КОНЦЕПТУАЛДЫК КОЛДОНМО. – Алматы, 2026. – 219 стр.

ISBN 978-601-382-339-3

«Окутуучулар үчүн концептуалдык колдонмо «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу окуу антологиясынын негизинде окуу процессине ылайыкташтыруу максатында атайын даярдалган. Анда окуу антологиясында берилген ар кандай темалар боюнча сабактарды өткөрүү үчүн педагогикалык ыкмалар жана мамилелер, анын ичинде академиялык жазуу жана дебаттар боюнча кошумча бөлүмдөр чагылдырылган.

Колдонмо университеттин окутуучулары жана жогорку класстын мугалимдери үчүн сунушталат.

УДК 305-055.2(5)
ББК 60.542.21(5)

**ISBN 978-601-382-339-3**

© UCA-AKHP

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................................................................................ 4

І БАП
**БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК СТАТУСУ ЖАНА ТАРЫХЫЙ АСПЕКТИЛЕРИ** ........................................................................................................ 5

1.1 БӨЛҮМ
**БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК СТАТУСУ** ............... 7

1.2 БӨЛҮМ
**«БОРБОРДУК АЗИЯЛЫК АЯЛДАРДЫН ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕГИ ЖАНА БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ТАГДЫРЫ»** ........................................................................................................ 16

1.3 БӨЛҮМ
**АКАДЕМИЯЛЫК ЖАЗУУ (6 СААТ – 3 САБАК)** ........................................................................................................ 26

1.4 БӨЛҮМ
**КРОСС-ДЕБАТТЫК ФОРМАТ (КДФ) (4 СААТ – 2 САБАК)** ........................................................................................................ 41

ІІ БАП
**АЯЛДАР ЖАНА АЛАРДЫН МАДАНИЯТ МЕНЕН ИСКУССТВОДОГУ ОБРАЗДАРЫ** ..................... 53

1 БӨЛҮМ
**ФОЛЬКЛОР (4 СААТ – 2 САБАК)** ........................................................................................................ 53

2 БӨЛҮМ
**КИНО (4 СААТ – 2 САБАК)** ........................................................................................................ 62

3 БӨЛҮМ
**МУЗЫКА (4 СААТ – 2 САБАК)** ........................................................................................................ 71

4 БӨЛҮМ
**ГЕНДЕР (4 СААТ – 2 САБАК)** ........................................................................................................ 83

ІІІ БАП
**АЯЛДАР ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ИШКЕРДҮҮЛҮК** ........................................................................................................ 100

1 БӨЛҮМ
**БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШКЕРДҮҮЛҮК МЕНЕН АЛЕКТЕНГЕН АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ ЖАНА РОЛУН** ........................................................................................................ 100

**2 БӨЛҮМ** ........................................................................................................ 121

ІV БАП
**ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЖАНА ДИНИЙ КОНТЕКСТТЕРДЕГИ АЯЛДАРДЫН РОЛУ** ..................................... 144

V БАП
**АЯЛДАР ЖАНА УКУК: АКТИВИЗМ ЖАНА ФЕМИНИЗМ** ........................................................................................................ 183

**ТИРКЕМЕ** ........................................................................................................ 210

# КИРИШҮҮ

«Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу антологияны окутуу боюнча окутуучулар үчүн концептуалдык колдонмо. Ал өз кезегинде Ага Хан долбооруна Борбордук Азия университетинин Жогорку өнүгүү мектебинин маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмү тарабынан иштелип чыккан жана сунушталган.

Бул концептуалдык колдонмону иштеп чыгуу үчүн Ага Хандын Адамтаануу долбоорунун (АХАД) үч өлкөдөгү: Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстандагы өнөктөштөрүн тагыраак айтканда, педагогикалык тармакта тажрыйбасы бар окумуштуу-изилдөөчүлөр чакырылган.

Мындан тышкары, АХАД бардык бөлүмдөрүнө академиялык жазуу жана педагогикалык курал катары кызмат кылган инновациялык кросс-дебаттык форматты (КДФ) студенттердин жаңы компетенцияларын өнүктүрүү, ошондой эле бул антология боюнча билимин жана көндүмдөрүн текшерүү жана баалоо максатында киргизгендигин билдирет. Окутуучулар үчүн иштелип чыккан концептуалдык колдонмо буга чейин Кыргызстан (Бишкек), Казакстан (Алматы) жана Тажикстандагы (Душанбе) студенттер жана окутуучулар арасында апробациядан (сыноодон) өткөрүлгөн. Баалоо процессин көзөмөлдөгөн студенттер жана окутуучулар арасында онлайн сурамжылоо жүргүзүлүп, тест ийгиликтүү аяктагандан кийин, бул Концептуалдык колдонмонун акыркы версиясын жарыялоо чечими кабыл алынды.

Бул долбоордун максаты окутуучуларга мындай көлөмдүү окуу материалын өтүү үчүн эң натыйжалуу каражаттарды, педагогикалык ыкмаларды тандоого жардам берүү болуп саналат. Албетте, бул окуу куралы окутуучунун окутууга болгон жеке жана уникалдуу көз карашын алмаштыра албайт, бирок биз кандай болгон күндө да окутуучу үчүн даярдалган колдонмо студенттерде керектүү билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн натыйжалуу стратегияны туура түзүүгө жардам берет деген ишенимдебиз.

# I БАП
# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК СТАТУСУ ЖАНА ТАРЫХЫЙ АСПЕКТИЛЕРИ



**Биринчи бап боюнча сааттардын жалпы көлөмү:** эки кейс-стади жана сегиз текст (10 саат – сабак)

## КИРИШҮҮ

Урматтуу окутуучулар! Курстун биринчи бөлүгүндө сиздер Борбордук Азиядагы аялдардын көйгөйлөрүнүн тарыхый жана социалдык аспектилерине арналган тексттер менен иштейсиздер. Сунушталган тексттердин толук тизмеси он аталышты камтыйт:

1. Көчмөн коомчулугундагы түпкү энелер.
2. Тажик маданиятындагы аялдын образын жана анын социалдык статусун кабыл алуудагы карама-каршылыктар.
3. ХХ-кылымдагы Борбордук Азиядагы аялдардын абалы жана алардын тагдырларынын бири.
4. Аялдар: репрессиянын унутулган жүздөрү.
5. Борбордук Азиянын тарыхында (VI-XIII кк.) түрк доорундагы аялдын образы, ролу жана статусу.
6. Аялдардын социалдык статусун калыптандырууда тажик мезгилдүү басма сөзүнүн ролу (ХХ кылымдын 20-жылдарында).
7. Сурайе Туйчиева: Памирлик аялдардын тарыхы ХХ-кылымдын сүрөттөрүндө.
8. Постсоветтик Борбордук Азиядагы социо-маданий трансформациялардын аялдарга тийгизген таасири: айрым байкоолор.
9. Кыргызстандагы күнүмдүк жашоодогу жана кризис учурундагы жамааттардын аял лидерлери.
10. Саодаттын башынан өткөргөн үч өмүрү: коммунист аял, өзбек аялы, аман калганы.
11. Азыркы заманбап кыргыз коомундагы аялдардын ролу.

Окутуучуларга, ошондой эле студенттерге дагы ыңгайлуу жана жагымдуу иштөө үчүн жогоруда аталган тексттер эки бөлүмгө бөлүнгөн жана сабактар да ушул схема боюнча өткөрүлөт: 1.1-бөлүмү «Борбордук Азиянын тарыхындагы аялдардын социалдык статусу» жана 1.2-бөлүмү «Борбордук Азиялык аялдардын өткөөл мезгилдеги жана бүгүнкү күндөгү тагдыры».

**1.1 Бөлүм.** «Борбордук Азиянын тарыхында аялдардын социалдык статусу» аттуу 1.1-бөлүмүнө бир кейс-стади жана төрт текстти камтыйт (мунун баары 4 саатты – 2 сабакты түзөт). Биринчи кейс-стади катары «Аялдардын социалдык статусун калыптандырууда тажик мезгилдүү басма сөзүнүн ролу (ХХ-кылымдын 20-жылдарында)» деген текст сунушталат.

1.1-бөлүмүнө кирген тексттер төмөнкүлөр: «Тажик маданиятындагы аялдын образын жана анын социалдык статусун кабыл алуудагы карама-каршылыктар»; «Борбор Азиянын тарыхында (VI-XIII кк.) түрк доорундагы аялдын образы, ролу жана статусу»; «Азыркы заманбап кыргыз коомундагы аялдардын ролу», «Постсоветтик Борбордук Азиядагы социо-маданий трансформациялардын аялдарга тийгизген таасири: айрым байкоолор».



**1.2 Бөлүм.** «Борбордук Азиялык аялдардын өткөөл мезгилдеги жана бүгүнкү күндөгү тагдыры» аттуу экинчи бөлүм бир кейс-стади жана төрт текстти камтыйт (бул бөлүмгө 6 саат – 3 сабак бөлүнөт). Кейс-стади катары «Памирлик аялдардын тарыхы XX-кылымдын сүрөттөрүндө» аттуу текст сунушталат. 1.2-бөлүмдүн тексттери төмөнкүлөр: «Көчмөн коомчулугундагы түпкү энелер»; «Кыргызстандагы күнүмдүк жашоодогу жана кризис учурундагы жамааттардын аял лидерлери»; «Саодаттын башынан өткөргөн үч өмүрү: коммунист, өзбек аялы, аман калганы»; «XX-кылымда Борбордук Азиядагы аялдардын абалы жана алардын тагдырларынын бири».

Окутуучуларга окуу процессинде жогоруда аталган бардык тексттерди колдонуу сунушталат, ал эми убакыт жетишсиз болгон учурда – алардын негизги идеяларын колдонууга болот.

Биринчи баптын аягында дагы эки бөлүм боюнча өзүнчө сабактар өткөрүлөт:

**1.3 Бөлүм** – Академиялык жазуу (6 саат – 3 сабак)

**1.4 Бөлүм** – Кросс-дебаттык формат (4 саат – 2 сабак).

# 1.1 Бөлүм

## Борбордук Азиянын тарыхындагы аялдардын социалдык статусу



**1.1. Бөлүм боюнча жалпы сааттын көлөмү:** Бир кейс-стади жана сегиз текст (4 саат – 2 сабак)

▼

## 1-САБАК (2 саат)

**Биринчи КЕЙС-СТАДИ: «Аялдардын социалдык статусун (макамын) калыптандырууда тажик мезгилдүү басма сөзүнүн ролу (XX кылымдын 20-жылдарында)».**

**Тексттер:**

Биринчи текст: «Тажик маданиятында аялдын образын жана анын социалдык статусун (макамын) кабыл алуудагы карама-каршылыктар»;

Экинчи текст: «Борбордук Азиянын тарыхында (VI-XIII кк.) түрк доорундагы аялдын образы, ролу жана статусу (макамы)».

**Сабактын максаты:**

1. XX-кылымдын башында Борбордук Азияда пайда болгон аялдардын социалдык статусун (макамын) реформалоо зарылдыгы, бул аймактагы аялдардын байыркы замандан, орто кылымдардан жаңы замандын башталышына чейинки чыныгы абалы менен байланыштуулугун көрсөтүү;
2. студенттерге өткөн мезгилге баа берүү компетенциясын калыптандыруу.

## Биринчи кейс-стади менен иштөө

**Биринчи кейс-стадини талкуулоо үчүн суроолор:**

1. «Адамдын даражасы», «аялдын статусу» дегенде эмнени түшүнөсүз?
2. Коомдогу аялдын статусун (макамын) кандай факторлор менен байланыштырса болот?
3. Эмне себептерден (тарыхый же башка) XX-кылымдын 20-жылдарындагы тажик мезгилдүү басма сөзү түрк тилдүү адабият жана басма сөз менен байланышта болгон? Сиз кандай ойлойсуз?
4. Тажик интеллигенциясынын ойгонуусунда Орусия империясынын гендердик маселелер боюнча ролу кандай болгон?
5. XX-кылымдын башындагы автор-публицисттердин биринин билдирүүсүндө «Куранга шилтеме кылуу жетиштүү ынандырарлык деп таанууга болбойт жана башка доордо, башка шарттарда өз ара мамилелерди диний мыйзамдар менен гана жөнгө салууга дагы болбойт» деген ырастоосуна Сиздин мамилеңиз кандай?

6. XX-кылымдын башындагы мусулман аялдардын абалына христиан-европалык ченемдерди бүгүнкү күндө колдонсо болобу? Эгерде болсо эмне үчүн?
7. Мусулман аялдардын укуктук абалы, алардын укугу жоктугу жана коомдук турмушка катышпагандыгы XX-кылымдын башында мусулмандардын дүйнөлүк өнүгүү деңгээлинен артта калуусунун бир себеби катары каралышы мүмкүнбү? Сиздин оюңуз боюнча буга дагы кандай факторлор себеп болушу мүмкүн?



8. Түрк тилдүү басылмалардын, орус жана крым-татар агартуучуларынын Орто Азиядагы ишмердүүлүгү менен байланышкан аялдардын боштондук кыймылдарын Орто Азия элдердин тарыхындагы оң көрүнүш деп эсептесе болобу? Эгерде болсо эмне үчүн?
9. XX-кылымдын башындагы публицисттер аялдардын үй-бүлөдөгү ролу, аялдардын паранжа кийиши, билим алуусу жана коомдук иштерге активдүү катышуусу тууралуу маселелерди ошол доордун эң негизги гендердик көйгөйлөрү деп эсептешкен. Сиз бул тизмеге дагы кандай көйгөйлөрдү кошот элеңиз (өткөн жана бүгүнкү күндүн тарыхынын мисалында)?
10. Сиз Тажикстандын жогорку окуу жайларында гендердик теманы чагылдырган атайын курстарды киргизүү боюнча макаланын авторунун сунушун колдойсузбу?

***Биринчи кейс-стадини окутуу боюнча кеңештер***

Сунушталган биринчи кейс-стади бул сабактын калган төрт тексттин өзүнүн мазмуну менен байланыштырышы керек, башкача айтканда, Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык абалында ар кандай доорлордо кандай көйгөйлөр болгонун жана аларды чечүү үчүн эмне кылуу керектигин көрсөтүшү керек. Ошондуктан, биринчи кейс-стадини (ошондой эле бардык тексттер) үйрөнүүчүлөргө үй тапшырмасы катары алдын ала таратылып берилиши керек. Аудиторияда окугандарын талкуулоо жана ар тараптуу терең талдоо жүргүзүү үчүн, биринчи кейс-стади текстти боюнча жогоруда келтирилген суроолорду же окутуучу тарабынан өз алдынча түзүлгөн тарыхый, этнографиялык, дин таануу, маданият таануу, философиялык, социалдык, дүйнө таанымдык мүнөздөгү суроолорду колдонуу сунушталат. Ошондой эле, биринчи кейс-стадини талдоо үчүн методикалык ыкма катары Концептуалдык карта /кластер түзүү сунушталат.

**Биринчи кейс-стадини талдоо үчүн концептуалдык карта /кластер**

Убакытты натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу үчүн, сабактын бардык учурунда берилген таблицалар менен иштөө үчүн студенттерди бир нече чакан топко бөлүү сунушталат.

| XX-кылымдын башында мусулмандардын дүйнөлүк өнүгүү деңгээлинен артта калуу факторлору | | | XX-кылымдын башында гендердик маселелерди чечүүнүн жолдору | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мусулман аялдардын укуктук абалы, алардын укуксуздугу | Аялдардын коомдук турмушта эч нерсеге катышпагандыгы | Башка факторлор | Үй-бүлөдө аялдын ролун көтөрүү жана жогорулатуу | Аялдардын паранжы кийүүсүн жокко чыгаруу | Аялдардын билим алуусу | Аялдардын коомдук иштерге активдүү катышуусу | Башка факторлор |
| Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Сиздин жеке пикириңиз (Биринчи кейс-стади текстинин негизинде же башка булактардан) | Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Тексттердин авторлорун жана аталыштарын көрсөтүңүз | Сиздин жеке пикириңиз (Биринчи кейс-стади текстинин негизинде же башка булактардан) |

## Биринчи жана экинчи тексттер менен иштөө

**Биринчи текстти талкуулоо үчүн суроолор «Тажик маданиятында аялдын образын жана анын социалдык статусун (макамын) кабыл алуудагы карама-каршылыктар»:**

1. Өзүңүздүн матриархатка жана патриархатка болгон мамилеңизди аныктаңыз.
2. Зороастризм доорунда аялдын статусуна (макамына) болгон мамиленин оң жана терс жактарын салыштырып, атап бериңиз.
3. Зороастризмде (же башка динде, азыркы мамлекеттердин мыйзам актыларында) кыздар менен балдар үчүн эрезеге жетүү курагы аныкталганбы?
4. Зороастризмде аялдын статусу (макамы) жөнүндөгү түшүнүгүнүн калдыктары азыркы учурда гендердик маселелерди чечүүдө олуттуу терс кесепеттерге алып келиши мүмкүнбү? Мисал келтириңиз...
5. Ислам дининин (Куран жана хадистердин негизинде) аялдын статусуна (макамына) болгон мамилесинин оң жана терс жактарын атап бериңиз.
6. Эмне үчүн мусулмандар диндеги карама-каршылыктар болгон учурда жакшыраак көрсөтмөгө артыкчылык беришпейт жана эки же андан көп карама-каршы пикирлерден оң вариантын тандашпайт?
7. Бул хадистин мазмунун ар бир доордун талаптарына ылайык ислам дининин окуусунда реформаларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү менен байланыштырууга болобу: «Аллах бул үммөт үчүн ар бир жүз жылдын аягында анын динин жаңырта турган адамды көтөрөт»?
8. Заманбап дин кызматкерлери тарабынан диний булактардын кандай негизсиз чечмеленишин тексттен билдиңиз? Мындай жактарын азыркы учурда байкадыңызбы?
9. Поэзияда жана оозеки чыгармачылыкта аялдын статусуна (макамына) карата оң жана терс мисалдарды атап бериңиз.
10. Автор Тажикстандын калкы азыркы коомго караганда салттуу коомго көбүрөөк таандык жана «мыйзам боюнча эмес, макал-лакаптар менен» жашайт деп ырастайт. Буга байланыштуу төмөнкүдөй суроо туулат: Азыркы шартта Тажикстанда салт боюнча жашоо канчалык ылайыктуу, айрыкча аялдарга карата, эгерде мамлекет укуктук болсо?

11. Аялдын образын кабыл алууда жалпы маданий жана улуттук стереотиптердин оң жана терс жактарын санап бериңиз.
12. Аялдын образын жана анын статусун (макамын) түшүнүүдө маданияттагы карама-каршылыктардын терс жактарын жок кылууга болобу жана муну кантип жасоого болот?
13. Түркияда XX-кылымдын башында аялдардын ролун реформалоо, Симона де Бовуардын, Адиб Халиддин, Амина Вадуддун жана башкалардын идеялары сыяктуу башка элдердин, өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдөө биздин аймактын көйгөйүн чечүүгө жардам береби? Эмне үчүн?
14. Аялдын статусу (макамы) жөнүндөгү диний түшүнүктүн оң жактарын, коомдогу анын ролун көтөрүү жана исламдагы анын образын терс кабылдоону жок кылуу үчүн колдонсо болобу?
15. Жалпы адамзаттык жана улуттук деңгээлдеги стереотиптер аялдын коомдогу татыктуу ордун камсыз кылуу үчүн аялдардын статусун (макамын) түшүнүүгө тоскоол болбошу үчүн эмне кылуу керек?
16. Бардык адамдардын табиятынан тең, бирдей деген маселе азыркы коом үчүн канчалык актуалдуу болуп саналат?
17. Сиздин оюңуз боюнча, макаланын мазмуну автордун тажик маданиятында аялдын образын жана анын социалдык статусун (макамын) кабылдоонун негизги өзгөчөлүгү карама-каршылыктуу деген гипотезасын тастыктайбы?
18. Автордун аялдар өз алдынча иш кылышы керек, терс стереотиптерди жана учурдагы ырым-жырымдарды талкалап, жеке жана үй-бүлөлүк жашоосун, эмгек ишмердүүлүгүн жеке тандоосу менен уюштурушу керек деген пикирине кандай карайсыз? Эгер болсо эмне үчүн?

**Экинчи текстти талкуулоо үчүн суроолор «Борбордук Азиянын тарыхында (VI-XIII кк.) түрк доорундагы аялдын образы, ролу жана статусу (макамы)»:**

1. Түрк коомунда жогорку каган башында турган аялдардын кызматтарынын жана функцияларынын иерархиясы кандай болгон?
2. Аял-күңдөр же кул аялдар кандай функцияларды аткарышкан?
3. Ыйык Араба – коом, шаар, мамлекет дегендин ичинен эмнени түшүндүргөн?
4. Ыйык Арабанын душмандар тарабынан басып алынышы эмнени билдирген?
5. Каган жана хатун – алардын катышы ошол эле доордогу башка түрк эмес коомдордогу башкаруучулардын түшүнүгүндө адатта эмнени билдирген?
6. Хатун кандай мамлекеттик функцияларды аткара алган?"
7. Кагандын мураскери ким тарабынан тандалып алынган жана эмне үчүн дал ушундай жол менен?
8. Бийлик жүргүзгөн хатун аялдардын тарыхый инсан катары кошкон салымы кандай?
9. Хатундун туткунга түшүшү же башка уруулардын, мамлекеттердин өкүлдөрүнүн ага үйлөнүшү эмнени билдирген?
10. Эмне үчүн түрк мамлекеттеринде аялдын ролу ушунчалык маанилүү?
11. Түрк урууларынын арасында орто кылымдар доорунда аялдын образынын негизинде кандай идеологиялык түшүнүктөр жатат?
12. Түрк коомунда аял кайсы кудайлар/жаратылыш күчтөрү менен байланышкан?
13. Эмне үчүн түрк коомунда аял жер катары түшүнүлгөн?

14. Бул жерде зороастризмдин аялды жашоонун булагы катары түшүнүүсү менен кандай параллелдерди жүргүзүүгө болот?
15. Эмне үчүн Томирис кудуреттүү иран падышасы Кирдин ага турмушка чыгуу сунушунан баш тарткан?
16. Түрабек-хатундун Селжук падышасына карата кылган мамилесин эрдик деп айтууга болобу? Эмне үчүн?
17. Умай-Энелер – Умай-Ана кимдер болгон?
18. Түрк коомундагы аялдын абалы ислам динин кабыл алган коңшу элдердин аялдарынын абалынан эмнеси менен айырмаланган?
19. Суфий Кожо Ахмед Ясавинин түрк коомунда аялдын образын жана статусуна (макамына) кабыл алууга тийгизген таасири кандай болгон?
20. Түрктөрдүн башкаруучусу Карахан менен анын сүйүктүүсү Айша-бибинин ортосундагы никеге эмне тоскоол болду? Бул негиздүүбү?
21. Сиздин оюңуз боюнча, Казакстандагы үч мавзолей – Айша биби, Бабаджа-хатун жана Карахан эмнени символдоштурат?

***Биринчи жана экинчи тексттерди окутуу боюнча кеңештер***

Сунушталган тексттерди биринчи кейс-стадинин мазмуну менен байланыштыруу зарыл, ошондуктан аларды алдын ала үйрөнүүчүлөргө үй тапшырмасы катары таратып берүү керек. Биринчи жана экинчи тексттерди талкуулоо жана аларды ар тараптуу талдоо үчүн жогоруда келтирилген тексттер боюнча суроолорду же окутуучу тарабынан өз алдынча түзүлгөн суроолорду жана тапшырмаларды колдонуу сунушталат. Ошондой эле концептуалдык картаны/кластерлерди, аналитикалык таблицаны, идеяларды талдоо таблицасын – идеяларды синтездөө, тексттерди салыштырмалуу талдоо ж.б. ыкмаларды колдонууга болот.

**Биринчи текст боюнча аналитикалык таблица: «Тажик маданиятындагы аялдын образын жана анын социалдык статусун (макамын) кабыл алуудагы карама-каршылыктар»**

Текстте берилген кайсы идеялар жана багыттар аялдын статусуна (макамына) оң же терс баа берерин көрсөтүү менен бирге таблицаны толтуруңуз.

| Багыты | Аялдын статусуна (макамына) оң баа берүү | Аялдын статусуна (макамына) терс баа берүү | Башкасы (сиздин жеке оюңузду жазып коюңуз) |
|---|---|---|---|
| Зороастризм | | | |
| Ислам. Куран | | | |
| Ислам. Хадистер | | | |
| Адабият | | | |
| Элдик оозеки чыгармачылык | | | |
| Жалпы адамзаттык стереотиптер | | | |
| Улуттук стереотиптер | | | |
| Башка (өз алдынча аныктаңыз) | | | |

**Экинчи текст боюнча аналитикалык таблица «Борбордук Азиянын тарыхында (VI-XIII кк.) түрк доорундагы аялдын образы, ролу жана статусу (макамы)»**

Текстте сүрөттөлгөн салттуу институттардын күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүңүз.



| Институт | Күчтүү жагы | Алсыз жагы | Башкасы (сиздин жеке оюңуз) |
|---|---|---|---|
| Хатун | | | |
| Күң аялдар же кул аялдар | | | |
| Ыйык Араба | | | |
| Кагандын мураскерин тандоо | | | |
| Түрк коомунда аялдын жалпы абалы | | | |
| Башкаруучу эркектер менен башкаруучу айымдардын ортосундагы нике | | | |
| Башка (экинчи текст боюнча же башка булактар боюнча) | | | |

**Тексттерди жана кейс-стадини салыштырмалуу талдоо жүргүзүү боюнча кеңештер**

Кейс-стадини жана биринчи, экинчи тексттерди салыштыруу үчүн аналитикалык таблица түзүү сунушталат (жалпы негизги идеяларды өзүңүз аныктап, керектүү жерге «+» же «–» белгисин ошол жерге коюңуз, кайрадан ойлонуп көрүңүз).

| Негизги идея | Биринчи кейс-стади | Биринчи текст | Экинчи текст |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |
| … | | | |

**Биринчи сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Биринчи кейс-стади жана биринчи, экинчи тексттердин мазмунун кыскача баяндоосу сунушталат; бул тексттердин авторлорунун негизги идеялары жана ушунун натыйжасында үйрөнүүчүлөр чыгарган тыянактар. Ошондой эле, 1.2 «Борбордук Азиянын тарыхында аялдардын социалдык статусу (макамы)» бөлүмү боюнча экинчи сабактын тексттери жөнүндө кыскача маалымат берүү сунушталат.

▼

## 2-САБАК (2 саат)

**Биринчи КЕЙС-СТАДИ: Аялдардын социалдык статусун калыптандырууда тажик мезгилдүү басма сөзүнүн ролу (XX кылымдын 20-жылдарында) (кайрадан).**

**Тексттер:**

Үчүнчү текст: Азыркы заманбап кыргыз коомундагы аялдардын ролу.

Төртүнчү текст: «Постсоветтик Борбордук Азияда аялдарга социо-маданий өзгөрүүлөрдүн таасири: айрым байкоолор».

**Сабактын максаты:**

1. тарыхый жана башка көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлорго жараша азыркы Борбордук Азиядагы аялдын статусун (макамын) түшүнүү;
2. студенттердин коомдогу адамдардын абалын объективдүү баалоо компетенттүүлүгүнө ээ болушуна көмөктөшүү;
3. тарыхый жана башка көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлорго жараша азыркы Борбордук Азиядагы аялдын статусун (макамын) түшүнүү;



## Үчүнчү жана төртүнчү тексттер менен иштөө

**Үчүнчү текстти талкуулоо үчүн суроолор «Азыркы заманбап кыргыз коомундагы аялдардын ролу»:**

1. Бул макалада аялдардын кайсы жаңы социалдык топтору жөнүндө сөз болуп жатат?
2. Бизнес-айымдардын, мигрант аялдардын, өкмөттүк эмес уюмдарды (ӨЭУ), ӨДАТ («өзгөчө дайындалган аялдар тобу») ж.б. түзгөн аялдардын ишмердүүлүгүнө кыскача мүнөздөмө бериңиз.
3. Аялдардын жаңы социалдык топторуна карата коомдун түзгөн мамилелеринин оң жана терс жактарын аныктаңыз?
4. Үй-бүлөдө эркек менен аялдын ролунун өзгөрүшүнүн негизги себептери эмнеде?
5. Сиз ӨДАТ («өзгөчө дайындалган аялдар тобу») жамааттардагы чыныгы саясий күч деп эсептейсизби? Эмне үчүн?
6. Сиздин өлкөңүздө аялдардын тең укуктуулук үчүн күрөшүүсүндө эмгек миграциясы кандай ролду ойнойт?
7. Аялдардын укуктары үчүн күрөшкө жардам берген салттуу баалуулуктарды жана көз караштарды жана аларга тоскоол болгон салттарды тизмектеңиз.
8. Үй-бүлөдө жыныстардын ортосунда ролдорду бөлүштүрүүдө функционализмдин социологиялык принциби канчалык негиздүү? Эмне үчүн?
9. Постиндустриалдык коомдогу технологиялык жетишкендиктер эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна же теңсиздигине байланыштуу көйгөйлөргө кандай таасир этет? Эмне үчүн?
10. Бул текстте келтирилген макал-лакаптар («аялдын чачы узун, акылы кыска», «бака баштуу эркек алтын баштуу аялдан артык», «бээге ат чабышта байге керек эмес» ж.б.) менен мурунку тексттердеги ушул сыяктуу мисалдардын ортосунда кандай байланыш бар?
11. Көз карандысыз кыргыз коомундагы гендердик теңчиликке багытталган эки тенденциянын: мамлекеттин гендердик саясатынын жана улуттук жана диний кайра жаралуунун маңызын жана катышын түшүндүрүңүз.

**«Постсоветтик Борбордук Азиядагы аялдарга социо-маданий өзгөрүүлөрдүн таасири: айрым байкоолор» аттуу төртүнчү текстти талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Борбордук Азиядагы аялдардын абалына совет доору кандай таасирин тийгизген?

2. Борбордук Азия өлкөлөрүндө постсоветтик мезгилдин алгачкы жылдарында кандай карама-каршы процесстер мүнөздүү болгон?
3. Борбордук Азияда кандай социо-маданий өзгөрүүлөр болуп жатат? Алар аялдарга кандай таасир этет?
4. Борбордук Азия мамлекеттериндеги коомдор үчүн батышташуунун кайсы институттарын маанилүү жана кайсынысын маанилүү эмес деп эсептейсиз? Эмне үчүн?
5. Батышташууну Борбордук Азия үчүн оң көрүнүш катары кароого болобу?
6. Аялдардын жашоо-тиричилигинин кайсы тармактары батышташтырууга көбүрөөк дуушар болгон?
7. Борбордук Азияда исламдын күчөшүнө кандай карайсыз?
8. Исламдашууну Борбордук Азия элдеринин турмушундагы позитивдүү көрүнүш катары кароого болобу?
9. Борбордук Азияда аялдардын жашоо-тиричилигинин кайсы тармактары исламдашууга көбүрөөк дуушар болгон?
10. Радикалдуу ислам деген эмне?
11. Бүгүн Борбордук Азиялык аялдар үчүн чадра, хижаб, сатра маселеси канчалык актуалдуу?
12. Батышташуу же исламдашуу жергиликтүү коом үчүн, анын ичинде аялдар үчүн жаңы чакырыктарды же мүмкүнчүлүктөрдү жаратабы?
13. Аялдардын билим алуусуна кайсы факторлор көбүрөөк таасир этет?
14. Көп аялдуулук институтуна кандай карайсыз? Ал XXI-кылымда актуалдуу бойдон кала алабы?
15. Шаарларда жана айылдарда гендердик маселелерди чечүүдө айырма барбы? Эмне үчүн?
16. Келечекте социалдык-маданий жана саясий өнүгүүдө аялдын образын кандай элестетесиз?

***Тексттерди окутуу боюнча кеңештер***

Бул эки текст тең азыркы учурда Борбордук Азиядагы аялдардын статусу (макамы) жөнүндө көп маалыматты камтыгандыктан, студенттерге тексттерди үйдөн «ИНСЕРТ» белгилөө ыкмасы менен окуу тапшырмасын алдын ала берүү сунушталат (англис тилиндеги сөздөрдүн аббревиатурасынан:

I – interactive (интерактивдүү);
N – noting (таанып билүү);
S – system for (система үчүн);
E – effective (натыйжалуу);
R – reading (окуу);
T – thinking (ой жүгүртүү).

Бул үчүн студенттер тексттерди төмөнкү белгилер менен белгилеши керек: «V» – билем, маалымат мага белгилүү; «+» – мен үчүн жаңы маалымат; «-» – маалымат менин билимиме карама-каршы келет (же талданган текстте карама-каршылыкты камтыйт); «?» – менин суроом бар, мага түшүнүксүз, күмөн жаратат.

«ИНСЕРТ» белгилөө ыкмасы менен текстти окуу боюнча суроолорду талкуулагандан кийин, жогоруда келтирилген суроолорду, ошондой эле окутуучу тарабынан өз алдынча даярдалган суроолорду колдонуу менен үчүнчү жана төртүнчү тексттерди талкуулоо сунушталат.
«Идеяларды талдоо – идеяларды синтездөө» таблицасы боюнча аналитикалык таблицаны, салыштырмалуу талдоону жана топтук ишти колдонуу зарыл (ошондо бир топ төртүнчү текст менен, экинчиси бешинчи текст менен иштейт) ж.б.

**«Идеяларды талдоо – идеяларды синтездөө» таблицасы (эки топтун ар бири өз тексттеринин мазмуну боюнча түзүшөт)**

| Текстте камтылган концепциялар жана идеялар | Текстте камтылган концепциялар жана идеяларга карата сиздин тыянактарыңыз | Текстте камтылган концепциялардын жана идеялардын учурдагы колдонулушу | Идеялардын синтези (башка топтун тексттеринин концепцияларын жана идеяларын уккандан кийин түзүлөт) |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |
| … | | | |

**Экинчи сабакты жыйынтыктоо**

Студенттерге биринчи кейс-стадинин жана 3-4-тексттердин мазмунун, авторлордун тексттеги идеяларын жана жыйынтыктарын, окугандан кийинки натыйжаларды кыскача түшүндүрүп берүү. Ошондой эле андан кийинки бөлүм «Борбордук Азиялык аялдардын өткөөл мезгилдеги жана бүгүнкү күндөгү тагдыры» боюнча кейс-стади жана тексттер боюнча алдын ала маалымат берүү.

**1.1-бөлүмү боюнча сабактардын жыйынтыгын чыгаруу**

Студенттерге эки сабактын жүрүшүндө талданган кейс-стади жана төрт тексттин мазмунун эсине салып, тексттерге болгон мамилесин жана айтылган идеяларды кыскача айтып берүүгө чакырыңыз. Жыйынтыгын төмөнкү суроолор менен чыгарса болот: Борбордук Азия тарыхында аялдын статусу (макамы) кандай болгон? Азыркы Борбордук Азия өлкөлөрүндө аялдардын абалы кандай? Келечекте бул багытта эмне өзгөрүшү керек?

# 1.2 Бөлүм

# «Борбордук Азиялык аялдардын өткөөл мезгилдеги жана бүгүнкү күндөгү тагдыры»



▼

## БИРИНЧИ САБАК (2 саат)

**Экинчи КЕЙС-СТАДИ: Памирлик аялдардын тарыхы XX кылымдын сүрөттөрүндө**

**Тексттер:**

Бешинчи текст: «Көчмөн коомчулугундагы түпкү энелер»;
Алтынчы текст: «Аялдар: репрессиянын унутулган жүздөрү».

**Сабактын максаты:**

1. өткөн кылымдарга салыштырмалуу Борбордук Азия аялдарынын тагдырындагы болгон баштан-аяк, негизги позитивдүү гана эмес, ошондой эле негативдүү өзгөрүүлөрүнүн аспектилерин көрсөтүү;
1. студенттерге адамдын статусундагы өзгөрүүлөрдүн позитивдүү, оң жана терс, негативдүү жактарын аныктоо компетенциясын үйрөтүү.

## Экинчи кейс-стади менен иш алып баруу

**«Памирлик аялдардын тарыхы XX кылымдын сүрөттөрүндө» аттуу экинчи кейс-стадини талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Тажикстандын башка аймактарынан айырмаланган памирлик аялдардын маселелерине кандай факторлор таасир эткен?
2. Сүрөттөрдө сакталган аялдар тууралуу маалыматтын тексттеги маалыматтан болгон айырмаларын атаңыз. Сүрөт маалыматты эч өзгөрүүсүз, документалдуу кылып бере алабы же авторлор айткандай маалыматты «эч кандай коооздуксуз» жеткире алабы? Эмне үчүн? Макаланын текстинде берилген маалыматтарды сүрөттөгү мисалдар менен көрсөтүңүз.
3. Этнографиялык сүрөт тарыхый документ катары кызмат кыла алабы?
4. Макалада берилген кайсы этнографиялык сүрөттөр сизге баарынан көбүрөөк жакты? Эмне үчүн? Өзүңүз болбогон сүрөт сизди кызыктырабы? Эмне үчүн?
5. Кербен-сарай жана чайкана сыяктуу коомдук турмуштун элементтери Памирде эмнелер менен алмаштырылган?
6. Салттуу коомдордогу коллективизм менен коммунализмдин өз ара жардамдашуунун жана өз ара көмөктөшүүнүн (мисалы, ашардын) ролу кандай?

7. Оозеки чыгармачылык маданиятты, каада-салттарды, ырларды, фольклордук чыгармаларды жана намазды окуй билүүнү аялдардын билимдүүлүгү, сабаттуулугу деп кароого болобу? Эмне үчүн?
8. Памирлик аялдарынын укуктарына жана эркиндиктерине исмаилизмди тутуу кандай таасирлерди тийгизди деп ойлойсуз? Эмне үчүн?
9. Макаланын авторлорунун төмөнкү ырастоосундагы ойлор эмнени билдирет? Салтыбызда «жаратылыш аял менен байланышкан болсо, маданият эркектерге тиешелүү» деген ырастоону кандай түшүнөсүз?
10. Памирдеги аялдар менен эркектерге кандай үй-бүлөлүк милдеттер жүктөлгөн?
11. «Дасти Фотима» (Мухаммед пайгамбардын кызы Фатиманын колу) аттуу символдун сүрөттөрү эмнеге байланыштуу элестетилет? Католицизмдеги Мариямдын образы менен кандай окшоштуктарды көрсө болот?
12. Борбордук Азия элдериндеги Фатимадан башка кайсы ыйык колдоочу аялды билесиңер?
13. Совет бийлигинин доорунда памирлик аялдардын жашоосу кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгон?
14. Памирлик аялдар өздөрүнүн салттарына жараша жана советтик мыйзамдарга ылайык кандай коомдук иштерди аткара алышкан?
15. Орус жазуучусу Павел Лукницкийдин Памирде «элдер ушунчалык аракеттенип, ачкөздүк менен билим алышат экен, чынында башка эч бир жерде мындай билимге суусаган элди көрбөйсүң. Анткени, билим алардын жапайы тоолордон чыгуусунун жалгыз мүмкүнчүлүгү....» деген сөздөрүнө комментарий, түшүндүрмө бериңиз.
16. Сиздин оюңуз боюнча клубдар, кызыл чайханалар, китепканалар жана башка жаңы советтик окуу мекемелери салттуу институттарды алмаштыра алдыбы? Алмаштыра алса, эмне үчүн?
17. Памирде табылган кайсы гендердик стереотиптерди сиз башка өлкөлөрдөн көрө алдыңыз? Мисал келтириңиз.

***Экинчи кейс-стадини окутуу боюнча кеңештер:***

Экинчи кейс-стадинин идеяларынын маңызын кеңири түшүнүү үчүн көп убакыт талап кылынат. Ошондуктан, бул текстти үйдөн окуп келүү абзел, ал эми талдоону аудиторияда жүргүзүү керек. Экинчи кейс-стадини талкуулоо үчүн алдын-ала түзүлгөн суроолорду колдонсо болот. Мындан тышкары окутуучулар өз алдынча суроолорду алдын ала түзүп, окуп келгендерге ар кандай тапшырмаларды бере алышат. Ошондой эле Памирдин каада-салттарын башка аймактарга салыштырган таблица менен иш алып баруу зарыл.

**Экинчи кейс-стади боюнча аналитикалык таблица**

Памирлик каада-салттарынын башка региондордогу жана маданияттардагы окшоштуктарын табыңыз.

| **Памирлик каада- салттар** | **Тажикстандын башка аймактарындагы алардын окшоштуктары** | **Дүйнөнүн башка аймактарындагы жана маданияттарындагы алардын окшоштуктары** | **Сиздин жыйынтыктарыңыз** |
|---|---|---|---|
| Өз ара жардамдашуу жана өз ара көмөктөшүү (ашар ж.б.) | | | |
| Оозеки маданиятты билүү, намаз окуу жөндөмү | | | |
| Аялдарга жергиликтүү каада-салттарга ылайык эркиндик берүү | | | |
| Эркек киши нан жана башка ундан жазалган азыктарын бышырганга, мал сааганга, сүттөн азыктарды даярдоого, суу ташууга, очоктон күл чыгарууга, эшик шыпырууга, кир жууга жана сайма сайууга тийиш эмес. | | | |
| Аялдарга ырым-жырым буюмдарын жасоого, үй очогуна от жагууга, мал союуга тыюу салынат. | | | |
| Аялдар бир гана дафада (тегерек барабан) оң колу менен, ошондой эле комузда (ооз комуздун бир түрү) гана ойной алышкан. | | | |
| Аялдар үй-бүлөлүк майрамдарда, маараке учурунда же наристе төрөлгөндө, үйлөнүү тойго чейинки жана андан кийинки каада-салттарда, Нооруз күнү жана сыйлуу конокту тосууда аткаруучу боло алышкан… | | | |

## Бешинчи жана алтынчы тексттер менен иштөө

**«Көчмөн коомчулугундагы түпкү энелер» аттуу бешинчи текстти талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Бул макаладагы «көчмөн жамааттар» түшүнүгү эмнени билдирет?
2. Моголдор уруусунун эне бабасынын түпкү тегинин тагдыры кандай болгон?
3. Кыргыздардын салттары боюнча генеалогиядагы (санжырадагы) аталык тегинин эсебин жана өздөрүнүн этникалык таандыгын кыргыздар кандай кылып санашат?
4. Кайсы уруунун же кайсы тукумдун аталышы аялдын атынан аталган?
5. Эмне себептерден кыргыз мыйзам чыгаруучу органдары матронимдерди же «энеликти» тандоого тыюу салган?
6. Кандай учурларда адамдар матронимдерди тандашат? Мисалдарды келтириңиз.
7. Эмнеге санжырадагы эне тараптар болгон (матрилинейлик) эсептөө маңкурттук менен барабар болуп салыштырылат?
8. Эмне үчүн тарыхта бүт тукумду же бүтүндөй урууну сактап, аман алып калган аялдардын аттарын сакталып калбаган?
9. Борбордук Азиянын шаарларында аялдардын атынан коюлган көчөлөр барбы? Төрт-беш мисалдарды келтириңиз.
10. Седентаризм деген эмне жана ал канчалык чындыкка дал келет?
11. Көчмөн элдеринде матриархатка жана аялдардын эркиндигине болгон көз караштар канчалык реалдуу? Мындай көз караштарды памирлик аялдардын абалы менен салыштырыңыз.

12. Грек мифтериндеги амазонка аялдардын образдары менен эркин көчмөн аялдардын образдарын салыштырыңыз.
13. Көчмөн мамлекеттеринде аялзаты жөнүндө түшүнүк кандай болгон?
14. Көчмөн аялдарга курулган «бай, атактуу күмбөздөр» менен алардын коомдогу даражасы кандай байланышта болгон?
15. Ата-бабаларыбыз менен бирге эне тарап жөнүндө дагы билүү зарылдыгы жөнүндө өз пикириңизди аныктаңыз.

**«Аялдар: репрессиянын унутулган жүздөрү» аттуу алтынчы текстти талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Репрессия деген эмне жана анын СССРдеги өзгөчөлүктөрү кандай болгон?
2. Белгилүү болгондой, көбүнчө репрессияга мамлекеттик кызматкерлер дуушар болгон, бирок ошону менен бирге эле алардын аялдары жана балдары дагы жазаланган. Мындай көрүнүштөр канчалык деңгээлде адамзаттык жүрүм -турумга, адеп-ахлакка дал келет?
3. Репрессияланган аялдар күйөөлөрүнөн айырмаланып кандай жазаларды баштарынан өткөрүшкөн?
4. Эмне үчүн Орто Азиядан репрессиялангандардын көбү Украинага жөнөтүлгөн?
5. Жаңы жашаган жеринде репрессияланган адамдарды кандай маданий кыйынчылыктар күтүп турган?
6. Негизинен белгилүү болгондой айыл жергесинде кулактар репрессияга дуушар болушкан. Кандай критерийлер жана көрсөткүчтөр менен ошол айыл тургундарын кулактардын катарына киргизишкен?
7. Орто Азиядан репрессияга кабылган адамдар Украинанын кайсы тармактарына өз салымдарын кошушкан?
8. Орто Азиялык репрессияга кабылгандардын этникалык курамы эмне жөнүндө маалымдап турат?
9. Алия Хайрованын мисалында репрессияга кабылган аялдардын жашоосун сүрөттөп бериңиз.
10. ГУЛАГ деген эмне? Бул институтту Мекенди саткандардын аялдары үчүн Акмоло лагеринин (А.Л.Ж.И.Р. – Акмолинский лагерь жен изменников Родины) мисалында сүрөттөп бериңиз.
11. «Эл душманы», «эл душманынын аялы» жана «мекенге чыккынчы» деген түшүнүктөр эмнени билдирген?
12. Рыскуловдордун үй-бүлөсүнүн мисалында репрессиянын өзгөчөлүктөрүн аныктаңыз.
13. «10 жылга кесилген жана кат алышуу укугунан ажыратылган» деген өкүмдүн кесепеттери кандай болгон?

***Бешинчи жана алтынчы тексттерди окутуу боюнча кеңештер:***

Тексттерди окутуу үчүн сабакка чейин түзүлгөн суроолорду, ошондой эле кошумча суроолорду жана тапшырмаларды колдонуу сунушталат. Аларды окутуучу алдын ала, өз алдынча тексттердин же студенттердин пикирлеринин негизинде даярдоосу зарыл. Ошондой эле окутуучуга аналитикалык таблицалар жана башка ыкмалар менен иштөө жана сабакты уюштуруу сунушталат.

**Аналитикалык таблица (бешинчи текстти талдоо үчүн)**

Тексттин негизги карама-каршы түшүнүктөрүнүн жана идеяларынын маанисин түшүндүрүп, тексттин өзүнөн же элдердин өткөн жана азыркы заманбап коомдук жашоосунан алынган мисалдарды келтириңиз.

| Негизги түшүнүктөр (негизги идея) | Маңыз | Мисал | Жыйынтыктар |
|---|---|---|---|
| Көчмөн жана отурукташкан коомчулук | | | |
| Генеалогиядагы (санжырадагы) ата-теги жактан жана эне тараптан болгон эсептөөлөр | | | |
| Маңкурттук жана улуттук идентүүлүк | | | |
| Грек мифтериндеги амазонка аялдар, эркин көчмөн аял жана мусулман аял | | | |
| Башкалар | | | |

**Аналитикалык таблица (алтынчы текстти талдоо үчүн)**

Студенттерге адамзат тарыхында болгон мурдагы СССРдин доорундагы аялдардын репрессиясын эске салган, ошондой жазалоолорго окшогон башка окуяларга мүнөздөмө берүү тапшырмасын бериңиз.

| Окуялар | Аялдын тагдырына жана анын үй-бүлөсүнө тийгизген окуялардын таасири | Окуялардын окшоштугу | Жыйынтыктар |
|---|---|---|---|
| СССРдеги репрессиялар | | | |
| Европанын тарыхындагы «Сыйкырчыларга, бакшыларга карата болгон аңчылык» | | | |
| Айрым заманбап мусулман өлкөлөрүндөгү аялдардын абалы | | | |
| Башкалар | | | |

**Бешинчи жана алтынчы тексттерди жана экинчи кейс-стадини салыштырма талдоо жүргүзүү боюнча кеңештер**

Экинчи кейс-стади менен бешинчи жана алтынчы тексттерди салыштыруу/тектештирүү үчүн аналитикалык таблицаны колдонсо болот (өз алдынча жалпы негизги идеяларды аныктаңыз жана алардын бар (+) же жок (-) экендигин көрсөтүү үчүн сунушталган белгилерди коюуңуз).

| Негизги идея | Экинчи кейс-стади | Бешинчи текст | Алтынчы текст |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |
| … | | | |

**Биринчи сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Студенттерге экинчи кейс-стадинин, бешинчи жана алтынчы тексттердин мазмунун, бул тексттердин авторлорунун негизги идеяларын жана студенттер жыйынтыгында келген тыянактарды кыскача баяндоо сунушталат. Ошондой эле, кейс-стади жана 1.2-бөлүмдүн экинчи сабагынын тексттери жөнүндө кыскача маалыматты алдын ала сунуштоо керек.



▼

## ЭКИНЧИ САБАК (2 саат)

**Экинчи КЕЙС-СТАДИ: «Памирлик аялдардын тарыхы XX кылымдын сүрөттөрүндө» (кайрадан).**

**Тексттер:**

Жетинчи текст. «Саодаттын үч өмүрү: коммунист аял, өзбек аялы, аман калганы»;

Сегизинчи текст. «XX – кылымдагы Борбордук Азиядагы аялдардын абалы жана алардын тагдырларынын бири».

**Сабактын максаты:**

1. Орто Азиялык аялдардын жаңы замандагы жетишкендиктерин жана жаңы шарттарда аларда кандай көйгөйлөр пайда болгондугун көрсөтүү;
2. студенттерге коомдогу адамдардын жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн аныктоо компетенциясына ээ болууда жардам берүү.

## Жетинчи жана сегизинчи тексттер менен иштөө

**«Саодаттын үч өмүрү: коммунист аял, өзбек аялы, аман калганы» аттуу жетинчи текстти талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Макаланын автору өзүнүн каарманын коммунист, өзбек аялы, аман калган адам катары мүнөздөйт. Булардын бардыгы эмнени билдирет?
2. Саодат Шамсиеванын паранжыдан баш тартуу чечимине кандай факторлор таасир эткен?
3. Саодат Хужумдун активдүү катышуучусу болгонбу?
4. Саодатты Хорезмдеги аялдар мектебинин чыныгы мүдүрү (директору) деп эсептесе болобу? Эмне үчүн?
5. Метанарратив деген эмне? Совет бийлигинин учурундагы Саодаттын жашоосу кайсы метанарратив менен байланышкан?
6. 1993-жылда берген маегиндеги Саодаттын метанарративи эмнеси менен айырмаланат?
7. Саодаттын инсандыгын кандай деп мүнөздөсө болот – ал өзбек аялы реформалардын, өзгөрүүлөрдүн, зомбулуктун объектиси катарыбы же бул аракеттердин субъектиси катарыбы?
8. Саодат Шамсиеванын жашоосунун, өмүрүнүн үч түрүн жалпысынан кандай деп баалоого болот?

**«XX – кылымдагы Борбордук Азиядагы аялдардын абалы жана алардын тагдырларынын бири» аттуу сегизинчи текстти талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Текстте көрсөтүлгөн үч мезгилдеги – XX кылымдын башында, совет доорунда жана өлкөлөрдүн көз карандысыздык доорунда – Орто Азиялык аялдардын жашоосуна кыскача мүнөздөмө бериңиз.
2. XX кылымдын башындагы жадиддердин Орто Азиялык аялдарынын абалына карата көз караштары кандай болгон?
3. Жаш балдарды тарбиялоодо энелер менен бирдей аталар да катышуусу зарыл деген тезис эмнени билдирет?
4. Эркек балдарга караганда кыз балага билим алуу маанилүүрөөк деген пикирге Сиз кошуласызбы? Эмне үчүн?
5. Жадиддер мусулмандарды салтанаттуу, шаан-шөкөттүү үйлөнүү тойлорду жана жаназаларды өткөрбөстөн, алардын ордуна өз балдарын чет өлкөлөргө билим алууга жиберүүгө жана окутууга чакырышкан. Бул жерде азыркы заман менен кандай окшоштуктарды жүргүзүүгө болот?
6. XX-кылымдын башындагы аялдардын татаал тагдырына аялдардын дагы өздөрүнүн күнөөсү бар беле?
7. Советтик доордун башында аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун камсыз кылуу үчүн кандай чаралар көрүлгөн?
8. Худжум ченеми аялдар үчүн кандай натыйжаларды көбүрөөк алып келди – терспи же оңбу?
9. Совет бийлиги тарабынан аялдардын көйгөйлөрүн жана тагдырларын чечүүдө Чыгыштын өзгөчөлүктөрү эске алынганбы?
10. Диндин, дин кызматкерлеринин жана Биримдик аттуу («Күжүрмөн динсиздер») уюмдун ачык күрөшүн бүгүнкү күндүк көз караш менен кандай баалоого болот?
11. Совет доорундагы элдик чарбада, айрыкча пахтачылыкта, аялдардын эмгегин колдонуу, аларды ушундай оор жумушка тартуу кандай кесепеттерге, натыйжаларга алып келген?
12. Борбордук Азиядагы гендердик маселелерди чечүүдөгү Совет бийлигинин терс жана оң жактарын айтып бериңиз.
13. Рахбар Гулямованын билимдүү үй-бүлөдөн чыккандыгы анын жашоосуна жана тагдырына кандай таасир тийгизген?
14. Рахбар Гулямованын тагдыры жана анын чоң энелери Рокия-биби, Хайринисо-биби жана апасы Тошхон-бибинин жашоолору менен салыштырыңыз.
15. Гуломдун балдары алардын апасынын билимдүү адам эч жерде жоголуп кетпейт, ак менен караны өз убагында айырмалай алат деген ишенимин актай алыштыбы?
16. «Бирибиздин артынан бирибиз трибунага чыгып, паранжаларыбызды жалындаган отко ыргытып жаттык» деген фактыга азыркы көз караш менен баа бериңиз.

***Жетинчи жана сегизинчи тексттерди окутуудагы кеңештер***

Сунушталган тексттерди экинчи кейс-стадинин мазмуну менен байланыштыруу зарыл, ошондуктан бул эки текстти студенттерге (окуучуларга) алдын ала үй тапшырмасы катары берилет. Жетинчи жана сегизинчи тексттерди талкуулоо жана аларды ар тараптуу талдоо үчүн тексттер боюнча жогоруда берилген суроолорду же окутуучу өз алдынча түзгөн суроолорду жана тапшырмаларды колдонуу сунушталат. Ошондой эле аналитикалык таблицаларды, тексттерди салыштырма талдоо таблицасы ж.б. ыкмаларды колдонууга болот.

**Жетинчи жана сегизинчи тексттердин салыштырма талдоо таблицасы**

Саодат Шамсиева менен Рахбар Гулямованын образдарын, ишмердүүлүктөрүн жана тагдырларын салыштырыңыз.

| Көрсөткүчтөр | Эки каармандын жалпы мүнөздөмөлөрү | Эки каармандын өзгөчө мүнөздөмөлөрү | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|
| Үй-бүлө | | | |
| Таалим тарбия | | | |
| Аялдардын маселелери боюнча активдүүлүк | | | |
| Башка факторлор | | | |

**Экинчи сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Студенттерге экинчи кейс-стади жана жетинчи, сегизинчи тексттердин мазмунун, бул тексттердин авторлорунун негизги идеяларын кыскача баяндоо, ошондой эле тыянак чыгаруу сунушталат. Ошондой эле, 1.2-бөлүмдүн үчүнчү сабагынын тексттери жөнүндө кыскача маалыматты алдын ала сунуштоо керек.

▼

## ҮЧҮНЧҮ САБАК (2 саат)

**КЕЙС-СТАДИ: «Памирлик аялдардын тарыхы XX кылымдын сүрөттөрүндө» (кайталоо)**

**Текст:**

Тогузунчу текст «Кыргызстандагы күнүмдүк жашоодогу жана кризис учурундагы жамааттардын аял лидерлери»

**Сабактын максаты:**

1. Эркектер үстөмдүк кылган коомдо жашаганына карабастан аялдардын кантип лидер болуп, социалдык жана гендердик маселелерди чечкендигин көрсөтүү;
2. студенттерге лидерлик сапаттарга баа берүү компетенциясын калыптандырууга жардам берүү. Текст менен иштөө.

## Тогузунчу текст менен иштөө

**«Кыргызстандагы күнүмдүк жашоодогу жана кризис учурундагы жамааттардын аял лидерлери» аттуу тогузунчу текст боюнча талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кыргызстанда аялдардын коомдук лидер болушу эмне үчүн коомго каршы чакырык катары саналат?
2. Эмне үчүн жарандык тирешүү шартында аялдар лидер болуп калышат? Муну Датка менен Бурманын тарыхынын мисалында түшүндүрүп бергиле.
3. Ош шаарындагы Калинин кичи району же Калинин атындагы турак жай конушу (расмий эмес аталышы) Черемушки аттуу кичи районунан жана шаардын башка кварталдарынан кандай шарттары менен айырмаланган?
4. 2010-жылдын июнь айындагы Оштогу кагылышуулар эмне менен байланыштуу болгон?
5. Оштогу чыр-чатакты чечүүдө жергиликтүү өзбек улутундагы аксакалдарынын шаардын башка улуттук коомчулуктарынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүсү кандай натыйжаларга алып келди?
6. Датка кандай сапаттары менен кичи райондун лидери болуп тандалды?
7. Датканын жергиликтүү мечиттеги бардык иш-чараларды токтоткондугу жана аны убактылуу жабып салуусу эмне үчүн терс кесепеттерге алып келген жок?
8. Датка менен анын колдоочулары тарабынан дүрбөлөң салуучуларга, талап-тоноочуларга жана ушак-айың тараткан адамдарга карата жасаган иш-аракеттери туура болгонбу? Эмне үчүн?
9. Ош окуясындагы чыр-чатакты чечүүдө Датка жана анын колдоочулары тарабынан жергиликтүү кылмыштуу топтор менен же кылмыш дүйнөсүнүн өкүлдөрү менен болгон кызматташуусуна сиздин мамилеңиз кандай? Эмне үчүн?
10. Датканын жана ага окшогон аялдардын лидерлик ролун 2010-жылы Ош шаарындагы улуттар аралык кагылышуу учурун кандай деп баалоого болот? Эмне үчүн?
11. Шаар тибиндеги айылдын этникалык курамы анын тургундарынын жашоосуна кандай таасир тийгизди? Эмне үчүн?
12. Бурманын атасын «кыргыз улутчулдугу» үчүн иштеген жумушунан бошотуусу негиздүү болгонбу? Эмне үчүн?
13. Башында Бурма дүкөндүн башчысы, соода кызматкери болуп иштегендиги, кийинчерээк буюм-тайымдарды сатып жүргөн көндүмдөрүнүн баардыгы анын лидерлик сапаттарына таасир эткен беле?
14. 2010-жылдагы этникалык кагылышуулар учурунда Бурма жана анын кесиптештери жергиликтүү жаштарды кантип токтото алышкан жана өзбек улутундагы азчылыгына каршы турган радикалдарды кантип тынчтандыра алышкан?
15. Бурма жетектеген жергиликтүү шайлоо кампаниялары анын лидерлик кадырына кандай таасир эткен?
16. Эмне үчүн макаланын автору Бурманы өмүр бою билимге умтулган үлгү катары эсептейт?
17. Датка менен Бурманын кандай окшош жана өзгөчө мүнөздөрүн байкадыңыз?
18. Коомдо тынчтыкты орнотууда жана аны өнүктүрүүдө аял киши негизги ролду аткаруу жөндөмдүүлүгү барбы?

19. Эмне себептен автор Кыргызстандагы аялдардын лидерлик жөндөмдөрү жана зор салымдары бар болсо дагы (Бурма, Датканын мисалдарында) алар дагы деле жетекчилик кызматтарга толук кандуу көрсөтүлгөн эмес?



***Тогузунчу текстти окутуу боюнча кеңештер***

Сунушталган тексти экинчи кейс-стадинин мазмуну менен байланыштыруу керек, ошондуктан аны өз алдынча үйдөн окуп келүү үчүн алдын ала катышуучуларга берилиши зарыл. Тогузунчу текстти талкуулоо үчүн жана аны ар тараптуу талдоо үчүн жогоруда сунушталган суроолорду пайдаланса болот же өз алдынча мугалим өзү түзгөн суроолорду жана тапшырмаларды пайдаланса дагы болот. Ошондой эле ар кандай түшүнүк карталарын/кластерлерди, аналитикалык таблицаларды, идеяларды талдоо таблицасын – идеяларды синтездөөнү, тексттерди салыштырма талдоону ж. б. колдонсо болот.

**Датка менен Бурманын образдарын салыштырма таблицасы**

| **Көрсөткүчтөр** | **Датка** | **Бурма** | **Жыйынтыктар** |
|---|---|---|---|
| Инсандык сапаттар | | | |
| Этникалык чыр-чатак башталганга чейинки жетишкендиктер | | | |
| Этникалык чыр-чатак учурундагы жетишкендиктер | | | |
| Коомдогу даражасы | | | |
| Болжолдуу тагдыры | | | |

**Үчүнчү сабакты жыйынтыктоо**

Окуучуларга экинчи кейс-стадини жана тогузунчу тексттин мазмунун, бул тексттердин авторлорунун негизги идеяларын жана келип чыккан тыянактарды кыскача баяндоо сунушталат. Ошондой эле, сунушталган текстти 1.2-баптын башка тексттери менен салыштыруу сунушталат.

**1.1 жана 1.2-бөлүмдөр боюнча сабактарды жыйынтыктоо**

Үч сабактын жүрүшүндө анализденген эки кейс-стадинин кыскача мазмунун жана бардык тексттердин кыскача мазмунун окуучулардын эсине салып, аларды тексттерде берилген идеяларга болгон өз пикирлерин кыскача айтып берүүнү сунуштагыла. Сабактын жыйынтыгын төмөнкү суроолорго жооп берүү менен аяктагыла: Борбордук Азиянын тарыхында аялдын тагдыры кандай болгон? Азыркы Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү аялдардын тагдыры кандай?

«Борбордук Азиядагы аялдардын тарыхый аспектилери жана социалдык статусу» (1.1 бөлүм «Борбордук Азиянын тарыхындагы аялдардын социалдык статусу» жана 1.2 бөлүм «Борбордук Азиялык аялдардын өткөөл мезгилдеги жана бүгүнкү күндөгү тагдыры») аттуу биринчи баптын жыйынтыгын чыгаруу үчүн келечекте Борбордук Азия коомундагы аялдардын ролун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө маселелерди талкуулоо зарыл.

# 1.3 Бөлүм

# Академиялык жазуу
# (6 саат – 3 сабак)



▼

## Академиялык жазуу боюнча окуу планы

Киришүү бөлүмү – 2 саат

«Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» курсу үчүн академиялык жазуунун интеграцияланган курсу

**Курстун баяндалышы**

Бул курс академиялык жазуу көндүмдөрүн Борбордук Азиядагы аялдардын тажрыйбасы аркылуу өнүктүрүлөт. Угуучулар академиялык эрежелерди үйрөнүшөт, плагиаттан алыс болууга, булактарга шилтеме жасоону, салыштыруу жана карама-каршы коюу эсселерин жазууну үйрөнүшөт, ал эми аягында эссе жазып, оозеки презентация жасашат. Материалдар курстун негизги мазмунуна ылайыкталган, дисциплиналар аралык окутууну жана жазуу көндүмдөрүн практикалык колдонууну камсыз кылат.

**Окутуунун максаттары**

Курстун аягында студенттер төмөнкүлөргө жөндөмдүү болушат:

- Академиялык жазуунун нормаларын, анын ичинде стилин, түзүмүн жана аудиторияны эске алууну түшүнүшөт жана колдоно алышат.
- Академиялык жазууну академиялык эмес жазуудан айырмалай алышат.
- Плагиаттан качуу, ошондой эле жазма жана оозеки түрүндөгү презентацияларда цитаталарды туура колдоно алышат.
- Салыштыруу жана карама-каршы коюу структураларына басым жасоо менен бирге идеяларды эссе түрүндө логикалык жактан уюштуруп баяндап бере алышат.
- «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу темага салыштыруу жана карама-каршы коюу жанрларында мыкты изилденген эссе жазып, аны презентация кылып бере алышат.
- Текстти талдоо жана рефлексия аркылуу аналитикалык көндүмдөрдү жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүшөт.

Курстун түзүмү (12 аудиториялык саат + 12 саат өз алдынча иштөө)

1. **Академиялык жазууга киришүү**
   Академиялык жазуунун негизги өзгөчөлүктөрүн талдоо, академиялык жана академиялык эмес тексттерди айырмалоо, илимий контекстте аудиторияны, максатты жана стилди талдоо

2. **Плагиат, илимий булактарды колдонуу жана APA (American Psychological Association) системасы аркылуу цитаталарды пайдалануу**
   Плагиаттын этикалык аспектилери, жалпылоо техникалары, бир ойдун же идеянын маанисин башка сөз менен айтуу жана цитата келтирүү, APA системасы аркылуу шилтемелерди жана библиографияны туура иштеп чыгуу жана түзүү.
3. **Салыштырма жана карама-каршы жанрларындагы эссенин түзүлүшү**
   Уюштуруу схемаларын (блок түрүндө жана биринин артынан бири) изилдөө, объекттердин ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоо, аргументтерди келтирүү үчүн академиялык далилдерди колдонуу.
4. **Тезистик ырастоолор, абзацтын түзүмү жана байланыштуулугу**
   Так, аргументтештирилген тезистерди түзүү, натыйжалуу тематикалык, жактоочу, колдоочу жана корутунду сүйлөмдөрдү иштеп чыгуу, тексттин биримдигин жана байланыштуулугун камсыз кылуу.
5. **Киришүү, негизги бөлүк жана корутунду жазуу**
   APA форматын эске алуу менен эссени түзүмдөө, ынандырарлык, далилдүү киришүүлөрдү жана корутундуларды жазуу, рецензиялоо жана редакциялоо ыкмаларын колдонуу
6. **Эссени презентациялоо**
   APA PowerPoint форматында презентацияларды түзүү, академиялык чөйрөдө оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтүү, өз ара баалоого жана өзүн-өзү баалоого катышуу.

### Баалоо критерийлери

| **Компонент** | **Өлчөмү (%)** | **Сүрөттөлүшү** |
|---|---|---|
| Курска катышуу жана активдүүлүк | 30 | Сабактарга, топтук иштерге жана талкууларга активдүү катышуу |
| Рефлексиялар жана үй тапшырмаларды аткаруу | 20 | Ар бир сабактан кийин жазуу жүзүндөгү рефлексияларды жана үй тапшырмаларын өз убагында тапшыруу |
| Салыштыруу жана карама-каршы коюу жанрындагы жыйынтыктоочу эссе | 30 | APA системасына ылайык туура цитата келтирүү менен мыкты түзүлгөн, (1000–1200 сөздөн турган) оригиналдуу эссени тапшыруу |
| Жыйынтыктоочу эссени презентациялоо | 20 | Тактыкты, уюшкандыкты жана аудиториянын катышуусун көрсөтүү менен бирге жыйынтыктоочу эссени оозеки презентациялоо |
| **Бардыгы** | **100** | |

### Баалоо системасы

| Баа | Пайыздык диапазон | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|
| A | 90–100% | Эң жакшы: идеяны терең түшүнөрүн, академиялык жазуунун оригиналдуулугун жана чеберчилигин көрсөтө алат |
| B | 80–89% | Жакшы: концепцияларды ишенимдүү өздөштүргөндүгүн көрсөтө алат; одоно эмес анча-мынча каталары бар, жазуунун жакшы деңгээлин жана презентация кылуу көндүмдөрүн көрсөтө алат. |
| C | 70–79% | Канааттандырарлык: негизги талаптарга жооп берет, каталары бар, жетишерлик деңгээлде сабактарга катышуу жана түшүнүү |
| D | 60–69% | Жакшыртууну талап кылат: чектелген түшүнүк, көбүрөөк каталар, жетишсиз катышуу. |
| F | Ниже 60% | Канааттандырарлык эмес: курс талаптарына жооп бербейт, сабактарга начар катышуу же аякталбаган иштер |

### Катышуу жана катышуу саясаты

- Сабактарга катышуу милдеттүү. Себепсиз бирден ашык сабакты калтыруу жыйынтык баага таасир этиши мүмкүн.
- Талкууларга, топтук ишке жана өз ара баа берүүгө активдүү катышуу талап кылынат.
- Курсту ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн класстын ишмердүүлүгүнө тынымсыз аралашуу жана салым кошуу зарыл.

### Шилтемелер (APA стили)

Төмөндө окуу пландарынан жана методикалык колдонмодон APA стилинде тандалып алынган шилтемелер келтирилген:


- Clement, J. (2021). Academic writing for university students. Cambridge University Press.
- American Psychological Association. (2020). Publication manual of the American Psychological Association (7th ed.). American Psychological Association.
- Purdue Online Writing Lab. (n.d.). Academic writing introduction. [Электрондук каражат] https://owl.purdue.edu/owl/general_writing/academic_writing/index.html
- University of Manchester. (n.d.). Academic phrasebank. [Электрондук каражат] http://www.phrasebank.manchester.ac.uk

- Кошумча материалдар жана каражаттар курстун жүрүшүндө зарылчылыкка жараша берилет.

***Эскертүүлөр***

1. Бардык тапшырмалар оригиналдуу болушу керек жана APAнын цитата келтирүү талаптарына жооп бериши зарыл.
2. Эгерде алдын ала башка шарттар макулдашылбаса иштерди кечиктирип тапшыруу баанын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.
3. Университеттин саясатына ылайык плагиат же академиялык абийирсиздик тартиптик чара колдонууга алып келет.
4. Консультацияларды өткөрүүчү убакыт: окутуучу жеке колдоо ирээтинде убакытты өзү жарыялайт.

5. Кайтарым байланыш: долбоорлор жана презентациялар боюнча конструктивдүү комментарийлер берилет.
6. Маданий сезимталдуулук: талкуулоо учурунда Борбордук Азиядагы аялдардын тажрыйбасына болгон ар кандай көз караштарга сый, аяр мамиле кылуу талап кылынат.



## Академиялык жазууга киришүү (уландысы) Сабактын планы 1 (2 саат)

**Сабактын темасы**

Бул сабакта студенттер академиялык жазуунун негиздери менен таанышып, анын негизги өзгөчөлүктөрүнө жана академиялык эмес жазуудан айырмачылыктарына басым жасалат. Сабак студенттерди «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» курсундагы жазуу иштерине коюулуучу талаптарга даярдайт.

**Сабактын максаттары**

Сабак студенттерди академиялык жазуунун нормалары жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат, ошондой эле аларга академиялык тексттерди академиялык эмес тексттерден айырмалоого жардам берет. Студенттер академиялык чөйрөдөгү аудиторияны, академиялык жазуунун максаттарын, стилдерин, түзүлүшүн жана тонун түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт, мунун баары бул курстун тапшырмаларын аткаруу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырат.

**Материалдар жана жабдуулар**

Керектелүүчү материалдарга окуу программасынан жана методикалык колдонмодон алынган үзүндүлөр, талдоо үчүн академиялык жана академиялык эмес тексттердин үлгүлөрү, ошондой эле презентация жасоо үчүн доска же проектор кирет. Студенттерге дептерлер же ноутбуктар, ошондой эле көнүгүүлөрдү жана салыштыруу таблицаларды камтыган таркатма материалдар керек болот. Маалымат ирээтинде: цитата келтирүү стили боюнча колдонмо жеткиликтүү болот.

**Окутуунун натыйжалары**

Сабактын аягында студенттер академиялык жазуу эмне экенин аныктап, анын өзгөчөлүктөрүн айырмалай алышат. Алар академиялык жана академиялык эмес тексттерди талдоо жана салыштыруу аркылуу айырмалай алуу көндүмдөрүнө ээ болушат. Студенттер академиялык чөйрөдө аудиторияны эске алуу, тиешелүү тондун, логикалык түзүмдүн жана аргументтелген, далилделген жазуунун маанилүүлүгүн түшүнүшөт. Мындан тышкары, алар өздөрүнүн жазуу тажрыйбасын талдап, академиялык тапшырмаларды аткарууда мүмкүн болгон кыйынчылыктарды аныкташат.

**Баалоо ыкмалары**

Студенттердин материалды түшүнүүсү алардын талкууларга активдүү катышуусу менен жана көнүгүүлөрдү аткаруу аркылуу бааланат. Окутуучулар тексттерди туура классификациялоону жана топтук салыштыруунун жыйынтыктарын текшерет.



Рефлексивдүү жазуу тапшырмалар студенттердин жазуу көндүмдөрүнө болгон түшүнүгүн баалоодо жардам берет, ал эми учурдагы калыптандыруучу баалоо сабак учурунда суроолор жана кайтарым байланыш аркылуу жүргүзүлөт.

**Сабактын жүрүшү**

Сабак академиялык жазуунун маанилүүлүгүн баса белгилеген кыскача лекция менен башталат, андан кийин салыштырма таблицалар аркылуу негизги өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт. Студенттер бир катар көнүгүүлөрдү аткарышат: адегенде тексттердин түрлөрүн аныкташат, андан кийин жуптарда академиялык жана академиялык эмес жазууларды салыштырышат, андан соң классификация жана рефлексия боюнча жеке тапшырмалар берилет. Сабак үй тапшырмасы боюнча текстти кантип талдоо керек экендиги тууралуу нускамалар менен аяктайт.

**Сабакка киришүү**

Баштапкы талкуу студенттерди академиялык жазуу менен тааныштырууга багытталган. Окутуучу жазуу стилдери жана максаттары жөнүндө алгачкы таасирлерди стимулдаштыруу үчүн тексттердин контрасттык үлгүлөрүн (А тексти жана Б тексти) көрсөтөт, андан кийин сабактын максаттарын жана планын баяндайт.

**Сабактын жыйынтыгы**

Сабак академиялык жана академиялык эмес жазуунун ортосундагы негизги айырмачылыктарды, өзгөчө аудиторияга, тонго, түзүмгө жана далилдөө базасына басым жасоо менен жыйынтыкталат. Студенттер көнүгүүлөр менен иштөөнүн жүрүшүндө алынган тыянактары менен бөлүшүшөт, ал эми окутуучу плагиат жана цитата келтирүү боюнча кийинки сабакка сереп салат. Үй тапшырмалары өтүлгөн сабактын максаттарын бышыктайт.

**Убакыттын бөлүштүрүлүшү:**

- Жалпы убакыт: 90 мүнөт (бир сабак)
- Киришүү жана баяндама: 10 мүнөт
- Академиялык жана академиялык эмес жазуу жөнүндө лекция: 15 мүнөт
- Биринчи көнүгүү (тексттин түрүн аныктоо): 15 мүнөт
- Экинчи көнүгүү (жуптарда салыштыруу жана карама-каршы коюу): 15 мүнөт
- Үчүнчү көнүгүү (классификация): 10 мүнөт
- Төртүнчү көнүгүү (рефлексия): 10 мүнөт
- Бешинчи көнүгүү (текстти талдоо боюнча нускамалар жана суроо-жооптор): 10 мүнөт
- Корутунду жана жыйынтык: 5 мүнөт

### Уюштуруу формалары

Окутуу жалпы аудитория үчүн берилген презентациялар, жуптук талкуулар, жеке рефлексивдүү тапшырмалар жана топ менен иштөөдө кезек менен алмашып турат. Мындай ар түрдүү ыкма окутуунун ар кандай стилдерин эске алат жана көңүл буруунун көптөгөн формалары аркылуу негизги түшүнүктөрдү, концепцияларды бекемдейт.



### Үй тапшырмасы

- Бешинчи көнүгүүнү аткаруу. Гезиттен, сайттан же социалдык тармактардан кыска текстти тандап алып, ага төмөнкү багыттоочу суроолордун жардамы менен талдоо жүргүзүү:
  1. Бул тексттин кандай түрү?
  2. Аудиториясы ким?
  3. Максаты кандай?
  4. Тону кандай?
  5. Тексттин түзүлүшү кандай?
  6. Бул текст академиялык жазуудан эмнеси менен айырмаланат?
- Бүгүнкү сабактын негизинде академиялык жазууда мүмкүн болгон кыйынчылыктар жөнүндө кыскача жазуу түрүндө рефлексия даярдоо.
- Кошумча: жакшыраак түшүнүү үчүн онлайн форматында жеткиликтүү болгон академиялык тапшырмалардын мисалдары, үлгүлөрү менен таанышуу.

## Практикалык сабактар жана үй тапшырмасы

### Академиялык жана академиялык эмес жазуу

### Академиялык жазуу деген эмне?

Академиялык жазуу – бул өзүнүн ченемдерине жана күтүүлөрүнө тиешелуу болгон жүрүм-турумда жана коомдук илимдерде (ошондой эле башка сабактарда) колдонулуучу атайын жазуу формасы. Бул жөн гана жазуунун башка жолу эмес, бул өзунун тили, ченемдери жана максаттары менен болгон өзүнчө маданият болуп эсептелет.

Академиялык жазуунун негизги өзгөчөлүктөрү:

- **Аудиторияны баамдоо:** жалпы билим деңгээлин талап кылуучу академиялык аудитория үчүн жазуу.
- **Аргументтүү максат** көбүнчө жаңы же уникалдуу нерсенин сунуштаган так аргументти же көз карашты билдирет.
- **Көйгөйлөштүрүү** учурдагы көз караштарды талашуу менен бирге, окурмандарды калыптанган билимдерди кайрадан карап чыгууга үндөйт.
- **Рационалдуу тон** эмоционалдык чакырыктардан кутулуу менен бирге, логикалык ой жүгүртүүлөрдү жана далилдерди колдонот.
- **Актуалдуу мазмун** академиялык жактан ишенимдүү жана дал келген, керектүү маалыматты гана камтыйт.
- **Байланышкан түзүм** логикалык жактан макродеңээлде (бардык текстти камтыган) жана мезодеңгээлде (абзацтарды гана камтыган) түзүлөт.
- **Байланышкан стиль** идеялардын, аныктамалардын жана мамилелердин ортосундагы так байланыштарды колдонот.

- **Татаал, так тил** татаал лексиканы жана грамматиканы колдонуу менен бирге так жана жеткиликтүү бойдон калууда.

**Академиялык эмес жазуу деген эмне?**

Академиялык эмес жазууга журнал макалалары, блогдор, тексттик билдирүүлөр, жарнамалар жана жеке электрондук каттар сыяктуу тексттер кирет. Жазуунун бул формалары көбүнчө формалдуу эмес болот, түзүмү боюнча эркин, кеңири жана башка аудиторияга багытталган.

Академиялык эмес жазуунун негизги өзгөчөлүктөрү:

1. **Аудитория** кызыкчылыктары боюнча ар түрдүү болушу мүмкүн.
2. **Максат** көңүл ачуучу, маалыматтуу, ынандыруучу же жөнөкөй коммуникативдик болушу мүмкүн.
3. **Мамиле:** көбүнчө түз, жеке же сүйлөшүү түрүндө болот.
4. **Тон:** көбүнчө формалдуу эмес, эмоционалдык же субъективдүү болот.
5. **Мазмунга** адамдардын жеке пикирлери, анекдоттор же анык эмес булактар жана маалыматтар кириши мүмкүн.
6. **Түзүмү:** анча татаал эмес; атайын түзүлгөн жана уюштурууну так талап кылган схемасы жок жана аны сактабашы мүмкүн.
7. **Стили:** эркин (жаргон, идиомалар, оозеки лексикадан турган).
8. **Тили:** жөнөкөй лексика, жалпак тил менен жазылган текст жана жөнөкөй, кыска сүйлөм түзүлүшү.

## Биринчи сабак үчүн көнүгүүлөр

**Академиялык жазууга киришүү**

**БИРИНЧИ САБАК. Тексттин тибин аныктоо**

**Көрсөтмө**

Төмөнкү кыска тексттерди окуп, тексттерге чейинки берилген суроолорго жооп бергиле:

1. Бул жазуунун кандай түрү?
2. Текст кимдерге арналган? Же максаттуу аудиториясы кимдер?
3. Максаты эмнеде?
4. Бул академиялык же академиялык эмес жазуубу? Эмнеге?

**А тексти**

Өткөн үчүн тынчсызданып жатасызбы? Келечек үчүн кабатыр болуп жатасызбы? Аң-сезимдүү кабыл алуу практикасы азыркы учурга өтүүгө сизге жардам бере алат жана ал сизди азыркыдан дагы бактылуу жана туруктуу кыла алат.

**Б тексти**

Бул изилдөө университеттин студенттеринин арасында аң-сезимдүү кабыл алуу практикасы менен стрессти азайтуунун ортосунда болгон байланышты изилдейт. Натыйжалар үзгүлтүксүз аңсезимдүү кабыл алуу үчүн көнүгүүлөрү менен стресстин деңгээлинин төмөндөшүнүн ортосундагы олуттуу корреляцияны көрсөтүп турат.

### ЭКИНЧИ КӨНҮГҮҮ. Салыштыруу жана карама- каршы коюу

**Көрсөтмө**

Жогорудагы тексттерди мисал катары колдонуу менен бирге студенттерди жуптарга бөлүштүрүңүз. Жуптарда академиялык жана академиялык эмес жазуулардын ортосундагы жок дегенде үч айырмасын талкуулашып, андан кийиналарди тизмектеп беришсин.

### ҮЧҮНЧҮ КӨНҮГҮҮ. Академиялык текстпи же жокпу?

**Көрсөтмө**

Төмөнкү тексттерди академиялык же академиялык эмес деп классификациялаңыз жана өзүңүздүн тандооңузду кыскача түшүндүрүңүз:

- Саякат блогундагы пост;
- Психология журналында жарыяланган илимий макала;
- Жаңы саясат тууралуу кызматтык кат;
- Шоколаддан жасалуучу торттун даярдоо жолу;
- Университеттик тапшырма үчүн аргументештирилген эссе.

### ТӨРТҮНЧҮ КӨНҮГҮҮ. Рефлексия

**Көрсөтмө**

Өзүңүздүн жазуу тажрыйбаңыз жөнүндө ойлонуңуз. Кайсы тексттерди сиз көбүрөөк жаздыңыз – академиялык же академиялык эмеспи? Академиялык жазууну үйрөнүүдө кандай кыйынчылыктар болушу мүмкүн деп ойлойсуз?

### БЕШИНЧИ КӨНҮГҮҮ. Текстти талдоо практикасы

**Көрсөтмө**

Кыска текст тандаңыз (гезиттен, вебсайттан же социалдык тармактардан). Аны талдоо үчүн төмөнкү суроолорду колдонуңуз:

1. Бул кандай түрдөгү текст?
2. Окурман аудиториясы ким?
3. Тексттин максаты эмнеде?
4. Тексттин стили кандай?
5. Тексттин түзүмү кандай?
6. Ал академиялык жазуудан эмнеси менен айырмаланат?

Академиялык жана академиялык эмес жазуунун салыштырма таблицасы

| Өзгөчөлүктөрү | Академиялык жазуу | Академиялык эмес жазуу |
|---|---|---|
| Аудитория | Академиялык кесиптештер, эксперттер | Жалпы коомчулук, достор жана башкалар. |
| Максаты | негиздөө, маалымдоо, билимге салым кошуу | Көңүл ачуу, маалымдоо, ынандыруу. |
| Тон | Формалдуу, рационалдуу, акылга негизделген | Бейформал, эмоционалдуу, ар түрдүү. |
| Түзүлүшү | Так уюштурулган, логикалуу, ырааттуу | Ийкемдүү, түзүлүшү так эмес |
| Стили | Ырааттуу,бири бирине байланган, так | Оозеки сүйлөшүү, ар түрдүү |
| Тили | Татаал, техникалык, түшүнүктүү | Жөнөкөй, күнүмдүк |
| Далилдери | Академиялык булактар | Жеке тажрыйба, пикирлер |

## Экинчи сабак

### Плагиат, булактарды колдонуу жана АРА* стили боюнча цитаталарды пайдалануу (2 саат)

**Сабактын максаттары:**

Бул сабакта студенттер плагиат деген эмне экенин билүү менен бирге анын этикалык натыйжаларын түшүнүп, булактарды туура колдонуу жөнүндө практикалык ыкмаларын өздөштүрүшөт. Ошондой эле студенттер керектүү академиялык жазуу компетенттүүлүгүнө ээ болуу үчүн бир тексттин ичиндеги шилтемелерди гана эмес, пайдаланган адабияттын тизмесинде дагы АРА стилинде цитата келтирүүнүн ыкмаларын өздөштүрүшөт жана изилдешет.

**Материалдар жана жабдуулар**

Булактардын туура колдонулушун көрсөтүү үчүн Клементтин (2021) жана башка илимий булактардан үзүндүлөрү сабакта керек болот. Мугалимдер натыйжалуу жыйынтыктоо, парафразалоо жана цитаталарды келтирүү мисалдарын, ошондой эле АРА форматында шилтемелерди жасоо үлгүлөрүн алдын ала даярдоосу зарыл. Керектелүүчү материалдарга сабакта пайдалануучу таркатма материалдар, ноутбуктар же басма жана санарип форматтарындагы жазуу жана АРА стили боюнча колдонмолорду практикалоо үчүн студенттердин дептерлери кирет. Демонстрациялар үчүн проектор же такта колдонулат.

**Окутуунун натыйжалары**

Сабактын аягында студенттер плагиат деген эмне экендигин так аныктай алышат жана анын ар кандай формаларын таанып, ажырата алышат. Алар бул элементтерди өздөрүнүн тексттерине туура пайдалануу, интеграциялоо менен булактарды жалпылоо, парафразалоо жана цитата келтирүү жөндөмдөрүн көрсөтө алышат. Студенттер текст ичиндеги шилтемелер жана пайдаланган адабияттардын тизмесинде АРА стилинде цитата келтирүүнүн ыкмаларын туура колдоно алышат, ошондой эле башкалардын тексттерин рецензия кылууда дагы плагиатты таба алат жана өзүнүн изилдөөсүндө даг плагиатты пайдалануудан алыс болушат.

**Баалоо ыкмалары**

Студенттердин прогресси ар кандай класстык активдүүлүктөргө, анын ичинде плагиатты аныктоо боюнча көнүгүүлөргө жана цитата колдонуу практикасына активдүү катышуу аркылуу бааланат. Мугалимдер жалпылоо, парафразалоо жана цитата келтирүү боюнча аткарылган көнүгүүлөрдү текшеришет. Колдонулган булактарды жана АРА стили боюнча туура пайдаланууну талап кылган үй тапшырмасы текшерүүгө берилет. Формалдуу эмес учурдагы баалоо бири бирин рецензиялоо сессиялары жана сабак учурунда окутуучунун кайтарым байланышы аркылуу жүргүзүлөт.

* АРА стили – бул америкалык психологдордун ассоциациясы тарабынан иштелип чыккан стандартташтырылган жазуу жана цитата келтирүү форматы, ал негизинен коомдук илимдерде булактардын тактыгын, ырааттуулугун жана туура түзүлүшүн камсыздоо үчүн колдонулат

### Сабактын өтүлүшү

Сабак «плагиат» түшүнүгүн жана анын академикалык кесепеттерин түшүндүргөн кыскача лекция менен башталат. Андан кийин мугалим кылдаттык менен жыйынтыктоо, парафразалоо жана цитата келтирүү ыкмаларын көрсөтүп, андан кийин шилтемелерди берүүнүн эрежелерин түшүндүрөт. Студенттер Клементтин (2021) мисалдары менен жетектелген практикага катышып, плагиаттын мисалдарын аныктаган жана цитаталарды форматтоо практикасы боюнча топтук жана жуптук тапшырмаларды аткарышат. Сабак APA стили боюнча титулдук барактын туура жасалгалоосун, дизайнын көрсөтүү менен бирге цитата келтирүүдөгү мыкты тажрыйбаларды жана кенири тараган каталарды талкуулоо менен аяктайт.

### Сабакка киришүү

Сабак плагиат маселелерди жана цитата келтирүүнүн маанилүүлүгү тууралуу талкуулоо менен башталат. Реалдуу академиялык тартипти бузган мисал плагиаттын олуттуу кесепеттерин көрсөтөт. Күтүлгүчү натыйжаларды ачык-айкын белгилөө үчүн мугалим сабактын максаттарын жана пландалган иш-чараларды так белгилөөсү зарыл.

### Сабактын корутундусу

Сабактын аягында мугалим плагиаттын негизги түрлөрүн кайталап, академиялык иште булактарды туура колдонуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Жалпылоонун, парафразалоонун, цитаталарды келтирүүнүн жана шилтемелерди жасалгалоонун негизги кадамдары жалпыланат, ошондой эле APA стили боюнча студенттердин суроолоруна убакыт бөлүнөт. Ушул сабак кийинки өтүлүүчү сабактын темасын жарыялоо менен аяктайт. Кийинки сабак эссенин түзүлүшүнө же булактар менен иштөөнүн өркүндөтүлгөн ыкмаларына арналат.

### Уюштуруучулук мамиле

Окутуу бүткүл аудитория үчүн лекциядан башталат, андан кийин практикалык тапшырмалар үчүн чакан топтордо жана жуптарда биргелешип иштөөгө өтөт. Студенттер цитата келтирүү жана форматтоо боюнча көндүмдөрдү бышыктоо үчүн жеке көнүгүүлөрдү аткарышат, андан кийин рефлексия жана кайтарым байланыш аркылуу алган билиминдерин бекемдөө үчүн бири бирин рецензиялоо жана топ менен талкуулоо сессияларына катышышат.

### Үй тапшырмасы

Үй тапшырмасын аткаруу үчүн студенттер «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу тема менен байланышкан бир илимий булакты табышат. Алар булакты интеграциялоонун үч башка жолун даярдашы керек: бир парафраза, бир резюме жана бир түз цитата. Ар бири APA стили боюнча тексттин ичиндеги туура шилтемелерди камтышы зарыл. Студенттер колдонулган адабияттардын толук тизмесин түзүп, атайын каражаттардын же APA колдонмонун жардамы менен цитата келтирүүнүн оригиналдуулугун жана туура пайдалангандыгын текшеришет. Ыктыярдуу түрдө студенттер кийинки сабакка талкуулоо үчүн өз мисалдарын дагы даярдап келе алышат.

**Кошумча материалдар**

Сабактын мазмунуна жыйынтыктоонун, парафразалоонун жана цитата келтирүүнүн туура техникаларын көрсөткөн көптөгөн мисалдар киргизилген жана ошондой эле APA стилине ылайык шилтемелерди туура жасалгалоонун үлгүлөрү дагы камтылган. Үлгү катары темага тиешелүү, дал келген APA стилинде аткарылган мукаба баракчасынын мисалы берилет. Сабак ар түрдүү класстык иш-чараларды камтыган, анын ичинен резюме жазууну үйрөнүүгө, парафразалоонун практикасына, цитаталарды интеграциялоого, бириктирүүгө жана APA стили боюнча форматтоого багытталган көнүгүүлөр киргизилген. Тогуз илимий булак, анын ичинде тиркелген текст жана кошумча илимий материалдар, студенттерге контекстти жана мыкты тажрыйбалардын үлгүлөрүн камсыздайт.

## Практикалык сабактар жана үй тапшырмасы

**ЭКИНЧИ САБАК. Плагиат, булактарды колдонуу жана цитата келтирүү (APA стили)**

**Сабактын максаттары:**

- плагиат деген эмне жана эмне үчүн ал этикага жатпагандыгын түшүнүү;
- булактарды интеграциялоо, бириктирүү жана туура колдонууну үйрөнүү;
- академиялык жазууда APA стили боюнча цитата келтирүүнүн ыкмаларын үйрөнүү жана пайдалануу.

1. **Плагиатты түшүнүү**

   **Аныктамасы.** Плагиат – бул башка бирөөнүн сөздөрүн, идеяларын же сүрөттөрүн тийиштүү булагын көрсөтпөстөн өзүнүкү катары көрсөтүү. Буга текстти көчүрүү, шилтемесиз кайра сүйлөмдү пайдалануу же авторлугун көрсөтпөстөн башка бирөөнүн идеяларын колдонуу дагы кирет (American Psychological Association, n.d.-a).

   **Плагиаттын түрлөрү:**

   - **Текст түрүндөгү плагиат** – тырмакчасыз жана шилтемесиз сөзмө-сөз сүйлөмдөрдү көчүрүү.
   - **Идея түрүндөгү (же идеялык) плагиат** – авторлугун тааныбастан башка бирөөнүн идеяларын же түзүмүн колдонуу.
   - **Өзүн-өзү плагиаттоо** – мурунку өзүнүн эмгектерин шилтемесиз кайра колдонуу.

   **Плагиаттан эмне үчүн качуу керек?**

   - Бул этикага туура келбейт жана академиялык жазаларга алып келиши мүмкүн.
   - Бул оригиналдуу авторлорду татыктуу таануудан ажыратат.
   - Сиздин (автор катары) кадыр-баркыңызды түшүрөт.

2. **Булактарды туура пайдалануу**

   **Булактарды интеграциялоо же бириктирүү:**

   - **Жыйынтыктоо** – негизги идеяларды өз сөзүңүз менен айтып берип, пайдалануу. Булакты милдеттүү түрдө көрсөтүү керек.

- **Парафразалоо** – конкреттүү маалыматты өз сөзүңүз менен кайра түзүү. Булакты милдеттүү түрдө көрсөтүү.
- **Цитата келтирүү** – булактан алынган так сөздөрдү тырмакчага алып, ага шилтеме берүү.

**Кеңештер:**

- Парафразалоодо сөздөрдү да, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн да өзгөртүңүз;
- Түз цитаталарды чендеми менен жана зарыл болгон учурда гана колдонуңуз;
- Кайсы бир булактан маалымат колдонууда ар дайым шилтемени көрсөтүңүз.

**3. Цитата келтирүү ыкмалары (APA стили)**

**Тексттин ичиндеги шилтемелер:**

- Парафразалоо үчүн – автору, жылы;
- Түз цитаталарды келтирүү үчүн – автору, жылы, барактын бети

**Адабияттар тизмесинде шилтемени жазып көрсөттүүнүн үлгүсү:**

Clement, V. (2021). Түркмөн үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүндөгү аялдык жана үй-бүлөлүк баалуулуктар. Women of Central Asia китебинде (XX–XX беттер). APAX.

**4. Тиркелген тексттен алынган мисалдар**

**А. Жыйынтыктоо**

*Түп нуска*:

«Түркмөнстанда таанылбаган адамдардын арасында да аялдардан: «Канча балаңыз бар?« деп суроо берүү туура эле кабыл алынат. Мындай көрүнүш мен Түркмөнстанда кимдир бирөө менен жолуккан сайын мага ачык айкын болуп турду. Атүгүл таксисттер да бул суроону мага беришчү. Мындай суроолор Түркмөнстанда үй-бүлө менен балдар эң жогорку баалуулук экендигин түшүндүрөт жана анда аялдар кыз же бирөөнүн кызы катары эмес, аял жана эне катары эң жогорку социалдык баалуулукка ээ экендигин билдирет». (Clement, 2021, б. xx).

*Жыйынтыктоо*:

Түркмөнстанда аялдардын социалдык баалуулугу алардын аял жана эне ролу менен тыгыз байланышта каралат, бул күнүмдүк өз ара кызматташууда чагылдырылган. (Clement, 2021).

**Б. Парафразалоо**

*Түп нуска*:

«Кыз атасынын үйүндө конок болуп эсептелет жана турмушка чыккандан кийин гана аял катары таанылат. Турмушка чыкканда кыздар атасынын үйүнөн күйөөсүнүн үй-бүлөсүнө кирет, бул процесс татаал ырым-жырымдар менен коштолот, анын ичинде кызга төлөнүүчү калың да бар» (Clement, 2021, б. xx).

*Парафраз*:

Түркмөн кыздары өзүнүн үй-бүлөсүнүн убактылуу мүчөсү катары саналат жана толук социалдык даражага турмушка чыккандан кийин, күйөөсүнүн үйүнө өткөндөн кийин гана ээ болушат, бул тиешелүү салттар менен жана кызга калың төлөө менен коштолот. (Clement, 2021).

**В. Цитата келтирүү**

*Түп нуска:*

«Башкача айтканда, аял турмушка чыгып, бала төрөбөсө, толук бааланбайт» (Clement, 2021, б. xx).

*Цитата:*

Clement (2021) белгилегендей, «аял турмушка чыгып, бала төрөбөсө, толук бааланбайт».

**Г. Адабияттар тизмесине жазуу (АРА стили)**

Clement, V. (2021). Clement, V. (2021). Femininity in Turkmen wedding rituals and family values. In Women of Central Asia (pp. xx–xx). APAX.

5. **APA стилиндеги титулдук барактын үлгүсү**

**Тема:**

Түркмөн үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүнүн социалдык мааниси жана аялдардын ролу

**APA титулдук барагы же мукабасы**:

*The Social Significance of Turkmen Wedding Rituals and Women's Roles*

[Сиздин атыңыз]

[Университетиңиздин аталышы]

Women in Central Asia

[Окутуучунун аты]

Күнү, айы, жылы

- Бардык текст эки сап аралык интервал менен жана барактын ортосунда жазылат
- Times New Roman шрифти, ариптин өлчөмү 12
- Барактын номуру жогорку оң бурчта берилет.

6. **Сабактагы көнүгүүлөр**

**Плагиатты аныктоо**

*Көрсөтмө:*

төмөнкү үзүндүлөрдү окуп чыгыңыз. Алардын кайсынысы плагиат экенин, кайсынысы туура цитаталанганын аныктаңыз.

*Плагиат:*

«Аял турмушка чыкмайынча, бала төрөмөйүнчө толук бааланбайт».

*Туура:*

Clement (2021) жазгандай, «аял турмушка чыгып, бала төрөбөсө, толук бааланбайт».

**Жыйынтыктоо жана парафразалоо практикасы**

*Көрсөтмө:*

Төмөнкү абзацты окуп чыгыңыз. Кыскача резюме жана парафразалоо жазыңыз. Классташыңыз менен алмашып, цитатанын оригиналдуулугун жана тууралыгын текшериңиз.

*Түп нуска:*

«gelin деген сөз gelmek («кирүү») деген этиштен келип чыккан, экинчи жактын расмий буйрук ыңгайында турат. Аны «кир» деп эркин которууга болот. Бул терминдин этимологиясы жаш аялдын ким экендиги анын күйөөсүнүн үйүнө

кирүүсү менен аныкталарын көрсөтөт, ал жерде андан үй чарбасын алып кетүү, тамак жасоо жана бала төрөө күтүлөт» (Clement, 2021, б. xx).

APA боюнча цитата келтирүү практикасы

*Көрсөтмө:* Адабияттар тизмесиндеги жазууну оңдоңуз.

Туура эмес:

*Victoria Clement. Femininity in Turkmen wedding rituals and family values. APAX, 2021*.

*Туура:*

*Clement, V. (2021). Femininity in Turkmen wedding rituals and family values. In Women of Central Asia (pp. xx–xx). APAX.*

**Цитата келтирүүнүн практикасы**

*Көрсөтмө:*

Тиркелген тексттен бир сүйлөмдү тандаңыз жана аны APA форматы боюнча тексттин ичиндеги туура цитатага келтирүүнү сактап тексттин кыска абзацына түз цитата катары аны киргизиңиз.

**APA боюнча титулдук баракты форматтоо**

*Көрсөтмө:*

«Continuity and Change in Turkmen Wedding Rituals and Women's Social Status» аттуу эссеңиздин темасы боюнча титулдук баракты түзүңүз.

7. **Үй тапшырмасы:**
   - «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» темасына ылайык бир илимий булак табыңыз;
   - Булактан бир парафраз, бир резюме жана бир түз цитата жазыңыз;
   - APA боюнча текст ичиндеги шилтемелерди жана адабияттардын тизмесин туура жазып бериңиз.

8. **Кошумча кеңештер**:
   - Парафразаларыңызды жана резюмелериңизди дайыма оригиналдуулукка текшериңиз;
   - Шилтемелерди текшерүү үчүн цитата генераторлорун же APAнын расмий колдонмолорун колдонуңуз;
   - Эгерде күмөн санасаңыз, ар дайым булакты көрсөтүңүз.

9. **Шилтемелер**:

Clement, V. (2021). Femininity in Turkmen wedding rituals and family values. In Women of Central Asia (pp. xx–xx). APAX.

American Psychological Association. (n.d.-a). Plagiarism. APA Style. [Электрондук каражат] https://apastyle.apa.org/style-grammar-guidelines/citations/plagiarism

American Psychological Association. (n.d.-b). Title page setup. APA Style. [Электрондук каражат] https://apastyle.apa.org/style-grammar-guidelines/paper-format/title-page

University of Manitoba. (2022). Integrating sources in academic writing. [Электрондук каражат] https://umanitoba.ca/student/academiclearning/media/Integrating_Sources.pdf

Singh, A. A., & Lukkarila, L. (2017). Successful academic writing: A complete guide for social and behavioral scientists. Guilford Press.

American Psychological Association. (2020). Publication manual of the American Psychological Association (7th ed.). APA.

Avoiding Plagiarism Guide, APA Style 7th Edition. (n.d.). [Электрондук каражат] https://libguides.usc.edu/APA7th/plagiarism

Purdue Online Writing Lab. (n.d.). APA formatting and style guide. [Электрондук каражат] https://owl.purdue.edu/owl/research_and_citation/apa_style/apa_formatting_and_ style_guide/general_format.html

Clement, V. (2018). Learning to become Turkmen: Literacy, language, and power, 1914–2014. University of Pittsburgh Press.

***Эскертүүлөр***

1. Адабияттар тизмесиндеги «хх–хх» дегенди беттердин иш жүзүндөгү номерлери белгилүү болгондо алмаштырыңыз.
2. Эгерде сиз кошумча тексттерди колдонсоңуз, аларды да адабияттар тизмесине APA форматында кошуңуз.

# 1.4 Бөлүм

## Кросс-дебаттык формат (КДФ)
## (4 саат – 2 сабак)

▼

### БИРИНЧИ САБАК (2 саат)

Борбордук Азия университетинин Ага Хандын «Адамтаануу» долбоорунун инновациялык кросс-дебаттык форматы (КДФ) Борбордук Азияда (АХАД/БАУ) түптөлгөн, белгилүү жана таанылган формат болуп саналат. Белгилей кетчү нерсе, КДФ дебаттык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн жөн гана оюн болбостон, студенттердин билимин жана илимий көндүмдөрүн баалоо үчүн эң мыкты курал болуп калганын белгилей кетүү маанилүү, айрыкча окуу процессинин кайсы бир тематикалык бөлүгүн аяктаганда. Окутуучулар үчүн даярдалган концептуалдык колдонмонун бул бөлүгүндө КДФ теориялык жагынан дагы, практикалык жагынан дагы каралат.

Теориялык бөлүгү, КДФтин концепциясын жана методологиясын ачып берүүдөн тышкары, анын максаттарын жана компетенцияларын ачып берүүгө да багытталган. Албетте, бул контекстте биз кесипкөй дебатчыларды даярдабайбыз, бирок студенттер жана окутуучулар окуу материалынын түшүнүү жана өздөштүрүү деңгээлин баалай ала турган шарттарды түзөбүз.

Белгилей кетчү нерсе, теориялык бөлүгү оюнга катышуу үчүн гана эмес, келечекте оюнду өз алдынча түзүүгө да мүмкүнчүлүк берет. Бул контекстте студенттер КДФ курулган философиялык концепция, дебаттык форматтын эрежелери жана түзүмү менен таанышышат, анын ичинде дебаттар үчүн сценарийлерди даярдоо принциптерин, калыстар тобунун эрежелерин ж.б. үйрөнүшөт. Бул окутуучуларга оюнду коюлган педагогикалык максаттарга ылайык жүргүзүүгө жана студенттерди КДФ боюнча дебат оюнунун бардык компоненттерин уюштурууга тартууга мүмкүндүк берет.

Алдын ала даярдалган тематикалык резолюциялар менен КДФтин кичи-турнирин өткөрүү боюнча теориялык бөлүмүндө окутуучулар үчүн даярдалган кошумча көрсөтмөлөр Концептуалдык колдонмонун беш тематикалык бөлүмүнүн ар биринин аягында киргизилет. Бардык резолюциялардын өзүнүн конфигурациялары бар, анда ар бир баяндамачылардын чыгуу тартиби түшүндүрүлгөн. Бул тууралуу теориялык бөлүктө кененирээк талкууланат.

Ар бир тематикалык блоктон кийин кросс-дебаттык форматынын колдонулушу биринчи кезекте КДФтин «Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» антологиясынын окулуп жаткан бөлүмү боюнча студенттердин билимин баалоо үчүн педагогикалык курал катары колдонулушу менен байланыштуу. Сунушталган резолюциялардын топтомунан студенттер өздөрү каалаган же өз кызыкчылыктарына дал келген резолюцияны тандап алышы же оюн үчүн тематикалык резолюциянын өз версиясын түзүшү абдан маанилүү. Менин оюмча, алгачкы

эки баптын аягында сунушталган резолюцияларды эле карманууу керек, андан кийин акырындык менен сунушталган резолюцияларды талкуулоого жана дебаттар боюнча өз (студенттик) резолюцияларын түзүү процедураларына өтүү керек.

КДФтин негизги педагогикалык максаты студенттердин билимин баалоо гана эмес, алардын университеттеринде өз алдынча дебаттарды өткөрүүгө багытталган жаңы дебаттык компетенцияларды өнүктүрүү болуп саналат.



**Кросс-дебаттык форматтын (КДФ) педагогикалык максаттары**

1. **Академиялык жана изилдөө компетенцияларын өнүктүрүү**

   *Аналитикалык көндүмдөр:*
   - студенттерди кайчылаш дисциплинардык ыкманы колдонуу менен теманын татаал социалдык, маданий жана тарыхый аспектилерин талдоого үйрөтүү;
   - себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо, аргументтерди жана каршы аргументтерди баалоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

   *Изилдөө көндүмдөрү:*
   - антологиядагы макалалар, статистика, эксперттик пикирлерди камтыган илимий булактар менен иштөө жөндөмүн өнүктүрүү;
   - темаларды талдоо үчүн примордиализм, инструментализм жана конструктивизм методологияларын колдонууга үйрөтүү.
2. **Сынчыл жана системалык ой жүгүртүүнү калыптандыруу**

   *Сынчыл ой жүгүртүү:*
   - Борбордук Азиядагы аялдардын статусу жөнүндөгү стереотиптерге жана салттуу интерпретацияларга (түшүнүүлөргө) шек келтирүү жөндөмдүүлүгүн стимулдаштыруу;
   - маалыматтын аныктыгына, дал келгендигине жана логикалык карама-каршылыксыздыгын баалоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

   *Системалык мамиле:*
   - маселелерди (көйгөйлөрдү) маданияттын, экономиканын жана саясаттын өз ара байланыштары аркылуу кароого жана талдоого үйрөтүү (КДФтин концептуалдык матрицасына ылайык).
3. **Баарлашуу (байланыш) жана дебаттык көндүмдөрүн өркүндөтүү**

   *Аргументтөө жана каршы аргументтөө:*
   - далилдерге таянуу менен так **түзүлгөн** позицияны **(көз карашты)** баяндоого үйрөтүү;
   - каршы пикирлерге ыкчам жооп кайтаруу жөндөмүн жана талкуунун стратегиясын көйгөйлөрдү чечүүгө ылайыкташтыруу жөндөмүн өнүктүрүү.

   *Эл алдында сүйлөө:*
   - ишенимдүү, ынандыруучу сүйлөө, убакытты көзөмөлдөө, вербалдык эмес баарлашуу көндүмдөрүн жакшыртуу;
   - баяндоо стилин аудиторияга (академиялык, коомдук) жараша ылайыкташтырууга үйрөтүү.
4. **Маданий аралык жана социалдык компетенттүүлүктү өнүктүрүү**

   *Маданий көптүрдүүлүктү түшүнүү:*
   - ар кандай көз- караштарга, анын ичинен диний, этникалык жана гендердик өнүгүүлөргө, сыйлоону жана урматтоону калыптандыруу;

- универсалдуу баалуулуктар менен жергиликтүү каада-салттардын ортосундагы тең салмактуулукту табууга үйрөтүү.

*Эмпатия жана толеранттуулук:*

- жеке ишенимдерден башка позицияларды коргоо жөндөмүн өнүктүрүү (мисалы, дебатта роль алмаштырып ойноо аркылуу).

**5. КДФти билимди баалоо куралы катары колдонуу**

*Материалды түшүнүүнү баалоо:*

- дебатта аргументтөө, далил келтирүү аркылуу антологиянын макалаларын терең түшүнгөндүгүн текшерүү;
- теориялык концепцияларды чыныгы социалдык көйгөйлөр менен байланыштыра билүү.

*Кайтарым байланыш жана рефлексия:*

- калыстардын протоколдору аркылуу сүйлөөнүн күчтүү / алсыз жактарын талдоо;
- окуу процессин оңдоп-түзөө үчүн дебаттарды колдонуу (мисалы, билим боштуктарын толтуруу).

**6. Студенттерди КДФти өз алдынча уюштурууга үчүн даярдоо**

*Тьюторлук көндүмдөрү:*

- студенттерди резолюцияларды түзүүгө, баяндамачылардын ролдорун бөлүштүрүүгө, мини-турнирлерди өткөрүүгө үйрөтүү;
- аларды өз университеттеринде дебат клубдарын жетектөөгө даярдоо.

*Методологиялык сабаттуулук:*

- КДФтин конфигурацияларын (примордиализм–реализм–конструктивизм) жаңы контексттерде колдонууга үйрөтүү.

**7. Лидерлик сапаттарды жана команда (топ) менен иштөөнү демилгелөө**

*Команда менен иштөө:*

- Ролдорду бөлүштүрүү жана аз убакыттын ичинде биргелешүү (баяндамачы, талдоочу, тайм-күзөтчү) көндүмдөрүн өнүктүрүү.

*Лидерлик:*

- белгисиздикте чечим кабыл алууну үйрөтүңүз (мисалы, дебат учурунда стратегияны өзгөртүүдө).

***Окутуучулар үчүн эскертүүлөр***

1. Максаттар топтордун дэңгээлине ылайыкташтырылат (бакалавриат/магистратура).
2. Практикалык колдонууга басым жасалат. Мисалы, студенттер антологиядагы материалдардын негизинде резолюцияларды иштеп чыгышат.
3. КДФти жазуу тапшырмалары менен (эссе, дебаттарды талдоо) айкалыштыруу сунушталат, бул билимдин жыйынтыктарын бекемдөөгө жардам берет.

Бул максаттар АХАД/БАУнун миссиясына шайкеш келет. Алар; сынчыл ой жүгүртүүнү, маданияттар аралык диалогду жана академиялык көндүмдөрдү жаңы инновациялык окутуу ыкмалары аркылуу өнүктүрүүгө багытталган.

## АХАДдын кросс-дебаттык форматынын концептуалдык же теориялык бөлүгү

**Негиздеме**

*КДФти (кросс-дебаттык форматты) инструменталдык колдонуунун негизинде илимий изилдөө методологиясынын көндүмдөрүн өнүктүрүү долбоору.*



Кросс-дебаттык форматынын концептуалдык негизи АКШ, Германия, Россия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстанда өткөн эл аралык конференцияларда ийгиликтүү сыноодон өткөрүлгөн. Англис тилинде өткөн төрт эл аралык аймактык оффлайн-турнирлерге Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Афганистан, Тажикстан, Пакистан жана Сирия өлкөлөрүнөн дебатчылар катышкан. 2012-жылдан тартып Борбордук Азия Университетинин Ага Хандын «Адамтаануу» долбоору (АХАД) КДФди Кыргызстанда, Казакстанда жана Тажикстанда өткөрүлгөн көптөгөн тренингдерде, иш-чараларда жана турнирлерде англис тилинде да жана орус тилинде да апробацияланган жана сынап көрүлгөн. Бул форматтагы окуу иш-чаралары жана турнирлер Казакстандын жети аймагында (мамлекеттик гранттын алкагында), Тажикстандын беш аймагында жана Кыргызстандын үч аймагында өткөрүлгөн. Сегиз жыл (2012–2019) аралыгында АХАД КДФ боюнча (үч категориядагы) үч өлкөдөн 18 (он сегиз) тренерлерди даярдаган. Ошол эле мезгилде АХАДдын тренерлери Казакстанда, Кыргызстанда жана Тажикстанда студенттер үчүн семинарларды өткөрүп, бул кросс-дебаттык форматы боюнча 1020 жаңы сертификатталган студенттерди даярдашкан.

2020-жылдын ноябрынан декабрына чейин АХАД КДФ үчүн биринчи жолу электрондук окуу материалдарын иштеп чыгып, аларды 2020–2021-жылдары онлайн-тренингдер жана мини-турнирлер аркылуу Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстандагы 80 катышуучунун арасында ийгиликтүү сыноодон өткөргөн. Ушул материалдардын негизинде бешинчи регионалдык онлайн-турнир уюштурулуп, ал жогорку деңгээлде өткөн жана катышуучулар тарабынан оң пикирлерге татыган.

КДФ (кросс-дебаттык формат) үч өлкөнүн (Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан) гана дебаттык клубдарында же мектептеринде ийгиликтүү колдонулбастан, окуу процессинин өзүндө студенттердин билимин баалоо жана илимий изилдөө методологияларын, өзгөчө магистердик программаны өнүктүрүү үчүн курал катары да колдонулган.

2021-жылы КДФ АХАД тарабынан Гумбольдт (Германия) атындагы университет менен биргеликте Эл аралык жайкы мектептин алкагында да колдонулган. Бул жайкы мектепке Германия менен АКШдан жыйырмадан ашуун катышуучу/магистрант катышкан. Катышуучулар кросс-дебаттык форматынын натыйжалуулугун жогору баалашып, өздөрүнүн изилдөө темалары боюнча илимий методологияны ийгиликтүү колдонушкан. Бул формат изилденип жаткан маселени ар тараптуу карап чыгууга, ар түрдүү методологиялык ыкмаларды пайдаланууга мүмкүндүк берет. Мисалы, примордиализм, рационалдык инструментализм жана социалдык конструктивизм ыкмалары ушул формат аркылуу талдоодо колдонулат. Ошол эле учурда бул кросс-дебаттык формат Борбордук Азиянын жаш изилдөөчүлөрү үчүн өтө маанилүү болгон кросс-дисциплинардык жана кросс-маданий ыкмаларды активдүү колдонот.

Бүгүнкү күндө биз дүйнөдө илимий жана билим берүү чөйрөлөрүндө полидисциплинардык, дисциплиналар аралык жана трансдисциплинардык изилдөөлөргө байланыштуу

маселелерди изилдөөгө багытталган өнүгүп жаткан тенденцияларды байкап жатабыз. Ошол эле учурда бул тенденция дүйнөнүн бардык бөлүктөрүнө мүнөздүү: Европага, АКШга, Латын Америкасына, Борбордук Азияга ж. б.

Биз ар кандай маданияттар жана диндер тыгыз байланышкан, баары биргелешип бир жашоо мейкиндигин курган глобалдык дүйнөдө жашап жатабыз.

Эмне үчүн бул бүгүн маанилүү?

Биз азыр социалдык, маданий, экономикалык жана саясий реалдуулуктар бири-бири менен кайчылашкан дүйнөдө жашап жатабыз. Заманбап дүйнөдөгү негизги тренд бул биз жашап жаткан дүйнөдө ар кыл өлчөмдөрүн түшүнүү жана ачып көрсөтүү коддорун жана инструментарийлерин куруу зарылчылыгы болуп саналат, ошондой эле бул дүйнөдө тынымсыз өзгөрүп, кесилишип турган баалуулуктарды, маданияттарды жана социалдык практикаларды түшүнүп, багыт таба билүү да өтө маанилүү болуп калды.

Албетте, бул тенденция мамилелердин кыйла ийкемдүү семантикалык системасын белгилөөгө мүмкүндүк берген дисциплиналар аралык жана трансдисциплинардык изилдөөлөр менен байланышкан жалпы концептуалдык, философиялык дискурсту калыптандыруу зарылчылыгы менен кыйыр түрдө байланышта. Алардын ортосундагы диалогдун жалпы маданиятын түзүү жана чек араларын жана тил табышуу чекиттерин түшүнүү илимий дисциплиналардын предметтик чөйрөсүн гана эмес, социалдык, маданий, экономикалык жана саясий мейкиндиктерде жалпы адамдык маданияттын диалогдун калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Бул формат бардык топтор үчүн жалпы болгон ыкмалар аркылуу ар кандай социалдык жана маданий тутумдардын ортосундагы координацияны жана түшүнүүнү калыбына келтирүүгө багытталган. Колдонулган методдор жана категориялар («примордиализм», «рационалдуу инструментализм» жана «конструктивизм») адамдын аң-сезиминин бирдиктүү табияты менен байланышкандыгы аркылуу жалпы дискурсту камсыздайт. Бул ыкмалар ар бири ар башка илимий дисциплиналарда, ар түрдүү терминологияларды колдонгондугуна карабастан, маңызы боюнча бир эле мазмунду билдирет.

**КДФтин форматы жана үч конфигурация боюнча баяндамачылардын чыгып сүйлөө тартибин көрсөткөн концептуалдык матрицасы**

| Адамдын аң-сезиминин логикалык деңгээлдери (горизонталдык жана вертикалдык) | Универсалдуу | Партикулярдуу | Сингулярдуу |
|---|---|---|---|
| Универсалдуу | U – U = U<br>**Универсалдуу**<br>(коом, жамаат) | P – U = S<br>**Сингулярдуу**<br>(жарандык коом) | S – U = P<br>**Партикулярдуу**<br>(Мамлекет) |
| Партикулярдуу | U – P = S<br>**Сингулярдуу**<br>(Трансулуттук корпорациялар) | P – P = P<br>**Партикулярдуу**<br>(БУУ) | S – P = U<br>**Универсалдуу**<br>(примордиалдык баалуулуктарга негизделген глобалдык коомчулук: перс, түрк, россиялык, европалык жана башкалар) |
| Сингулярдуу | U – S = P<br>**Партикулярдуу** | P – S = U<br>**Универсалдуу** | S – S = S<br>**Сингулярдуу** |

Эгерде Британиялык, Линкольн-Дуглас, Бүткүл дүйнөлүк мектептик, Карл Поппер сыяктуу классикалык дебат форматтарынын эки позициясы (көз карашы) (позиция – ырастоо, бекитүү жана позиция – четке кагуу) катуу карама- каршылыгы менен мүнөздөлсө, КДФ ар бири үч баяндамачыдан турган үч командадан турган үч өлчөмдүү талкуу аянтчасын түзгөн кросс – дисциплинардык жана маданияттар аралык ыкмаларга негизделген. Ар бир баяндамачылардын сүйлөө тартиби конфигурациянын кайсы деңгээли негиз катары алынганына жараша болот. Бул дебаттык форматта үч конфигурация көрсөтүлөт, алардын тандоосу талкууланып жаткан резолюциянын темасына жараша болот.

Бул контекстте, биз тандалган резолюциянын темасына жараша конфигурацияны тандоодо төмөнкү корреляцияларды сунуштайбыз:

| **Конфигурация** | **1** | **2** | **3** |
|---|---|---|---|
| Резолюциянын темасы: | Маданият (дин) | Экономика | Саясат |

Баяндамачылардын чыгып сүйлөө тартиби үч конфигурацияда

1. Конфигурация 1: Примордиалист – Реалист – Конструктивист
2. Конфигурация 2: Реалист – Конструктивист – Примордиалист
3. Конфигурация 3: Конструктивист – Примордиалист – Реалист

Маданият темасын караган биринчи конфигурация так маданияттык компоненттен (баалуулуктар жана ченемдер) башталат, ал өзүнүн ырастоосун (Биринчи баяндамачы) жана өзүнүн негиздемесин (Экинчи баяндамачы) жана колдонулушун (Үчүнчү баяндамачы) талап кылат.

Экономика темасын караган экинчи конфигурацияда презентациянын тартиби өзгөрөт. Эгерде биринчи конфигурацияда маданий баалуулуктарды негиздөө зарыл болсо, экинчисинде экономикалык модель (Биринчи баяндамачы) конструкция куруу жана ар кандай сценарийлерди талдоо (Экинчи баяндамачы) аркылуу маданий контекстке (Үчүнчү баяндамачы) ылайыкташтырылышы керек.

Саясат темасын талдаган үчүнчү конфигурацияда презентациянын тартиби дагы өзгөрөт. Презентация ар бир команданын эң натыйжалуу моделин (Биринчи баяндамачы) сунуштоо менен башталат, андан кийин ал социалдык-маданий контекстке ылайыкташтыруу процедурасынан өтүшү керек (Экинчи баяндамачы) жана андан ары анын реалдуулуктагы натыйжалуулугуна жана пайдалуулугуна карата талдоо деңгээлине чыгарылат.

Бул кросс-дебаттык форматындагы биринчи жана экинчи баяндамачы үчүн классикалык дебат форматтарына мүнөздүү атаандаштыкты гана эмес, бир команданын ичинде да, үчүнчү баяндамачы ишке ашырган командалардын позицияларынын ортосунда да координацияны сактоого мүмкүндүк берет.

Линкольн-Дуглас форматынын өзгөчөлүгү – колдоочу тарап коргогон айрым баалуулуктарды белгилөө аркылуу ынандыруу каражаттарына басым жасоо. Бул контекстте баалуулук ырастоочу тараптын максаттуу мамилесин аныктайт жана ага карата баалуулуктарды колдогон жана коргогон рационалдуу аргументтер аныкталат. Башкача айтканда, мындай учурда биз презентациянын эки деңгээлин көрөбүз: баалуулук жана

рационалдуу аргумент. Ошондо саясий дебаттар үчүн мүнөздүү болгон иш-аракеттер планы жана аларды колдонуу деңгээлинде ишке ашыруу каралбай калып калат.

Саясий дебаттардын өзгөчөлүгү – бул форматта басым рационалдуу аргументацияга жана иш-аракеттер планына бурулуп калат. Бул контекстте саясий дебаттар негиздөөгө муктаж болбогон алдын ала берилген же далилденген баалуулуктардан башталат.



**Кросс-дебаттык форматтын башка дебаттардан айырмасы**

Кросс-дебаттык форматы бир нече форматтардын синтези болуп саналат. Бул форматта Дуглас-Линкольндун баалуулук форматынын компоненти бар, КДФда ага баяндамачы-примордиалист жооп берет; саясий дебаттардын дагы компоненти бар, анда идеяларды ишке ашыруу жолдорунун планына чоң маани берилет, ага АХАД форматында баяндамачы -конструктивист жооп берет (сценарийлерди түзүүгө багытталган, башкача айтканда, идеяларды ишке ашыруу планы); ошондой эле Парламенттик дебаттардын жана Карл Поппердин дебаттарынын компоненти бар, анда аргументтөөнүн рационалдуу-инструменталдык деңгээлине өзгөчө басым жасалат. Муну төмөнкү концептуалдык түзүм аркылуу аныктоого болот:

1. Баалуулук форматы (Дуглас-Линкольндун);
2. Карл Поппердин форматы жана Британ Парламенттик форматы – рационалдуу-инструменталдык;
3. Саясий дебаттардын форматы (иш-аракеттердин планы – же сценарийлер).

КДФ өзүнө үч компонентти камтыйт: баалуулук, рационалдуу-инструменталдык жана саясий. Форматтын үч өлчөмдүүлүгү үч деңгээлди кармап турууга мүмкүндүк берет: баалуулукту ырастоо, анын рационалдуу аргументациясы жана реалдуулукта ишке ашыруу планы.

Жогоруда айтылган тезисти колдоо үчүн мен төмөнкү философиялык алгоритмди сунуштайм, ал адамдын аң-сезиминин ар кандай кайталануучу жана өз ара байланышкан дискурстарынын универсалдуу, өзгөчө жана жеке категориялардын ортосундагы ар кандай интегративдик конфигурациялардагы үч өлчөмдүүлүгүн чагылдырат.

**Белгилей кетчү нерсе, бул ыкма төмөнкүлөрдү инновациялык түрдө ачып берет:**

1. Мультидисциплинардык, дисциплиналар аралык жана трансдисциплинардык ыкмалардын ортосундагы байланыштардын табиятын, алардын байланыштарын ар кандай илимий түшүнүктөр жана терминдер аркылуу көрсөткөн кросс- дисциплинардык системаны куруу аркылуу, алар дисциплинардык айырмачылыктарына карабастан, баарыбызга бир эле нерсе жөнүндө айтып берет, анткени алардын баары адамдын аң-сезиминин бирдиктүү түзүмүн чагылдырат;
2. Маданият, экономика жана саясат ортосундагы концептуалдык байланыштарды;
3. Социалдык, адамдык жана институционалдык капиталдын ортосундагы байланыштарды;
4. Социалдык-философиялык системанын үч конфигурацияда өнүгүшүн: метафизикалык, экономикалык жана саясий;
5. Дүйнөдөгү белгилүү татаал философиялык эмгектерди түшүнүүнү, мында бул ыкма авторлордун терең жана татаал идеяларын ачуучу «Ариаднанын жиби» болушу мүмкүн;

6. Студенттердин белгилүү бир тематика боюнча билим деңгээлин, мында бул окуу кросс-дебат форматында студенттердин билимин баалоо куралы катары колдонулушу мүмкүн (бул Казакстандын Алматы шаарындагы алдыңкы университеттеринин биринде жана Тажикстандын университеттеринде сыноодон ийгиликтүү өткөн).



**Сунуш**: окутуучулар 2024-жылы Алматы* шаарындагы эл аралык жайкы мектептин алкагында жарыяланган КДФтин PPPдеги электрондук презентациясын (https://akhp.ucentralasia.org/storage/files/1/AKHPppt.pdf шилтемеси боюнча) колдонушса болот. Бул PPP форматындагы презентацияда КДФтин бардык негизги компоненттерин, анын ичинде ар кандай конфигурацияларды, баяндамачылардын сүйлөгөн тартибин, резолюцияларды түзүүнү, судьялардын баракчалары (б.а. студенттердин сүйлөгөн сөздөрүн баалоо системасын) чагылдырат. Бул курста баяндамачылардын дебат учурунда сүйлөгөн убактысы кыскартылган, анткени бул профессионалдык эмес, окуу турнири. Убакыттын чектелүү экендигин эске алганда, баяндамачылардын сөз сүйлөөгө азыраак мүнөттөрү бар, мындай көрүнүш окуу контекстинде кадимки көрүнүш**.**

**КДФтин чыныгы маанисин түшүнүүгө жардам берген чөйрө же контексттештирүү:**

«Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу антологиясынын ар бир беш бөлүмү кросс-дебаттык активдүүлүк бөлүм менен аяктайт. Бул окутуучуларга студенттердин тигил же бул бөлүм боюнча даярдык деңгээлин түшүнүүгө мүмкүндүк берет, ошол эле учурда дебаттардын жүрүшүндө студенттердин компетенцияларын жана жөндөмдөрүн баалайт.

«Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык статусу жана тарыхый аспектилери» темасындагы биринчи бөлүмдүн аягында КДФ үчүн 4 саат – 2 сабак берилет. Бир сабак толугу менен теориялык жана концептуалдык бөлүккө арналышы керек. Экинчи сабак – практикага, тагыраак айтканда, антологиянын ар бир бөлүгү боюнча сизге сунушталган резолюциялардын бири боюнча дебатка арналышы керек.

## «Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык статусу жана тарыхый аспектилери» антологиясынын биринчи бөлүмүнүн КДФ боюнча экинчи сабагы (2 саат)

КДФтин киришүү бөлүмүндө айтылгандай, антологиянын ар бир бөлүмүнүн аягында дебаттардын практикалык бөлүгү каралган. Бул учурда резолюциялардын варианттары тематикалык жактан антологиянын кайсы бир бөлүмүнө байланыштуу болушу керек. Ар бир бөлүк үчүн талкуулоо үчүн колдонула турган резолюциялар сунушталат.

Биз сизге студенттер менен бирге талкуу жүргүзүү үчүн эң кызыктуу жана тематикага байланыштуу резолюцияны тандап алууну сунуштайбыз. Бул контексте дебаттар

* Шозимов П. Инновациялык кросс-дебаттык формат (КДФ) педагогикалык максаттарга жетүү үчүн концептуалдык курал катары. – Евразия өлкөлөрүнүн педагогдору үчүн Үчүнчү эл аралык жайкы мектептин материалдары . – Алматы, 2024-ж. – 14-22-беттеринде.

боюнча биринчи теориялык сабакка, атап айтканда резолюцияларды кантип түзүүгө, көңүл буруу маанилүү. Бул абдан маанилүү, анткени студенттердин резолюцияларды түзүү тапшырмаларын аткаруусу аларга КДФ эмнени билдирерин 70% түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Антологиянын биринчи бөлүмү боюнча экинчи сабакта буга чейин сунушталган резолюциялар боюнча дебат жүргүзсө болот, бирок акырындык менен студенттер өздөрү резолюцияларды түзүүгө умтулуш керек. Балким, КДФ боюнча биринчи дебат тажрыйбасынан кийин, студенттерге үй тапшырмасы катары антологиянын биринчи бөлүгү боюнча кошумча резолюцияларды түзүү боюнча тапшырма берилиши мүмкүн. Алардын ичинен эн мыкты студенттик резолюциялар кийинки оюндар үчүн ресурстук база болушу мүмкүн. Бул алар үчүн жакшы мотивация болот, ошондой эле антологиянын кийинки бөлүгүндө жаңы резолюцияларды түзүүгө активдүү катышууга түрткү берет.

«Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» аттуу антологиянын биринчи бөлүмүндө талкуулоо үчүн төмөнкү резолюцияларды сунуштайбыз:

1. **Резолюция**

   **Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык абалына төмөнкүлөр таасир этет деп эсептейт:**

   - тарыхый салттар;
   - экономикалык факторлор;
   - институционалдык мыйзамдар.

   Бул резолюция биринчи баптын биринчи эки макаласын камтыйт. Бул жерде студенттер Элери Битикчинин «Көчмөн коомчулугындагы түпкү энелер» жана Зиёи Хуршеддин «Тажик маданиятындагы аялдын образын жана анын социалдык статусу н кабыл алуудагы карама-каршылыктар» темасындагы материалдарын колдоно алышат. Мисалы, кайсы фамилияны тандоо керек – эне же аталык теги (линия) же башка көрсөткүчтөр боюнча. Тандоодо экономикалык жана институционалдык факторлор кандай ролду ойнойт? Эки эмгекте региондун коомдук жана саясий тарыхында гана эмес, классикалык адабий чыгармаларындагы жана диний баштапкы булактарындагы карама-каршы чечмелөөлөрдө аялдардын иденттүүлүгүнө жана аялдардын статусуна байланыштуу бирдей эмес, эки ача чечмелөөнү чагылдырылган. Дебаттарда бул маселени ар кандай көз караштардан карап чыгуу маанилүү, бул резолюциядагы маселени коргоодо же түшүнүүдө ишенимдүү аргументтерди табууга жана аныктоого мүмкүндүк берет.

2. **Резолюция**

   **Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдар чыныгы өздөрүнүн социалдык статусун төмөнкү учурларда калыптандырган деп эсептейт:**

   - тарыхый (советтик доорго чейинки) доордо;
   - советтик доордо;
   - өлкөнүн көз карандысыздык мезгилинде (советтик доордон кийинки, постсоветтик мезгил).

   Бул резолюцияны негизинен Алимова Д., Алагоз кызы Гулзат, Торланбаева Кенже, Сохибназарбекова Райхон, Лариса Додхудоева, Нелли Минасян, Мариан

Кемп, Шайдуллаева Топчугулдун макалаларын талдоо үчүн колдонсо болот, аларда тигил же бул формада сунушталган резолюция чагылдырылган.

Жолдон Курманалиеванын «Кыргызстандагы күнүмдүк жашоодогу жана кризис учурундагы жамааттардын аял лидерлери» аттуу макаласын экинчи резолюция боюнча жалпы талкууга киргизсе болот, же дебат өткөрүүдө өзүнчө резолюция катары колдонсо болот.



3. **Резолюция**

**Биздин команда аялдардын лидерлик сапаттары төмөнкү учурларда өзгөчө байкалат деп эсептейт:**

- коомдогу социалдык жана экономикалык кризис учурунда;
- аялдын коомдогу экономикалык статусу жогорулаганда;
- аялдын коомдогу саясий статусу жогорулаганда.

Ошол эле учурда окутуучунун дебат өткөрүү үчүн үч стратегиясы бар:

1. Биринчи баптын эң кеңири темаларынын спектрин камтыган резолюцияны тандаңыз.
2. Макалалардын башка идеяларын кошуу үчүн бул бөлүмдүн эң актуалдуу аспектисин тандаңыз.
3. Студенттер үчүн эң кызыктуу теманы тандоо. Бул учурда студенттер изилдеп жаткан тема боюнча өздөрү чечимди тандап же түзүп алышы керек.
4. Антологиянын биринчи бөлүмүнө тиешелүү кошумча сунушталган резолюцияларды (маалымат базасын) сабак учурунда да, андан тышкары да, мисалы, дебат клубдарында дебаттык тема катары колдонсо болот.

**Мисалдар:**

**Биздин команда Борбордук Азиядагы үй-бүлөлүк тегинин иденттүүлүгү төмөнкүлөргө негизделиши керек деп эсептейт:**

- аталык өзөк;
- энелик өзөк;
- жеке тандоо.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы энелик теги (энеден туугандык өзөк, матчество) бул:**

- тарыхый тамырлары бар объективдүү көрүнүш деп эсептейт;
- аялдарды активдештирүү үчүн социалдык-саясий конструкция (т**үзүлүш)** деп эсептейт;
- адамдын жеке тандоосу деп эсептейт.

**Биздин команда бүгүнкү күндө Борбордук Азия элдеринин иденттүүлүгү төмөнкүлөргө негизделген деп эсептейт:**

- салттуу-уруулук иденттүүлүк формасына (ата же эне тараптагы түпкү ата-бабалар);
- диний иденттүүлүк формасына;
- улуттук-мамлекеттик иденттүүлүк формасына.

**Биздин команда матриархат бул:**

- элдин тарыхый уламышы деп эсептейт;
- тарыхый факт деп эсептейт;

- мамлекеттик курулуштун жүрүшүндө аялдарды мобилизациялоо үчүн социалдык-саясий конструкция **(түзүлүш)** деп эсептейт.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык статусу көбүнчө төмөнкүлөрдөн көз каранды деп эсептейт:**

- дин/маданий салттардан;
- мамлекеттик институттардан;
- жеке сапаттардан жана кесиптик компетенциялардан.



**Биздин команда Борбордук Азияда аялдардын эркектер менен бирдей статусун (макамын) төмөнкү диндер берген деп эсептейт:**

- Ислам
- Зороастризм
- Теңирчилик

**Биздин команда аялдар тууралуу терс, бүлдүрүүчү стереотиптер төмөнкү булактардан келип чыгат деп эсептейт:**

- динден;
- улуттук көркөм классикалык адабияттан;
- мамлекеттик мыйзамдардан жана конституциядан.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдар көбүрөөк өз алдынча социалдык статуска (макамга) төмөнкү мезгилдерде ээ болгон деп эсептейт:**

- маданий, диний жана социалдык-салттуу практикалар менен байланышкан исламга чейинки мезгилде,
- исламдык өнүгүү мезгилинде;
- советтик өнүгүү мезгилинде.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы гендердик стереотиптер төмөнкүдөй деп эсептейт:**

- жалпы (дин, маданият жана коомдук турмуш тарабынан берилген);
- ар кандай;
- мамлекеттик саясаттын деңгээлинде атайын түзүлгөн.

***Эскертүүлөр***

Оюнга аз дегенде тогуз адам, ар бир командада үчтөн адамдан болушу керек. Позициялар теориялык бөлүктө жана презентацияда чагылдырылган. Эгерде аудиторияда, мисалы, 20 студент болсо, анда оюнду төмөнкүдөй түзсө болот: ар бир командада өз сөзү жана дебаттагы позициясы үчүн жооптуу үч адамдан болот. Ар бир командага башка эки команданын суроолоруна жана жоопторуна жооп бере турган дагы эки адамдан кошууга болот. Ар бир командага тайм-кипердин ролун аткарган дагы бир студентти кошууга болот. Жана акырында, эки же үч мыкты студентти окутуучу менен бирге калыс тобу катары тандоого болот. Бул бардык студенттерди тартууга жана алардын билимин гана эмес, теориялык бөлүктө белгиленген компетенттүүлүк жана жөндөмдүүлүк деңгээлин текшерүүгө мүмкүндүк берет. Эгерде аларда бул сапаттар дагы жетиштүү деңгээлде өнүкпөгөн болсо, КДФ боюнча сабактардын жана оюндун жүрүшүндө аларды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк пайда болот.

**План:**

- Резолюцияны тандоо – добуш берүү (5 мүнөт);
- Калыстар тобун аныктоо (окутуучунун тандоосу боюнча);
- Дебатка катышуучу үч команданын аталыштарын аныктоо.

Андан ары даярданууга убакыт берилет (20 мүнөт).


Топтун ичиндеги командалар презентация үчүн баяндамачылардын ролдорун бөлүштүрүшөт, ал эми калыстар тобу калыстардын баракчаларын алдын ала басып чыгарышы керек. Калыстардын курамы так сан болушу керек. Мисалы, окутуучу жана эки мыкты студент.

Калыстар тобу ар бир команда үчүн баяндамачылардын чыгуу тартибин дебаттар үчүн тандалган дебаттык конфигурацияга таянып жазып алышы керек (теориялык бөлүктү караңыз).

Калыс (судья) оюндун эрежелерине ылайык баяндамачыларды ирети менен чакырат (теориялык бөлүктү караңыз).

**Оюн**

Убакыт. Убакытты көзөмөлдөө калыстар тобуна же атайын бир студентке жүктөлөт. Ал убакытты көзөмөлдөшү керек. Тайм-кипер беш секунд калганда манжалары менен секунддарды санап баштайт. Эгерде баяндамачы регламентти сактабаса, анда калыстар анын баасын төмөндөтүшөт.

Ар бир команданын башталгыч эки баяндамачысына үч мүнөт сөз сүйлөө убактысы берилет. Акыркы баяндамачынын сөз сүйлөө убактысы беш мүнөт.

Ар бир баяндамачынын сөз сүйлөгөндөн кийин башка топтордон кайчылаш суроолор берилет (экиден ашык эмес); суроого 15 секунд, жоопко 45 секундадан берилет. Суроолор акыркы үчүнчү баяндамачыга гана берилбейт.

Оюндан кийин оюнчуларга тыныгуу берилет. Бул убакытта калыстар ар бир командага өз алдынча упай коёт. Андан кийин упайлар жыйынтыкталат жана эгерде кандайдыр бир суроолор болсо, алар өз ара такталат. Упайларды өзгөртүүгө болбойт, айрыкча алар эсептелип бүткөндөн кийин, техникалык каталар гана болбосо. Андан кийин жыйынтыктар жарыяланат. Адегенде үчүнчү орундун жыйынтыгы айтылат. Андан кийин биринчи жана экинчи орундун ортосунда интрига жаратылып, биринчи орундун жыйынтыгы жарыяланат.

Бул процедурадан кийин калыстар тобу сөзсүз түрдө оюнга комментарий, түшүндүрмө берип, дебатчылардын күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүп, жарыяланган жыйынтыктардын себебин түшүндүрүшөт.

**Калыстар тобунун чечимин өзгөртүүгө болбойт!**

Ар бир резолюция антологиянын тигил же бул бөлүмүндөгү дээрлик бардык макалаларынын мазмунун камтышы мүмкүн экенин **эстен чыгарбоо керек**. Эң негизгиси, аларды дебаттык дискурска контексттик түрдө киргизе билүү.

Дебатчылар аргументтерин бекемдөө үчүн, айрыкча реалист баяндамачыларга байланыштуу маалыматты, тиешелүү онлайн ресурстардагы статистиканы, маалыматты колдонушу керек экендигин унутпаңыздар.

# II БАП
# АЯЛДАР ЖАНА АЛАРДЫН МАДАНИЯТ МЕНЕН ИСКУССТВОДОГУ ОБРАЗДАРЫ



## 1 Бөлүм

## ФОЛЬКЛОР
## (4 саат – 2 сабак)

1. Эльмира Кочумкулова «Кыргыз макал-лакаптарындагы аялдар. Кейс-стади» (Кыргызстан).
2. Айтпаева Гүлнара «“Жаңыл Мырза” кыргыз эпосу: патриархалдык түзүмдүн түпкүрүндө гендердин жаралышы» (Кыргызстан).
3. Курбонхонова Нуриджахон «Фольклордогу аялдардын образын чагылдыруу» (Тажикстан).
4. Абдулхамидова Парвина «Шугнан лексикасындагы аялдын ролдук көз карашынын (позициясынын) чагылдырылышы» (Тажикстан)

### Эльмира Кочумкулова
### «Кыргыз макал-лакаптарындагы аялдар»

Бул макалада аялдарга байланыштуу кыргыз макал-лакаптарынын татаал жана көп учурда карама-каршылыктуу мүнөзү изилденет. Автор баштапкы сөз башы катары эки белгилүү макалды талдайт: «Кыздын кырк чачы улуу» жана «Кызга кырк үйдөн/жактан тыюу». Бул макал-лакаптар кыргыз коомунда кыздарга карата коюлган жогорку даражаны да, ошондой эле чектөөчү өлчөмдөрдү да чагылдырат. Биринчиси турмушка чыга элек кыздардын кадыр-барктуу жана артыкчылык абалын баса белгилесе, экинчиси алардын тыкыр көзөмөлгө алынышына жана чектөөлөргө дуушар болушуна көңүл бурат. Бул макала ушул жана башка макал-лакаптарды талдоо аркылуу тилдин ар кандай баалуулуктарды чагылдыргандыгы жана маданияттагы өлчөмдөр менен дүйнө таанымдарынын бири-бирине чырмалышып, көп учурда атаандашкандыгы көрсөтүлөт.

Кыргызстандагы салттуу билимдерди алып жүрүүчү аялдар менен болгон баарлашуулар жана алдыңкы фольклорчулардын эмгектери аркылуу автор бул макал-лакаптардын тымызын жана позитивдүү чечмелөөлөрүн ачып, негизги терс жоромолдорго шек келтирет. Ошентип, макала кыргыз коомундагы аялдарга карата өзгөрүп жаткан жана кээде карама-каршылыктуу мамилени баса белгилейт. Ошондой эле макал-лакаптарды талдоодо алар маданий баалуулуктарды гана чагылдырбастан, жүрүм-турумду калыптандыруу жана коомдук ченемдерди киргизүү үчүн да куралы экендигин көрсөтөт. Мисалы, бул изилдөө салттуу сөздөрдү жаңы версияларга айландырган, азыркы, заманбап социалдык өзгөрүүлөрдү жана тарыхый бир жактуулукка

каршы чакырыктарды чагылдырган антимакалдар концепциясын талдайт. Макал-лакаптардагы бул өзгөрүүлөр жана карама-каршылыктар кыргыз маданиятындагы гендердик ролдордун жана күтүүлөрдүн динамикалуу жана татаал мүнөзүн баса белгилеп, гендер, иденттүүлүк жана теңчилик маселелерине сынчыл ой жүгүртүү менен кабылдоого түрткү берет.



**I. КЕЙС-СТАДИ: Кыргыз макал-лакаптарындагы аялдар.**
Фразанын мааниси макал-лакаптар коомдун аялга болгон мамилесин, анын жашоодогу ролун жана ордун чагылдырат.

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Кыргыз макал-лакаптары аял жана анын коомдогу орду тууралуу эмне дейт?
2. Бул сөздөр бүгүнкү күндө канчалык актуалдуу? Эмне үчүн?

**Кырдаал:**

Сиз «Жаш кыз үчүн кырк эреже» аттуу тегерек столго катышып жатасыз. Сиз макал-лакаптарга таянып изилдөө жүргүзүшүңүз керек: аялдарга кандай образдар, сапаттар, ролдор таандык? Бул фольклордук формулалар эмнени билдирет: колдоону, акылмандыкты же стереотиптердиби?

**II. Тапшырма**

**Чакан топтордо иштөө:**

1. Борбордук Азияда аялдарга байланыштуу 5-7 макал-лакаптарды тапкыла
2. Бул макал-лакаптардын маанисин жана баалуулуктарын талдагыла.
3. Аларды төмөнкү тематикалык топтор боюнча бөлгүлө: эне, келин, кыз, аял.
4. Талкуулагыла: Бул макалдар бүгүнкү күндө кандай кабыл алынат?

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Презентациялар

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**Усулдар:**

- Макал-лакаптарды талдоо – мазмунун, ички маанисин, адеп-ахлактык маңызын ачып көрсөтүү.
- Талкуу/дебат өткөрүү– бир макал-лакапка карата ар кандай көз караштар.
- Салыштырма метод – аялдын салттуу жана заманбап ролу.

**Ыкмалар:**

- «Семантикалык булут» – түшүнүктөрдүн картасын түзүү: эне, келин, кыз, аял.
- «Аял жөнүндөгү заманбап актуалдуу макал-лакап» – макал-лакапка карата сахналаштыруу же сүрөт тартуу. Угуучулар макал-лакаптын азыркы заманда канчалык актуалдуу экендигин чечишет.
- «Эң мыкты тандоо» – ар бир топ жашоодо өздөрү колдоно турган макал-лакапты тандайт. Эмне үчүн экендигин түшүндүрөт.

## Айтпаева Гулнара
## «Жаңыл Мырза» кыргыз эпосу: патриархалдык түзүмдүн түпкүрүндө гендердин жаралышы»

Г. Айтпаеванын макаласында кыргыз элинин фольклордук мурасынын байыркы жана уникалдуу үлгүлөрүнүн бири болгон «Жаңыл Мырза» эпосуна лингвопоэтикалык жана гендердик көз караш менен терең талдоо берилген. Макалада автор эпостогу аялдын образын, тактап айтканда, Жаңыл Мырзанын салттуу кыргыз коомундагы аялдын ролу, анын баатырдык сапаттары жана поэтикалык көрүнүшү аркылуу изилдейт. Жаңыл Мырза эр жүрөк, акылман жана көз карандысыз каарман катары сүрөттөлүп, ал күчтүү аялдык мүнөздүн символу катары көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, эпостогу көркөм каражаттар – эпитеттер, метафоралар, окшоштуктар, салыштыруулар көркөм эффектти жаратып гана тим болбостон, каармандын ички дүйнөсүн жана анын коомдогу ордун ачып берүүгө кызмат кылары белгиленет. Макалада Жаңыл Мырзанын образы аркылуу кыргыз фольклорундагы аялдык феномендин маданий, социалдык жана идеологиялык аспектилери чечмеленет. Ошондой эле изилдөөдө кыргыз эпикалык салтындагы аялдын образынын функциясы жана анын улуттук аң-сезимди калыптандыруудагы мааниси баса белгиленет. Бул илимий макалада эпикалык тексттерди гендердик теория жана лингвопоэтикалык ыкманын көз карашы менен изилдөөгө жаңыча көз караш сунушталат, бул кыргыз фольклористикасы менен гендердик изилдөөлөрдүн бирдиктүү кесилишине, ортосуна маанилүү салым кошот.

### КЕЙС-СТАДИ: «Жаңыл Мырза: Патриархалдык коомдогу гендердик чыр-чатак»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. «Жаңыл Мырза» эпосу аялдын патриархалдык коомдо лидер болуу укугу үчүн күрөшүн кантип чагылдырат?
2. Жаңыл Мырзанын окуясын заманбап, тактап айтканда, сексизм же айнек шып сыяктуу заманбап көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн кантип колдонсо болот?

**Кырдаал**

Университетте «Салттуу маданияттардагы гендер» темасында семинар өтүп жатат. Сиз «Жаңыл Мырза» эпосунун негизинде кыргыз элинин 17-18-кылымдардагы оозеки чыгармачылыгы гендердик теңсиздик жана аялдардын лидерлик маселелерин кандайча көтөрөрүн көрсөтүү үчүн кейс сунушташыңыз керек. Сиздин аудиторияңыз – фольклорго, гендердик изилдөөлөргө жана Борбордук Азиянын тарыхына кызыккан студенттер, окутуучулар жана изилдөөчүлөр.

**II. Тапшырма**

**Чакан топтордо иштөө:**

1. Эпостун текстине таянып, гендердик чыр-чатакты чагылдырган негизги учурларды баса белгилеп көрсөтүңүз (мисалы, аялдын аты менен эркектин даражасынын ортосундагы чыр-чатак, коомдун күтүүлөрү менен Жаңылдын жеке умтулуулары).

2. Эпостун проблематикасы менен гендердик теңчиликке байланыштуу заманбап чакырыктардын ортосундагы окшоштуктар менен айырмачылыктаарга параллель жүргүзүңүз (мисалы, лидер аялдар жөнүндөгү стереотиптер, жеке жана коомдук жашоонун ортосундагы тең салмактуулук).
3. Эпосту азыркы коомдогу гендердик стереотиптерди жоюуга багытталган билим берүү программаларында кантип колдонсо болорун сунуштаңыз.



**Күтүлүүчү натыйжалар**

Төмөнкүлөрдү эске алуу менен бирге презентация даярдаңыз же эссе жазып келиңиз (тандооңузга жараша)

- гендерди изилдөө үчүн эпосту кейс катары тандап алууңузду негиздеңиз;
- Жаңыл Мырзанын чыр-чатагын жана аялдар үчүн болгон социалдык чектөөлөрдү ачып бериңиз.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосу боюнча)**

1. **Герменевтикалык усулу:**
   Текстти тегеректеп окуу. Катышуучулар негизги эпизоддорду (мисалы, Жаңылдын төрөлүшү, анын салгылашуулары, туткунга түшүшү) окуп, алар гендердик чыр-чатакты кантип ачып берерин талкуулашат.
   Суроолор: «Жаңылдын ысымы эмнени символдоштурат?» же «Эмне үчүн Мырза анын иденттүүлүгүнүн бир бөлүгү болуп калат?»
2. **Көркөм текстти интерпретациялоо**
   «Көйгөйлөр дарагы» аркылуу чыр-чатакты талдоо. Катышуучулар схема түзүшөт, анда борбордук көйгөй – гендердик чыр-чатак, ал эми бутактары – социалдык күтүүлөр, патриархалдык ченемдер, Жаңылдын жеке умтулуулары.
3. **Визуалдаштыруу**
   Жаңылдын теңсиздикке каршы күрөшүн символу катары сүрөттөгөн коллаж жасоо. Тексттен цитаталар жана жоокер аялдын образдары колдонулат.

## Курбонхонова Нуриджахон
## «Фольклордогу аялдардын образын чагылдыруу»

Макалада аялдардын фольклордогу ролу жана уламыштарда аялдардын акылмандыгын, акылын, кадыр-баркын жана намысын кандайча баса белгилегени чагылдырылган. Аялдардын образдары байыркы уламыштарда көрүнүктүү орунду ээлейт. Уламыштар көрсөткөндөй, аялдар өз акылын колдонуп, татаал маселелерди эч кыйынчылыксыз чече алышкан. Алар өз кадыр-баркын сактап калуу үчүн өмүрүн курман кылышкан, ал эми алардын боорукердиги ал тургай жиндерди дагы жеңген. Мунун баары аялдын уламыштарда ырайымдуу, сулуу жана абдан кадырлуу кудай катары чагылдырылышына алып келген. Ошентип, өсүп келе жаткан муунга адеп-ахлак сиңирилген жана ушундай образдар аркылуу жаштар тарбияланган. Ошол эле учурда аялдар фольклордун негизги жаратуучулары болгон. Ушул оозеки чыгармалар аркылуу аял коомдо жогорку абалга татыктуу экенин жана аялсыз жашоо жок экенин түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Адамдар жаңы гана пайда болгондо, эркектер менен аялдардын ортосунда эч кандай айырма жок болчу. Эки жыныстын тең укуктары бирдей болгон. Аялдар

эркектердей эле тырышчаактык менен эмгектенишкен. Матриархат доорунда аялдар социалдык даражага ээ болушкан. Алар атүгүл жетекчилик кызматтарды да ээлешкен.

Элдик мифтердин жана уламыштардын мазмунуна ылайык бардык доорлордо аялдар жогорку деңгээлге жана даражага ээ болгону көрүнүп турат. Бир бөлүмдө биз алардын чеберчилиги жана акылмандыгы жөнүндө, экинчисинде аялдардын баатырдык эрдиктери жөнүндө баяндайбыз. Мындай эрдиктер элдин тарыхында өз ролун ойноп, жаңы өсүп келе жаткан муун үчүн эң жакшы үлгү болуп эсептелет.



**КЕЙС-СТАДИ: «Тажик маданиятында фольклор аркылуу коомдук адеп-ахлакты калыптандырууда аялдын ролу»**

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Фольклорду гендердик теңчиликтин идеясын ырастоочу канал деп эсептесе болобу? Эмне үчүн?
2. Аялдардын ролун колдоо үчүн элдик оозеки чыгармалардын кайсы аспектилерин билим берүү жана маданий программаларга киргизүүгө болот?

**Кырдаал**

«Заманбап коом көп учурда аялдардын маданий жана руханий мураска кошкон салымын баалабайт» деген темадагы долбоордук иш. Бул долбоордук ишке катышуу үчүн силер төмөнкү маселелерди изилдешиңиздер керек: Мындай түшүнүктөрдү өзгөртүү үчүн кантип фольклор бул аялдардын кадыр-баркын, акылмандыгын жана лидерлигин)урматтоого тарбия куралы боло алат? Фольклордук аялдардын образдары адеп-ахлактык баалуулуктардын, социалдык адилеттүүлүктүн жана гендердик тең салмактуулуктун калыптанышына кандай таасир этүүсүнө изилдөө жүргүзүү. Бул сюжеттерди берүү билим берүүдө, социалдык иштерде, маданий саясатта кантип жана кандай учурларда берүү мүмкүн экенин карап чыгуу.

**Маалыматтар жана материалдар (текст тандоо боюнча):**

- Курбонжонбектин апасы жана Давлатшонун кызы жөнүндөгү уламыштар (аялдар аскердик стратег катары).
- Лолабегимдин тарыхы (аялдардын туруктуулугу, берилгендиги; үнү курал катары).
- Поме жөнүндөгү миф (курмандык жана намыс энелик инстинкттен жогору).
- Рукшананын образы (аял башкаруучу жана жоокер катары).
- Оттун жана бакубаттуулуктун сакчылары жөнүндөгү уламыштар (аялдардын образы аркылуу социалдык жана руханий туруктуулук).
- Энелер жана балдардан ажыратуу жөнүндөгү рубаилер (аял тагдырынын эмоционалдык портрети).

**II. Тапшырма**

**Чакан топтордо иштөө:**

Төмөнкү суроолорго жооп берип, талкуу уюштуруу жана өткөрүү:

- Аталган уламыштар аялдардын кандай сапаттарын ачып берет?
- Тажик аялдарынын фольклордук образдарын Борбордук Азиянын азыркы аялдарынын образдары менен салыштырыңыз.
- Жаңыл Мырза менен Рукшананын образдарынын окшоштугу эмнеде?

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- «Тажик фольклорундагы аялдын образы» деген темада эссе жазуу.
- Фольклордогу аялдардын образдары жөнүндө презентация даярдоо.
- Жаңыл Мырза менен Рукшананын образдарын салыштырып, Венн диаграммасын түзүү.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосу боюнча)**

1. **Аналитикалык окуу:**
   - Текстти мааниси боюнча бир нече блокторго бөлүү (акылмандуулук, баатырдык, туруктуулук (верность) ж.б.).
   - Аялдын образын мүнөздөгөн негизги сөздөрдү жана фразаларды тандап, бөлүп көрсөтүү.
   - Автордун негизги идеяларын жана аргументтерин аныктоо.
   - Макаланын тезистик планын түзүү.
2. **Салыштырмалуу талдоо**:
   - Ар кандай фольклордук жанрлардагы (уламыштар, мифтер, ырлар) аялдардын образдарын салыштыруу;
   - Тажик фольклорундагы аялдардын образдарын башка элдердин фольклорундагы аялдардын образдары менен салыштыруу.
   - Макалада сүрөттөлгөн аялдардын образдарын заманбап коомдогу аялдардын образдары менен салыштыруу.
3. **Булактар менен иштөө:**
   - Макалада айтылган бардык фольклордук тексттерди (уламыштарды, рубаилерди) окуп анан изилдөө жүргүзүү.
   - Тема боюнча кошумча илимий булактарды табуу (илимий макалалар, китептер).
   - Фольклор жаралган тарыхый жана маданий контекстти талдоо.

## Абдулхамидова Парвина
## «Шугнан лексикасындагы аялдын ролдук көз карашынын (позициясынын) чагылдырылышы»

Бул изилдөөнүн максаты шугнан тилинде аялдын ролдук көз караштары канчалык деңгээлде өзгөргөнүнө жооп берүү болуп саналат. Изилдөөнүн объектиси болуп өткөн жана азыркы учурдагы аялдын ролдук көз караштарын чагылдырган шугнан лексикасы эсептелет. Теманын тандалышы аялдардын социалдык ролун изилдөө ар кандай тармактардагы изилдөөлөргө негизделиши керек экендиги менен шартталган. Ал эми лингвистикалык аспект көйгөйдү түшүнүүгө толуктоо киргизип, аялдардын дүйнөсүн өркүндөтүү процессине салым кошот. Аз сандагы шугнан тили маселени кароо үчүн негизги, баштапкы булак катары тандалып алынганы бекеринен эмес. Биринчиден, шугнан лексикасы, көптөгөн тилдер сыяктуу эле, аялдын ролу жөнүндө түшүнүктөрдүн проекциясы болуп саналат. Экинчиден, бул лексикалык-семантикалык топтун лексикасын аныктоо өзүнүн лексикалык бирдиктерин бара-бара жоготуп бараткан шугнан тилинин тилдик маалыматтарын документтештирүү үчүн маанилүү. Изилдөөнүн негизги ыкмасы катары аталган лексиканын семантикалык-мотивациялык талдоосу менен

этнолингвистикалык ыкмасы болуп саналат. XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы аялдын ролдук көз карашынын лексикасы менен азыркы лексемаларды салыштыруу аялдын даражалык ролдорунун өзгөрүүсүн (трансформациясын) чагылдырат. Өткөн жана азыркы ролдук көз караштардын дүйнөлүк тилдик көрүнүшү жалпы учурлар менен айырмачылыктарды камтыйт. Үй оокат чөйрөсүндөгү иш менен камсыз кылуунун ролдук көз караштарынын лексикасы сакталып калган, анткени аталган ишмердүүлүк азыр дагы деле бар. Мурда шугнан аялы өзүн үй оокат чарбасында гана ишке ашыра алган. Анын абалы эки ача болгон. Азыркы заманбап аялдын үй оокатынан тышкары ишке ашырылуучу ролдук көз караштарынын саны көбөйдү. Азыркы шугнан аял өз жолун эркин тандай алат, бирок ошол эле убакытта анын башына көптөгөн милдеттер жана көптөгөн жоопкерчиликтер жүктөлгөн. Өзүн-өзү ишке ашыруу каалоосу, материалдык көз карандысыздыкка жетүү, үй-бүлөнү багуу, чарбаны күтүү жана балдарды тарбиялоо анын бардык бул тармактарда ийгиликке жетүүдөгү физикалык мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

## I. КЕЙС-СТАДИ: «Шугнан лексикасындагы аялдардын ролдук көз карашынын чагылдырылышы»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Шугнан тилинин лексикасы аялдардын үй чарбасынан кесиптик ишмердүүлүккө чейинки ролдорунун өрчүп кетүүсүн кантип чагылдырат?
2. Аялдардын өткөн жана азыркы абалынын эки жактылуулугун кайсы лексемалар эң жакшы көрсөтөт?
3. Шугнан аялдарынын ролдук көз караштары башка ортоазиялык элдеринен эмнеси менен айырмаланат?
4. Лингвистикалык маалыматтарды азыркы заманбап коомдогу аялдардын абалын жакшыртуу үчүн кантип колдонсо болот?
5. Шугнан тилин сактоо боюнча кандай чаралар эң натыйжалуу болот?

**Кырдаал**

Тажик улуттук университетинде филология факультетинин лингвистика адистигинде окуган студенттер үчүн «Лингвистиканын коомдогу аялдардын абалын түшүнүүгө жана жакшыртууга кошкон салымы» аттуу темада илимий талкуу диспут уюштурулган. Иш-чаранын алкагында тилдик маалыматтар аялдардын социалдык ролун кантип чагылдыра алары жана алардын эмансипациясына кандай салым кошо алат деген суроолор талкууланды. Талкулоонун жыйынтыгында студенттерге көз карандысыз изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты Парвина Абдулхамидованын «Шугнан лексикасындагы аялдын ролдук көз караштарынын чагылдырылышы» аттуу макаласын изилдеп жана аналитикалык баяндама даярдоо сунушталды.

## II. Тапшырма

**Чакан топтордо иштөө**

1. Студенттик топту чакан беш-алты кишиден турган топторго бөлүңүз. Чакан топтордо иштөөгө төмөнкү тапшырмаларды бериңиз:
2. Парвина Абдулхамидованын макаласында берилген лексиканы талдап, шугнан тилиндеги XIX кылымдын аягынан азыркы убакытка чейин

аялдардын ролдук көз караштарындагы өзгөрүүлөрдү кантип чагылдыргандыгын аныктагыла.

3. Шугнан аялдарынын ролдук көз караштарын макалада келтирилген лексикалык маалыматтардын негизинде башка Орто Азиялык элдеринин (казак, кыргыз, түркмөн, уйгур) аялдары менен салыштырыңыз (ар бир чакан топ аналитикалык доклад жана презентация даярдайт).



**Үй тапшырмасы**

«Тил коомдук өзгөрүүлөрдүн индикатору катары: шугнан коомундагы аялдардын ролдук көз караштары» деген темада доклад даярдоо.

**Сунуштар:**

1. Гендердик лексика бөлүмү бар шугнан тилинин онлайн сөздүгүн түзүү.
2. Заманбап лексиканы алып жүрүүчүлөрдөн чогултуу үчүн талаа изилдөөлөрүн уюштуруу.
3. Лингвистикалык маалыматтарды колдонуу менен Памир коомчулугундагы аялдардын ролу жөнүндө лекциялык курстарды иштеп чыгуу.
4. Шугнан тилин жана маданиятын жайылтуу максатында социалдык, коомдук медиа кампаниясын жүргүзүү.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**Талкуулоо**

Текстте көтөрүлгөн негизги маселелер боюнча талкуу уюштуруу. Бул аргументтөө, далилдөө, сынчыл ой жүгүртүүнү жана башкаларды угуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

**«Jigsaw» (Мозаика) ыкмасы**

Текстти бөлүктөргө бөлүп окуу, ар бир топ өз бөлүгүн дыкаттык менен окуп чыгып, өз бөлүгүн изилдейт, андан кийин ар бир топтун өкүлдөрү башка топтун өкүлдөрү менен биригип, башка чакан топторду түзүшөт жана маалымат менен алмашат. Бул кызматташууга жана өз ара окутууга, үйрөтүүгө өбөлгө түзөт.

## ЭТИКАЛЫК ОЮН

**БИРИНЧИ ОЮН: «Аялзаттын үнү – акылмандыктын нуру».**
**Максаты:**

- Макал-лакаптарда камтылган адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү;
- Өткөндү жана азыркыны салыштыруу аркылуу өз позициясын калыптандыруу.

**Оюндун форматы: «Азыр да ушундайбы?»**
**Оюндун жүрүшү:**

1. Окутуучу бир макал-лакапты окуйт. Мисалы: «Эне ыйык – эл ыйык».
2. Топ эки командага бөлүнөт:
   - биринчиси – «Салт» (макалдын эмне үчүн туура жана маанилүү экендигин далилдейт);
   - экинчиси – «Заманбап көз караш» (берилген макал-лакапты азыркы заманга ылайыкташтырып кайрадан түшүндүрөт).

**Талкуулоо үчүн башка макал-лакаптар:**

Жакшы аял – күйөөсүнүн таажысы. (же «Катын жакшы-эр жакшы»)

Аял – үй-бүлө очогунун сактоочусу. (же «Үйдүн көркү аялда»)

**Жыйынтык.** Талкуулоо маселеси: кайсы баалуулуктар түбөлүктүү, ал эми кайсылары жаңылануууга муктаж?



**ЭКИНЧИ ОЮН: «Ар-намыс жөнүндө талаш».**

**Максаты:**

Эмпатияны өнүктүрүү жана атайын ойлоп табылган талаш-тартыш аркылуу гендердик чыр-чатактарды түшүнүүнү.

**Форматы:**

Дебаттарды уюштуруу.

Катышуучулар: 8-16 адам, эки командага бөлүнгөн катышуучулар.

**Сценарий**

Жаңыл туткунга түшкөндөн кийин калмактар аны эмне кылуу керектиги жөнүндө талашып жаткан жери.

Биринчи команда (патриархаттын жактоочулары): Жаңыл Калматайга турмушка чыгып, аялдын ролун кабыл алышы керек, анткени аял лидер боло албайт.

Экинчи команда (Жаңылдын жактоочулары): Жаңыл өз эркиндигин жана лидерлигин сактап калууга укуктуу, анткени ал өз күчүн далилдеген.

**Оюндун жүрүшү:**

1. Командалар эпостун текстине таянып, аргументтерди даярдашат (мисалы, Жаңылдын салгылашуулары жөнүндөгү эпизоддор же анын турмушка чыгуу алдындагы шарттары).
2. Дебаттар үч раундда өтөт: далилдер) каршы далилдер, жыйынтыктар.
3. Көрүүчүлөр (эгер бар болсо) эң ынандырарлык командага добуш беришет, бирок алып баруучу максат жеңиш эмес, чыр-чатакты түшүнүү экенин баса белгилейт.
4. Талкуулоо маселеси: «Ар-намысты жана эркиндикти кабылдоодо патриархалдык ченемдер жана өлчөмдөр кандай таасир этет?»

Узактыгы: 30-40 мүнөт.

**ҮЧҮНЧҮ ОЮН «Фольклордук баалуулуктарга заманбап көз караш».**

**Максаты:**

Аялдардын фольклордук образдарында чагылдырылган кайсы баалуулуктары азыркы, заманбап коомдо актуалдуу бойдон кала берерин талкуулоо.

**Этикалык суроолор:**

1. Фольклордук баалуулуктардын кайсынысы универсалдуу болуп саналат?
2. Алардын кайсынысы эскирген же кайра карап чыгууну талап кылат?
3. Азыркы, заманбап этикалык ченемдердин калыптанышына фольклор кандай таасир эте алат?

**Максаты:**

Сынчыл талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү жана өткөн менен азыркынын ортосундагы байланыштарды түшүнүү

## 2 Бөлүм

# КИНО
# (4 саат – 2 сабак)



1. Усманова Зулайхо «Тажик тасмасындагы аялдардын образдары: советтик баалуулуктардан заманбап салттуулукка чейин?» (Тажикстан).
2. Хан Ольга «Өзбек тасмаларындагы аялдын жаңы образы: улуттук жандануубу же өткөнгө кайтуубу?» (Өзбекстан).
3. Тилло Неккадам «Тажик тасмасынын бермети» (Тажикстан)

## Усманова Зулайхо «Тажик тасмасындагы аялдардын образдары: советтик баалуулуктардан заманбап салттуулукка чейин?»

Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү, анын ичинде Тажикстандагы, кинематография көбүнчө социалдык, маданий жана гендердик ченемдерди чагылдырат, ошондой эле аялдардын абалына, алардын укуктарына, каада-салттарга жана стереотиптерге каршы күрөшкө байланыштуу актуалдуу көйгөйлөргө жооп берет. Бул учурда, өтө маанилүү социалдык маселелерди козгогон жана коомдогу аялдардын ролун кабылдоого таасир эткен тасмалар каралат.

Бул макалада советтик жана постсоветтик мезгилдеги тажик тасмаларындагы аялдардын образдары каралат. Макаланын максаты – убакыттын өтүшү менен тажик тасмаларындагы аялдардын образдары кандайча өзгөргөнүн жана бул өзгөрүүлөргө кандай факторлор таасир эткендигин талдоо. Изилдөөнүн актуалдуулугу тасмадагы аялдардын образдары коомдогу социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдүн маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Бул образдарды талдоо убакыттын өтүшү менен тажик коомунда аялдар жөнүндөгү түшүнүктөр кандайча өзгөргөнүн жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы советтик жана постсоветтик мезгилдердеги тажик тасмаларына салыштырма анализ жүргүзүүдө тасма чеберчилигинин феминисттик методологиясын колдонуу болуп саналат. Изилдөөнүн теориялык мааниси анын жыйынтыктарын мындан аркы гендердик изилдөөлөр тармагында жана тасманын тарыхы жаатындагы изилдөөлөрдө колдонуу мүмкүнчүлүгүндө. Изилдөөнүн практикалык мааниси, анын жыйынтыктары гендердик теңчиликти илгерилетүүгө багытталган билим берүү программаларын жана маданий долбоорлорду иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн экендигинде.

## I. КЕЙС-СТАДИ: «Кинематографиянын социалдык жана маданий баалуулуктарды калыптандыруудагы ролу: “Зумрад”, “Обуза”, “Рох” жана “Мушкилкушо” тасмаларын талдоо».

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. «Феминизмдин маданиятка кайрылуусу/бурулушу» деген эмнени билдирет (адабият: Е.Р. Ярская Смирнова, Мишель Баррет)? Эмне үчүн мурдагы социалдык түзүмдөр (капитализм) иштебей калды?
2. Советтик жана азыркы, заманбап мезгилдеги тажик тасмаларында аялдардын кандай негизги баалуулуктарын жана ролдорун чагылдырылган жана ошол тасмаларда социалдык өзгөрүүлөр кандайча берилген?
3. Кантип заманбап тажик тасмалары патриархалдык стереотиптерди жеңүүдө жана прогрессивдүү аялдардын образдарын жайылтууда көмөк көрсөтө алат?

**Кырдаал**

Сиз Душанбедеги маданий борбор тарабынан уюштурулган гендердик изилдөөлөр жана кинематография боюнча эл аралык семинардын катышуучусуз. Семинарда улуттук кинематографиядагы аялдардын экранда чагылдырылышы жөнүндөгү маселелер талкууланууда. Сиздин топко Зулайхо Усманованын макаласын талдап чыгып, тажик кинематографиясын өнүктүрүү боюнча патриархалдык стереотиптерди жеңүүгө жана прогрессивдүү аялдардын образдарын алдыга жылдырууга багытталган сунуштарды киргизүү тапшырмасы берилди. Топто кинотаануучулар, маданият таануучулар, сценаристтер жана гендердик теңчилик жаатында иштеген коомдук уюмдардын өкүлдөрү бар. Семинардын катышуучулары макаланы дыкаттык менен талдап жана анын негизинде презентация даярдап берүүсү зарыл, ошондой эле аныкталган көйгөйлөрдү чечүү үчүн конкреттүү кадамдарды сунушташы керек.

## II. Тапшырма

**Чакан топтордо иштөө:**

1. Усманованын макаласын окуп, тажик тасмаларындагы аялдардын образдары жөнүндөгү негизги тезистерди белгилеп, бөлүп чыгыныз.
2. Феминисттик методологияны колдонуу менен («эркектик көз караш» жана «аял байкоочу катары» концепцияларын пайдалануу менен) «Зумрад» жана «Обуза» тасмаларындагы аялдардын образдарын салыштыргыла.
3. Бул тасмаларда гендердик ролдорду жеткирүү үчүн кандай семиотикалык элементтер (оппозициялар, символдор) колдонулганын аныктагыла.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Тасмалардагы аялдардын образдарына идеологиянын жана социалдык өзгөрүүлөрдүн тийгизген таасирлерин түшүнүү;
- Феминисттик жана семиотикалык методологияларын колдонуу көндүмдөрүн үйрөнүү;
- Маданий жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн чыгармачыл чечимдерди иштеп чыгуу жөндөмү;
- Талдоо, аргументтөө жана презентация көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Үй тапшырмасы:**

1. Башкы каарманы прогрессивдүү аялдын образын чагылдырган (мисалы, көз карандысыз, кесиптик жактан ийгиликтүү, социалдык тоскоолдуктарды жеңген аял) жаңы тажик тасмасынын сценарийинин концепциясын иштеп чыгыңыздар.
2. Бул тасманы жаштар арасында кантип популярдуу кылса болорун сунуштаңыз (мисалы, фестивалдар, социалдык тармактар, талкуулар аркылуу).
3. Тажик кинематографисттери үчүн төмөнкүлөргө багытталган 3–5 конкреттүү сунуштарыныздарды түзүңүз:
   - патриархалдык стереотиптерди жеңүү;
   - каржылоону жана кесипкөй адамдарды тартуу;
   - прогрессивдүү аял образдары бар тасмаларды жайылтуу.
4. «Тажик тасмалары гендердик теңчиликке кантип көмөктөшө алат?» деген темада кыскача эссе жазыңыз (150–200 сөз).

### III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосу боюнча)

**«Негизги сөздөр»:**

студенттер негизги түшүнүктөрдү (мисалы, «гендер», «феминизм», «семиотика», «эркектик көз карашы», «аял байкоочу катары») бөлүп көрсөтүп, алардын маанисин макаланын контекстинде түшүндүрүп беришет.

*Ролдук оюн*: катышуучулар кинотаануучулар, режиссерлор, сценаристтер жана активисттерден турган топторго бөлүнүшөт. Ар бир топ тажик кинематографиясынын көйгөйлөрүн кантип чечүү керектигин талкуулашат.

**Салыштырма таблица**

Студенттер «Зумрад» жана «Обуза» тасмаларындагы аялдардын образдарын кийинки критерийлер менен (баалуулуктар, ролдор, семиотикалык элементтер, идеологиянын таасири) салыштырып, төмөнкү сунушталган таблицаны толтурушат.

**Келечектин сценарийи**

Катышуучулар азыркы заманбап социалдык көйгөйлөрдү эске алуу менен бирге прогрессивдүү аялдардын образдарына негизделген жаңы тасманын концепциясын иштеп чыгышат.

## Хан Ольга
## «Өзбек тасмаларындагы аялдын жаңы образы: улуттук жандануубу же өткөнгө кайтуубу?»

Өзбекстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин улуттук жандануу багытындагы саясат калыптана баштаган, анын алгачкы жылдарында советтик идеологияга каршы күрөш күчөгөн. Советтик баалуулуктар улуттук менталитетке жат нерсе катары жарыяланып, улуттук кайра жаралуу жана улуттук баалуулуктарга кайрадан кайтып келүү ураандарынын астында «аялдын табигый милдети» аттуу гендердик саясат курула баштаган: бул идея Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрүндө, айрыкча көз карандысыздыктын, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында үстөмдүк кыла баштаган. 2000-жылдардан баштап

глобалдык/батыштык баалуулуктарга карата татаал мамилелер системасы түзүлүп, салттуулукка кайтуу, анын ичинде өлкөнүн тышкы имиджи үчүн маанилүү болгон гендердик теңчилик маселелери дагы, демократиялык баалуулуктардын идеологиянын бир бөлүгү катары киргизилген. Улуттук кинематографиядагы аялдардын ролунун өзгөрүүсү, кайрадан карап чыгуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабыл алуу керек, себеби бул көрүнүш башкы аял каармандын образын түзүүдөгү кайталануучу, туруктуу көрүнүштөр пайда болгондугу менен далилденет. Заманбап өзбек тасмаларындагы аялдын образын талдоодо бир эле кинематографиянын өзүнүн гана тенденцияларын көрсөтпөстөн, коомдун жана анын маданияты жөнүндө дагы маалымат берет.



**КЕЙС-СТАДИ: «Заманбап өзбек тасмаларындагы эне дискурсу»**

Соңку он жылдыктарда өзбек кинематографиясында аялдын негизги функциясы катары энелик темасына өзгөчө көңүл буруу тенденциясы байкалууда, бул көрүнүш аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролу тууралуу салттуу түшүнүктөрдү чагылдырат. Көпчүлүк тасмаларда аял биринчи кезекте эне катары сүрөттөлөт, анын бактысы жана ийгилиги түздөн-түз балалуу болуу жана камкор жубайдын ролун аткаруусуна байланыштуу.

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Өзбек тасмаларында эненин образынын кеңири таралышынын (популярдуулугунун) себеби эмнеде деп ойлойсуз?
2. Эгерде кинематографияда эненин ролу жашоодогу эң башкы жетишкендик катары активдүү жайылтылса, анда коомдогу аялдар үчүн анын кесепеттери кандай болот?
3. Аялдардын, өзгөчө жалгыз бой энелердин образдарын жаңыдан түшүндүрүүнү (репрезентациялоону) жакшыртуу үчүн киноиндустрияга кандай өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сиз сунуштайт элеңиз?
4. Эгерде бул тема мындан ары дагы өнүктүрүлсө, аялдардын көз каранды болуудан кутулушу (эмансипациясы) Өзбекстандагы заманбап тасмаларга кандай таасир этиши мүмкүн?

**II. Тапшырма**

**Окутуучунун тандоосу боюнча чакан топтордо иштөө.**

**Биринчи чакан топ. Өзбек тасмаларындагы эненин образын талдоо**

**Сүрөттөмө**: Биринчи чакан топ ачык булактарда жайгашкан (мисалы, интернетте же кейсте аталган) заманбап өзбек тасмаларынан эненин образы негизги (позитивдүү/негативдүү) ролду ойногон бир тасманы тандайт. Катышуучулар тандалган тасмадагы аял-эне кандайча көрсөтүлгөнүн, анын образы аркылуу кандай баалуулуктар берилип жаткандыгын жана коомдогу аялдын ролун кабылдоодо ушул баалуулуктар кандай таасир этүүсүн талдашат.

**Иштөө форматы:**

- Тасманын үзүндүлөрүн көрүү (эгерде көрүү мүмкүн болбосо, сүрөттөмөнүн негизинде үзүндүлөрдү талкуулоо).

- Топто талкуулоо: Эненин кандай мүнөздөрү баса белгиленген? Анын ролу салттуу баалуулуктар менен кандай дал келген? Патриархатты сындаган же колдогон кандай элементтерди байкадыңыз?

**Презентациялоо**

**Экинчи чакан топ. Аялдын жаңы образы үчүн сценарий**



**Сүрөттөмө**: Экинчи чакан топ кыска метраждуу тасманын концепциясын иштеп чыгат, анда башкы каарман – стереотиптерди бузган аял (мисалы, жалгыз бой эне, кесипкөй (профессионал) же баласыз аял). Катышуучулар салттуу клишелерди колдонбостон анын мүнөзүн, чыр-чатакты жана сюжеттин чечилишин сүрөттөп берүүсү зарыл.

**Иштөө форматы:**

- Акыл калчоо (Мээ чабуулу): каарман аялдын тибин жана анын окуясын аныктоо.
- Синопсис жазуу (1–2 барак): каарман аялдын, негизги чыр-чатактын, көрүнүштөрдүн жана соңунун (финалдын) сүрөттөлүшү.
- Топто талкуулоо: бул образ аудиторияга кандай таасир этиши мүмкүн?

**Презентациялоо**

**Үчүнчү чакан топ. Аялдардын образдарынын ар түрдүүлүгүн жайылтуу боюнча кампания**

**Сүрөттөмө**: Үчүнчү чакан топ өзбек тасмаларындагы аялдардын ар түрдүү образдарын жайылтууга багытталган социалдык кампаниянын концепциясын иштеп чыгышат (мисалы, социалдык тармактарда жайылтуу максатында же кинофестиваль үчүн). Кампания ураанды (слоган), визуалдык элементтерди жана иш-чаралардын планын камтышы керек.

**Иштөө форматы:**

- Максаттуу аудиторияда талкулоо (жаштар, кинематографисттер, жалпы коомчулук).
- Ураанды жана визуалдык образды иштеп чыгуу (мисалы, жарнамалык максат үчүн көркөм иштелип чыккан ири плакат (постер) же кыска ролик үчүн идея).
- Иш-чараларды пландаштыруу (мисалы, тегерек стол, тасмаларды көрсөтүү жана аны талкуулоо).

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Тандалган тасмадагы эненин образы гендердик стереотиптерге кандай таасир этүүсү боюнча корутундулары менен берилген презентацияны даярдоо.
2. Аялдын жаңы образын чагылдырган тасманын синопсисин даярдоо.
3. Эмне үчүн бул образ өзбек коомунда аялдарга болгон көз караштты өзгөртүү үчүн маанилүү экендиги жөнүндө кыскача негиздеме (3–5 сүйлөм) иштеп чыгуу.
4. Борбордук Азияда жаралган тасмалардагы аялдардын образдарынан 10-15 мүнөттүк кыскача топтомун (подборка) түзүү (мисалы, «Тынч келин» (Тихая невеста), «Түндүк келин» ж.б.).

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

1. **Сюжеттик саптарды жана аял каармандардын образдарын талдоо**.
Негизги сюжеттик саптарды гана талдап тим болбостон, каармандын кантип өнүгүп жаткандыгын, анын мотивациясы кандай жана эмне экенин жана тасмада кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгын талдоо маанилүү. Бул кинематографияда аялдардын образдарынын калыптанышына социалдык стереотиптер кандай таасир эткенин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

2. **Каармандардын диалогдору жана монологдору менен иштөө**
Каармандардын ортосундагы диалогдор, айрыкча үй-бүлө жана балдар жөнүндө сөз болгон учурларда, социалдык ченемдердин жана баалуулуктардын маанилүү көрсөткүчтөрүн камтышы мүмкүн. Тасмалардагы мындай диалогдорду талдоо эне болуу жана баласыздык темаларына байланышкан чыр-чатактар кандайча чагылдырыларын түшүнүүгө жардам берет.

3. **Эссе жазуу: (жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү**)
«Өзбек тасмаларындагы энелик темасы жана аялдын ролу: салттуулук жана азыркы учур» аттуу темада эссе жазуу.

## Тилло Неккадам
## «Тажик тасмасынын бермети»

Макала Тажикстандын жана Борбордук Азиянын биринчи аял-режиссёру Маргарита Наимовна Касымованын өмүрү жана чыгармачылык жолуна арналган. Автор идеологиялык, социалдык жана гендердик чакырыктардын шарттарында жаралган көптөгөн көркөм жана документалдык тасмаларга басым жасоо менен бирге анын тажик кинематографиясынын өнүгүшүнө кошкон салымын изилдейт. Изилдөө Касымованын чыгармачылыгында болгон бардык тоскоолдуктарына карабастан өзүн таланттуу режиссёр, продюсер жана жаңы муундун устаты катары көрсөтө алгандыгын талдайт. Текстте ошондой эле анын киноискусствосундагы аялдардын көз карашын алдыга жылдыруудагы, жайылтуудагы, тажик элинин маданий өзгөчөлүгүн, идентүүлүгүн чагылдыруудагы жана даректүү жанрды өнүктүрүүдөгү ролу каралат. Маргарита Касымованын кесиптик чөйрөдө таанылуу үчүн күрөшүнө, анын жаңы актёрлорду жана режиссёрлорду тарбиялоодогу салымына, ошондой эле анын аялдардын тагдырларынан тартып социалдык курч маселелерге чейинки тасмаларынын кеңири тематикалык диапазонуна өзгөчө көңүл бурулат. Макалада анын өмүр баянынын призмасы аркылуу советтик мезгилден тартып азыркы, заманбап учурга чейинки тажик коомундагы жана тасмаларындагы аялдын ролунун өзгөрүүсү, трансформациясы чагылдырылган. Макала Касымованын азыркы аялдарды шыктандырган инсан катары маанилүүлүгүн жана анын тажик жана Борбордук Азиялык тасмалардын тарыхындагы ээлеген ордун кайрадан карап чыгуу зарылдыгын баса белгилейт.

**КЕЙС-СТАДИ: «Маргарита Касымова – тажик кинематографиясынын пионери»**

Маргарита Касымова – тажик кинематографиясынын тарыхындагы биринчи аял-режиссёр, анын эмгектери Тажикстанда жана өлкөдөн тышкары киноискусствосунун өнүгүшүнө олуттуу таасир эткен.



**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Совет доорунда аял-режиссёрдун алдында кандай кыйынчылыктар турган жана ал аларды кантип жеңген? Идеология анын чыгармачылыгына канчалык деңгээлде таасир эткен?
2. Аял-режиссёрдун иши менен эркек-режиссёрдун иши эмнеси менен айырмаланат? Элестетип көрсөңүз, эгерде Маргарита эркек болгондо, ал чоң кесиптик ийгиликтерге жетише алмак беле? Ал эми мындай кырдаалды элестетип көрүңүз, эгерде ал коңшу Афганистандын жараны болгондо, анын кесипкөй ийгиликтеринин деңгээли кандай болмок?
3. Сиз советтик мезгилдеги жана көз карандысыздык мезгилиндеги киноискусствосунун абалын кандай баалайсыз? Азыркы, заманбап киноискусствосунун көңүл чордонунда эмне турат? Азыркы, заманбап тасмалардын артыкчылыктарын атап, андагы аялдын макамын (статусун) сүрөттөп бериңиз**.**

**Кырдаал**

Маргарита Касымованын кинематографиянын өнүгүшүнө кошкон салымын баалоо үчүн, анын чыгармачылыгын кантип сактоо керек экендигин жана аны кеңири жайылтуунун жолдорун иштеп чыгуу үчүн Тажикстандын маданий мурастарын сактоо боюнча катышуучулар иш-чаралардын планын иштеп чыгышы зарыл.

**II. Милдеттер:**

- Маргарита Касымованын тажик кинематографиясынын өнүгүшүнө кошкон салымын баалоо.
- Анын чыгармачылыгы жөнүндөгү макалалар менен китептердин басылмаларына сереп салуу.
- Алдыда боло турган көргөзмөлөр жана лекциялар үчүн темаларды иштеп чыгуу.
- Тажикстандагы биринчи аял режиссер катары режиссердун чыгармачылык ишинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Маргарита Касымованын тажик кинематографиясынын өнүгүшүнө зор салым кошкон көрүнүктүү режиссер катары таанылышы.
- Анын чыгармачылыгына жана Тажикстандын маданий мурасына болгон кызыгуунун жогорулашы.
- Кинематографияда аялдарды колдоонун жана алдыга жылдыруунун маанилүүлүгүн түшүнүү

## ЭТИКАЛЫК ОЮНДАР

**БИРИНЧИ ОЮН: «Маргаританын тандоосу»**

**Сценарий**

1. Оюнчулар 1960-жылдарындагы «Тажикфильм» киностудиясында иштеген жаш режиссерлордун ролун ойношот.
2. Аларга ошол кездеги актуалдуу болгон курч, социалдык көйгөйлөрдү көтөргөн бир нече тасманын сценарийлери берилет.
3. Оюнчулар, мүмкүн болгон төмөнкү кесепеттерди эске алуу менен бирге, кайсы тасманы тарткысы келгендерин тандашы керек:
   - бийлик тарабынан цензура;
   - коомдун консервативдүү бөлүгүнүн түшүнбөстүгү;
   - өзүнүн карьерасы үчүн тобокелдик;
   - маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошуу мүмкүнчүлүгү.

**Оюндун максаты** – совет доорунда сүрөтчүлөр туш болгон этикалык дилеммаларды талкуулашат жана жеке ишенимдер менен социалдык жоопкерчилик чыгармачылык чечимдерге кандай таасир этерин түшүнүү.

**Төмөнкү маселелерге байланыштуу этикалык суроолор**:

- чыгармачылык эркиндиктин чеги;
- сүрөтчүнүн социалдык жоопкерчилиги;
- цензуранын искусствого тийгизген таасири;
- искусство үчүн жеке тобокелдикке баруу.

**ЭКИНЧИ ОЮН: «Кадрдагы аял»**

**Сценарий**

1. Оюнчулар Маргарита Касымованын тасмасын тартып жаткан тобунун мүчөлөрүнүн ролдорун ойношот.
2. Алар гендердик теңсиздикке жана аял-режиссерго карата басмырлоочу мамилеге байланыштуу ар кандай кырдаалдарга туш болушат.
3. Оюнчулар Маргаританы колдогон же басмырлоону күчөткөн чечимдерди кабыл алышы керек.

**Оюндун максаты** – гендердик теңсиздикке байланыштуу көйгөйлөрдү талдоо жана аларды чечүү жолдорун табуу

**Төмөнкүлөргө байланыштуу этикалык маселелер:**

- кесиптик чөйрөдөгү гендердик теңчилик;
- бейкалыс пикирлер жана стереотиптер менен күрөшүү;
- чыгармачыл кесиптердеги аялдарды колдоо;
- басмырлоо кырдаалында өзүн кантип алып жүрүү керек.

**ҮЧҮНЧҮ ОЮН: «Маданий мурас»**

**Сценарий**

1. Оюнчулар «Заманбап кинематографиядагы гендердик тең салмактуулукту ачып берген маданий мураспы?» деген талкуунун катышуучулары болуп саналат.

2. Биринчи чакан топ маданий мурас болуп саналган тасмалардын мисалдарын келтириши керек, ал эми экинчи чакан топ – андай эмес тасмалардын мисалдарын келтириши керек. Өз тандоолорун түшүндүрүп берүүсү зарыл.

**Оюндун максаты** – Борбордук Азиянын маданий мурасына байланыштуу өз көз караштарын, позицияларын талдоо жана аргументтөө.

**Төмөнкүлөргө байланыштуу этикалык маселелер:**

- маданий мурастын коом үчүн мааниси;
- аданий баалуулуктарды сактоо жана өткөрүп берүү жоопкерчилиги;
- улуттук иденттүүлүктүн калыптанышына искусствонун тийгизген таасири.

# 3 Бөлүм

# МУЗЫКА
# (4 саат – 2 сабак)



1. Саида Даукеева «Монголиядагы казактардын жаназа ырым-жырымдарынын үн мейкиндиги» (Казакстан).
2. Лорел Виктория Грей «Тамара Ханум жана Мукаррам Тургунбаева – өзбек сахналык бийинин биринчи өкүлдөрү (пионерлери)» (Өзбекстан).
3. Таня Мерчант «Аялдар жана дутар: аялдык касиетти, назиктикти үн аркылуу жаңыдан түшүндүрүү (репрезентациялоо)» (Өзбекстан).
4. Бахринисо Кабилова, Рухайё Каримова «Аялдардын ырлары тарых катары» (Тажикстан).
5. Гоибназаров Чоршанбе «Борбордук Азиядагы музыканын гендерлештирилиши: Тажикстандагы маданиятты калыптандырууда аялдардын үндөрү» (Тажикстан)

## Саида Даукеева
## «Моңголиядагы казактардын жаназа ырым-жырымдарынын үн мейкиндиги»

Батыш Моңголиянын казактары маркумдарды боз үйдө, кийиз үйдө эскеришет, ырым-жырымдарга Куран окуу жана жоктоо (аза күтүү) кирет. Бул каада-салт азыркы Казакстанда солгундап кеткен, бирок Моңголияда социалисттик доордон баштап азыркыга чейин сакталып калган. Анын практикасы жергиликтүү казак калкынын жарым көчмөн мал чарбачылык жашоо образы жана алардын ислам менен анимизм жана ата-бабалардын рухуна сыйынуу менен айкалыштырган синкретикалык диний ишенимдери менен тыгыз байланыштуу. Коомчулук тарабынан сакталган жашоо циклинин бардык ырым-жырымдарынын ичинен сөөк коюу ырым-жырымдары алардын убакыттык, мейкиндик жана үн уюштуруучулук жагынан өзгөрүүсүз, туруктуу болуп саналат. Адам каза болгондо, жылдын кайсы мезгили болбосун жана кайсы жерде болбосун, сөөк коюуга чейинки жана андан кийинки жөрөлгөлөр боз үйдө өткөрүлөт. Боз үй ошондой эле маркумдун жетинчи (жетиси) жана кыркынчы (кырк) күндөрүндөгү арбагына арнап эскерүү иш-чараларын өткөрүүчү негизги жай болуп саналат. Молдонун Куран окуусу жана маркумдун туугандарынын жоктоосу жөрөлгөлөрдө уруксат берилген үн чыгаруунун жалгыз формалары болуп саналат; бул контекстте музыкалык аспаптарда ойноо жана «музыканын» башка түрлөрүнө тыюу салынат. Боз үйдүн ичиндеги ырым-жырымдардын мейкиндик жактан уюштурулушу казактардын ыйык түшүнүктөрүн жана алардын жынысы, жашы жана даражасы боюнча социалдык иерархиясын чагылдырган белгиленген тартипке ылайык келет.

Бул макала сөөк коюу ырым-жырымдарындагы боз үйдүн жана жоктоонун ыйык жана социалдык маанилерин этнографиялык изилдөөгө аркылуу тааныштырат. Макала автордун 2004-жылдан 2015-жылга чейин Моңголиянын батыш аймагындагы (провинциясында), Баян-Өлгийде жана Казакстанда жүргүзгөн талаа иштеринин материалдарына

негизделген. Ушул макалада автор моңгол казактарынын мезгилдүү көчмөн турак жайы болгон боз үй эмне үчүн ырым-жырымдарды өткөрүүчү негизги жай болуп кызмат кылаарын жана аларда жоктоо ырлары кандай роль ойной тургандыгын түшүндүрүүнү максат кылат. Мында автор архитектуралык мейкиндик менен үн диний ырым-жырымдарындагы (ритуалдык) практикада өз ара аракеттешүүсүнө көңүл бурат.



## I. КЕЙС-СТАДИ: «Салт, үн жана заманбаптык: дүйнө таанымдардын кагылышуусу»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Өлүмгө байланыштуу ырым-жырымдарды жаздырып, жайылтууга болобу? Эмне үчүн?
2. Үн диний ырым-жырымдардын сакталышы керекпи же өзгөрүшү керекпи? Эмне үчүн?
3. Ыйык үн ырым-жырымдарын ким чечмелөөгө укуктуу?

**Кырдаал**

Жаш этномузыкант Моңголиядагы казак жамаатына сөөк коюу ырым-жырымдарынын үн коштоосун изилдөө үчүн келет. Ал музыкалык практиканын уникалдуулугуна – кошокко, Куран окууга, табигый чөйрөнүн үндөрүнө суктанат, бирок жамааттагы жаштар бул ырым-жырымдарды «эскирген» деп эсептеп, аларды сактоонун маанисин көрүшпөйт.

## II. Тапшырмалар:

- Ырым-жырымдарды жаздыруунун этикалык жагын талкуулагыла (чакан топтордо иштөө);
- Илимий кызыкчылык менен маданиятка болгон сый-урматтын ортосундагы эпке келүүчү жолдорду (компромиссти) тапкыла (оозеки талкуулоо);
- Мындай кырдаалдарда изилдөөчү үчүн жүрүм-турум кодексин иштеп чыккыла (топтук иш).

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Катышуучулар ыйык диний ырым-жырымдарды жаздыруунун этикалык жагын иштеп чыгышат, илимий кызыкчылык менен маданиятка болгон сый-урматтын ортосундагы эпке келүүчү жолдорду (компромисстерди) сунушташат, ошондой эле изилдөөчүлөр үчүн жамааттын макулдугун жана муктаждыктарын эске алган практикалык жүрүм-турум кодексин түзүшөт (презентация аркылуу).

## III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)

1. **Кейс-талдоо:**
   - этнографтардын жана музыка таануучулардын жашоосундагы конкреттүү кырдаалдарды талдоо;
   - изилдөө менен этиканын ортосундагы чыр-чатактардын реалдуу мисалдарын талкуулоо.
2. **Маек куруу жана реконструкция усулу:**
   - студенттер Монголиядагы казак жамаатынын тургундарынан алган маектерди сахналаштыра алышат;

- окуу практикасы катары маектин (интервьюнун) суроолорун түзүү жана «жоопторун» чечмелөө.

3. **Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү усулдары**
   - «Муундарга кат»: келечек муундар өз элинин сөөк коюу маданиятына кандай мамиле кылышын каалаарыңды жаз.
   - «Аналогиялар»: үн курамын башка маданияттар менен салыштыргыла (тибеттик диний ырым-жырымдар, православдык ырдоо, Грузиядагы кошок ж.б.).



## Лорел Виктория Грей
## «Тамара Ханум жана Мукаррам Тургунбаева – өзбек сахналык бийинин биринчи өкүлдөрү (пионерлери)»

XX кылымдын башында бий жана обон элдердин маданий идентификациясынын жана өзүн-өзү аныктоосунун маанилүү каражаты боло баштаган кезде, Тамара Ханум (1906-1991) жана Мукаррам Тургунбаева (1913-1978) өзбек бийи тармагында белгилүү инсандар болгон. Экөө тең большевиктердин революциясына чейин пайда болгон жана ал кезде Орус Түркестандын курамына кирген Фергана өрөөнүндөгү Маргиландын тегерегинен болушкан. 1920-жылдары бул аялдар үчүн эл алдында сахнага бий менен чыгуу чынында эле өтө кооптуу болгон. Саясий туруксуздуктун жана басмачылар тарабынан ар кандай коркутуулар күчөп турган кезде, андан кийин сталиндик репрессиялардын учурунда бул аялдар аталган коркунучтарга карабастан карьераларын улантып, СССРде гана эмес, чет өлкөлөргө дагы чыгып, өлкөлөрдүн ортосундагы маданий алмашууга олуттуу таасирин тийгизген.

**I. КЕЙС-СТАДИ: «Салттуу өзбек бийдин Советтер Союзуна жана андан тышкары чет өлкөлөрдүн маданий өнүгүүсүнө тийгизген таасири»**

**Киришүү бөлүгү**

Студенттер өзбек обонунун коштоосунда мугалим менен бирге өзбек бийинин элементтерин, тактап айтканда, колдун билектеринин жана ийиндин кыймылдарын үйрөнүшөт.

**Акыл калчоо (Мээ чабуулу)**: Экранда эки белгилүү бийчинин сүрөтү көрсөтүлөт. Алардын кимиси ким экенин тапкыла? Эмне үчүн? Тексттен цитаталарды келтиргиле.

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Тамара менен Мукаррам өлкөдөгү саясий кырдаалдан (басмачылар, сталиндик репрессиялар ж.б.) келип чыккан коркунучтарды жана чектөөлөрдү кантип жеңишкен?
2. Тамара Ханум менен Мукаррам Турганбаеванын эл аралык фестивалдарга жана маданий алмашууларга катышуусу өзбек бийинин дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнө жайылышына кандай салым кошкон?
3. Борбордук Азиядагы искусство тармагында аялдарга карата кандай маданий стереотиптер жана гендердик басмырлоолор болгон? Эмне үчүн?

**Кырдаал**

Сиз XX кылымдагы бий искусствосундагы аял пионерлерге арналган эл аралык искусство фестивалынын кураторусуз. Фестивалдын борбордук фигураларынын бири катары Тамара Ханум тандалды, анын өзбек сахналык бийинин өнүгүшүнө жана Борбордук Азиядагы аялдардын эмансипациясы үчүн күрөшкө кошкон салымы эл аралык деңгээлде таанылган. Сиздин милдетиңиз – Тамара Ханум менен Мукаррам Тургунбаеванын чыныгы салымын көрсөткөн, стереотиптерди жокко чыгарган жана эл аралык аудиториянын алардын мурасына көңүлүн бурган фестивалдык программанын концепциясын иштеп чыгуу.

**II. Тапшырма**

**Чакан топтордо иштөө**

**Аналитикалык тапшырма:**

Тамара Ханум менен Мукаррам Тургунбаеванын салымына карата батыш илимий адабиятындагы негизги стереотиптерди жана терс пикирлерди талдап чыккыла. Бул стереотиптердин калыптанышына кандай тарыхый жана маданий факторлор өбөлгө болгон?

**Маданий стереотиптерге көңүл буруңуз.**

Кээ бир батыштык изилдөөчүлөр эски булактарга таянып, өзбек сахналык бийи бул советтик маданий саясаттын гана жыйынтыгы, ал эми Тамара Ханум менен Мукаррам Тургунбаеванын салымы апыртылган деп ырасташат. Алар өзбек бийинин «негизи» катары программага орус балетинин элементтерин киргизүүнү талап кылышат. Өзбек сахналык бийинин «орус тектүүлүгү» жөнүндөгү ырастоону четке каккан жана эки бийчинин тең уникалдуу салымын баса белгилеген фестивалдын пресс-релизи үчүн далилдүү, аргументтелген текст түзүңүз (300–400 сөз).

1. **Чыгармачыл тапшырма**

Тамара Ханумдун жана/же Мукаррам Тургунбаеванын өмүр жолун жана чыгармачылыгын чагылдырган театрлаштырылган спектаклдин, оюндун концепциясын иштеп чыгыңыздар (аталышы, негизги идеясы, маанилүү көрүнүштөрү, музыкалык коштоосу). Алардын коомдук ченемдерге каршы күрөшүн, өзбек бийине кошкон салымын жана эл аралык таасирин көрсөтүү зарылдыгын эске алыңыздар.

**Мурунтан калыптанган жаңылыш гендердик ой, пикирлерге көңүл буруңуз**.

Батыш прессасында Тамара Ханум жөнүндө көп учурда анын жетишкендиктери күйөөсү Мухитдин Кари-Якубов менен байланыштуу деп жазышат, анын өз алдынча жолун жана көп кырдуу салымын этибарга албай коюшат. Эмне үчүн силер бийчилердин бирин же алардын биргелешкен мурасын тандаганыңыздарды негиздеңиз.

2. **Билим берүүчүлүк тапшырмасы**

Фестивалдын катышуучулары үчүн өзбек сахна бийи боюнча мастер-класстын планын түзгүлө (жашы 16+, даярдык деңгээли – башталгыч). Бийдин

максатын, узактыгын, негизги элементтерин (мисалы, билектин кыймылдары, дойранын ритмдери) жана аларды өздөштүрүү ыкмаларын көрсөтүңүздөр. Мастер-класска кыскача киришүү даярдаңыз (100–150 сөз), анда бийди маданий контекст жана Тамара Ханум менен Мукаррам Тургунбаеванын мурасы менен болгон байланыштарын түшүндүрүңүз.

3. **Коммуникациялык тапшырма**
   Фестивалдын батыштык өнөктөштөрү үчүн кат жазыңыз (200–250 сөз), анда программа эмне үчүн чыныгы өзбек бий салттарына басым жасашы керектигин жүйөлүү себептер менен түшүндүрүңүз. Бул аудиторияны тартууга жана фестивалдын маданий баалуулугун жогорулатууга кандайча жардам берерин көрсөтүңүз.»

**Күтүлүүчү натыйжалар**:

1. Катышуучуларды Тамара Ханум менен Мукаррам Тургунбаеванын өзбек сахналык бийинин өнүгүшүнө кошкон салымы менен тааныштыруу.
2. Маданий стереотиптерге жана мурунтан калыптанган жаңылыш гендердик ой, пикирлерге карата сынчыл талдоонун көндүмдөрүн өнүктүрүү.
3. Искусство тармагында чыгармачыл жана билим берүү долбоорлорун иштеп чыгуу жөндөмүн калыптандыруу.
4. Эл аралык контексттеги маданий өзгөчөлүктү аргументтүү коргоого үйрөтүү.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

1. **Эдвард де Бононун «Ой жүгүртүүнүн алты шляпасы»**. Студенттер тексттеги кырдаалдарды ар кандай көз караштардан талдашат: эмоционалдык, логикалык, сынчыл, позитивдүү, чыгармачылык жана аналитикалык.
2. **«Пикирлер галереясы»**. Аудиториянын ичине тексттердин темасына байланыштуу ар кандай тастыктамаларды (утверждения) илип, студенттерге ошол тастыктамалардын кайсынысы менен макул экендигин тандатыңыз жана өз позицияларын негиздеп берүүсүн сунуштаңыз.
3. **Салыштырма талдоо усулу**. Ар кандай авторлордун окшош маселелерге болгон мамилелерин салыштыргыла, мисалы, цензурага кабылган жазуучулардын жана эркин коомдо иштеген жазуучулардын чыгармачылыгын.

## Таня Мерчант
## «Аялдар жана дутар: аялдык касиетти, назиктикти үн аркылуу жаныдан түшүндүрүү (репрезентациялоо)»

Бул макалада Таня Мерчант Борбордук Азиядагы аялдар арасында кеңири таралган эки кылдуу чертме музыкалык аспап – дутарда ойногон аялдардын музыкалык практикасын изилдейт. Дутарда ойноо аркылуу автор гендердик иденттүүлүк, маданий мурас жана социалдык өзгөрүүлөр (трансформация) маселелерин изилдейт. Этнографиялык изилдөөлөргө жана тарыхый булактарга таянуу аркылуу макалада дутардын үй-бүлөлүк жана коомдук чөйрөлөрдө кандайча колдонулганы, анын символикалык мааниси, ошондой эле аялдар үчүн өзүн-өзү көрсөтүүнүн көркөм каражаты катары изилденет.

Дутардын музыкалык билим берүү системасындагы ордуна, аялдар ансамблдеринин советтик доордон азыркы мезгилге чейинки трансформациясына, ошондой эле аялдардын музыка жаратуусун жайылтууда телевидениенин жана социалдык тармактардын ролуна өзгөчө көңүл бурулат. Бул эмгек Борбордук Азиядагы музыканы жана гендерди изилдөөдө маанилүү салым болуп саналат.



## I. КЕЙС-СТАДИ: «Аялдар жана дутар. Борбордук Азиядагы аялдык касиетти, назиктикти үн аркылуу жаныдан түшүндүрүү (репрезентациялоо)»

Дутар, эки кылдуу музыкалык аспап, Борбордук Азиянын, өзгөчө Өзбекстан менен Тажикстандын музыкалык маданиятында өзгөчө орунду ээлейт. Тарыхый жактан алганда бул аспап мээримдүүлүктү, назиктикти элестетет, аялдар аны ар кандай контекстте ойношот: үйдө ойноодон баштап сахнада аткарганга чейин. Бул кейсте дутардын ролу аялзатынын назиктик символу катары, анын Өзбекстандагы тарыхый мааниси жана азыркы учурдагы колдонулушу каралат.

**Көйгөйлүү маселелер:**

1. Адамдар жеке эмес, топтордо аспаптарда ойногондо эмне өзгөрөт? Дутар жана сизге тааныш башка аспаптын кээ бир өзгөрүүлөрүн санап бериңиз.
2. XX кылымга чейин аялдар дутарда кайсы жерлерде чертчү эле? Убакыттын өтүшү менен бул аткаруучулук контекст кандай өзгөрүп жатты? Өзүңүздүн тандооңуз боюнча. Убакыттын өтүшү менен аткаруучулук контекстти өзгөрткөн башка музыкалык практика менен салыштырыңыз.
3. Дутарды үйрөнүп жаткан окуучулар өз аспаптарын жазма ноталар менен дагы, угуу аркылуу да үйрөнүшөт. Ушундай жол менен дагы кандай практикалар үйрөнүлөт жана изилденет? Окутуунун ар бир ыкмасынын оң жана терс жактарын талкуулаңыз.

**Кырдаал:**

Сиз өзбек музыкалык маданиятындагы дутардын ролун изилдеген этникалык музыка боюнча изилдөөчүсүз. Борбордук Азиянын музыкалык мурасын сактоо долбоорунун алкагында сиз этнографиялык маалыматтарга жана тарыхый булактарга, ошондой эле XIX-XX кылымдардагы саякатчылардын илимий иштерине жана баяндарына негизделген анализ жүргүзүп жатасыз, анын ичинде дутар черткен аялдар Малика Зияева жана Рузиби Ходжиева менен болгон маектер дагы бар. Сиздин максатыңыз – кантип дутар гендердик ролдорду чагылдырарын жана аялдар бул аспапты өзүн көрсөтүү үчүн кандай колдонорун аныктоо: үйдөгү жеке аткаруудан баштап, эл алдындагы концерттерге жана медиага чейин.

## II. Тапшырма

### Тарыхый маалыматтарды талдоо

Берилген булактардын (саякатчылардын баяндары, илимий адабияттар) негизинде XIX кылымдан азыркы убакытка чейин дутарда ойногон аялдардын чеберчилигинин өнүгүүсүн чагылдырган кыскача хронология түзүңүз (200 сөзгө чейин).

1. **Этнографиялык талдоо**. Зияева жана Ходжиева менен болгон маектерди колдонуп, дутар аял музыканттарды алардын тарыхый жана маданий

мурастары менен кантип байланыштырарын сүрөттөп бериңиз. Үчтөн кем эмес конкреттүү мисал келтириңиз (300 сөзгө чейин).

2. **Контексттерди салыштырма талдоо**. Дутардын жеке (үй-бүлөдөгү) ролун жана коомдук (концерттик, медиалык) чөйрөлөрдөгү ролун салыштырып чыгыңыз. Бул контексттер назиктикти, аялдык касиетти кабылдоодо кандай таасир тийгизерин аныктаңыз (250 сөзгө чейин).
3. **Жайылтуу боюнча сунуш**. Жаш аудиторияны кызыктырып, тартуу үчүн социалдык тармактар аркылуу аялдардын дутар ансамблдерин жайылтуу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгыңыз (3–5 пункт) (200 сөзгө чейин).



**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Студенттер дутар аялзатынын аялдык касиеттинин, назиктиктин символу катары, ошондой эле анын тарыхый жана маданий ролун түшүнгөндүгүн көрсөтүшөт.
2. Катышуучулар этнографиялык маалыматтарды тарыхый процесстер менен байланыштыра алышат жана аялдардын музыкалык практикасынын адаптациясын түшүндүрө алышат.
3. Медианын салттуу музыканы жайылтуудагы тийгизген таасири жөнүндө түшүнүк калыптанат.
4. Студенттер музыкалык мурастарды сактоо жана жайылтуу боюнча чыгармачыл идеяларды сунушташат.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

1. **Инсерт.** Окуучулар текстти окуп, анын четине карандаш менен атайын белгилерди коюшат же негизги ойлорду, идеяларды, суроолорду белгилешет. Мындай ыкма текст менен активдүү иштешүүгө жана маанилүү маалыматты белгилеп алууга жардам берет.

   Белгилерди колдонуу менен активдүү окуу:

   - I – Interesting (кызыктуу)
   - N – New (жаңы)
   - S – Surprising (таң калыштуу)
   - E – Essential (маанилүү)
   - R – Review (кайра карап чыгуу)
   - T – Thinking (ойлонуу)
2. **Негизги сөздөрдү жана фразаларды талдоо**. Аялдык касиет, назиктик, дутар, музыкалык маданият темалары менен байланыштуу негизги сөздөрдү жана фразаларды белгилөө жана талдоо. Бул негизги түшүнүктөрдү, концепцияларды жана алардын өз ара болгон байланышын аныктоого мүмкүндүк берет.
3. **Менталдык (акыл) карталарды түзүү**. Менталдык (акыл) карталар аркылуу тексттин түзүлүшүн жана идеялардын ортосундагы байланыштарды визуалдык түрдө чагылдыруу. Бул маалыматты системалаштырууга жана жалпы көрүнүштү көрүүгө жардам берет.

## Бахриниссо Кабилова, Рухайё Каримова «Аялдардын ырлары тарых катары»

Макала аялдардын ырларын өзгөчө баяндоо формасы катары түшүнүүгө арналган, анткени аялдар ыр аркылуу өздөрүнүн жашоо тажрыйбасын, сезимдерин жана дүйнөгө болгон көз карашын билдиришет. Авторлор аялдардын ырларын оозеки элдик чыгармачылыктын бир бөлүгү катары гана эмес, аялдардын баштан өткөргөн сезимдери, тажрыйбалары жана жашоо чындыктары чагылдырылган өзүнчө «жандуу окуялар» катары карашат. Бул ырлар көптөгөн функцияларды аткарат: алар баарлашуунун бир ыкмасы, жамааттык эс тутумдун формасы, эмоционалдык эркиндиктин куралы жана ал тургай социалдык чектөөлөргө каршылык көрсөтүүнүн өзгөчө формасы болуп калат. Аялдардын ырларынын тематикасы, анын ичинен сүйүү жана ажырашуу, энелик жана үй-бүлөгө камкордук, жалгыздык, күнүмдүк эмгек, сагыныч жана күтүү сыяктуу аспектилер талданган. Ыр аркылуу аялдар жеке өздөрүнүн баянын жаратып жана аны башкалар менен бөлүшүп, маданияттын активдүү субъектиси болуп калышына өзгөчө көңүл бурулат. Аялдардын ыры аял өзү жөнүндө, башкалар жөнүндө, жашоо жөнүндө терең жеке жана ошол эле учурда универсалдуу көрүнүштөрүндө биринчи жактан айта ала турган мейкиндик катары көрүнөт. Ошентип, макалада аялдардын ырларынын маданий текст катары мааниси баса белгиленип, аялдардын дүйнөгө, тарыхка жана күнүмдүк жашоого болгон уникалдуу көз карашын жеткире алат.

### I. КЕЙС-СТАДИ: «Тажикстандагы аялдардын ырлары тагдырдын жана маданий өзгөчөлүктүн чагылышы катары»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Салттуу коомдо тажик аялдары социалдык жана гендердик чектөөлөрдү аялдардын ырларында (даргилик, фалак, булбулик) кантип чагылдырылган?
2. Башынан жеке трагедияларды (жакындарын жоготуу, жалгыздык, зомбулук) кечирип жаткан аялдар үчүн ырлар кантип/кандайча психотерапиялык курал болуп кызмат кылган?
3. Автордук биографиялык ырлар элдик ырлардан мазмуну жана функциясы боюнча эмнеси менен айырмаланат жана бул аялдардын чыгармачылыгындагы импровизациянын ролу жөнүндө эмне дейт?
4. Ырлар аркылуу баяндалган аялдардын окуялары тажик коомунун оозеки тарыхын жана күнүмдүк турмушун калыбына келтирүүдө кандайча колдонулушу мүмкүн?
5. Аялдардын жеке окуяларын чогултуу жана талдоо учурунда, айрыкча алар травмалык (кооптуу) тажрыйбага байланыштуу болсо, кандай этикалык жактарды эске алуу керек?

**Кырдаал:**

Маданият таануучу студенттердин тобу аялдардын ырларын оозеки тарыхтын булагы катары изилдөө ишин жүргүзүп жатышат. Алар Тажикстанга жасалган экспедицияларда чогултулган ырлардын тексттерин жана өз жашоосу жөнүндө ырдаган аялдар менен болгон маектерди изилдешет. Студенттер ырларды музыкалык же поэтикалык чыгарма катары гана эмес, аялдардын жашоосунун социалдык, гендердик жана жеке аспектилерин чагылдырган

тарыхый жана психологиялык документ катары талдоо зарылдыгына туш болушат. Негизги кыйынчылык ырлардын эмоционалдык жана маданий контекстин чечмелөөдө, ошондой эле аткаруучулардын өздөрү үчүн ошол ырлардын маанисин түшүнүүдө.



**II. Тапшырма**

**Чакан топтордо иштөө:**

1. **Материалды тандоо**. Берилген материалдардан (мисалы, Марьямдын же Сафаргүлдүн ырларынан) же ушул сыяктуу булактардан эки-үч ырды (элдик же автордук) тандаңыз. Алар кандай сезимдерди жана ойлорду билдирет?
2. **Тексттерди талдоо**. Ырлардын мазмунундагы негизги темаларды (сүйүү, жоготуу, күрөш, жалгыздык) жана алар менен аял аткаруучулардын жеке турмуштук тажрыйбалары менен байланышын талдап чыгыңыз.
3. **Контекстуалдаштыруу.** Ырлар жаралган социалдык жана маданий чөйрөнү (контекстти) сүрөттөп бериңиз (патриархалдык каада-салттар, гендердик ролдор, тарыхый окуялар).
4. **Чечмелөө** Ырлар жеке ички сезимдерди жана коомдук чындыкты кандайча чагылдырарын, ошондой эле алар аялдардын жашоосунда кандай роль ойногонун (мисалы, психотерапиялык, коммуникативдик роль) баалаңыз.
5. **Этикалык аспектилер**. Жеке окуялар, баяндамалар менен иштөөдө аял аткаруучулардын купуялыгын жана сезимдерин урматтоо үчүн кандай мамиле кылуу керектигин негиздеңиз.
6. **Корутундулар**. Аялдардын ырларын оозеки формадагы тарыхты жана маданият таанууну изилдөөлөрүндө кантип колдонулушу мүмкүн экенин жазып жана андан аркы изилдөөлөр үчүн сунуштарды бериңиз.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Студенттер ырларды жеке жана коомдук чындыкты чагылдырган көп катмарлуу маданий текст катары талдоого үйрөнүшөт.
- Маданий мурастарды сактоодогу аялдардын чыгармачылыгынын ролун түшүнүү калыптанат.
- Студенттер сынчыл ой жүгүртүүгө жана жеке тажрыйбаларды (окуяларды) изилдөөдө этикалык мамиле жасоо көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**«Акыл калчоо»:**

- Салттуу музыкалык мурасты өнүктүрүү үчүн чыгармачыл идеяларды жаратуу.
- Көйгөйлөрдү чечүүнүн стандарттуу эмес, өзгөчө жолдорун издөө.

**«SWOT-талдоо»:**

- Салттуу жана заманбап ырлардын өзгөчөлүктөрүн ачып берген ырлардын тексттерин талдоодо күчтүү жана алсыз жактарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана тобокелдиктерди баалоо.
- Салыштыруу жана тыянактар.

## Гоибназаров Чоршанбе
## «Борбордук Азиядагы музыканын гендерлештирилиши: Тажикстандагы маданиятты калыптандырууда аялдардын үндөрү»



Макалада Тажикстандын музыкалык маданиятын калыптандырууда, айрыкча Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун шартында аялдардын маанилүү ролу каралат. Автор 1940-жылдардан баштап азыркы күнгө чейин аймактын музыкалык жана поэтикалык мурасына аялдардын активдүү катышуусуна басым жасаган. Изилдөө этнографиялык маалыматтарга жана тарыхый-маданий контексттин талдоосуна негизделген, анын ичинде исламдын, советтик маданий саясаттын жана азыркы реформалардын таасири дагы кирген. Мохжон Назардодова, Сохиба Давлатшоева жана Заррина Миршакар сыяктуу аялдардын аткаруучулук, композитордук жана окутуучулук, педагогикалык ишмердүүлүктөрү чагылдырылган. Аялдардын ансамблдеринин өнүгүшүнө жана алардын Памирдин салттуу музыкасын сактоого кошкон салымына өзгөчө көңүл бурулган. Сунушталган эмгекте Борбордук Азиядагы музыкалык маданиятка аялдардын кошкон салымын жана алардын Тажикстандын азыркы маданий ландшафтындагы ролун таануунун маанилүүлүгү баса белгиленет.

### I. КЕЙС-СТАДИ: «Каада-салттардан жана тыюлардан өткөн аялдын үнү»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Тажикстанда аял киши музыка менен эркин алектене алабы?
2. Каада-салтты сыйлоо менен жеке эркиндиктин ортосундагы чек кайсы жерден өтөт?
3. Коомдогу аялдын ролу жөнүндөгү түшүнүккө, көз карашка музыка кантип таасир этет?

**Кырдаал:**

Тажикстандык жаш кыз кесипкөй ырчы болууну кыялданат. Ал салттуу жанрда ырдайт жана тажик музыкасын жаңылоону, модернизациялоону кыялданат, бирок үй-бүлөсүнүн, коомдун жана жергиликтүү диний башчылардын сынына кабылат. Аны эл аралык фестивалга катышууга чакырышат, бирок анын катышуусу коомдук талкууну, резонансты жаратышы мүмкүн.

**II. Тапшырмалар:**

1. Каармандын абалын талдап, аны чечүүчү жолдорун сунуштаңыз.
2. Социалдык тармактарда фестивалга катышуу боюнча «макул» жана «каршы» деген сурамжылоону жүргүзүңүз.
3. Музыкант кыздарды колдоо боюнча ролик даярдаңыз (1-2 мүнөт).
4. Аял-музыканттарды колдоо боюнча коомго кайрылуу кат жазыңыз.
5. Аткарылган тапшырмалардын презентациясын өткөрүңүз.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Катышуучулар Тажикстандагы аял-музыканттарга болгон тоскоолдуктарды талдап, чечимдерди сунушташат жана алардын маданиятка кошкон салымын баса белгилеген долбоорлорду түзүшөт. Сынчыл ой жүгүртүү, аргументтөө

жана маданий сезимталдык көндүмдөрү өнүгөт, музыкант кыздарды колдоо максатында ролик жаратылат, ошондой эле жазуу көндүмдөрү өнүгөт.

**II. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

1. **Долбоордук усул:**
   - Мини-долбоорду иштеп чыгуу: «Тажикстандык аял-музыканттардын тарыхы»;
   - жарнамалык максаттар үчүн көркөм иштелип чыккан ири плакат (постер), видеоролик же презентация түзүү.
2. **Талаш-тартыш (дискуссия) жана дебат усулу**

   Темалар:
   - «Аял киши элдин үнү боло алабы?»
   - «Маданият менен басмырлоонун ортосунда чек кайда?»
3. **Булактарды жана тексттерди талдоо**:
   - Маек (интервью), обондуу тексттер, клиптер, тарыхый мисалдар менен иштөө,.



## ЭТИКАЛЫК ОЮНДАР

### БИРИНЧИ ОЮН: «Оюн айтуу же унчукпоо?»

**Максаты:**

Окуучуларды аялдардын эркиндиги, каада-салттары жана укуктары жөнүндө ой жүгүртүүгө түрткү берүү үчүн адеп-ахлактык жактан татаал абалга коюу.

**Жүрүшү:**

Оюнчуларга ар кандай социалдык ролдор жазылган баракчалар таратылат (музыкант аял, ата-эне, мамлекеттик кызматкер, продюсер, имам, мугалим). Аларга төмөнкүдөй кырдаалды талкуулоо сунушталат: Аял кишинин эркин ырдап, сахнага чыгуу укугу болушу керекпи? Эмне үчүн?

Ар бир роль төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

- Өз оюн билдирүү;
- Эпке келүү жолдорун (компромисс) сунуштоо;
- Өз көз караштарын далилдөө, аргументтөө.

**Этикалык дилеммалардын мисалдары:**

- маданиятка сый мамиле жасоо, жеке эркиндик;
- ачык, айкын айтуу/эл алдында айыпталуу коркунучу, коомчулук тарабынан айыптоо;
- салттуу музыка жана заманбап өзүн-өзү көрсөтүү формалары.

### ЭКИНЧИ ОЮН: «Баалуулуктар жана чыр-чатактар»

**Максаты:**

Аялдар жөнүндөгү ырларда чагылдырылган баалуулуктарды жана алардын ортосунда келип чыккан чыр-чатактарды аныктоо.

**Жүрүшү:**

- Катышуучулардын ойлору боюнча ырларда бар деп эсептелген баалуулуктардын тизмесин түзүшөт (мисалы, үй-бүлө, сүйүү, берилгендик, эркиндик, адилеттүүлүк).
- Студенттер бул баалуулуктар ар кандай ырларда кантип чагылдырылгандыгын талдашат жана алардын бири-бири менен карама каршы болгон учурларын аныкташат.
- Андан кийин алар ырлардын мазмунунда жашырылган этикалык маселелерди талкуулашат.

# 4 Бөлүм

# ГЕНДЕР
# (4 саат – 2 сабак)



1. Ева Леннарц «Заманбап баатырлар: Казакстандын чыгармачылык тармагындагы (индустриясындагы) аялдар» (Казакстан).
2. Джунскалиева Дина «Таасир этүүчү күч: Бопай Ханым менен Курманжан Датканын көчмөн Борбордук Азиядагы аялдардын укуктарына тийгизген таасири» (Казакстан).
3. Калия Кулалиева «“МАНАС” эпосундагы аялдардын образдары» (Кыргызстан).
4. Гүлзат Баялиева «Замандын чагылышы: Кыргызстандын фольклорундагы жана оозеки чыгармачылыгындагы аялдардын сюжеттери» (Кыргызстан)

## Ева Леннарц
## «Заманбап баатырлар: Казакстандын чыгармачылык тармагындагы (индустриясындагы) аялдар»

**I. КЕЙС-СТАДИ: «Казакстандын чыгармачылык тармактарындагы аялдардын ишкердүүлүгү: каада-салттарды жеңүү жана жаңы иденттүүлүктү (окшоштукту) түзүү».**

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Казакстандын чыгармачыл тармактарындагы аялдардын ишкердүүлүгүнүн өнүгүшүнө кандай факторлор өбөлгө түзөт жана тоскоолдук кылат?
2. Аял ишкерлерди колдоодо социалдык тармактардын жана коомчулуктун ролу кандай?
3. Казакстандагы жаңы аялдык иденттүүлүктүн калыптанышына маданий каада-салттардын жана тарыхый мурастын тийгизген таасирлери кандай болот?
4. Өлкөдө аялдардын ишкердүүлүгүн андан ары өнүктүрүү жана чыгармачыл тармактарды колдоо үчүн кандай иш-чаралар көрүлүшү мүмкүн?

**Кырдаал**

Айгүл, Алматынын 32 жаштагы тургуну, аялзатынын ролун үй-бүлөнүн очогун сактаган, үй жумушун аткарган салттуу баалуулуктар өкүм сүргөн үй-бүлөдө чоңойгон. Ага карабастан, ал кичинекей кезинен эле дизайнга кызыгып, казак оюларынан жана заманбап модадан шыктанган өзүнүн жеке менчик брендди жаратып, кийимдерди тигүүнү кыялданган. Графикалык дизайн жаатында билим алгандан кийин, Айгүл бир катар кыйынчылыктарга туш болду: үй-бүлөнүн патриархалдык күтүүлөрү, каржылоонун чектелгендиги жана Казакстандагы чыгармачыл тармактарында (индустрияларында) аялдарга колдоо көрсөтүүнүн жетишсиздиги. 2023-жылы ал өзүнүн стартапын – салттуу казак оймо-чиймелеринин минималисттик дизайны менен айкалыштырылган, эл аралык сатып-алууларга багытталган «Nomad Threads»

кийим жеке менчик брендин –ишке киргизүүнү чечти. Бирок, долбоорду ишке ашыруу жолунда ал бир нече тоскоолдуктарга туш болду. Айгүл өзүнүн жеке менчик брендин («Nomad Threads») илгерилетүү үчүн кантип заманбап технологияларды (мисалы, санариптик маркетинг, e-commerce) колдоно алат?

**II. Тапшырмалар:**

1. Айгүл долбоорду ишке ашыруу жолунда кандай тоскоолдуктарга туш болгонун талкуулагыла жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун сунуштагыла.
2. Айгүлдүн жеке менчик брендин дүйнөлүк деңгээлде жайылтуу, таанытуу үчүн кандай заманбап технологияларды жана платформаларды сиз сунуштайт элеңиздер?
3. Гендердик стереотиптерди өзгөртүүгө, жаңы иденттүүлүктү калыптандырууга жана Казакстандын экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн аялдардын ишкердүүлүгүнүн ийгиликтүү мисалдарынын (1-3 ) презентациясын даярдагыла.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Чакан топтордун презентациялары, Айгүл менен маектешүү үчүн суроолор, жеке менчик бренддерди таанымал кылып жайылткан онлайн платформалар жөнүндө кыскача баяндама (OZON, AMAZON, WILDBERRIES).

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша).**

**Кейс-стади усулу:**

- Казахстандагы чыгармачылык индустрияларындагы ийгиликтүү жана ийгиликсиз аялдардын ишкердик долбоорлорунун реалдуу мисалдарын изилдөө.
- Ийгилик жана ийгиликсиздик факторлорун талдоо, жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана көрүнүштөрдү (тенденцияларды) аныктоо.

**Талкуулоо усулу:**

- Ишкер аялдарга туш болгон көйгөйлөрдү жана чакырыктарды талкуулоо.
- Тажрыйба жана идеяларды бири бири менен алмашуу, жамааттык чечимдерди издөө.

**Долбоордук ишмердүүлүк усулу:**

- Катышуучулар тарабынан чыгармачыл индустриялардагы жеке бизнес-долбоорлорду иштеп чыгуу.
- Сунушталган жана кабыл алынган билимдерди жана көндүмдөрдү иш жүзүндө колдонуу.

# Джунскалиева Дина
# «Таасир этүүчү күч: Бопай ханым менен Курманжан Датканын көчмөн Борбордук Азиядагы аялдардын укуктарына тийгизген таасири»

Бул макала аялдардын укуктарын өнүктүрүүдө жана салттуу көчмөн коомдогу аялдардын коомдук-саясий абалын бекемдөөдө негизги ролду ойногон Борбордук Азиянын көрүнүктүү эки аялдын – Курманжан Датка менен Бопай Ханымдын – өмүр жолун жана тарыхый жактан кошкон салымын талдоого арналган. Автор алардын жеке сапаттарын, лидерлик жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле тышкы жана ички коркунучтар мезгилинде өз элдеринин арасында туруктуулукту жана биримдикти сактоого мүмкүндүк берген чыр-чатактарды тынчтык жолу менен жөнгө салуу ыкмаларын кеңири карап чыгат. Курманжан менен Бопайдын патриархалдык чектөөлөргө карабастан, өз жамааттарынын кызыкчылыктарын коргоо үчүн дипломатияны, акылмандуулукту жана стратегиялык ой жүгүртүүнү колдонуп, өз таасирин кантип ишке ашыра алышканына өзгөчө көңүл бурулат. Макалада алардын аракеттери өз мезгилинин саясий кырдаалын гана өзгөртпөстөн, Казакстан менен Кыргызстанда жаңылануу (модернизация), билим берүү жана аялдардын укуктарын кеңейтүү процесстерине узак мөөнөттүү таасир этүү үчүн негиз салганы баса белгиленет. Бул иштин максаты аталган тарыхый инсандарга таазим этүү гана эмес, ошондой эле Борбордук Азиядагы аялдардын азыркы муунун шыктандыруу менен бирге аялдардын лидерлиги ар дайым аймактын маданий жана тарыхый мурасынын маанилүү бөлүгү болуп келгендигин көрсөтүү болуп саналат.

## I. КЕЙС-СТАДИ: «Лидерликтин күчү: Бопай Ханым менен Курманжан Датканын Борбордук Азиядагы аялдардын укуктарына тийгизген таасири»

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Бопай Ханым менен Курманжан Датка патриархалдык коомдордо аялдардын укуктарын кеңейтүү үчүн өз көз караштарын кантип колдонушкан?
2. Алар кандай тоскоолдуктарды жеңип чыгышкан жана алардын тажрыйбасы азыркы аял жол башчылар (лидерлер) үчүн кандай пайда алып келиши мүмкүн?
3. Алардын лидерликке) болгон дипломатиялык жана тынчтык орнотуучу мамилелери заманбап чыр-чатактарды чечүүгө кандай түрткү берип, кантип таасир эте алат?
4. Бүгүнкү күндө гендердик теңчиликти жайылтууда, алдыга жылдырууда алардын мурасынын кайсы аспектилери эң керек, эң актуалдуу?

**Кырдаал**

Сиз Борбордук Азиянын гендердик изилдөөлөр жана тарыхы боюнча эл аралык конференциянын катышуучусуз. Конференция «Салттуу коомдордогу аял лидерлер» аттуу темага арналган. Сиздин милдетиңиз – гендердик теңчилик боюнча заманбап демилгелерди шыктандырган Борбордук Азиядагы саясий лидерлер аялдар (мисалы, И.Ганди, Б. Бхутто, Р. Отунбаева ж. б.) жөнүндө презентация даярдоо.

**II. Тапшырмалар:**

1. Бопай Ханым менен Курманжан Датканын жашоосундагы аялдардын укуктарына жана социалдык өзгөрүүлөргө тийгизген таасирин чагылдырган негизги учурларды талдап чыгыңыз (мисалы, Бопайдын дипломатиялык ишмердүүлүгү, Курманжандын мажбурлап никеге туруудан баш тартуусу, алардын өткөөл мезгилдеги жол башчылыгы).
2. Алардын лидерлик ыкмаларын салыштырыңыз (Бопайдын тынчтык дипломатиясы, Курманжандын салт менен жаңылануунун (модернизациянын) ортосундагы тең салмактуулугу) жана алар патриархалдык чектөөлөрдү кантип жеңгенин түшүндүрүңүз.
3. XX-XXI кылымдардагы аялдардын мисалдарын Борбордук Азиядагы заманбап билим берүү программаларына, гендердик теңчилик боюнча иш-чараларга же коомдук демилгелерге кантип интеграцияланышы мүмкүн болорун сунуштаңыз.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Аялдар арасында лидерлик, дипломатия боюнча презентацияларды даярдоо жана саясаттагы лидер болгон аялдардын сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу.

**III. Усулдук камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша).**

**Өмүрдү баяндоо усулу**. «Лидердин басып өткөн жолун» талдоо. Катышуучулар Бопай менен Курманжандын жашоосунун этаптарын (жаштык, нике, лидерлик, өткөөл мезгилдери) белгилеп жана алар патриархалдык тоскоолдуктарды кантип жеңгенин талкуулашат.

**Талкуулоо. «Ысык орундук»**. Катышуучулардын бири Бопай же Курманжан датканын ролун аткарып, алардын чечимдери тууралуу топтун суроолоруна жооп берет (мисалы: «Эмне үчүн тынчтык үчүн уулуңузду курмандыкка чалдыңыз?»).

**Визуалдаштыруу**. Бопай менен Курманжандын жетишкендиктерин жана кыйынчылыктарын чагылдыруу менен алардын сүрөттөрүн (портреттерин) коллаж же инфографика түрүндө түзүү. Макаладан цитаталар колдонулат.

**Эссе же күндөлүк**. Катышуучулар «Курманжан менен Бопай азыркы заманбап аялдарды кантип шыктандырышат?» деген темада эссе жазышат же сабактардан кийин өздөрүнүн ойлорун жазып, күндөлүк жүргүзүшөт.

## Гүлзат Баялиева
## «Замандын чагылышы: Кыргызстандын фольклорундагы жана оозеки чыгармачылыгындагы аялдардын сюжеттери»

Макалада кыргыз фольклорундагы аялдардын архетиптеринин ролу жана алардын азыркы коомго тийгизген таасири каралат. Жоокер аялдар, энелер жана курмандыктар сыяктуу аялдардын салттуу образдары жана алардын маданий баалуулуктар жана гендердик стереотиптер менен байланышы талданат. Бул архетиптер коомдук күтүүлөрдү, аялдардын эркиндигин жана өзүн-өзү көрсөтүүсүн кантип чагылдырарына өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле фольклордук образдар кантип шыктандыруучу булак боло алары, бирок ошол эле учурда аялдардын потенциалын жана укуктарын кабыл алуудагы чыныгы өзгөрүүлөргө тоскоолдук жараткан салттуу ролдорду колдой

турганы изилденет. Макалада ошондой эле азыркы заманбап коомдогу аялдардын чектөөлөрүн жеңүү жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн фольклордук архетиптерге сынчыл ой жүгүртүүнүн маанилүүлүгү каралат.

## I. КЕЙС-СТАДИ: «Эпостогу аялдын үнү: каада-салт менен замандын ортосунда»

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Кыргыз фольклорунда жана оозеки чыгармачылыгында аялдын тагдыры жана ролу кандай чагылдырылган?
2. Заманбап маданиятты кабыл алуудагы бул образдардын мааниси кандай?

**Кырдаал**

Силер кыргыз фольклорун изилдеген студенттерсиңер. Изилдөө процессинде эпостордогу, жомоктордогу, санжыралардагы аялдардын образдары ар кандай өңдөргө ээ экенин байкайсыздар: кынтыксыз, идеалдаштырылгандан баштап трагедиялууга чейин. Сиздин милдетиңиз –салттуу коомдогу аялдын ролу кандай болгонун жана анын образы бүгүнкү күндө кандай өзгөрүп, трансформацияланып жатканын түшүнүү.

**II. Тапшырмалар:**

1. Кыргыз фольклорунан аялдардын образдарынын мисалдарын табыңыз (мисалы, Каныкей, Жаңыл Мырза, Курманжан Датка).
2. Бул каармандарга кандай сапаттар таандык экенин талдап чыгыңыз.
3. Фольклордук образдарды кыргыз коомундагы азыркы заманбап аялдар менен салыштырыңыз.
4. Корутунду чыгаргыла: каада-салт стереотиптерди күчөтөбү же, тескерисинче, аялга күч жана кадыр-барк береби?

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Тандалып алынган аялдардын образдары боюнча Венндин диаграммасын даярдагыла жана төртүнчү тапшырма боюнча талкуу жүргүзгүлө.

**III. Текст менен иштөөдөгү колдонуучу усулдар менен ыкмалар**

- «Жоон жана ичке суроолор» – сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн (мисалы: Эмне үчүн Каныкей Манаска жардам берет? Ал азыркы шарттарда эмне кылмак?).
- «Кластер» же «акыл картасы» – образдарды жана алардын өзгөчөлүктөрүн визуалдаштыруу.
- «Каарман менен маек» – окуучу каармандын ролун аткарат, башкалар суроолорду беришет.
- «Эки бөлүктүү күндөлүк» – тексттен цитаталарды тандап алуу жана аларга комментарийлерди жазуу.
- «Доорлор ортосундагы көпүрө» – салттуу баалуулуктарды жана алардын азыркы чечмеленишин салыштыруу.

## Калия Кулалиева
## «Манас» эпосундагы аялдардын образдары»

Бул макала кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын эң улуу эстеликтеринин бири болгон «Манас» кыргыз баатырдык эпосундагы аялдардын образдарын талдоого арналган. Аял каармандары башкы каармандардын шериктери катары гана эмес, адеп-ахлактык, руханий жана маданий баалуулуктарды өз алдынча алып жүрүүчүлөр катары да каралат. Манастын ыймандуу, акылдуу жана эр жүрөк жубайы Каныкей менен Семетейдин тарбияланусунда жана калыптандыруусунда маанилүү орун ээлеген акылман чоң эне Чыйырды сыяктуу образдарга өзгөчө көңүл бурулат. Алардын образдары аркылуу салттуу кыргыз коомундагы үлгүлүү аялдын негизги өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн: үй-бүлөгө жана элге берилгендик, ак ниеттүүлүк, чынчылдык, акыл-эстүүлүк жана руханий туруктуулук. Автор эпостогу аялдар экинчи орунда эмес, тескерисинче, уруунун сактап калуучулары, элдик акылмандуулуктун куту, өткөрүп берүүчүлөрү жана каармандар үчүн адеп -ахлактуу үлгүлөр экендигине басым жасайт. Алар тагдыр чечүүчү окуяларга катышып, баяндын жүрүшүнө таасир этип, туруктуулуктун жана адеп-ахлактык тазалыктын маанилүү үлгүлөрү болуп кызмат кылышат. Ошентип, «Манас» эпосундагы аялдардын образдары эркектердин баатырдык саптарын толуктап гана тим болбостон, кыргыз элинин маданий жана этикалык түшүнүктөрүнүн бай системасын чагылдырат.

**I. КЕЙС-СТАДИ: «Аялзаты элдик рухтун сакчысы катары: “Манас” эпосундагы образдар»**

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Эмне үчүн «Манас» эпосундагы аялдардын образы жалпы каармандардын 10% кем бөлүгүн түзсө дагы, сюжетке олуттуу таасир тийгизет?
2. Акеркеч менен Каныкжандын образдары кыргыз жана түрк коомдорунун баалуулуктарын кандай чагылдырат? Аялдардын образдары аркылуу кандай маданий каада-салттар (мисалы, ысым коюу, меймандостук) сүрөттөлгөн?
3. Эпосто эң көп кездешүүчү аялдардын ысымдарынын маанилерин түшүндүрүп, ачып бергиле.

**II Чакан топтордо иштөө:**

- Акеркеч менен Каныкжандын образдарын салыштыргыла: алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары эмнеде? Каныкжан менен Жакыптын ортосундагы диалогду талдагыла: ал кандай сезимдерди, эмоцияларды жана баалуулуктарды билдирет?
- Акеркеч менен Каныкжандын образдарын азыркы контекстте (мисалы, тарбия берүүдө же адабиятта) кантип колдонсо болорун сунуштагыла.
- Заманбап аялдардын ысымдарына талдоо жүргүзүп, кыздарга ысым коюунун азыркы каада-салттарын аныктагыла.

**Күтүлүүчү натыйжалар**

К. Кулалиеванын макаласына таянып, төмөнкү таблицаны толуктагыла

| Каарман | | Жеке сапаттары |
|---|---|---|
| Акеркеч | | Акылмандык, меймандостук |
| | | |
| | | |



Топтор заманбап аялдардын ысымдары боюнча жоопторун презентация түрүндө даярдашат.

**III. Усулдук камсыздоо**

**Текстуалдык талдоо**

Текстти Акеркеч менен Канымжанга арналган бөлүктөргө бөлүп, алардын сүйлөгөн сөздөрүн, кыймыл-аракеттерин жана далилдерин талдоо.

**Визуалдаштыруу**

Аял каармандар жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү максатында графикалык куралдарды колдонуу:

- Аял каармандарынын санын топтор боюнча (каармандар, магдар, Каныкейдин шериктери) көрсөткөн диаграмманы түзүңүз.
- Каармандардын туугандык байланыштарын көрсөткөн «генеалогиялык даракты» түзүү (мисалы, Канымжан – Мендибайдын энеси, Акеркеч – Көкчөнүн аялы)

## ЭТИКАЛЫК ОЮНДАР

**БИРИНЧИ ОЮН: «Бопайдын дипломатиясы»**

**Максаты:**

Гендердик чектөөлөрдүн шартында чыр-чатактарды дипломатиялык жол менен чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Форматы:**

Ролдук оюн. Катышуучулар: 8-12 адам, 3-4 адамдан турган чакан топтор уюшулат.

**Сценарий**

Катышуучулар өздөрүн 1748-жылы Абул Хайр хан өлтүрүлгөндөн кийинки Бопай Ханымдын кеңешчилери катары сунушташат. Ар бир чакан топ кырдаал жазылган карточкаларды алышат.

**Биринчи кырдаал:** Кичүү жүздүн казактары Абул Хайр үчүн өч алууну талап кылышууда, бирок мындай чечим Барак хан менен согушууга алып келиши мүмкүн.

**Экинчи кырдаал**: Россия бийлиги Бопайдын уулун барымтада кармап, хандыктын баш ийүүсүн, туруктуулун талап кылууда.

**Үчүнчү кырдаал**: Патриархалдык каада-салттарга карабастан Бопай өзүнүн уулу Нуралыны хан деп таанууга аксакалдарды ишендирип, көндүрүшү керек.

**Оюндун жүрүшү:**

1. Чакан топтор кан төгүүдөн алыс болуп, дипломатия жана тынчтык орнотуу ыкмаларын колдонуу менен Бопай маселени кантип чече аларын талкуулашат.
2. Ар бир чакан топ өз чечимдерин (мисалы, орус ханышасына кат жолдоо, уруулар менен сүйлөшүүлөр) сунушташат жана гендердик чектөөлөрдү алар кантип эске алганын түшүндүрөт.

3. Алып баруучу суроолорду берет: «Кантип Бопай жеке кызыкчылыктары менен элдин жыргалчылыгынын ортосунда тең салмактуулукту сактай алды?» же «Патриархалдык коомдо дипломатия натыйжалуу боло алабы?»
   Оюндун узактыгы: 40-50 мүнөт.

**ЭКИНЧИ ОЮН: «Курманжандын тандоосу»**



**Максаты:**

Курманжан Датканын татаал чечимдеринин кайрадан түзүү (моделдөө) аркылуу адептик тандоолорду түшүнүүнү өнүктүрүү.

**Форматы:**

Дебат өткөрүү.

**Катышуучулар**: эки командага бөлүнгөн 8-16 адам.

**Сценарий**

1895-жылы Курманжан өзүнүн уулу Камчыбектин өлүм жазасына тартылышына туш келет. Командалар анын кабыл алган чечими боюнча талашышат.

**Биринчи команда** (каршылык көрсөтүүнү жактагандар): Курманжан өзүнүн уулун сактап калуу үчүн көтөрүлүш чыгарышы керек, анткени мындай кадам анын кадыр-баркын бекемдейт.

**Экинчи команда** (тынчтыкты колдогондор): Курманжан кан төгүүнүн алдын алуу жана туруктуулукту сактоо үчүн тынчтыкты туура тандаган.

**Оюндун жүрүшү:**

- Командалар текстке таянып өз далилдерин, аргументтерин даярдашат (мисалы, Курманжандын дипломатиялык аракеттери, анын эли үчүн курмандыгы).
- Дебаттар үч раундда өтөт: далилдер, негиздер, аргументтер; каршы далилдер, аргументтер, тыянактар, жыйынтыктар.
- Көрүүчүлөр (эгер бар болсо) суроолорду бере алышат, ал эми алып баруучу жыйынтык чыгарып, максат «туура» жоопту табуу эмес, тандоону (дилемманы) түшүнүү экенин баса белгилейт.
- Талкуулоо: Жалпы эл үчүн маанилүү чечим кабыл алууда лидерлер кандай жеке курмандыктарга барышат?

  Оюндун узактыгы: 30-40 мүнөт.

**ҮЧҮНЧҮ ОЮН: «Ишкердин тандоосу (дилеммасы)»**

**Максаты:**

Соодадагы адептүү чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Сценарий**

Катышуучуларга чыгармачыл индустриядагы ишкер аялдарга туш болгон, кезиккен ар кандай адептик тандоолор сунушталат (мисалы, кызыкчылыктардын кагылышуусу, адилеттүү атаандаштык, интеллектуалдык менчикти коргоо).

**Мисал:** Ишкер аял уникалдуу, жеке менчик дизайнды жаратууга буйрутма алат, бирок кардар башка дизайнердин ишинин көчүрмөсүн жасап берүүнү суранат. Эмне кылуу керек?

**Талкуулоо**: Катышуучулар кырдаалдын адептик жактарын талдашат, башка чечимдерди сунушташат жана алардын кесепеттерин талкуулашат.

## Академиялык жазуу – 2 саат (бир сабак)

**Сабактын планы**: тектештирме-салыштырма эссе жазуу

**Сабактын темасы**

«Советтик жана постсоветтик Борбордук Азиядагы моношаарларындагы аялдардын экономикалык ишкердүүлүгү» аттуу салыштырма-типологиялык эссе жазуу.

**Сабактын максаттары:**

- салыштыруу жана карама-каршылык жанрындагы эссени жазуу үчүн уюштуруу схемалары менен тааныштырып анан иштеп чыгуу;
- студенттерди тарыхый мезгилдердин ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого, талдоого жана аларды жазып чыгууга үйрөтүү;
- академиялык булактарды пайдалануу менен эссе түзүү жана негиздөө көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Материалдар жана жабдуулар**

- Эссенин үлгүсү: «Борбордук Азиядагы советтик жана постсоветтик моношаарларындагы аялдардын экономикалык активдүүлүгү: салыштырмалуу талдоо».
- Төмөнкүлөрдөн үзүндүлөр:
  - Adambussinova Z. (2021);
  - Mukhina I. (2009);
  - Karrar H. H. (2016).
- Салыштырма эссе жазуу боюнча сунуштар камтылган таркатма материал.
- Доска/маркерлер же санарип проектор.
- Студенттердин дептерлери же ноутбуктары.

**Окутуунун натыйжалары**

Сабактын аягында студенттер төмөнкүлөрдү жасай алышат:

1. эки объектти салыштыруу жана карама-каршы коюу үчүн негизги учурларды бөлүп көрсөтүү;
2. так жана далилденген, аргументтелген тезистик ырастоону так жана кыскартып жазуу (формулировкалоо);
3. Эссени блоктук же этап-этабы менен (пункттан пунктка) форматта түзүмдөңүз.
4. натыйжалуу тематикалык сунуштарды жазуу, далилдерди келтирүү жана тыянактарды, жыйынтыктарды чыгаруу;
5. талдоону күчөтүү үчүн академиялык булактарды колдонуу.

**Баалоо усулдары**

- класстагы талкууларга жана жоопторго катышуу;
- эссенин үлгүсүнүн түзүлүшүн топ менен чогуу талдоо;
- кыскача жазуу түрүндөгү тапшырма: бир аспектини салыштырган абзацтын черновигин түзүү;
- үй тапшырмасы: салыштырма эссесинин планын түзүү.

**Сабактын жүрүшү**

**Киришүү** (10 мүн)

- Салыштырмалуу эссенин максатына жана түзүмүнө сереп салуу.

- Талкуулоо үчүн суроо: «Аялдардын ролун талдоодо эмне үчүн тарыхый мезгилдерди салыштыруу керек?»
- Сабактын максаттары менен таанышуу.

**Билимдерди актуалдаштыруу (5 мүн)**

- Студенттердин советтик жана постсоветтик Борбордук Азиядагы аялдардын ролу жөнүндөгү билимдерин талкуулоо.
- Негизги терминдерге сереп салуу: моношаар, эмгекти мамлекеттик жөнгө салуу, ишкердик, автономия.

**Негизги сабак (60** мүн)

1. **Эссенин үлгүсүн талдоо (15 мүн)**
   - Киришүүнү чогуу окуп, аннотация жазуу.
   - Баса белгилөө: жалпы ырастоону, фонду, мисалдарды, тезисти.
   - Талкуулоо: тезисти эмне далилдүү жана актуалдуу, керектүү кылат?
2. **Уюштуруу схемалары** (10 мүн)
   - Блоктук жана чекиттен чекитке түзүмдөрдү мисалдар менен үйрөтүү.
   - Эссенин үлгүсүнүн түзүмүн, схемасын аныктоо.
3. **Абзацтын түзүмүн практикалоо** (15 мүн)
   - Негизги бөлүктүн абзацын талдоо;
   - Тематикалык сүйлөм;
   - Колдоочу далилдер (цитаталар менен);
   - Корутунду сүйлөм;
   - Жуптарда экинчи абзацты талдоо жана жыйынтыктар менен алмашуу.
4. **Жазуу жүзүндөгү көнүгүүлөр** (15 мүнөт)
   - Бир салыштыруу пунктун тандоо (мисалы, экономикага катышуу);
   - Черновик түзүү: тематикалык сүйлөм, далилдер менен эки сүйлөм, корутунду;
   - Ыктыярчылар бири-бирине баа берүү үчүн черновиктери менен алмашышат.
5. **Өтүү, алмаштыруу жана байланыштуулук (5 мүнөт)**
   - Алмаштыруу айкаш фразалардын тизмеси **(Список переходных фраз**) («андан айырмаланып», «окшош», «бирок»);
   - Тексттин ийкемдүүлүгүн жакшыртуу үчүн сүйлөмдөрдү кайра көчүрүп жазуу практикасы.

**Корутунду** (5 мүнөт)

- Жыйынтыктоо: салыштыруу пункттарын тандоо, абзацтардын түзүмү, далилдерди колдонуу
- **Талкуулоо**: «Ошол мезгилдерди салыштыруу аялдардын бүгүнкү күндөгү экономикалык активдүүлүгүн түшүнүүгө кандай жардам берет?»
- Кийинки сабактын жарыясы: толук эссе жазуу

**Рефлексия (мугалимдин өзүн-өзү баалосу)**

- Студенттер эссенин үлгүсү жана талдоосу менен активдүү иштештиби?
- Алар өз алдынча салыштыруу пункттарын түзө алыштыбы?
- Жазуу көнүгүүсү абзацтардын уюштурулгандыгын түшүнгөндүгүн көрсөттүбү?
- Түзөтүүлөр керекпи (мисалы, тезистерге көбүрөөк убакыт, кошумча мисалдар)?

**Убакытты бөлүштүрүү:**

- Бардыгы: 80 мүнөт

- Киришүү: 10 мүнөт
- Мурунку билими: 5 мүнөт
- Негизги сабактар: 60 мүнөт
- Корутунду: 5 мүнөт

**Уюштуруу формалары:**

- Класс менен талкуулоо;
- Жуптарда иштөө (абзацтарды талдоо);
- Жеке кат жазуу;
- Өз ара, бири бирин баалоо

**Үй тапшырмасы**

Төмөнкү темалардын бирине салыштырмалуу-типологиялык эссенин толук планын түзүү:

1. Түркмөнстандагы аялдардын үй-бүлөлүк ролдорунун өзгөрүүсү (эволюциясы): революцияга чейинки жана советтик мезгилдердеги (Clement колдонуу менен, 2021).
2. Борбордук Азиянын эки өлкөсүндөгү аялдардын экономикалык катышуусу.

**Талаптар:**

- тезистик ырастоо менен киришүү;
- негизги бөлүктүн үч абзацы (тематикалык сүйлөмдөр + колдоо пункттары);
- жыйынтыктарды жалпылоо менен корутунду;
- экиден кем эмес академиялык булактарды колдонуу (APA стилинде).

## Салыштырмалуу-типологиялык эссе «Борбордук Азиядагы советтик жана постсоветтик моношаарларындагы аялдардын экономикалык активдүүлүгү: салыштырмалуу талдоо»

Борбордук Азиядагы аялдардын экономикалык катышуусу аймактын коогалаңдуу саясий тарыхы, өзгөчө советтик борборлоштурулган пландоодон постсоветтик базар экономикаларына өтүшү менен терең калыптанган. Совет доорунда моношаарлардагы аялдар мамлекеттик тармактарга киргизилип, интеграцияланып, белгилүү бир социалдык жеңилдиктер менен пайдаланышкан, бирок ошол эле убакытта катаал кесиптик ролдорго жана чектелген автономияга туш болушкан. 1990-жылдары Советтер Союзунун кыйрашы бул шаарлардын экономикалык жактан коомдун «четинде» (маргиналдашуусуна) калып калышына алып келди, бирок ошол эле учурда аялдардын ишкердиги үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты, айрыкча формалдуу эмес соодада жана карыздык милдеттенмелерге негизделген бизнесте (далилдөөчү маалыматтар; конкреттүү мисалдар).

Аялдардын экономикалык ролдорун эки доор тең калыптандыргандыгы менен иш менен камсыз кылуучу мамлекеттик жөнгө салуунун советтик моделинен кескин айырмаланып постсоветтик доор сакталып турган структуралык тоскоолдуктарга карабастан ишкердиктин активдүүлүгүнүн жогорулашына өбөлгө түзгөн. Бул эсседе Борбордук Азиянын советтик жана постсоветтик моношаарларында аялдардын экономикалык катышуусу салыштырылат, ошондой эле аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн

кеңейтүү жолдорунун эволюциясын баса белгилөө үчүн автономиядагы, ресурстарга жеткиликтүүлүктөгү жана коомдук таасирдеги айырмачылыктар талданат.

**Экономикалык катышуу: эмгекти мамлекеттик жөнгө салуу менен ишкердик ийкемдүүлүк.**

Советтик мезгилинде аялдар мамлекеттик тармактарда иштешсе, постсоветтик мезгилде аялдар экономикалык кризиске ыңгайлашып, көмүскө сектордо көз карандысыз бизнести түзүшкөн (тематикалык сунуш). Совет доорунда аялдар Казакстан менен Кыргызстандын моношаарларынын негизин түзгөн заводдордо, шахталарда жана башка ишканаларда эмгектенишкен. Алардын эмгеги гендердик теңчиликтин символу деп эсептелген, бирок иш жүзүндө жумуш орундарын бөлүштүрүү мамлекеттик квоталар жана партиялык расмий, милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон көрсөтмө буйруктар жана нускамалар менен аныкталып, жеке тандоого же ишкердикке орун аз калтырган (Adambussinova, 2021, 529-б.). СССР кулагандан кийин массалык жумушсуздук жана негизги ишканалардын жабылышы аялдарды кирешенин альтернативдүү, башка булактарын издөөгө мажбур кылды. Көпчүлүгү «челнок» соодасына, көмүскө базарларда сатууга жана трансчек аралык соодага кайрылышып, көп учурда карызга батып, алмашуу жолу менен жашоого аракет кылышкан (Adambussinova, 2021, 530-531-бб.). Мисалы, аялдар Дордой (Кыргызстан) же Барахолка (Казакстан) сыяктуу аймактык базарлардан товарларды дүңүнөн сатып алып, кээде насыяга алып, үй-бүлөсүн багуу үчүн жергиликтүү базарларда ошол алган товарларын сатышкан. Ошентип, советтик аялдардын экономикалык катышуусу туруктуу, бирок катаал болгон, ал эми постсоветтик доор ийкемдүүлүктү, тобокелге барууга даярдыкты жана инновацияларды талап кылган (жыйынтыктоочу сунуш).

**Ресурстарга жеткиликтүүлүк: расмий эмес тармактарга жана карыздарга каршы мамлекеттик жеңилдиктер**

Советтик аялдар кепилдиги бар жумуш менен камсыз кылуу, турак жай жана балдарды кароо сыяктуу мамлекеттик жеңилдиктерге ээ болушса, постсоветтик ишкер айымдар кредиттерге жана формалдуу колдоого (тематикалык сунуш) жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги сыяктуу системалуу тоскоолдуктарга туш болушкан. Советтик системада заводдо иштөө көбүнчө субсидияланган турак жай, медициналык тейлөө жана социалдык инфраструктура менен коштолгон, бирок аялдардын каржылык көз карандысыздыгы аз болгон жана жетекчилик кызматтарга сейрек көтөрүлгөн (Adambussinova, 2021, 530-б.). Буга карама-каршы, постсоветтик аялдар бизнести нөлдөн баштап курушкан, көбүнчө досторунан жана туугандарынан карызга алынган чакан насыялардан же товарлардан башташкан (Adambussinova, 2021, 531-532-бб.). Карызга негизделген соода жан багуунун, аман калуунун стратегиясына айланган. Бул учурда аялдар өздөрүнө жакын жамааттардан насыя алган. Мындай тажрыйбалар аялдарга экономикалык туруксуздукту жеңүүгө гана жардам бербестен, ишенимди жана социалдык капиталды өнүктүрүүгө көмөктөшүп, айрымдарга «коммерсант айымдардан» кадырлуу бизнес лидерлерге өтүү мүмкүнчүлүгүн берген (Adambussinova, 2021, 532-б.). Бирок, банктык кредиттер сыяктуу расмий каржы ресурстарына жетүү көпчүлүк аялдар үчүн чектелген бойдон калып, бейформал механизмдерге көз карандылыктарын күчөттү.»

**Коомдук таасир: символикалык теңчиликтин укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдүн элдик кеңейтүүсүнө каршы**

Советтик саясат үгүттөө менен квоталар аркылуу символикалык гендердик теңдикти жайылткан, бирок постсоветтик ишкердүүлүк аялдардын укуктарынын бирдей эмес кеңейишин, бирок көбүрөөк реалдуу камсыз кылды (тематикалык сунуш). Совет доорунда аялдардын эмгеги плакаттарда жана расмий баяндарда даңазаланган, бирок патриархалдык ченемдер сакталган, ошондуктан моношаарларда жетекчилик кызматтарды ээлеген аялдар аз болгон (Adambussinova, 2021, 530-б.). Буга карама-каршы, постсоветтик мезгилде «темир айымдар» пайда болду – өжөрлүгү жана тапкычтыгы менен бизнести нөлдөн баштап куруп, өз жамааттарында чыныгы бийликке ээ болгон аялдар (Adambussinova, 2021, 532-533-беттер). З. Адамбуссинованын талаа эмгегинде заводдогу жумуш орундарынан айрылгандан кийин, репутациясын түзүү максатында жана социалдык макамын куруу үчүн алаcа-берече мамилелерди колдонуу менен ийгиликтүү базар соодагерлерине айланган аялдарды сүрөттөйт (мисал). Бул окуялар ушул аялдардын экономикалык адаптацияны гана эмес, гендердик идентүүлүктүн өзгөрүшүн да чагылдырат, анткени алар үй-бүлөлөрүндө жана шаарларда урмат-сыйдын жана бийликтин жаңы формаларын курушкан (Adambussinova, 2021, 533-б.). Ошентип, советтик саясат символикалык кошулууну камсыз кылса, постсоветтик ишкердүүлүк уланып жаткан кыйынчылыктарга карабастан элдик укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн.

**Корутунду**

Борбордук Азиядагы советтик жана постсоветтик моношаарларындагы аялдардын экономикалык ролдорун салыштыруу эмгекти мамлекеттик жөнгө салуудан ишкердик активдүүлүккө чейинки татаал акырындык менен кайтарылгыс өзгөрүү процессин, эволюцияны көрсөтөт (негизги тыянактардын корутундусу). Советтик система туруктуулукту менен айрым социалдык жеңилдиктерди камсыз кылган, бирок аялдардын белгилүү бир алкакта өзүн-өзү башкаруу жана өз алдынча чечим кабыл алуу укугун, автономдуулугун жана лидерлигин чектеп койгон. Постсоветтик доор, экономикалык белгисиздикке карабастан, формалдуу эмес соода жана алаcа-берече бизнес-практика аркылуу аялдарга өз алдынча эркиндиктин, социалдык капитал жана коомдогу урмат-сыйга жаңы мейкиндиктерин түзүүгө мүмкүндүктү берди. (кеңири кесепеттер жөнүндөгү рефлексия). Мындай жылыш Борбордук Азиялык аялдардын туруктуулугун жана жаңы шарттарга, милдеттерге жана өзгөрүүлөргө тез көнүү жөндөмдүүлүктөрүн, ийкемдүүлүгүн баса белгилейт, ошондой эле алар структуралык чакырыктар шартында укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү түшүнүгүн кайрадан карап чыгууну улантышат. (тезистин тастыкталышы)

**Шилтемелер:**

1. Adambussinova, Z. (2021). Коммерсант айымдан бизнес-ледиге чейин: Борбордук Азиядагы постсоветтик моношаарлардагы аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү портрети. Китепте «Аялдар жана экономикалык ишмердүүлүк» (с. 529-534).[PDF].
2. Mukhina, I. (2009). Women and the Birth of Russian Capitalism: A History of Shuttle Trade. Journal of Women's History, 21(4), 60-86.
3. Karrar, H. H. (2016). The Bazaar Economy in Central Asia. Central Asian Survey, 35(2), 176-192

# Практикалык сабактар жана үй тапшырмасы

Салыштырма-типологиялык эссеге окуу жана даярдануу:

1. Окуунун алдында максат коюу
2. Максатты тактоо:
   - Тапшырма: Эмне үчүн ар кандай кырдаалдарда аялдардын укуктарын салыштыруу жана карама-каршы коюу маанилүү экендиги жөнүндө кыска абзац жазгыла.
   - Суроо: Сиз маалымат берүү, баалоо же ынандыруу үчүн окуйсузбу?
   - Эмне үчүн мындай салыштыруу маанилүү?
3. Алдын ала билимдерди активдештирүү
   - Тапшырма: Буга чейин Борбордук Азиядагы же башка аймактардагы аялдардын укуктары жөнүндө эмнелерди билгенсиз? Ошол билимиңиздерди тизмектеп чыккыла.

**Окуу учурунда: салыштырып активдүү окуу**

**Фокусталган окуу:**

**Тапшырма:**

- 5-бөлүмдү («Аялдар жана укуктар») кунт коюп окуңуз.
- Ыкма: Бөлүмдү карап чыгып, аталыштарына жана бөлүмчөлөрүнө көңүл буруңуз.
- Абзацтарды кылдат окуп, аялдардын укуктарына, мыйзамдардагы өзгөрүүлөргө, социалдык ролдорго жана экономикалык катышууга байланыштуу үзүндүлөрдү белгилеп же бөлүп көрсөтүңүз.
- Эскертүүлөрдү жүргүзүү: Венн диаграммасы же таблица

**Тапшырма:**

- Венн диаграммасын тартыңыз же эки мамычалуу таблица түзүңүз.
- Бир тарабын «Советтик мезгил», экинчисин – «Постсоветтик мезгил» деп белгилеңиз (же бөлүмдөн каалаган эки тиешелүү контекстти колдонуңуз).
- Окуп жатканда кесилишкен аймакты жалпы белгилер менен, ал эми өзүнчө бөлүктөрдү айырмачылыктар менен толтуруңуз.

**Таблицанын мисалы:**

| Совет мезгили | Жалпы | Совет мезгилинен кийин |
|---|---|---|
| Мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу | Аялдардын экономикалык жактан ролдору | Бейрасмий ишкердик |
| Символикалык гендердик теңчилик | Социалдык чакырыктар | Микрокредиттер жана карызга соода кылуу |

**Аннотациялоо**

**Тапшырма:**

Тилкелерге белгилерди коюңуз же суроолорду бериңиз:

- «Бул жерде аялдардын укуктук статусу кандайча сүрөттөлгөн?» Микрокредиттер жана карызга соода кылуу
- «Кандай социалдык же экономикалык укуктар өзгөрүүдө?»

- «Бул мисал окшоштукту же айырмачылыкты көрсөтөбү?»

**Цитаталарды чогултуу**

Бөлүмдөн салыштыруунун же карама-каршы коюунун негизги учурларын так чагылдырган 3–5 түз цитата табыңыз.

**Окугандан кийин: синтез жана пландоо**

**Акыл калчоо**

**Тапшырма:**

Чакан топтордо талкууланыз

- Эки мезгилдин же системанын эң маанилүү 3 окшоштугун жана 3 айырмачылыгын аныктаңыз?
- Бул окшоштуктар/айырмачылыктар эмне үчүн маанилүү?

**Тезисти түзүү практикасы**

**Тапшырма:**

- Эссеңиз үчүн тезистик билдирүүнүн долбоорун жазыңыз.
- Ишара: «[А] жана [Б] экөө тең [окшоштук] болсо да, алар [айырмачылык] боюнча айырмаланат, бул [маанилүүлүктү] көрсөтөт».

**Өнөктөш менен бөлүшүү**

**Тапшырма:**

- Эссенин кыскача планын түзүү үчүн жазууларыңызды, Венн диаграммаңызды жана тезисиңизди колдонуңуз.
- Негизги бөлүктүн ар бир абзацы үчүн негизги пункттарды тизмектеңиз (мисалы, укуктук укуктар, экономикалык мүмкүнчүлүктөр, социалдык статус).

**Өнөктөш менен бөлүшүү**

**Тапшырма:**

Өнөктөшүңүз менен планды жана тезисти бөлүшүңүз. Кайтарым байланыш менен алмашыңыз: Салыштыруу канчалык маанилүү болду? Пункттар тең салмактуубу?

**Изилдөө жана фактыларды текшерүү**

**Тапшырма:**

- Эсседе колдонууну пландаштырган бардык фактылардын же статистиканын аныктыгын текшериңиз.
- Далилдериңиздин так экенине жана 5-бөлүмдөн алынганына ынаныңыз.

**Эскертүүлөр жана кеңештер**

- Өтө окшош же бири-бирине байланышпаган темалардан алыс болуңуз

**Таблица (үлгү)**

| Этап | Тапшырма | Ыкма/инструмент | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Окуу алдында | Максат жазылган абзац, алдын ала билимдердин тизмеси | Жазуу жана талкуулоо | Окуунун так максаты |
| Окуу учурунда | Венндин диаграммасы, аннотациялоо, цитаталарды чогултуу | Визуалдык уюштургуч, белгилер | Уюштурулган салыштырма пункттар |
| Окуудан кийин | Акыл калчоо, тезис түзүү, план, өнөктөш менен алмашуу | Топтук иш Жазуу (письмо) | Эссе жазууга даярдык |
| Изилдөө | Фактыларды текшерүү | Тексттин талдоосу | Так жана тиешелүү далилдер |



- Дээрлик окшош, бирдей эки мыйзамды же эки таптакыр башка концепцияны салыштырбаңыз
- 5-бөлүмдүн чегинде болуңуз
- эссеңизди актуалдуу жана далилдүү кылуу үчүн дайындалган тексттеги маалыматты гана колдонуңуз.

## Кросс-дебаттык формат (КДФ) – 2 саат (бир сабак)

Дебаттык сессияны тандап жана ага резолюция жазуу студенттердин өздөрүнө жүктөлөт. Бул бөлүктө алдын ала студенттердин лидерлерине бул сессияны даярдоо тапшырмасын берип койсо болот.

Биринчиден, дебат үчүн резолюцияны тандап алыш керек. Дебатта кайсы позицияны ким коргойт же көрсөтө турганы тууралуу эч ким алдын ала билбеши маанилүү. Команданын позицияны тандоосу сабактын жүрүшүндө белгилүү болот. Бул үчүн чучукулак тартуу студенттерди аудиториядагы санына жараша 3 жана 5ке бөлүү жолу менен тандап, топторду түзсө да болот. Роль менен оюн пландарынын бөлүштүрүүсү биринчи бөлүмдө сүрөттөлгөн. Студенттер өз алдынча спикерлердин позицияларын бөлүштүрүшөт (премордиалисттер, реалисттер жана конструктивисттер). Биз сиздерге милдеттүү болбогон резолюцияларды сунуштайбыз. Бирок алар факультативдик сааттарда же класстан тышкары студенттер ойношу үчүн резолюциялардын ресурстук базасы болушу мүмкүн. Берилген бөлүмдүн темасына ылайык тексттерди кылдаттык менен изилдеп, талкуулар үчүн төмөнкү резолюцияларды дебат үчүн сунуштайбыз:

**Биздин команда Борбор Азия өлкөлөрүндө аялдардын көркөм образдары эркин жана жоопкерчиликтүү жеке инсан катары негизинен төмөнкү мезгилдерде чагылдырылган деп эсептейт:**

- совет мезгилине чейин;
- совет мезгилинде;
- көз карандысыздык мезгилинде.

**Биздин команда азыркы Борбор Азиядагы аялдар өзүнүн максаттарына көбүрөөк жетишкен тармактар деп, төмөнкүлөрдү эсептейбиз:**

- маданият;
- экономика;
- саясат

**Биздин команданын оюу боюнча, Борбордук Азиядагы айымдардын коомдогу социалдык ролдорун чектөө төмөнкү факторлорго байланыштуу:**

- биологиялык факторлор;
- экономикалык факторлор;
- саясий факторлор.

**Борбордук Азиянын маданият жана дин тарыхында аялдарга карата карама-каршы түшүндүрмөлөр төмөнкүлөрдүн таасири менен байланыштуу:**



- аялдардын белгиленген жана өзгөрүлбөй турган биологиялык өзгөчөлүктөрү;
- заманбап коом, атап айтканда, рационалдуулуктун өсүшү жана коомдогу социалдык ролдордун татаалдашуусу;
- аялдарды көзөмөлдөө системасына багытталган социалдык-саясий конструкциялар

***Эскертүүлөр***

Алгачкы эки бөлүм боюнча сунушталган резолюциялар талкуулардын биринчи конфигурациясына байланыштырылган, ал маданият, тарых, дин, улуттук өзгөчөлүк, тарыхый эскерүүлөр темалары менен байланыштуу. Бул спикерлердин сүйлөшүү тартибине таасир этет (теориялык бөлүмгө жана КДФ презентациясын караңыз). Биринчи конфигурацияда сүйлөшүү тартиби төмөнкү структурада көрсөтүлгөн:

1. примордиалист;
2. реалист;
3. конструктивист.

# III БАП
# АЯЛДАР ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ИШКЕРДҮҮЛҮК



## 1 Бөлүм

## Борбордук Азиядагы экономикалык ишкердүүлүк менен алектенген аялдардын абалы жана ролун

Бул блок кейс-стадини жана эки текстти (4 саат – 2 сабак) камтыйт. Натан Лайттын «Тармактуу маркетингдин ааламдашуусу (глобалдашуусу): Кыргызстандагы аялдар тармактуу маркетингдин кесипкөйлөрү болуп калууда» аттуу текстти кейс-стади катары сунушталат.

**Тексттер:**

1. Адамбусинова Зарина «Ишкер (соодагер) айымдан бизнес айымга чейин: Борбордук Азиядагы постсоветтик моношаарларындагы аялдардын уктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн портрети».
2. Елена Колесова «Өзүн-өзү издөө: Кыргызстандагы креативдик индустриядагы демилгечи, жаңычыл ишкер айымдар (антрепренерлер)»

▼

### БИРИНЧИ БЛОК. 1-САБАК

### Адамбусинова Зарина «Ишкер (соодагер) айымдан бизнес айымга: Борбордук Азиядагы постсоветтик моношаарларындагы аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн портрети»

Бул макалада карызы (акчалай) жана гендердик катыштыгы (мамилелердин) боюнча Казакстан менен Кыргызстандын бир тармактуу (моно) шаарларындагы орто жаштагы ишкер аялдардын статусунун жана позициясынын өзгөрүшү каралат. Мындай шарттарда аялдар жана эркектер өз эмгегин конкреттүү милдеттерге арнашкан жана өмүрүнүн аягына чейин белгилүү бир өндүрүштө иштөөгө милдеттүү болушкан. Бирок СССРдин кулашы тургундардын жашоосуна олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келип, бир тармактуу (моно) шаарларды экономикалык жактан чектелүү аймактарга айландырды. 1990-жылдардагы белгисиздик же туңгуюк абал ишкердик жана экономикалык ийкемдүүлүк

үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратты. Көчөдөгү башаламан соода жана маршруттук соода бир тармактуу (моно) шаарлардын калган тургундары үчүн экономикалык жашоонун үстөмдүк механизми болуп калды. Борбордук Азиядагы постсоветтик бир тармактуу (моно) шаарлардагы оригиналдуу этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде бул макала ошол моношаарлардагы ишкер аялдардын конкреттүү тажрыйбасына жана жеке баяндарына багытталган. Бул «болоттой бек айымдар» 1990-жылдары советтик «кара жумушчу» жана «соодагер айымдардан» өзүн-өзү камсыз кылган бизнес-ледиге чейинки жолду басып өтүшкөн.

**3. Адамбусинованын текстинин концептуалдык идеялары:**

- Моношаар – бир өндүрүш чынжырчасы менен байланышкан ишкананын же ишканалар тобунун айланасында түзүлгөн калктуу конуш.
- Карыз жана бартердик соода бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочуларынын жашоо стратегиясы катары.
- Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен чакан насыянын (кредиттин) ортосундагы байланыш.
- Советтик аялдан, ишкер айымдан же маршруттук соодагерден баштап азыркы бизнес-ледиге чейин.
- Жергиликтүү керемет аялдын портрети.
- 1990-жылдардын орто чениндеги ишкер айымдан кыраакы бизнес айымга чейин.
- Карызга негизделген соода жана гендердик аспектилер.
- Жөнгө салынбаган жана жарым легалдуу маршруттук соода жана башаламан базарлар.
- Көчө соодасынын моралдык аспектилери.
- Карыз соодасы өз ара карызга жана ишенимге негизделген бизнес модели катары .
- Кыска аралыктардагы ички «мобилдик соода» же «кыдырып сатуу».
- Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү концепциясынын мааниси жана анын карызга жана гендерге болгон байланышы.
- Аялдардын укуктарын менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү концепциясы жана анын үч негизги өлчөмү: агенттик, ресурстар жана жетишкендиктер.
- Максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттик) өткөөл мезгилден кийинки бир тармактуу моношаарлардын татаал чөйрөсүн билдирет.
- Ресурстар бартердик жана карыздык мамилелердин элементтери менен соодага тиешелүү.
- Жетишкендиктер аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн социалдык-экономикалык, инсандар аралык жана психологиялык аспектилери болуп саналат.
- Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн социалдык жана психологиялык портрети.
- Жергиликтүү социалдык иерархияларды, көз карандылыктарды жана патронаждык байланыштарды калыптандыруу, мында карыз жергиликтүү бийлик мамилелерин кайра жандандыруу үчүн кубаттуу күч катары иштейт.

- Жеке жана коомдук чөйрөдө жалгыз багуучу жана чечим кабыл алуучу катары аялдардын статусу.
- Аялдардын эмоционалдык эмгек түрүндөгү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн психологиялык аспектиси: стереотиптерди (шылуундар, алып сатарлар жана кылмышкерлер) бузуп, заманбап бизнес айымдарга айлануу.
- Ишкер аялдар советтик коомдо калыптанган эмгек маселелеринде гендердик ролдорго тиешелүү эрежелерди жана нормаларды өзгөртүү процессинде пионер болуп саналат.
- Аялдардын уят-сыйыт дискурсун жеңүүсү жана алардын постсоциалисттик шартта алгачкы ишкердик капитализмге кириши.
- Борбордук Азияда эркектердин артыкчылыктуу абалына өбөлгө түзгөн жана аялдардын абалын татаалдаштырган гендердик ролдорду жана кабылдоолорду кайра салтка айландыруу боюнча дискурстардын саны өсүүдө.
- Аялдарды стигматизациялоо (аларды коомдогу айырмачылыгы үчүн четке кагуу), аларды жалпы коомдогу жетекчи кызматтардан четтетүү, дискриминация (укуктарын чектөө) жана үй-бүлөлүк зомбулук.

**Текстти талдоо үчүн концептуалдык (түшүнүк) картасы/кластер**

Семинардын негизги суроосун табуу: Жумушчу аялдар жана соодагер айымдар кандайча заманбап бизнес айымдарга айланышты? Эмне үчүн аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарылчылыгы келип чыккан?

Семинардын негизги суроосуна жооп берүү үчүн эң алгач СССР тарагандан кийинки экономикалык байланыштардын үзгүлтүккө учурашынан, жумушсуздуктун жана жакырчылыктын айынан психологиялык шок абалына кабылган аялдардын абалын карап чыгуу зарыл. Мындай шартта алар жумушчу, мугалим, врач, окумуштуу кесибин алмаштырууга аргасыз болушуп жана баш аламан көчө соодасына киришкен. Көмүскө экономика жана «мыйзамсыздык» күчөгөн мезгилде алар күнүмдүк жашоо жана үй-бүлөсүн багуу үчүн жеке ишкердигин башташкан.

Текстти окуп жатканда, студенттерге аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн жолдорун жана ыкмаларын сүрөттөп берүүгө түрткү берүү керек. Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү концепциясын талдоо процессинде студенттер бул концепциянын маанисин түшүнүп, түшүндүрө алышы керек, бул бизнес айымдардын төмөнкүдөй көндүмдөргө: өзүнө болгон ишеним, көз карандысыздык жана бийлик, чечимдерди жана тандоолорду кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу болуп саналат. Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү ар кандай: экономикалык, социалдык, моралдык жана психологиялык .параметрлерди камтыйт.

| Экономикалык параметрлер | Социалдык параметрлер |
|---|---|
| **Карыз жана бартердик соода бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочулары үчүн жашоо стратегиясы катары.**<br><br>Дал ушул экономикалык кыйынчылыктар бир тармактуу (моно) шаарлардын калган жашоочулары тарабынан иштелип чыккан жашоонун жана күрөшүүнүн түрдүү механизмдерин пайда кылган.<br><br>Ар кандай формалдуу эмес практиканын уланып жатканы карапайым калктын, өзгөчө аялдардын постсоветтик мезгилде болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө карата табигый реакциясы болду. Мындан тышкары, 1990-жылдардын орто ченинде «көмүскө», «жашыруун» же «жөнгө салынбаган» экономиканын көтөрүлүшү учурунда, карыз жана бартердик соода бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочулары үчүн эң кеңири таралган жашоо стратегияларынын бири болуп калды. | **Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү түшүнүгүнүн мааниси жана анын карызга жана гендерге болгон байланышы.**<br><br>Укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү түшүнүгү көбүнчө өзүнө ишенүү, көз карандысыздык жана бийлик сыяктуу сөздөр менен байланышкан.<br><br>Илимий адабияттарда аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү түшүнүгү көбүнчө өзгөрүү процесси жана аялдын жашоосун олуттуу түрдө өзгөртө турган чечимдерди жана тандоолорду кабыл алуу жөндөмү катары түшүндүрүлөт.<br><br>Мындан тышкары, укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кенейтүү карызга жана гендерге да түздөн-түз байланыштуу. |

| Моралдык параметрлер | Психологиялык параметрлер |
|---|---|
| Уят жөнүндөгү советтик ой жүгүртүү (дискурс) гендердик түзүлүштөрдүн (конфигурациялардын) жана эрежелердин калыптанышына салым кошпостон, ошондой эле салттуу түрдө жалгыз үй-бүлө багуучу катары эсептелген советтик эркек адамдардын абалын жана аброюн көтөрдү. Бул контекстте ишкер аялдар советтик коомдо, айрыкча совет доорундагы көптөгөн бир тармактуу (моно) шаарларда калыптанып калган эмгек маселелеринде гендердик ролдорго тиешелүү эрежелерди жана нормаларды өзгөртүү процессинде демилгечи болуп калышты. Алар адегенде советтик катаал адеп-ахлактык чектөөдөн арылууга, жаңы коомдук түзүлүштө жана реалдуулукта жашап, акырында ийгиликтүү жана көз карандысыз ишкерлерге айланышы керек болчу. | Эмоционалдык эмгек түрүндөгү мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүнүн психологиялык аспектилери: стереотиптерди (шылуундардын, алып сатарлардын (спекулянттардын) жана кылмышкерлердин) бузуу жана заманбап бизнес-айымдарга айлануу. Раушандын экинчи кесиби болгон сатуучулук менен алектенген алгачкы жылдары туура-луу ой жүгүртүүсү эмоционалдык эмгек түрүндөгү аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн психологиялык аспектисин көрсөтөт.<br><br>Заманбап ишкер айым болуу 1990-жылдары соодагер аялдардан көп эмоционалдык эмгекти талап кылынган. |

| | |
|---|---|
| Мындан тышкары, окумуштуу уятка байланыштуу дискурс бизге постсоциалисттик контекстте аялдар менен эркектер алгачкы ишкердик капитализмге кандай түрдө киргенин көрсөтөт деп баса белгилейт.<br><br>Башкача айтканда, бул аялдар өздөрүнүн советтик өтмүшүнөн жана ага байланышкан ролдордон баш тартып, өздөрүн эң башынан кайра жаратууга аргасыз болушкан. | Себеби соодагерлер шылуундар, атүгүл кылмышкерлер деп эсептелген СССР учурунда калыптанып калган стереотиптердин жок кылынышы менен байланышкан. Бул ошондой эле совет доорунда калыптанган гендердик режимге (гендердик ролдор жана идеялар), өзгөчө эмгек жана чарбалык практикага, кесиптик жана күнүмдүк чөйрөдөгү бийлик мамилелерине байланыштуу болгон. |

**Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен чакан насыянын ортосундагы байланыш**

«Көпчүлүк учурларда, аялдар баш аламан көчө соодасы менен алектене баштакшан, кийинчерээк ал жергиликтүү контейнер базарларында кайра сатуу үчүн трансулуттук маршруттук соодасына айланган. Финансылык жана финансылык эмес ресурстарга жеткиликтүүлүк аялдардын статусун жана ролун мамлекеттик жана үй чөйрөсүндө олуттуу түрдө өзгөртөт. Күнүмдүк жашоодо аялдар эркектерге караганда карыздык мамилелерди көп колдонушат»

**Постсоветтик Борбордук Азиянын бир тармактуу моношаарлардын чөйрөсүндөгү карыздык практика жана гендер**

Автор өзүнүн ишинде ийгиликтүү ишкер айымдын портретин сүрөттөйт, анын өзгөчөлүгү постсоветтик доордун алгачкы мезгилине мүнөздүү. Учурда бул образ бир аз өзгөрдү, ошондуктан студенттерге аны толуктоо мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

**Жергиликтүү керемет аялдын портрети**

Адатта, ал жергиликтүү контейнер базарында өзүнүн бизнесин (чоң контейнер же азык-түлүк/кийим-кече дүкөнүн) иштеткен элүү же алтымыш жаштардагы абдан күчтүү жана өзүн-өзү камсыздаган аял. Келечектеги бизнесинин пайдубалын түптөө үчүн алгач бир аз карызга акча алгандыр. Кийим-кече, бөлмө өсүмдүктөрү, идиш-аяк, айыл чарба азыктары ж.б. сыяктуу жөнөкөй түрлөрү менен соода кылган. Ал буюмдарын алмаштырып, товары менен карызын төлөп, жан багып, балдарын карызга алган тамак-аш менен баккан. Ал кесиптештери менен Кыргызстандын «Дордой», «Кара-Суу» базарлары, Казакстандын дүң базары болуп эсептелген «Хоргос» жана «Барахолка» сыяктуу аймактык соода борборлоруна чейин таксилерди пайдаланган. Ал көп жерлерди кыдырып жана арзан буюмдарга толтурулган оор баштыктарды жана таңгак жүктөрдү көтөрүп жүрдү. Ал мунун баарын акыбети кайтканга чейин кайра-кайра жасады. Акыр-аягы, ал жок нерседен түзмө-түз өз бизнесин курган ийгиликтүү жана кадыр-барктуу ишкер айым болуп калды. Азыр ал кадыр-барктуу, аброю, бийлиги жана капиталы бар.

**Челнок соодасынын жана ири базарлардын тарыхы**

Ата мекендик жана улуттар аралык челнок соодасын ири региондук соода борборлоруна барып, көбүнчө Кытайдан жана Түркиядан алынып келинген арзан керектөө товарларын өз шаарларындагы ачык асман алдындагы базарларда кайра саткан жеке соодагерлердин ишмердүүлүгү катары мүнөздөөгө болот. Челнок соодасынын постсоветтик түрү «көмүскө» жана «жөнгө салынбаган» экономиканын таасири астында калыптанган.

**Постсоветтик челнок соодасынын өзгөчөлүгү**

Постсоветтик челнок соодасынын дагы бир өзгөчөлүгү соодагер жана ишкер аялдардын пропорционалдуу эмес көптүгү болгон. Жеке соодада аялдардын басымдуулук кылышы бир нече себептер менен шартталган: Советтер Союзу кулагандан кийин аялдар негизинен жумуштан бошотулган (кызматтан бошотулган, кыскартылган). Мындан тышкары, өткөөл мезгилдин алгачкы жылдарында ажырашуулардын саны өскөн, балдар энелери менен калып, иштебеген аталардын колдоосу жок же чектелген. Акырында, совет доорунда кандайдыр бир жеке коммерциялык ишмердүүлүк кылмыштуу, мыйзамсыз, а түгүл моралдык жактан күмөндүү нерсе менен байланышкан. Эркек эл алдында аброюна шек келтирбеши керек деп эсептелген.

**Челнок соодасынын моралдык аспектилери: карыз соодасы өз ара карызга жана ишенимге негизделген бизнес модели катары**

Эң негизгиси, ички же улуттар аралык челнок соодасы дайыма мобилдүүлүктү гана эмес, соодагерлер менен кардарлардын, ошондой эле соодагерлердин, жеткирүүчүлөрдүн жана дүң сатуучулардын ортосундагы ар кандай мамилелерде алмаштыруу жана карыздык элементтерди камтып келген. Бул бир тармактуу (моно) шаарлардын жана жамааттардын ичинде конкреттүү социалдык-экономикалык мамилелердин жана иерархиянын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Ишкер аялдар карыздык соодасы өз ара ишенимге негизделген жеке байланыштарды бекемдөөгө жардам берген карыз чынжырчалары түзүлүп, сакталган өз ара карызга негизделген бизнес модели катары карашат.

Талдоо учурунда студенттерге текстти тереңирээк түшүнүүгө жана семинардын негизги суроосуна жооп берүүгө мүмкүндүк берген конкреттүү аспектилерин карап чыгууга жетекчилик кылуу керек. Тактап айтканда, төмөнкү суроолор талкууланууга тийиш: Эмне үчүн карыз соодасы бизнес модели катары кызмат кыла алат? Бул тармакка аралашканда ишкерлер кандай шык-жөндөмгө ээ болушат? Натыйжада, аялдар үчүн социалдык-экономикалык бизнес мейкиндиги кеңейип жана ошого жараша алардын статусу да өзгөрүүдө.

**Карыз соодасы өз ара карызга жана ишенимге негизделген бизнес модели катары**

Карыз соодасы ийкемдүү бийлик мамилелери жана эркиндиктери үчүн аймак түзөт. Ал ошондой эле аялдарга өзүн заманбап, ийгиликтүү бизнес айым катары көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Алынган социалдык статус жана репутация бул аялдарга кошумча капиталды жана ишенимди берет, бул аларга жергиликтүү рынокто же жеткирүүчүлөрдөн дароо төлөмсүз көп сандагы продукцияны оңой сатып алууга гана мүмкүнчүлүк бербестен, ошондой эле өзүнүн кардарлары менен социалдык-экономикалык мамилелерди түзүүдө абройго ээ болууга мүмкүндүк берет.

**Кыска аралыктардагы ички «көчмө соода»**

Карыз ар дайым ишкердиктин жана күнүмдүк жашоонун бир бөлүгү болуп келген.

… Сооданын жана мамилелердин бул түрү бардык тургундар бири-бирин тааныган жерде гана натыйжалуу иштей алат. Жергиликтүү мобилдик сооданын негизги идеясы – айыл чарба тармагы жана ГЭСи жакшы өнүккөн коңшу айылга, облустун ар кайсы айылдарында жана шаарларында уюштурулган чакан, убактылуу ачык асман алдындагы базарларда саякаттоо жана соода кылуу. Жума күнү соодагерлер Кызыл-Жарга, ишембиде энергетикалык бир тармактуу (моно) шаар Кара-Көлгө барышчу.

Аялдардын экономикалык абалын, өзгөчө аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана каржылык көз карандысыздыкка жетишүүсүндө жана чечимдерди кабыл алууда, алардын лидерлик ролун тереңирээк түшүнүү жана бизнес-айым статусуна ээ болуу үчүн студенттердин Кабирдин модели боюнча аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү концепциясын талдоолору чоң мааниге ээ.

Кабирдин айтымында, «жакырчылык менен укуксуздук дайыма жанаша жүрөт» жана жакырчылык гендердик теңсиздиктин күчөшүнө өбөлгө түзөт. Жакырчылык Борбордук Азиядагы заманбап бир тармактуу (моно) шаарлардын мүнөздүү белгилеринин бири бойдон калууда. Мындан тышкары, укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү процесси аялдардын тандоосуна жана чечимдерине түздөн-түз таасир этүүчү белгилүү бир коомдо/коомчулукта болгон бийлик түзүмдөрүнөн көз каранды.

Ошентип, аялдар чечим кабыл алууда жана жергиликтүү чөйрөдө болгон ресурстарды көзөмөлдөөдө жетектөөчү ролду алып, бул өзгөрүү процессинин активдүү катышуучулары катары чыгышат.

**Кабирдин модели жана анын үч негизги өлчөмү:** максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттик), ресурстар жана жетишкендик

**Агенттик** «тандоолорду жасоо жана ишке ашыруу процессин» билдирет. Ресурстар агенттикти жүзөгө ашыруучу каражат катары кызмат кылат.

**Жетишкендик** агенттиктин натыйжасы деп түшүндүрүлөт.

**Кабирдин моделин жергиликтүү шарттарда колдонуу**

**Аркалыктык Роза**

Эгерде биз Кабирдин аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү моделин ишибизде колдонсок, анда агенттик өткөөл мезгилден кийинки бир тармактуу (моно) шаарлардын татаал чөйрөсүнө тиешелүү.

Бартердик (алмашуу) жана карыздык мамилелердин элементтери бар челнок соодасы ресурстардын ролун ойнойт. Жетишкендиктер аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн социалдык-экономикалык, инсандар аралык жана психологиялык аспектилерине тиешелүү, мен бул макалада ушуларга көңүл бурам.

Каржылык чечимдерди кабыл алуу жана андан кийинки көз карандысыздык аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн маанилүү белгилери катары эсептелет. Кaармандардын өмүр таржымалы соода-сатыктан каржылык жактан пайда көрүшкөнүн көрсөтүп, ал тургай, ал дайыма карыздык милдеттенмелерди жана формалдуу эмес операциялардын жана операциялардын ар кандай түрлөрүндөгү бартердик схемаларды камтыган.

Ишкер аялдар советтик коомдо калыптанган эмгек маселелеринде гендердик ролдорго тиешелүү эрежелерди жана нормаларды өзгөртүү процессинде пионер болуп саналат. Белгилүү болгондой, ишкердик ишмердүүлүк гендердик айырмачылыктардан тышкары, адам ишмердүүлүгүнүн дээрлик бардык чөйрөлөрүн камтыган түрдүү формаларга жана түрлөргө ээ, ага ишкер аялдар активдүү катышат.

**Соода менен тармактык маркетингдин ортосундагы айырмачылыктарды салыштырып талдоосу:**

| Адамбусинова Зарина | Натан Лайт |
|---|---|
| **Карыз соодасы өз ара карызга жана ишенимге негизделген бизнес модели катары**<br><br>Карыз соода аларга ийкемдүү бийлик мамилелери жана эркиндиктери үчүн мейкиндикти түзөт. Ошондой эле, бул аларга заманбап, ийгиликтүү бизнес айым катары өзүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Алынган социалдык статус жана репутация бул аялдарга кошумча капиталды жана ишенимди камсыздайт, бул аларга жергиликтүү рынокто же жеткирүүчүлөрдөн дароо төлөмсүз көп сандагы продукцияны оңой сатып алууга гана эмес, ошондой эле өз кардарлары менен социалдык-экономикалык мамилелерди калыптандырууда абройго ээ болууга мүмкүндүк берет. | **Тармактык маркетинг бизнесинин өзгөчөлүктөрү**<br><br>Тармактык маркетинг бизнеси адегенде кардарлар менен мамилелерди түзүү жана андан кийин аларды көз карандысыз сатуу өкүлдөрү катары тартууга аракет кылуу менен башталат. Тармактык маркетинг компаниялары бул жаңы кардарларды сатып алуучуларды сатып алуудан киреше табышат жана аларды өнүмдөрдү сатууну баштоо, жаңы сатуучуларды тартуу үчүн үй-бүлө жана достордун байланыштарын колдонууга үйрөтөт.<br><br>Мындай адаттан тыш тармактык маркетингди сатуу стратегиялары аркылуу изилдөөчүлөр аларды жергиликтүү социалдык мамилелердин жаңы капиталисттик практиканын негизи болуп калышына мисал катары изилдеп жатышат. |

Окутуу аркылуу алынган билим жана тажрыйба бизнести ийгиликтүү башкаруу үчүн абдан маанилүү. Берилген текст жана кейс изилдөө тексти көндүмдөрдү, билимдерди жана тажрыйбаларды алуу үчүн эки ыкманы карап чыгат.

**Соода жана тармактык маркетинг боюнча окутуунун жана тажрыйбанын салыштырма талдоосу:**



| Адамбусинова Зарина | Натан Лайт |
| --- | --- |
| **Карыз жана бартердик соода бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочулары үчүн жашоо стратегиясы катары.**<br><br>Дал ушул экономикалык кыйынчылыктар моношаарлардын калган жашоочулары тарабынан иштелип чыккан жашоонун жана күрөшүүнүн түрдүү механизмдерин пайда кылган. Ар кандай формалдуу эмес практикалардын уланып, жайылып келе жатышы карапайым калктын, өзгөчө аялдардын постсоветтик мейкиндикте болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө карата табигый реакциясы болду. Мындан тышкары, 1990-жылдардын орто ченинде «көмүскө», «жашыруун» же «жөнгө салынбаган» экономиканын гүлдөшүнүн шартында бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочулары үчүн карыз жана бартердик соода эң кеңири таралган жашоо стратегияларынын бири болуп калды. | **Тармактык маркетингде ишкердик көндүмдөрүн үйрөтүү**<br><br>Жолугушуулар жана тренингдер тез-тез өткөрүлүп, анда компаниянын өкүлдөрү компаниянын идеологиясын көрсөтүп, түз сатууну кантип жүргүзүү керектиги жөнүндө айтып беришет.<br><br>Ошондой эле, тармактык маркетинг компаниялары адамдар жакшы сатуучу болуу үчүн аларга үйрөтө ала турган тажрыйбаларды, мамилелерди жана ой жүгүртүүлөрдү кененирээк талкуулоо үчүн түз сатуу тармагында дүйнөгө таанымал эксперттерди чакырган семинарлар аркылуу кесипкөйлүгүн жогорулатууга көмөктөшөт. Бул семинарлардын айрымдары катышуучулардан күнүнө жүз долларга чейин төлөөнү талап кылат.<br><br>Мындай семинарлар сатуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, жеке каржылык көндүмдөрдү жана мотивациялоо ыкмаларын үйрөтүү үчүн маанилүү иш-чаралар болуп эсептелет. Мен семинардын катышуучулары менен сүйлөшкөндө алар мотивация берүүчү баяндамачыларды эле эмес, катышуучуларга таратылган китептерди да айтышты. Алардын арасында Түндүк Американын түздөн-түз сатуунун жана каржылык өз алдынча жардам көрсөтүүнүн классикасы деп эсептелген чыгармалардын орусча котормолору, мисалы, Жорж Клэсондун «Вавилондун эң бай адамы», Наполеон Хиллдин «Ойлон жана байы», Ог Мандинонун «Дүйнөдөгү эң чоң сатуучу» жана Роберт Т.Кийосакинин «Бай ата – кедей ата» ж.б. болгон. Бул китептер кээ бир оң сын-пикирлерге ээ жана түздөн-түз сатууда кантип ийгиликке жетүү боюнча пайдалуу түшүнүктөрдүн булагы катары бааланат. |

Анализге алынган тексттерди жакшыраак түшүнүү, ошондой эле салыштырма талдоо үчүн тармактык маркетинг тармагында карьера жасаган ийгиликтүү жана ийгиликсиз ишкерлер жөнүндө фрагментке токтолсок болот.

**Тармактык маркетингби же пирамидабы?**

Натан Лайт: Жогоруда айтылган адамдардын көпчүлүгү ушул тармактык маркетинг компанияларынын өнүгүшүндө карьераларын эрте баштагандыктан ийгиликтүү болушкан. Мен үй-бүлө мүчөлөрүн багуу үчүн компанияга кошулган бир нече адамдарды билем, бирок сатуудан эч качан ырахат алган эмес, ийгиликтүү болгон да эмес.

Бирок, дүйнө жүзү боюнча тармактык маркетингде жашоого жетиштүү деңгээлде киреше табууга жетишкен адамдардын ийгилигинин деңгээли өтө төмөн. Сатуу боюнча окууга адамдар көп убакыт жана акча коротушат, бирок ийгиликке жете алышпайт. Бирок, адамдардын бир аз пайызы мыкты сатуучулардан болуп, сыйлыктарды утуп, жана жылдык жыйындарга барышып, ошону менен компаниялар тарабынан колдоого алынган тилектерин ишке ашырышат. Эл аралык масштабда тармактык маркетинг стилиндеги түз маркетинг капиталисттик өндүрүштүн жана сатуунун өзгөчө формасы болуп саналат.

## Семинардын планы

**Зарина Адамбусинова** «Ишкер (соодагер) айымдан бизнес айымга чейин: Борбордук Азиядагы постсоветтик моношаарларындагы аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн портрети».

Аялдардын өнүгүүсү жана алардын бизнес айым статусуна ээ болушу жаатындагы семинардын негизги суроосуна жооп берүү үчүн студенттерди гендердик теңдикке жетүү жолдорун издөөгө жана бул укуктарды кеңейтүү үчүн күрөшүүгө багыттоо зарыл.

**Педагогикалык максаттар:**

1. Студенттерге аялдардын экономикадагы укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүсүнө жана маалымдуулугуна көмөк көрсөтүү.
2. Аялдардын заманбап бизнес айымдардын статусуна ээ болуусу жана аны бекемдөөсү үчүн стереотиптерге (шылуундарга, алып сатарларга жана кылмышкерлерге) каршы күрөшүүсүндө студенттердин негизги аргументтерди табуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.

***Эскертүүлөр:***

Текст боюнча жүргүзүлгөн тестирлөө көрсөткөндөй, жетектөөчү окутуучу сабактын башында тексттин авторунун концептуалдык идеяларын аныктоого көп убакыт короткон. Буга мугалимдин топторго бөлүнгөн студенттердин негизги ойлорду плакаттарга кайра чыгарууну, андан соң алардын таанытымын түзүүнү суранганы себеп болду. Материалды даярдоодо, анын таанытымын көрсөтүү учурунда да студенттер белгиленген убакыттан ашык убакыт коротушту. Жыйынтыгында семинардын биринчи сааты басымдуу түрдө сүрөттөмө мүнөзгө ээ болуп, эч кандай көйгөйлүү маселелерди талкуулоосуз жана семинардын негизги суроосуна көңүл бурулбастан өттү. Демек, концептуалдык идеяларды даярдоо процессинде студенттердин ар бир тобу пленка же жөнөкөй кагаз менен чектелип, ошонун негизинде проектор же досканын мейкиндигин пайдаланып өз алдынча презентация жасаса туура болмок. Педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй, жана студенттердин көпчүлүгүнүн пикири боюнча, окуучулардын көңүлүн негизги маселелерге буруп, бардык аныкталган маселелерди талкууга алып чыгууга болбойт.

**Корутунду**

Бул эссе Борбордук Азиядагы ишкер аялдардын тажрыйбаларына жана алардын карьералык траекторияларынын негизинде катардагы советтик заводдун жумушчусунан же окутуучулардын соодагер жана ишкер айымга чейин аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча жергиликтүү концепциясын изилдейт. Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жөнүндөгү бул түшүнүк Борбордук Азиядагы заманбап бир тармактуу (моно) шаарларда түзүлгөн өзгөчө чөйрөдө калыптанган жана түзүлгөн.



## Негизги семинардын сунушталган модели

### БИРИНЧИ БӨЛҮК

1. **Киришүү (5 мүнөт).**
2. **Негизги түшүнүктөрдү жана идеяларды аныктоо үчүн З. Адамбусинованын тексти менен топтордо иштөө (10 мүнөт):**
   1-топ – «Моношаар деген эмне?»
   2-топ – «Карызга негизделген соода жана гендердик аспектилер»
   3-топ – «Аялдардын баяндамалары: Раушан, Анель, Роза»
   4-топ – «Карызга негизделген соода жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн өзгөчө маселелери»
3. **Текстти талкуулоо (30 мүнөт)**

   **Тексттин биринчи бөлүмү үчүн суроолор:**
   1. Казакстан менен Кыргызстанда моношаар деген эмнени билдирет?
   2. Гендердик көз караштан алганда, Казакстан менен Кыргызстандын бир тармактуу шаарларында орто жаштагы ишкер аялдардын статусунда жана позициясында кандай өзгөрүүлөр болду?
   3. Тажикстанда ушундай шаар барбы жана анын жогоруда айтылган моношаарлардан айырмасы эмнеде? (Мисалы катары Чкаловск шаарын (азыркы Бустон шаары – Тажикстандын түндүгүндө жабык шаар статусуна ээ болгонун айтсак болот), ал жерде уран эбегейсиз өлчөмдө казылып алынган. Айта кетсек, Чкаловскиде казылып алынган урандын негизинде Советтер Союзунда биринчи атом бомбасы жаралып, ал жерден уран белгиленген жерге эшек менен, ал жерден поезд менен Орусиянын борбордук райондоруна ташылып келинген.
   4. Сиздин оюңузча, Борбордук Азияда пайдалуу кендерди казып алуу жүрүп жаткан заманбап шаарлардын альтернативалуу келечеги барбы?
   5. Эмне үчүн ар бир контекстте аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү концепциясына көңүл буруу маанилүү?
   6. Тажикстанда аялдардын укуктарын жанаи мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн азыркы абалы кандай?
   7. Сиздин өлкөдө же коомчулукта аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн дагы кеңейтүү жана андан ары алга жылдыруу үчүн кандай саясаттар жана стратегиялар керек?

**Кошумча суроолор:**

1. Эмне үчүн постсоветтик мезгилде аялдар биринчилерден болуп челнок соодасы менен алектенишкен?
2. Текстте автор жергиликтүү керемет айымдын – постсоветтик доордун образын чагылдырган ишкер айымдын портретин сүрөттөйт. Бул образ азыркы доордо кандайдыр бир өзгөрүүлөргө дуушар болдубу? Андай болсо, азыркы бизнесмен айымдын кайсы өзгөчөлүгүн баса белгилейт элеңиздер?
3. Мугалимдердин жумушун таштап ишкер болуу, башкача айтканда, батыш окумуштуусу Блох баса белгилегендей, биринчи класстагы жарандарга айлануусу моралдык жана социалдык жактан пайдалуубу?
4. Аялы күйөөсүнө караганда көбүрөөк акча тапса, үй-бүлөдө чыр-чатакты жаратпайбы?
5. Чыгыш аялдары Батыш маданияты талап кылган гендердик теңчиликти кармапышы керекпи?
6. Күйөө үй-бүлөнү багуучу, аял үй-бүлөнү сактоочу, ал иштебеши керек, баш ийиши керек деген пикирге кошуласыздарбы?
7. Бизнес айымдын ийгиликтүү экономикалык ишмердүүлүгү үй-бүлөдө эркектин гендердик статусунун төмөндөшүнө, психологиялык дисбалանска, акыры үй-бүлөнүн бузулушуна алып келбейби?
8. Бизнес-айым азыркы учурда өзүн, өзүнүн социалдык жана экономикалык статусун кандайча көрсөтүүдө? (Алардын эң мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө мисал келтирип, үлгүлүү бизнес айымдардын образын сүрөттөп бере аласыздарбы?)

## ЭКИНЧИ БӨЛҮК

**3. Адамбусинованын текстинин негизги идеяларын талкуулоо (уландысы, 40 мүнөт.)**

**Тексттин экинчи бөлүмү үчүн суроолор:**

1. Карызга негизделген соода кандай гендердик маселелерди козгойт?
2. Ишкер айымдын ийгиликтүү экономикалык ишмердүүлүгү үй-бүлөнүн бузулушуна алып келеби?
3. Анын кесепеттерине карабастан, Чыгышта көптөгөн үй-бүлөлөр «туугандык никеге» турушат. Негизинен келиндин же күйөөнүн ата-энесинен келип чыккан мындай жүрүм-турумга эмне түрткү болду?
4. Бул көрүнүш үй-бүлөлүк капиталды сактоо жана көбөйтүү менен байланыштуу деген жалпы пикирге кошуласыздарбы?
5. Өзүңүздүн тажрыйбаңызга же тигил же бул тармакта ийгиликтүү ишкердик карьера жасаган заманбап бизнес моделдердин тажрыйбасына таянып, заманбап бизнес айымдын портретин сүрөттөп бериңиздер?

Бул текстти сынчыл көз караште карап түшүнүү үчүн Натан Лайттын «Тармактык маркетингдин глобалдашышы: Кыргызстандын аялдары тармактык маркетингдин профессионалдары болуп баратат» тексти менен салыштырып, талдоо жүргүзүү максатка ылайыктуу, анткени бул талкууланып жаткан маселени бир топ кеңирээк көрүүгө мүмкүндүк берет.

**Мисал катары төмөнкү суроолор сунушталат:**

1. Тармактык маркетингди ашкере мактоого кошуласыздарбы? Анын кемчиликтери эмнеде?
2. Соода агентине (мисалы, ден соолук үчүн витаминдердин жарнамасына) ишенүүгө болобу?
3. Автордун «Биомедицинага» же расмий медицинага караганда тармактык маркетинг артыкчылыктуу деген пикирине кошуласыздарбы?
4. Тармактык маркетинг схемасы анын кардарлары үчүн кийинки кесепеттери бар пирамида схемасына окшошпойбу?

**Семинардын негизги суроосуна жооп табуу (5 мүн).**

Талкуунун жүрүшүндө этикалык оюнду сахналаштыруу жана талкуулоо же көркөм өлчөм катары тасма көрүү сунушталат.

**Жыйынтык (5 мүнөт).**

▼

## БИРИНЧИ БЛОК. 2-САБАК

## Елена Колесова
## «Өзүн-өзү издөө: Кыргызстандагы креативдик индустриядагы демилгечи, жаңычыл ишкер айымдар (антрепренерлор)»

Бул макалада Кыргызстанда кийиз жана жүн менен иштеген ишкер айымдар артында рухий күчү менен кошо жеке бизнесин гана эмес, ошондой эле киреше менен камсыз кылган өзүнүн чыгармачылык мейкиндигин түзүүгө болгон чексиз каалоосу жаткан жана бул аларга өздөрүнүн корголгондугун сезүүгө гана эмес, чыгармачылык менен да эркин болууга мүмкүндүк берген өз кубанычтары, жеңиштери жана жеңилүүлөрү менен бөлүшөт.

**Е. Колесованын текстинин концептуалдык негизин төмөнкүдөй ойлор түзөт:**

- Патриархалдык коомдогу аялдардын мейкиндиги.
- Аялдардын креативдик мейкиндиги.
- Шырдак – аялдардын кол өнөрчүлүк ишкердиги.
- Адамдык капитал.
- Социалдык капитал.
- Шырдак – үйдүн очогунун (же коломтонун) жана сооданын символу.
- «Эне-кыз» феномени (же түшүнүгү).
- Гендердик стереотиптер.

**Текстти талдоо үчүн концептуалдык карта/кластер**

Аялдардын статусу көбүнесе алар жашап жаткан коомдон гана эмес, ошондой эле өзүн-өзү көрсөтө билүү жана коомдо татыктуу статуска ээ болуу жагынан аларга берилген укуктардан жана мүмкүнчүлүктөрдөн көз каранды. Ушул көз караштан алганда,

патриархалдык жана аялдар өздөрүнүн чыгармачылык чөйрөсүн түзгөн заманбап коомдо аялдардын абалын мүнөздөгөн текстти салыштырып талдоо чоң мааниге ээ. Мугалим көңүлүн дал ушул чыгармачылык чөйрөнү талдоого бурушу керек.

| **Патриархалдык коомдогу аялдардын мейкиндик чөйрөсү** | **Аялдар үчүн чыгармачылык мейкиндик чөйрөсү** |
|---|---|
| Кыргызстан дагы кирген патриархалдык коомдо эркектер, адатта, бири-бири менен атаандашып, коомдук турмушта үстөмдүк кылган өздөрүнүн эркек топторун түзүшөт. Бирок, аялдар дагы башка айымдар менен биригип, аларга руханий жактан жардам берип, колдоо көрсөтүп тим болбостон, өздөрүнө жана үй-бүлөсүнө экономикалык база түзүп, өлкөнүн экономикасына салым кошуп, өздөрүнүн мейкиндик чөйрөсүн түзүшөт. | Бул өтө тар, кичинекей мейкиндик мен үчүн кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн, искусствосунун дүйнөсүнө ачылган терезе болуп калды. Бул дүйнө кийизден, жүндөн, жибектен, булгаарыдан жана башка табигый материалдардан эң кооз буюмдарды жсаоо гана эмес, көбүнчө аялдар үчүн коопсуз башпаанек болуп, алар ээн-эркин жаратып, оокат кылып, бири-бирине жардам берип, үйрөтө турган жана зарыл учурда Кыргызстандын турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп калган үй-бүлөлүк зомбулуктан баш калкалоочу жайга айланат. |

Бул фрагментте эркектер менен аялдардын гендердик өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле аялдардын социалдык чөйрөдө, атап айтканда, ишкердик жүргүзүүдө эркектик сапаттарга ээ болуу тенденциясына анализ берилген.

**Патриархалдык коомдогу гендердик ролдор**

«Ишкердик жөнүндө ойлогондо, көз алдыга эркектин образы пайда болот» (McAdam 2013, 22). Ишкерлер баатыр, жеке жана өзүн-өзү жараткан адам сыяктуу салттуу эркектин сапаттары менен байланышкан (Hanson, 2003). «Ишкер – бул жаңы аймактарды изилдөөдөн коркпогон демилгечи. Ишкердин бул мүнөздөмөлөрү гендердик ролдор жөнүндөгү оюбузда үстөмдүк кылып келе жаткан аялдардын салттуу образынан кескин айырмаланып турат. Эркектин салттуу сапаттары өзүнө талап коюучулукту, тобокелчиликти, лидерликти, агрессивдүүлүктү жана өзгөчөлүктү камтыйт (Бем, С.Л., 1981). Ал эми, адатта, аялдык өзгөчөлүктөр сезимталдыкты, боорукердикти, назиктикти, парасаттуулукту, жылуулукту жана сезгичтикти камтыйт (жогорку эле эмгекте көрсөтүлгөн). Бул сапаттар аялдын очоктун сактоочу, ал эми эркектин багуучу, камсыздоочу катарындагы образы менен тыгыз байланышкан. Гендердик ролдорду мындай бөлүштүрүү үй-бүлөнүн камкорчусу катары аялдын үйдөгү ордун, ал эми эркектин бизнесте жана бүткүл мамлекеттик чөйрөдө, анын ичинде мамлекеттик кызматта, саясий жана маданий турмушта, жалпысынан үйдөн тышкаркы эмгек чөйрөсүндө негизги кызматтарды ээлеген негизги жумушчу күчү катары аныктайт. Анын үстүнө ишкердикти талкуулоодо аялдардын жүрүм-турумунда эркектерди туурап, тарыхта эркектер үстөмдүк кылган социалдык чөйрөдө ийгиликке жетүү үчүн эркектик деп аталган сапаттарды же эр мүнөзүн өнүктүрүүгө умтулуу сунушталат.

Колесова: «Бул изилдөөнүн негизги суроосу: кол өнөрчү аялдар кандайча жагымсыз социалдык шарттарга жана гендердик стереотиптерге карабастан, өз бизнесин түзө алышты, жеке ишкер болуп, коомдук чөйрөдө ийгиликтерге жетишти?».

**Аялдын демилгечи, жаңычыл ишкердигин (антрепренердүүлүктү) түшүнүү дискурсу жана оозеки тарых (жашоо) баяны ыкмасы**



Бул изилдөө дискурс жана оозеки тарых (жашоо баяны) ыкмасына негизделген. Акыркы он жылдыкта аялдардын ишкердиги жаатындагы изилдөөчүлөр бул ыкманы изилдөө үчүн колдонушту, анткени ал аял ишкерлерге өз окуяларын айтып берүүгө жана процесстин жүрүшүндө өз тажрыйбасын түшүнүүгө жана алар жараткан ишкердик дүйнөнү түшүнүүгө мүмкүндүк берет (Mallon and Cohen, 2001). Бул изилдөө ыкмасы (жашоо баяны же тарыхы) гендердик изилдөөлөр менен тыгыз байланышта, анткени ал адатта үнчүкпаган жана окуялары айтылбаган аялдарга өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө жана бул тажрыйбаларды жана жашоону алар жашаган социалдык контекст менен байланыштырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул изилдөө ыкмасынын баалуулугу – ишкер аялдардын окуялары аркылуу биз алар жашаган коомду жана гендердик мамилелерди, бул коомдогу алардын так иерархиясын/ордун жакшыраак түшүнө алабыз, ал эми изилдөөгө катышкан аялдар мындан улам өздөрүнүн тажрыйбасын түшүнө алышат, бул аларга өз ишмердүүлүгүндө күч жана ишеним берет.

**Шырдак – жашоонун каражаты катары аялдардын кол өнөрчүлүк ишкердиги**

Шырдак жасаган аялдардын окуялары өзүнчө кайталангыс, ошол эле учурда баардык окуяларды айтып берген аялдардын тагдырлары сыяктуу бир жип менен байланышкан. Азыркы тил менен айтканда, шырдак өндүрүшүнөн бизнес курган аялдардын мууну Советтер Союзу ыдырап, Кыргызстандын экономикасы алардын көз алдында кыйрап, терең экономикалык кризиске алып келген учурду башынан кечирди. Багуучу, үйдүн кожоюну, баатыр катары эркектин гендердик ролу жөнүндөгү идея эркектерге коомдогу ордун жана кепилдик кирешесин камсыз кылган социалисттик экономиканын мурунку экономикалык түзүлүштөрүнүн аякташы менен бирге аяктады. Экономикалык жана эмоционалдык кризистин бул шарттарында аялдардын демилгечил кол өнөрчүлүк ишкердиги жашоонун бир каражаты катары жаралды.

Шырдак кыргыздарда чарбалык б.а. соода буюму жана ошого жараша жашоо каражаты катары бир катар эстетикалык, символдук, магиялык, белгилөөчү, ыйыктык функцияларын да аткарган.

| Экономикалык функция | Символикалык функция |
|---|---|
| Үйдүн очогунун же коломтонун символу болгон шырдак сооданын буюмуна айланып, көптөгөн кол өнөрчүлөрдүн ишкердүүлүгүнө жол ачкан. «Хельве-тастын» жана башка чет элдик уюмдардын жардамы менен эл аралык аренага жана рынокко чыгышы чет өлкөлөрдө жана анын кичи мекени Кыргызстанда таанылып, каржылык көз карандысыздыкка ээ болууга шарт түздү. Бул кол өнөрчүлөрдүн өздөрүнүн кесиптик идентүүлүгүн же өзгөчөлүгүн калыптандырууга өбөлгө болду. | Шырдак турмуш-тиричиликтик, эстетикалык, магиялык жана белгилөө (маркирлөөчү) (аймактык жана класстык тиешелүүлүгүн көрсөтүүчү) функцияларын аткарган. Ал үй-бүлөлүк бакубаттуулук түшүнүгүн символдоштурган жана тийиштүү кам көрүү менен бир нече муундарга чейин сакталып келген. |

| Сыйкырдуу функция | Белгилөө функциясы |
|---|---|
| Шырдактын ыйыктык мааниси. Шырдак турмуш-тиричилик, эстетикалык, магиялык жана белгилөөчү (аймактык жана класстык таандыктыгын көрсөтүүчү) милдеттерди аткарган. Ал үй-бүлөлүк бакубаттуулук түшүнүгүн символдоштурган жана тийиштүү кам көрүү менен бир нече муундарга чейин сакталып калган. | Замиранын шырдагынын символикасы анын үй-бүлөсүнө байланыштуу эмес, тескерисинче, аялдар өздөрүнүн салттуу кол өнөрчүлүгү аркылуу коомдук чөйрөгө кантип жол ачып, үй-бүлөсүнөн тышкары таанылып, калыптанып калган гендердик стереотиптерге каршы чыгып жатканын көрсөтөт. Чочунбаева 2012-жылы кол өнөрчүлөр менен биргеликте кыргыздын салттуу шырдак жана ала кийиз өнөрүн ЮНЕСКОнун тез арада коргоого муктаж материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизүү боюнча долбоорду ишке ашырган. Кийинки жылы боз үй да бул тизмеге кошулган. |

**Замиранын шырдагынын символикасы жана коомчулукка таанылышы**

Чочунбаева: «Бул чындап эле кол өнөрчүлөргө, биринчиден, маданияттын алып жүрүүчүлөрү катары өздөрүнүн маанилүүлүгүн сезүүгө жардам берди, экинчиден, маркетинг жагынан: ЮНЕСКОнун тизмесинде бар деп айтсаң, сатууга жардам берет; Үчүнчүдөн, чындап эле биздин саясатчыларга кол өнөрчүлүктү таанытууга жардам берди. Бул адамдар маданияттан алыс, алар маданиятка эмес, карьерасы менен алек. Маданиятыбызды ЮНЕСКОдо таануу анын маанилүүлүгүн арттырууга жана саясатчылардын колдоосуна ээ болууга көмөктөштү, анткени бул элдин улуттук өзгөчөлүгү жөнүндө сөз болуп жатат дегендикти билдирет».

**Ишкердик капиталдын концепциясы**

Аялдардын ишкердигин түшүнүү жана концептуалдаштыруу үчүн «ишкердик капитал» түшүнүгүн өз алдынча талдоо зарыл. Аны адамдык капитал, социалдык капитал жана символикалык капитал деп үч категорияга бөлүүгө болот.

**Адамдык капитал** формалдуу билим берүү аркылуу алынган билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү, ошондой эле көндүмдөрдү, билгичтиктерди жана билимдерди камтыйт. Ишкердикке жол ачкан кол өнөрчүлөр өз өнөрлөрүн өздөрүнүн апаларынан, чоң апаларынан үйрөнүшкөн.

**Социалдык капитал** – бул бизнес үчүн жагымдуу шарттарды жана ыңгайлуу чөйрөнү түзгөн формалдуу эмес жана расмий деңгээлдеги байланыштар тармагы (network): бир жагынан алганда, демилгечил ишкерлер, адатта, өз алдынчалыгы жана индивидуалдуулугу менен айырмаланат, ошол эле учурда алар ишенимге, кызматташууга жана колдоого негизделген башка ишкерлер менен болгон ички байланыштарга көз каранды. Шырдак менен иштеген кол өнөрчү аялдар буга эң сонун мисал боло алат. Шырдактар үйдө гана жасалат, ошентсе да аялдар башынан эле кооперативдерди түзүп, кийиз, жүн сатып алууну уюштуруп, тажрыйба бөлүшүп, базар таап, сатууну уюштуруп, кээде жөн эле бири-бирине колдоо көрсөтүп келишет.

**Символдук капитал** репутацияга, ишенимдүүлүккө жана мыйзамдуулукка байланыштуу, бирок алар менен эле чектелип калбайт. Ишкер жана анын бизнеси эч кимге белгисиз болуп, репутация куруу, легитимдүүлүктү орнотуу жана бренддин үстүндө иштөө зарыл болгон учурда символикалык капиталды алуу дайыма кыйыныраак болот. Ошондуктан көргөзмөлөргө, фестивалдарга катышуу, эл аралык жарманкелерге чет өлкөгө баруу кол өнөрчүлөрдүн ишинин чечүүчү элементтери болуп келген жана болуп кала берет. Алар токтобостон, тынымсыз капиталдын бардык төрт түрү боюнча иштеши керек, бул акыры ийгиликтүү ишкерди калыптандырат.

Колесованын текстин жана Натандын кейсин салыштырып талдоодо табигый үйрөнүү мейкиндигин жана салттуу түрдө энелерден жана байбичелерден келе жаткан чыгармачыл мүнөзгө ээ шырдак жасоо процессин бөлүп көрсөтүү маанилүү, ошол эле учурда тармактык маркетингде профессионалдык өсүү окутуу тренинг-семинарлары аркылуу ишке ашат, анын негизги стимулдары продукцияны сатуу болуп эсептелет.

| Колесова: | Натан |
| --- | --- |
| **Адамдык капитал** формалдуу билим берүү аркылуу алынган билимдерди жана билгичтиктерди, ошондой эле эмгек аркылуу алынган көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү жана билимдерди камтыйт. Ишкердүүлүктүн башында турган аялдар өз өнөрлөрүн апаларынан, чоң апаларынан үйрөнүшкөн.<br><br>...Шырдак менен иштеген кол өнөрчүлөр буга ачык мисал боло алат. Шырдак жасоо үй шартында гана жасалып, ошол эле учурда аялдар башынан эле кооперативдерге биригип, кийиз, жүн сатып алууну уюштуруп, тажрыйба алмашып, базар таап, сатууну уюштуруп, кээде жөн эле бири-бирине колдоо көрсөтүп келишкен. | **Кесиптик өсүш үчүн мотивациялык стимулдар**<br><br>Мэри Кэй ошондой эле компаниянын негиздөөчүсүнүн шыктандырган лидерлигин баса белгилейт жана анын цитатасына көп кайрылат.<br><br>Уилсон (1999, 2004) жана Ламоро (2013) окутуу семинарлары профессионалдуулукту, жогорку мобилдүүлүктү жана өзүн позитивдүү кабыл алуу менен кантип шыктандыраарын сүрөттөшөт. Кесипкөйлүк билим жана тажрыйба менен тыгыз байланыштагы семинарлар «билим берүү, көңүл ачуу жана шыктандыруу» менен камсыз кылат. Mary Kay, Avon жана Oriflame компанияларынын сулуулук боюнча консультанттары өнүмдөрдү сатуу менен эле чектелбестен, алар сулуулук боюнча билимдерди жана ыкмаларды үйрөтүшөт, ошондой эле алардын сатуу иш-чаралары «макияж сабактарын» камтышы мүмкүн.<br><br>…Жогоруда сүрөттөлгөн сатуу иштери тармактык маркетинг бизнес моделинин өзөгү болуп саналат. Бирок адамдарды сатуунун оор жумушуна түрткөн көптөгөн стимулдар жана бонустар да бар. Мунун негизги жерлери чоң майрамдык чогулуштар болуп саналат, анда соода өкүлдөрү өздөрүнүн ийгиликтерин коомчулукка таанытышат. |

**Ишкердиктеги гендердик айырмачылыктар**

Мартин: «Ишкер аялдар, адатта, эмоционалдык колдоо көрсөтүүгө, аялдар сырткы дүйнөдөн жана рынок үчүн тынымсыз күрөштөн өзүн коргогон ыңгайлуу мейкиндикти түзүүгө умтулушат. Эркек менен аял ишкерлердин ортосундагы айырмачылыктар аялдар эмоционалдык колдоону баалашат, ал эми эркектер жеке каржылык артыкчылыкка жетишүүнү баалайт».

Колесова менен Натан Лайттын текстин салыштырып талдоодо өндүрүлгөн продукциянын ар түрдүү семантикалык маанисин: шырдак жана тармактык маркетинг продуктуларын көрсөтүү зарыл. Эгер шырдак үйдүн очогунун же коломтонун символу, өзүн өзү таануу жана соода буюму болсо, тармактык маркетинг продуктылары соода буюму катары гана кызмат кылган.

«Сатуу өкүлү заманбап, жаркыраган жана илимий буюмдун имиджин көтөргөн материалдардан пайда көрөт, ал эми тармактык маркетинг компаниясы сатуу өкүлүнүн жергиликтүү социалдык мамилелерге жеткиликтүүлүгүнөн пайда көрөт. Ошондой эле, соода өкүлү бул жолугушууга импорттолгон, илимий жактан текшерилген продукцияларды сүрөттөп, алардын оң таасирлери тууралуу өзүнүн жана башкалардын баяндамалары менен айкалыштыруудагы жөндөмүн колдонот».



**Даярдоо семинары**

**Елена Колесова,** «Өзүн-өзү издөө: Кыргызстандагы креативдик индустриядагы демилгечи, жаңычыл ишкер айымдар (антрепренерлор)»

**Педагогикалык максаттар:**

1. **Бул изилдөөнүн негизги маселеси** – студенттерге кол өнөрчү аялдар кандайча социалдык шарттарга жана гендердик стереотиптерге карабастан өз бизнесин түзүүгө, ишкер болууга жана экономикалык ийгиликтерге жетишкендигин түшүнүүгө жана баалоого мүмкүндүк берүү.
2. Студенттердин аялдар үчүн коопсуз башпаанек катары чыгармачыл чөйрөлөрдү түзүүнүн жолдорунун жана каражаттарынын маанилүүлүгүн түшүнүүсүнө жана маалымдуулугуна көмөк көрсөтүү.

**Педагогикалык тажрыйба**

1. Өткөрүлгөн текст боюнча семинар көрсөткөндөй жетектөөчү окутуучу сабактын башында тексттин авторунун концептуалдык идеяларын аныктоого көп убакыт коротконун белгилүү болду.
2. Педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй, окуучулардын көңүлүн негизги маселелерге гана буруп, бардык аныкталган маселелерди талкууга алып чыгууга болбойт.
3. 1-бөлүк жана 2-бөлүк боюнча семинарларда мугалим Дерриданын тексттин жашыруун жана терең маанисин ачууга багытталган түшүндүрүү искусствосу жана илимий ыкмасын(герменевтика) жана текстти же түшүнүктү *«бузуп салуу»* эмес, анын ичинде жашырынган карама-каршылыктарды, көмүскө маанилерди жана үстөм түшүнүктөрдү ачып көрсөтүү (деконструкция) ыкмаларын колдонушу керек, анткени берилген тексттер ар кандай көз караштардан текстке, образга же окуяга маани берип, аны окурмандык аң-сезимде кайра түзүү процессин(интерпретациялоону) талап кылат, ошондой эле тексттерде кыйыр түрдө болгон же такыр жок контексттерди камтыйт. Мындан тышкары, өз ара аракеттенген элементтерден жаңы, күтүлбөгөн сапаттар жараларын түшүндүргөн (синергетикалык)илимий ыкма жалпы мазмундагы конкреттүү концептуалдык идея ар кандай тексттердин жана кейс-стадилердин көз карашынан талкууланганда гана колдонулушу мүмкүн.

## Негизги семинардын сунушталган модели

### БИРИНЧИ БӨЛҮК

1. Киришүү (5 мүнөт).
2. Негизги түшүнүктөрдү жана идеяларды аныктоо максатында Колесованын тексти менен топтордо иштөө (10 мүнөт).
3. Тексттин негизги идеясын талкуулоо (30 мүнөт).

Елена Колесованын «Өзүн-өзү издөө: Кыргызстандагы креативдик индустриядагы демилгечи, жаңычыл ишкер айымдар (антрепренерлор)» деген макаласын талкуулоо үчүн суроолордун төмөнкү тизмеси сунушталат:

1. Казакстан менен Кыргызстанда бир тармактуу (моно) шаар эмнени түшүндүрөт?
2. Гендердик көз караштан алганда Казакстандын жана Кыргызстандын бир тармактуу (моно) шаардык аймактарындагы орто жаштагы ишкер аялдардын статусунда жана позициясында кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Патриархалдык коомдо аялдардын мейкиндиги кандай?
4. Патриархалдык коомдогу гендердик ролдордун өзгөчөлүгү эмнеде?
5. Бул изилдөөнүн негизги маселеси эмне?
6. Бул маселени изилдөөдө автордун дискурс жана оозеки тарых (жашоо баяны) ыкмаларын колдонуусу негиздүүбү?
7. Шырдак ишкер аялдардын жашоосунда кандай роль ойногон?
8. Шырдак кыргыздар үчүн кандай кызматтарды аткарат?
9. Шырдактын символизми Замира үчүн эмнени билдирет?
10. Памирлик жүндөн токулган байпак (жураб) Тажикстанда абдан белгилүү. Памирдин жүндөн токулган байпактары менен кыргыз шырдактарынын ортосунда кандай окшоштуктарды келтирсе болот? Алардын өндүрүшүндө аялдардын ролу кандай?
11. Памир байпактары кыргыз кол өнөрчүлөрү үчүн шырдак сыяктуу эле памирлик кол өнөрчүлөр үчүн символикалык мааниге ээ боло алабы?
12. Аялдар үчүн креативдүү мейкиндик деген эмне?
13. Кыргыз аялы айыл жеринде ишкерлик менен үй чарбачылыгын кантип айкалыштырат?

### ЭКИНЧИ БӨЛҮК

**Е.Колесованын текстинин негизги идеяларын талкуулоо (уландысы, 40 мүнөт)**

**Тексттин экинчи бөлүмү үчүн суроолор:**

1. «Ишкердик капитал» түшүнүгү өз ичине эмнелерди камтыйт?
2. Адамдык капиталдын, ошондой эле социалдык жана символикалык капиталдын маанисин түшүндүрүңүздөр.
3. Ишкердикте гендердик айырмачылыктар кантип көрүнөт?
4. Тарыхта эркектер үстөмдүк кылган социалдык чөйрөдө ийгиликке жетүү үчүн аялдардын жүрүм-турумунда эркектик сапаттарды туурап, эркектик деп аталган сапаттарга ээ болууга умтулушат деген тексттин авторунун оюна кошуласыздарбы?

5. Эң сонун ийгиликтерге жетишкен трансгендер спортчулар жөнүндө кандай ой-досуздар? Аларга Борбордук Азия чөлкөмүндө атаандашууга чыгууга уруксат берилиши керекпи?
6. Кол өнөрчүлүк тармагындагы ишкердик кыргыз аялдарына кандай мүмкүнчү-лүктөрдү түздү?
7. «Эне-кыз» түшүнүгүнүн (феноменинин) мурас маселесиндеги мааниси кандай?



**Семинардын негизги суроосуна жооп табуу (5 мүнөт)**

Бул темада этикалык оюн өткөрүү же кейс изилдөөсүн көрсөтүү.

**Жыйынтыктоо (10 мүнөт).**

# 2 Бөлүм

▼

## 1-САБАК

**2-БЛОК. Аялдардын үй-бүлөдө жана коомдо экономикалык теңчилик үчүн күрөшү: социалдык жана психологиялык аспекти** 2 тексти камтыйт (бул 4 саатты – 2 сабакты түзөт).

## Нуридинова Шойрахон «Стамбулдагы мардикор базары өзбек мигранттарынын көзгө көрүнбөгөн жүзү катары»

Акыркы жылдары өзбек мигранттарынын саны кыйла көбөйдү. Түркиядагы өзбек мигранттары жөнүндө изилдөөлөр барган сайын көбөйүп жатат, ал эми өзбек аялдарынын формалдуу эмес эмгек рыногуна арналган изилдөөлөр өтө аз. Бул изилдөө Стамбулдун Гүнгөрен шаарындагы мардикор базарындагы аял мигранттардын окуяларын изилдөөгө арналган. Мардикор – фарсы сөзү, mardi «эркек» дегенди билдирген жана kor «иш» дегенди билдирген сөздөрдөн түзүлгөн: мардикор – эркектин ишин кылган адам. Адатта, мардикор базары (рыногу) – эркектер үчүн эмгек рыногу, ал эми Түркияда мардикор базарынын катышуучулары Өзбекстандан келген аялдар болуп саналат. Тактап айтканда, мардикор болуп иштеген 20 аял мигрант менен болгон маектер бул аялдардын күндөлүк формалдуу эмес эмгеги жөнүндө түшүнүк берет.

**Ш. Нурдинованын текстинин негизги темалары:**

- Мардикор-базарлардын аялдык жүзү жана патриархалдык логиканын стереотиптери;
- Аял эмгек мигранты катары;
- Аялдардын максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттиги);
- Өзбекстандан келген аял мигранттардын гендердик өзгөчөлүктөрү;
- Күнүмдүк жумушчу же гүнлүкчү;
- Мардикорлордун социалдык жактан корголбогондугу;
- Мардикорлорду жумушка издөө жана жалдоо ыкмалары;
- Мардикор же келишим (контракт) боюнча иштөө;
- Кулчулук эмгек жана анын психологиялык кесепеттери;
- Аял мардикорлордун күндүк жумушунун эмоционалдык аспектилери;
- Уят жана гендердик статус;
- Мардикор-базары расмий эмес иш менен камсыз кылуу катары;
- Күнүмдүк жумуш «жашыруун кулчулук» катары;
- Бир тармактуу (моно) шаарлардын жашоочуларынын жашоо стратегиясы катары карыз жана бартердик соода;

- Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү (УМК) жана чакан насыя (микрокредитт) ортосундагы өз ара байланыш

**Текстти талдоо үчүн концептуалдык карта / кластер:**

Аялдардын эмгек рыногунда (мардикор-базарларда) пайда болушу ар кандай ирония жана таң калуудан тартып, кескин айыптоого чейин кабыл алынат. Аялдардын мардикор болушу чыгыш менталитети үчүн мүнөздүү эмес. Биздин оюбузча, аялдардын мындай ишмердүүлүккө аралашуусу аялдардын экономикалык көз карандысыздык үчүн күрөшүүнүн жана гендердик тең укуктуулугун коргоонун көрүнүшү болуп саналат, ал эми экинчи жагынан, бул коомдук аң-сезимде чыгыш аялынын кадыр-баркын түшүрөт, аялдардын коомдогу абалы жөнүндөгү мусулмандык салттарга каршы келген ар кандай ассоциацияларды жаратат.

**Мардикор-базарлардын аялдык жүзү жана эркекке негизделген бийлик жана баалуулуктар системасы (патриархалдык) логикасынын стереотиптери**

Мардикор-базарлар (жумушчу базарлар) Борбордук Азияда эбактан бери эле кеңири таралган болсо да, аялдар күнүмдүк жумуш базарына 2000-жылдары гана келе башташкан. Жаңылыктарда Стамбулдун Гүнгере шаарында күн сайын ондогон өзбек аялдары эртең менен эрте туруп, брокерлер менен күнүмдүк жумушка баруу боюнча сүйлөшүү үчүн сааттап күтүшкөнү айтылган. Брокерлер ылайыктууларын тандап, аларды унаа менен жумуш ордуна жеткиришет. Бул Стамбулдун ар кайсы райондорунда кадимки көрүнүш, бирок жумуш күтүп жолдун боюнда турган аялдар түрк коому үчүн адаттан тыш көрүнүш.

**Аял эмгек мигранты катары**

Өзбекстандын контекстинде «мигрант-эркек-багуучу» эң кеңири таралган патриархалдык структура. Ошол эле учурда аялдардын аз гана бөлүгү күйөөлөрүн мигрант катары коштоп жүрүшөт. Ажырашкан же жесир калган аялдар багуучунун ролун өздөрүнө алып, чет өлкөгө, көбүнчө Түркияга эмгек мигранты катары кетишет. Бирок күнүмдүк жумушчулар көп учурда жетиштүү изилденбей калат, анткени мигрант аялдар көбүнчө расмий эмес жумушка тартылышат жана расмий маалыматтар алардын ишмердүүлүгүн эске албайт.

**Өзбекстандан келген аял мигранттардын гендердик өзгөчөлүктөрү**

Ш.Нурдинова: Өзбек аялдары негизинен кароо (багуу) тармагында, үй чарбасында жана Түркиянын орто кирешелүү үй-бүлөлөрүндө бала багуучу болуп иштешет. Менин мурунку изилдөөлөрүм көрсөткөндөй, өзбек аялдары негизинен 6 айдан бир жылга чейин иштеп, Өзбекстанга кетип, кайра Түркияга кайтып келген циркулярдык мигранттар болуп саналат. Көптөгөн өзбек аялдары кыска мөөнөттүү жумуштарды артык көрүшөт, бул аларга көбүрөөк ийкемдүүлүк берет.

**Күнүмдүк жумушчу же гүнлүкчү (гюнлюкчу)**

Мардикор-базары күнүмдүк жумушчу күчүнүн рыногу катары. Мардикор-базарлары жыныстык белгиси боюнча бөлүнгөн. Түркияда, салыштырмалуу сириялык же сомалилик күнүмдүк жумушчулар – эркектер, ал эми өзбек күнүмдүк жумушчулары – аялдар.

Көчөдөгү же мардикор-базарындагы брокерлер аялдарды күнүмдүк жумушка тандап жатканда, кызыктай ассоциация пайда болот. Бул орто кылымдагы базардагы кул сатууга окшошпойбу? Тажикстанда мардикор-базарларын башчылар/бригадирлер башкарат. Түркияда болсо, өзгөчө өзбек мардикор-базарларында ортомчу-субподрядчиктерди ташерон деп аташат. Алар мардикор-жумушчуларды чогултуп, аларга ылайыктуу жумуш табууга жооптуу.



**Мардикорлордун социалдык жактан корголбогондугу**

Ар бир ташеронго 70-100 мардикор туура келет, алар расмий эмес, эмгек келишимисиз жана социалдык коргоосуз иштешет. Мардикорлордун көбүнүн иштөөгө жана жашоого уруксаты жок. Технологиялардын бардык тармактарда өсүшү менен мардикор-базарлар да онлайнга өтүүдө. Ташерон Whatsapp сыяктуу социалдык тармактарда группаларды түзүп, күнүмдүк жумушка көбүрөөк мардикорлорду тартат. Өзбекстандан келген аялдар да группага кошула алышат. Ташерон менен жумушту макулдашып, төлөмдү алгандан кийин ал Түркияга көчүп келе алат. Мардикорлор тобокелге азыраак барууга аракет кылып, өздөрүнө көз каранды кылып алган белгилүү ташерон менен иштешет.

**Мардикорлорду жумушка издөө жана жалдоо ыкмалары**

Мен мардикор базарларында аялдардын жумуш издеп, ташерондор менен кантип сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнүн байкадым. Респонденттердин жашы 18ден 44кө чейин болгон, анткени улуу муундагы адамдар мардикор базарынан жумуш таба алышпайт. Респонденттердин билим деңгээли – орто же орто кесиптик, алардын көбү Өзбекстанда жумушчудан баштап пол жуугучка чейин иштеген тажрыйбасы бар адамдар.

Өзбекстандык аял мигранттар Гүнгеренин негизги жолдорунун боюна чогулуп, ташерон аларды бир нече саатка, бир күнгө, кээде бир нече күнгө чейин созулган убактылуу жумушка жалдашын күтүшөт. Күнүмдүк жумуш үчүн 250дөн 350гө чейин түрк лирасы төлөнөт (22,7-31,8 евро).

**Мардикор же келишимдик жумушпу?**

Түркияда чет элдиктерге иштөөгө уруксат алуу үчүн иш берүүчүлөр жоопкерчиликтүү болгондуктан, алардын көбү иштөөгө уруксатты узартууга жана жумушчуларды бирөөнү багуу, үй жумуштарын жасоо ж.б. үчүн жалдоого убакытты кетирбөө үчүн узак мөөнөттүү келишимдерди түзүүгө аракет кылышат. Түрк үй-бүлөлөрү үй кызматкеринин узак мөөнөттүү келишимдерин жактырышса, өзбек мигрант аялдары кыска мөөнөттүү иштөөнү каалашат, бул аларга үйлөнүү үлпөттөрү болгон учурда Өзбекстанга кетип, Түркияга кайрадан циркулярдык мигрант катары кайтып келүүгө мүмкүндүк берет. Мигранттардын иш берүүчүлөр менен көйгөйлөрү жаралса, алар адатта, айлык акысын ала алышпайт.

Мардикор-аялдар келишимдик жумушка караганда күнүмдүк жумуш көбүрөөк кепилдик берет деп эсептешет, анткени жагдай өзгөргөн учурда келишимде көрсөтүлгөн айлык акы төлөнбөй калышы мүмкүн. Бирок күнүмдүк жумушта, эгерде алар күнүмдүк акысын алышпаса, анда эртеси жумушка чыгышпайт, анткени күнүмдүк жумуштагы жоготуу айлык акыга караганда аз болот деп эсептешет.

### Кулчулук эмгек жана анын психологиялык кесепеттери

Мардикор аялдардын материалдык көз карандысыздыгы жөнүндөгү текстти талдоодо бул эркиндиктин жана белгилүү материалдык жетишкендиктин баасына көңүл буруу керек: оор абалдагы жана нормаланбаган эмгектин натыйжасында аялдарда ар кандай оорулар, ошондой эле стресстик абалдар жана психологиялык көйгөйлөр пайда боло баштаган.



Өзбек кыздары чоңоюп келе жатканда үй-бүлөдөгү улууларды жана балдарды багууга үйрөнүшсө да, Түркияда жалгыз бой өзбек кыздары балдарды багууда бир топ кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Алар жумуштун мүнөзүнөн улам өздөрүн абдан ыңгайсыз, оор, **чыңалган** абалда сезишет жана алардын көбү Түркияда тамеки чеге башташкан, бул Өзбекстанда аялдар үчүн мүнөздүү эмес көрүнүш. Дээрлик бардык катышуучулар мурунку жумушуна байланыштуу стрессти сезишкен, мисалы, иш күндүн узактыгы, улгайган, оорулуу адамдарга жана балдарга кам көрүү учурундагы психологиялык жүк; сексуалдык асылууга байланыштуу стресс: «Мен бул жерде бала багуучу болуп иштедим. Түрк балдарын багуу абдан оор, бул нерв системасына таасир этет» (37 жашта). Дагы бир респондент COVID-19 мезгилинде карыларга кам көрүүчү болуп иштеп жүргөндө антидепрессанттарды ичe баштаганын айтты. Мигранттар ижарага акы төлөбөйт, ошондуктан оорулууларды багуу акча топтоого мүмкүнчүлүк берет, бирок алар күнү-түнү иштешет.

«Бала багуучу же медайым сыяктуу келишимдик жумуштарда 18 саат иштей аласыз, бирок айлыгыңыз туруктуу. Эгерде сиз кечки саат 6дан кийин иштесеңиз, башкача айтканда ашыкча иштесеңиз, күнүмдүк жумушта кошумча сааттар үчүн кошумча акча ала аласыз»

### Аял мардикорлордун күнүмдүк жумушунун эмоционалдык аспектилери

Аял-мардикорлор эмоционалдык себептерден улам күнүмдүк жумушту артык көрүшөт. Ажырашкан респонденттердин бири Өзбекстанга апасын жана кызын таштап кеткенин айтты. Өзбекстанда өзүнүн жакындарын кароосуз калтырып, башка энелерге жана балдарга кам көрүү ага оор экенин айтты: «Үй-бүлөмдү таштап, башка энелерге жана балдарга кантип кам көрөм? Мен апама жана кызыма кам көрбөйм, алар Өзбекстанда, апам кызыма кам көрөт, ал эми апама келини кам көрөт. Мага бирөөнү багуу жумушу жагымсыз болгондуктан, мен күнүмдүк жумушту тандаганды артык көрөм».

### Уят жана гендердик статус

Мардикор болуп иштеп, көптөгөн аялдар агенттүүлүк статусуна ээ болушту, башкача айтканда, үй-бүлөдө чечим кабыл алууда алардын үнү чечүүчү болуп калды. Бул аял мардикорлордун чөйрөсүндө белгилүү бир бийликке жана кадыр-баркка ээ болуп, багуучунун ролун аткара баштаганын билдирген.

**Аялдардын агенттүүлүгү**

Чечимдерди кабыл алуунун формалдуу эмес процесстери. Мисалы, аялдар көбүнчө үй-бүлө мүчөлөрү менен чет өлкөгө миграциялоо, чечим кабыл алуу үчүн акча табуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт, бул агенттүүлүктүн өтө маанилүү аспектиси, аны учурдагы өлчөөлөр көп учурда чагылдырбайт.

Эгерде аял-мардикорлордун социалдык-экономикалык мейкиндигин жана Тажикстандын райондорунун эң бир четинде жайгашкан айылдардын бириндеги аялдардын үй-бүлөлүк мейкиндигин салыштырсак, анда аялдардын укуктарын жана эркиндиктерин кеңейтүү планындагы активдешүүсү аялдын жеке аракетинен гана эмес, өнөр жайдын, инфраструктуранын өнүгүшү сыяктуу тышкы шарттардан да көз каранды.

| **Мардикор аялдардын социалдык мейкиндиги.** | **Тажикстандагы үй-бүлөлүк социалдык мейкиндик** |
| --- | --- |
| Миграция мардикор аялдарга көбүрөөк эркиндик берди, муну интервьюга катышкандардын бири мындай деп түшүндүрдү: «Түркияда мен өзүмдү эркин сезем». Бул ага негизги муктаждыктарын араң канааттандырса да, өз кызматы менен акча таап, келечекке сактап коё аларын эсине салды. Мардикор болуп иштөө да аларга көбүрөөк эркиндик берет, анткени көпчүлүгү качан жана кантип иштөөнү өздөрү чечкенин айтышкан. Ал эми «жумуш берүүчү – күнүмдүк жумушчу» келишими кыска мөөнөттүү болуп, күнүмдүк жумушчулар жумуш күнүнүн аягында маяна алышат. Аялдардын мардикор базарына катышуу мотивдери жөнүндө айткандарын алардын өз жашоосун курганына сыймыктануу сезиминин чагылышы катары кароого болот. | Кайын эне үй-бүлөдө чечим кабыл алууда маанилүү ролду ойноп жатканына карабастан, Яван районунда өнөр жай, экономикалык турмуш жана инфраструктура тармагында болуп жаткан объективдүү факторлор аялдардын айылдын жана өз үй-бүлөсүнүн экономикалык турмушуна катышуусуна көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Бул, албетте, аялдар үй жумуштары менен гана алектениши керек деген гендердик стереотипти бекемдеген салттуу социалдык норманын өзгөрүшүнө да таасир этет. Белгилей кетчү нерсе, бул тенденция (айылдын экономикалык мейкиндигинде аялдардын активдешүүсү жана алардын үй-бүлөлөрүндө чечим кабыл алуудагы ролунун күчөшү) өлкөнүн изилденген үч аймагында тең байкоо жүргүзүү методу менен алынган жыйынтыктар боюнча байкалган. |

**Мардикор-базар иш менен камсыз кылуунун формалдуу эмес түрү.**

Көптөгөн өлкөлөрдө формалдуу эмес иш менен камсыз кылуу экономиканын жана эмгек рыногунун олуттуу бөлүгү болуп саналат. Ал өндүрүштө, жумуш орундарын түзүүдө жана киреше алууда маанилүү роль ойнойт. Бирок формалдуу эмес иш менен камсыз кылуу жумушчуларды аябай чоң коркунучка дуушар кылат. Формалдуу эмес иш менен камсыз кылуу кирешенин деңгээлине, эмгек укуктарынын корголушуна жана жалпы иш шарттарына терс таасирин тийгизет. Мардикорлордун көбүнүн жашаган жерге жашап туруга да, иштөөгө уруксаты да жок болчу, анткени алар күнүмдүк жумушка гана жалданышкан, бул аларга иштөөгө уруксат алууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Бул жакта жашоого уруксат алууга келсек, мардикорлор жашоого уруксат алуу үчүн арыз

бергенден көрө, Түркиядан чыгып жатканда айып төлөөнү артык көрүшөт. Алар муну расмий эмес статусун сактоо менен үнөмдөйбүз деп түшүндүрүшөт. Арыз берүү, камсыздандыруу ж.б. чыгымдар айыптан жогору, ошондуктан көптөгөн өзбек мигранттары көбүнчө айып төлөөнү туура көрүшөт.

**Күнүмдүк жумуш «жашыруун кулчулукпу»?**

Жалданып иштөө кайсы бир деңгээлде аялдарга «өз кызматтары үчүн жашоого каражат табууга жана келечекке жыйноого» мүмкүнчүлүк берилгенине карабастан, алардын эмгек шарттары, негизи оор жана кулчулук мүнөзүндө, анткени алар бардык социалдык укуктардан ажыратылган.

> «Бул мардикорлорду көбүнчө текстиль фабрикалары экспортко суроо-талап көбөйгөндө, кыска мөөнөткө кошумча жумушчу күч керек болгондо жалдашат. Текстиль фабрикалары ташерондорго кайрылып, аларга күнүмдүк жумушчуларды тазалоо, таңгактоо ж.б. сыяктуу жумуштарды аткаруу үчүн суранышат. Алар күнүмдүк жумушчуларды жалдаганды жакшы көрүшөт, анткени бул учурда аларга жумуш үчүн социалдык камсыздандыруу/салык төлөөнүн же узак мөөнөттүү келишимдерди түзүүнүн, иштөөгө уруксат алуунун кереги жок. Текстиль сектору аз акы төлөнүүчү жумушчу күчкө болгон суроо-талаптын өсүшүнө алып келди, бул документтери жок чет элдик жумушчуларды жалдоону пайдалуу кылды».

Тажик контекстине таянып Ш. Нурдинованын текстине салыштырмалуу талдоо катары тажик окумуштуулары П. Д. Шозимов менен Л. Мированын изилдөөлөрүн кароону сунуштайбыз. Тажикстанда жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдардын социалдык мобилдүүлүгү жана экономикалык көз карандысыздыгы, ошондой эле гендердик теңчилик аялдардын акча ресурстарына жеткиликтүүлүгү бар аймактарда жогору. Бул негизинен айылдардын экономикалык өнүгүүсүнө, сапаттуу билим берүүгө жана коомдук уюмдардын жардамына көз каранды. Салт боюнча Чыгышта акча ресурстары эркектердин колунда топтолуп, бул аялдарды дайыма көз каранды, баш ийген абалга коёт. Бирок аялдар жогорку мобилдүүлүктү көрсөтүп, билимге ээ болгондо, алар бизнесте тең өнөктөш болуп, кээде финансылык ресурстарды көзөмөлдөшөт. Согди облусунун Гафуров районундагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдардын жогорку социалдык мобилдүүлүгүнүн жана лидерлик сапаттарынын аркасында алар эркектер менен тең өнөктөш болуп, күйөөлөрүнө жардам беришет.

> «Бул үй-бүлөнүн акчасы жана ресурстары күйөөсү менен аялынын ортосунда бөлүштүрүлүп, бирдей жеткиликтүүлүккө жана көзөмөлгө ээ болгон сейрек учурлардын бири, бул гендердик теңчилик категориясы менен жакшы байланышта. Менчик укугу маселесинде дагы жооптор күйөөсү менен аялынын бирдей укуктарын көрсөтөт. Гафуров районунда аялдар жана кыздар арасында байланыш каражаттарына жеткиликтүүлүк абдан жогору, бул алардын социалдык мобилдүүлүгүнүн жогору болушу, билим алууга жана үйдөн тышкары иштөөгө багытталгандыгы менен байланыштуу.
> …Респонденттин пикири боюнча, «…биздин райондо аялдарга караганда эркектерге көбүрөөк жардам берүү керек. Айылдын аялдары эл чарбасынын тармактарында жогорку активдүүлүктү көрсөтүшөт, калктын сабаттуулугу жетиштүү деңгээлде. Бул райондун айылдык аялдары бардык облустук структураларда иштешет».

Тажик үй-бүлөлөрүндө үй-бүлөлүк каржы капиталын сактап калуу үчүн көп учурда «туугандык никелер» түзүлөт. Балким, бул ар кандай себептерден улам келип чыккандыр, бирок негизги максаты – үй-бүлөлүк капиталды сактап калуу жана көбөйтүү.

**Аялдардын тең укукка, эркиндикке жана өз алдынчалуу позицияга жетүү процесси (эмансипациясы) жана эзүү (эксплуатациялоо)**

Экономикалык зомбулук. Мамлекет тарабынан гендердик теңчилик боюнча көрүлүп жаткан чараларга карабастан, үй-бүлөдө аялдарга карата расмий жана расмий эмес экономикалык зомбулук дагы деле сакталып, үй-бүлөлүк чыр-чатактарды жаратып, кээде үй-бүлөлүк байланыштардын үзүлүшүнө алып келет. Бул ар кандай формада жана модификацияда мигранттардын акча которууларынын бөлүштүрүлүшү боюнча эне менен келиндин ортосундагы талаштардан тартып, кыймылсыз мүлктү бөлүштүрүүгө жеткен талаштарына чейин болушу мүмкүн.

«Эмгек миграциясы бир жагынан үй-бүлөлөргө каржылык жардам көрсөтүү аркылуу зомбулуктун деңгээлин төмөндөтсө, экинчи жагынан бул жардамды көбүнчө аялы менен балдары эмес, ата-энеси алгандыктан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда чыр-чатактарды жаратат. Ушундан улам күйөөнүн ата-энеси менен келининин ортосунда да чыр-чатактуу кырдаалдар келип чыгат. Көбүнчө бул келинге карата экономикалык, ошондой эле физикалык зомбулукка алып келет». Аялдардын экономикалык укуктарын сактоо боюнча белгилүү бир жетишкендиктерге карабастан, «... көптөгөн үй-бүлөлөр аялдын мындай экономикалык абалына даяр эмес, ошондуктан алар аялдын мүлкүн уулунун же күйөөсүнүн атына жаздырышат. Көбүнчө аял өзүнүн мүлкүнөн ажыратылат…»

## Семинардын планы

**Нурдинова Шойрахон «Стамбулдагы мардикор-базары өзбек мигранттарынын көзгө көрүнбөгөн жүзү катары»**

**Даярдоо семинары**

**Педагогикалык максаттар:**

1. Студенттердин өзбек аял-мигранттарынын мисалында эмгек рыногунда «аял мардикорлордун» пайда болуу себептерин аң-сезимдүү түшүнүүсүнө жардам берүү.
2. Аялдардын мүнөзүнүн социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн: жашоого жөндөмдүүлүгүн, экономикалык көз карандысыздыкты, өз алдынчалуулукту ж.б. талдоонун жардамы менен студенттердин мардикор аялдын портретин сүрөттөө жөндөмдүүлүгүнө өбөлгө түзүү.
3. Студенттерди мардикор-базарларынын аялдарынын мүнөздүү белгилерин жана аялдардын патриархалдык логиканын стереотиптерине каршы күрөшүн сүрөттөп берүүгө алып келүү.
4. Төмөнкү суроого жооп берүү: Аялдардын мардикорлугунун социалдык-психологиялык кесепеттери кандай?

**Окутуу тажрыйбасынан**

1. Ш. Нурдинованын макаласын талкуулоодо студенттердин көңүлүн көтөрүлгөн маселелердин **адеп-ахлактык жана психологиялык жактарына** бул аймакта жашаган элдердин **салт-санаасын, үрп-адаттарын жана диний аң-сезимин** эске алуу менен буруу керек.
2. Окутуучуларга темага ылайык келген өз тексттерин кейс-стади катары колдонууну сунуштайбыз.



## Негизги семинардын сунушталган модели

### БИРИНЧИ БӨЛҮК

**Ш. Нурдинованын «Стамбулдагы мардикор-базары өзбек мигранттарынын көзгө көрүнбөгөн жүзү катары» (уландысы) текстинин негизги идеяларын талкуулоо (40 мүнөт)**

1. Киришүү (5 мүнөт).
2. Ш. Нурдинованын тексти менен негизги түшүнүктөрдү жана идеяларды аныктоо максатында топтордо иштөө (10 мүнөт).
3. Текстти талкуулоо (30 мүнөт).
4. Семинардын негизги суроосуна жооп издөө (5 мүнөт).

**Текстке суроолор:**

1. Эмне үчүн коомдо мардикор-базардагы аялдардын ишине ирония менен мамиле кылышат деп ойлойсуздар?
2. Эмне үчүн өзбек мигранттары күнүмдүк жумушта иштөөнү артык көрүшөт?
3. Мардикор базардагы бийлик жана авторитет жөнүндө эмне деп ойлойсуздар?

**Кошумча суроолор:**

1. Тажикстандын көчөлөрүндө аялдар өз кызматтарын сунуштаган «мардикор базарларынын» пайда болушун элестетүүгө болобу?
2. Макаланын автору аялдардын мардикордук күнүмдүк ишин каржылык жактан пайдалуу болгонуна карабастан, идеалдаштырып жаткан жокпу?

### ЭКИНЧИ БӨЛҮК

**Ш. Нурдинованын «Стамбулдагы мардикор базары өзбек мигранттарынын көзгө көрүнбөгөн жүзү катары» деген текстинин негизги идеяларын талкуулоо (уландысы) (40 мүнөт).**

**Суроолор:**

1. Автордун аялдар аң-сезимдүү түрдө узак мөөнөттүү жумушка караганда күнүмдүк жумушту тандайт деген негизги корутундусуна кошулууга болобу?
2. Мардикор болуп иштеген көптөгөн аялдар максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмдүүлүк (агенттүүлүк) статусуна ээ болушту, башкача айтканда, үй-бүлөдө чечим кабыл алууда алардын үнү чечүүчү болуп калдыбы?

3. Аялдардын мардикорлордун эмгегин жана эмгек шарттарын «ыктыярдуу кулчулук» деп атоого болобу?

**Семинардын негизги суроосуна жооп издөө (5 мүнөт).**

**Этикалык оюн өткөрүү.**

**Жыйынтыктоо (5 мүнөт).**

## 2 бөлүм. 2-САБАК

**Үй-бүлөдө жана коомдо аялдардын экономикалык теңчилик үчүн күрөшү: социалдык жана психологиялык аспект.**

## Бактыгүл Мидинова
## «Пахта жана тамеки терүүчүлөр. Советтик модернизацияны жана пропаганданы пахта терүүчүлөрдүн (Кара-Суу), тамеки терүүчүлөрдүн (Ноокат) жеке тарыхтары аркылуу изилдөө»

СССР түзүлгөндөн кийин Борбордук Азиянын башка өлкөлөрү сыяктуу эле Кыргызстандын аймагы да жаңы мамлекеттин айыл чарба саясатын ишке ашыруу аянтчасына айланган. СССРдин экономикалык көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн советтик жетекчилик Борбордук Азияда агрардык монополияны түзүүгө аң-сезимдүү түрдө барган. Пахта жана тамеки өндүрүү көп эмгекти талап кылгандыктан, орто азиялык калкты ар кандай жолдор менен айылда калууга мажбурлашкан. Бир айыл чарба продукциясын өстүрүүгө жооптуу болгон бир тармактуу же монотармактык райондор түзүлгөн. Пахта, тамеки плантациялары үчүн эң түшүмдүү жерлер бөлүнгөн. Бул изилдөө советтик мезгилдеги эмгекти модернизациялоо жана пропагандалоону Ноокат районунун тамеки терген аялдарынын жана Кара-Суу районунун пахтачыларынын жеке окуялары аркылуу изилдөөгө арналган. Анда колхоз жетекчилери колхоздун аялдарынын күчү менен тамеки менен пахта жыйноо боюнча планды кантип аткарганы жана аялдардын өлкөнүн пландуу экономикасына кандай салым кошкону чагылдырылат.

**Бактыгүл Мидинованын бул текстинин концептуалдык негизин төмөнкү идеялар түзөт:**

- Ураандардын жана плакаттардын идеологиялык машинадагы ролу.
- Пахта бир тармактуу (моно) техникалык айыл чарба өсүмдүгү катары.
- Радио уктуруу – негизги идеологиялык жарчы.
- Социалисттик мелдештер.
- Балдардын эмгеги.
- Тоталдуулук жана айылдагы инсандын эркиндиги.
- «Ак» жана «сары» алтын мамлекеттин стратегиялык коопсуздугу катары.
- Баатырдык эмгектин баасы менен гендердик теңчилик.
- Колониялык пахта кампаниясы жана гендердик укуксуздук.

- Гендердик тең укуктуулук жана аялдардын маанилүү чечимдерди кабыл алууга жеткиликтүүлүгү.

**Ишкер айымдардын социалдык жана экономикалык мобилдүүлүгү**

**Текстти талдоо үчүн концептуалдык карта /кластер**



Советтик мамлекеттин бардык үгүт жана үгүттөө иштери өсүп келе жаткан муунду коммунизмдин келечектеги куруучулары катары тарбиялоого багытталган. Ал элди көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн каармандык эмгекке чакырды. Адамдардын аң-сезимине психологиялык таасир ушунчалык күчтүү болгондуктан, алар жаркын келечек үчүн кыйынчылыктарга жана укуксуздукка чыдашкан.

**Совет мамлекеттинин айыл чарба саясатындагы ураандардын жана плакаттардын ролу**

Бактыгүл Мидинова: «Советтер Союзу ураандардын өлкөсү болгон. Идеологиялык машина жашоонун бардык тармактарына кирип, аларды коммунисттик партия бекитилген сунуштар, фразалар жана цитаталар менен толтурган. Эң кеңири тарагандары эмгекке тиешелүү ураандар болгон. Алардын эң белгилүүсү И.В.Сталиндин 1930-жылдагы саясий отчетунан алынган чакырык болгон. Сталиндин сөздөрү эмгек пропагандасында кеңири колдонула баштаган, өндүрүштүк ишканаларда пайдаланылган, цитата архитектуралык объектилерге жана мамлекеттик сыйлыктарга түшүрүлгөн. Өндүрүштүк ишканалардан тышкары, ураан ГУЛАГдын түзөтүү-эмгек лагерлеринде кеңири таралган. Лагерге келгендерди «СССРде эмгек – бул ар-намыс иши, даңк иши, эрдик жана баатырдык иши!» деген жазуу тосуп алган».

**Пахта Борбордук Азия аймагындагы стратегиялык маанилүү өсүмдүк жана агрардык монополия катары**

Агрардык монополиянын калыптанышы айыл чарба түзүмүн кеңири трансформациялоону камтыган, колхоздорду негизги уюштуруу формасына айландырган. Пахта өстүрүү өлкөнүн бүткүл айыл чарба өндүрүшүнүн эң маанилүү тармагы болгон. ...Пахтанын олуттуу өндүрүшү Россия империясы тарабынан аймактарды басып алуудан кийин көбөйгөн. Америка Кошмо Штаттарындагы жарандык согуш (1861-1865) бул техникалык өсүмдүктүн Россия үчүн стратегиялык маанисин арттырып, пахта аянттары жыл сайын көбөйүп турган. Совет бийлиги орногондон кийин пахта аянттары 3 эсе, түшүмдүүлүк 2,2 эсеге көбөйгөн.

Совет мамлекети даңазалаган адилеттүү жана бактылуу коом жөнүндөгү социалисттик идеялар айыл жергесиндеги аялдардын абалын дайыма эле чагылдыра берген эмес.

**Мажбурлап иштетүү жана татаал иштөө шарттары Мидинова**

«Талаада жумуш таң эрте башталчу, таң ата электе эле колхоздун арабасы (байыраак колхоздордо-унаа менен) колхозчу аялдарды чогултуу пунктунан алып, талаага алып барчу. Кээ бир аялдар саат 3.30-4тө жумушка деп турганын эстешет. Күн чыкканга чейин эмгектенип, эгин жыйнап, сарайларга жөнөтүшкөн. Көбүнчө алар ачка иштөөгө аргасыз болушкан, кээде үйгө келгенде, үйдө дагы тамак- аш жок болгон учурлар болчу. Түшкө маал балдарды тамактандырып, аялдар талаага же сарайга кайтып барышчу жана орношкон жумушунда түн бир оокумга чейин иштешчү. Тартипке жана иштин сапатына бригадирлер көзөмөл жүргүзүшчү, алар аялдар жумушун бүтүрүп өткөрмөйүнчө үйүнө жиберчү эмес.Сарайда түнөп калбоо үчүн, жумушту тезирээк бүтүргөндөр артта калган кесиптештерине жардам бере калышчу.

Талаа мезгили февраль айында күнөсканаларды даярдоо жана көчөттөрдү өстүрүү менен башталып, жылдын аягында түшүм жыйноо жана тапшыруу менен аяктаган. Жыл бою аялдар талыкпай, уйкусуз, эс албастан, ысыкта жана суукта баш көтөрбөй иштешчү. Салмагы 60-70 кг болгон боолорду көтөрүп, чогултуу пунктуна чейин алып барышчу. Эч ким жумуштан баш тартууга аракет кылган эмес, муну айылда башка жумуш жок деп түшүндүрүшчү. СССРде жалкоолук таптакыр кабыл алынган эмес»

Экономикалык зомбулукка алып келе турган аялдардын экономикалык абалы тууралуу семинардын негизги маселеси талкууланып жаткан контекстте Камюнун тоталдык идеология менен инсандын эркиндигинин ортосундагы байланыш маселесине болгон мамилесин кароо маанилүү. Б.Мидинованын тексти менен Камюнун текстинин салыштырмалуу анализи.

| Зулпинисо Атаханова, тамеки тизүүчү: | Камю |
|---|---|
| «Биз мамлекетке иштечүбүз. Эмгегибиз үчүн 10-12 рубль, кээде 30-40 рубль, сейрек 50 рубль алчубуз. Башка киреше булагыбыз жок болчу. Биздин кирешебиз ушунчалык аз болгондуктан, тапочка же галош сатып алганга да жетчү эмес. Эгер бир жакка чыккыбыз келсе, ылайыктуу кийимибиз да жок болчу. Мурда кошуналардан көйнөк сурап, бир жакка барчу элек». | Жалпы мааниде тоталитардык режим – бул түбөлүктүү бirимдикке умтулуу, ал Империянын жана кулчулуктун атынан бардык баалуулуктардан, анын ичинде инсандын эркиндигинен баш тартууну болжолдойт. Албетте, Империя эркиндиктен баш тартпайт. Адилеттүүлүктүн туусун көтөрүп, ал адамзат жамаатына эркиндик берүүнү убада кылат, бирок ошол эле учурда айрым инсандардын эркиндигин кул кылат. Бирок бул эркиндик Камюнун пикири боюнча, "кулдардын үйүрүнүн" үстүнөн бийлик кылат. |

**Социалисттик мелдештер жана эмгекти таануу баасы**

Мамлекет колхозчулардын, өзгөчө түшүм жыйноочулардын аракеттерин кубаттап, аларды орден, медалдар менен сыйлаган, ал эми айрымдары эң жогорку сыйлыкка – Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына татыктуу болушкан. Бирок көп учурда көптөгөн аялдар таанылууга ден соолугунун, оор физикалык эмгектин, уйкусуз түндөрдүн жана кайтарылгыс жоголгон жаштыгынын эсебинен жетишкени эске алынбайт.

**Марапат Исмаилова,** тамекичи: «Биз тамеки талаасында иштөөнүн зыяны же пайдасы тууралуу эч кандай түшүнүгүбүз жок эле иштей берчүбүз. Биздин түшүнүгүбүз чектелүү болчу. Жада калса тамекинин жытын да сезчү эмеспиз. Арыктан суу ичүү үчүн тамекинин жалбырактарын колдончубуз. Бир колубуз менен тамак жеп, экинчи колубуз менен тамекини тизмектеп турчубуз. Ал эми колдорубуз тамекиден улам жабышчаак болуп калчу».

**«Ак алтын» жана «сары алтын» мамлекеттин стратегиялык коопсуздугу катары**

Пахта Орусия империясынын Орто Азияга колониялык экспансиясынын себептеринин бири болгон. Республиканын бүткүл союздук казынага берген «ак алтынынын» көлөмүн Өзбекстандын жыйнаганына салыштырып да болбойт эле. Кыргыз ССРи жылына 200 миң тоннадан ашык пахта жыйнаган. (Өзбек ССРинде бул көрсөткүч 5 миллионго жакын болгон). Бирок бул көлөмдү да жыйноо зарыл эле. Колхозчулардан тышкары мектеп окуучулары, студенттер, жумушчулар да пахта терүү ишине активдүү тартылган. Пахта терим кампаниясы башталгандыктан жана жумушчу күчү жетишсиз болгондуктан сентябрь айындагы окуу жылынын башталышы окуу менен эмес, пахта талаасынан башталчу. Биринчи сорттогу пахтаны кол менен гана жыйноого мүмкүн болгон. Катуу пахта кутуча-чанагынан пахтаны толугу менен чыгарып сууруп алуу керек болчу, ошондуктан жыйноодо балдардын жана аялдардын эмгеги активдүү колдонулган. Пахта чанагы манжаларды катуу сайып, терини кесип кете турган, бирок биринчи сорттогу түшүмдү алыш үчүн жамгыр жааганга чейин жетишип терип-жыйнап калуу маанилүү болгондуктан, баардык күч-аракеттер жумшалган.

Пахта көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн үгүт жана пропаганданын идеологиялык машинасы толук кандуу иштеген. Бул пропаганданын баары «жаркын келечек» идеясын ишке ашырууга багытталган. Эркиндик туусун көтөрүп, бардык элдердин эркиндигин жана тең укуктуулугун жарыялаганы менен, чындыгында мамлекет адамга эмес, адам мамлекеттин бюрократиялык системасына кызмат кылган. Айыл эмгекчилери, өзгөчө аялдар оор абалда болушкан, анткени пахта кампаниясынын пландарын аткаруунун бүткүл оор жүгү алардын ийнине артылган.

**Колониялык пахта кампаниясы жана айылдагы гендердик басмырлоо**

СССРдеги аялдардын эмансипациясы аялдарга мажбурлоо эмгегинин ордуна тең укуктуулук берди. Колхоздордогу дээрлик бардык кол эмгек толугу менен аялдардын мойнуна жүктөлүп, алардын үй жумуштары да бар болчу. Аялдардын райондордун беш жылдык пландарын аткаруудагы эмгеги зор, анткени алар кечке чейин, кээде уйкусуз иштешкен. Пахта терген аялдарда патриоттук сезим күчтүү болуп, алар «Сапаттуу жана натыйжалуу иштөө үчүн!» деген ураанды жетекчиликке алышкан. Тамеки, пахта өстүрүү аймакка чоң киреше алып келгенине карабастан, оор жумушту аткарган колхозчулар аз гана акы же тартыш (дефицит) буюмдарды алышкан.



Тажикстанда жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдардын социалдык мобилдүүлүгү жана экономикалык көз карандысыздыгы, ошондой эле гендердик теңчилик аялдардын акча ресурстарына жеткиликтүүлүгү бар аймактарда жогору. Ал эми бул негизинен айылдардын экономикалык өнүгүүсүнөн, сапаттуу билим берүүдөн жана коомдук уюмдардын жардамынан көз каранды.

Кайын эненин үй-бүлөдөгү чечимди кабыл алууда маанилүү ролду ойноп жатканына карабастан, Яван районундагы өнөр жайдын, экономикалык турмуштун жана инфраструктуранын өнүгүшүндө болуп жаткан объективдүү факторлор аялдардын айылынын жана өз үй-бүлөсүнүн экономикалык турмушуна катышуусуна көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Бул, албетте, аялдар үй жумуштары менен гана алектениши керек деген гендердик стереотипти бекемдеген салттуу социалдык норманын өзгөрүшүнө да таасир этет.

Чыгышта салт боюнча акча ресурстары эркектердин колунда топтолуп, бул аялдарды дайыма көз каранды, баш ийген абалга коёт. Бирок, аялдар жогорку мобилдүүлүктү көрсөтүп, билимдүү болгондо, алар бизнесте тең өнөктөш болуп, кээде Согди облусунун Гафуров районундагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, финансылык ресурстарды көзөмөлдөшөт.

## Семинардын планы

**Текст. Бактыгүл Мидинова «Пахта жана тамеки терүүчүлөр. Советтик модернизациянын жана пропаганданы пахта терүүчүлөрдүн (Кара-Суу), тамеки терүүчүлөрдүн (Ноокат) жеке окуялары аркылуу изилдөө»**

**Педагогикалык максаттар:**

1. Студенттердин семинардын башкы суроосун түшүнүүсүнө жана аңдоосуна көмөктөшүү: «Жамааттык, социалисттик эмгекти ар тараптуу даңазалоо эмгекти эксплуатациялоого жана аялдардын басмырланган абалына даттанууга укугу жок, мамлекетке лоялдуу эмгекчилердин армиясын түзгөн».
2. Советтик мамлекеттин пландуу экономикасына аялдардын пахта жана тамеки тармактарындагы салымы кандай болгон?

**Окутуу тажрыйбасынан**

1. Бул семинарды өткөрүүдө студенттердин көңүлүн талдоого алынып жаткан текст советтик мезгилдеги айылдагы аялдардын абалына арналгандыгына буруу керек. Бирок айыл жергесиндеги аялдардын укуксуз гендердик абалына, алардын эмгегин эксплуатациялоого байланыштуу көптөгөн көйгөйлөр азыркы учурда да орун алууда. Ошондуктан текстти талдоо учурунда окутуучу салыштырмалуу талдоо жүргүзүүсү зарыл, анын ичинде азыркы доордогу, өзгөчө пахтачылык жана тамеки өндүрүү менен байланышкан тармактардагы аялдардын абалына жана статусуна көңүл буруу керек.
2. Талкууланып жаткан маселенин контекстинде аялдардын адамгерчиликсиз эмгек шарттарында жашоо үчүн күрөшү жана адамдык кадыр-баркын коргоо маселесин студенттердин түшүнүүсүнө жана аңдоосуна көмөктөшүү.
3. Б. Мидинованын тексти боюнча өткөрүлгөн семинар көрсөткөндөй, жетектөөчү окутуучу пахта кампаниясынын социалдык, психологиялык жана экологиялык кесепеттерин, анын ичинде, Арал деңизинин соолушу темасын да талкуулашы зарыл.

## Негизги семинардын сунушталган модели

### БИРИНЧИ БӨЛҮК

**Бактыгүл Мидинованын «Пахта жана тамеки терүүчүлөр. Советтик модернизацияны жана пропаганданы пахта терүүчүлөрдүн (Кара-Суу), тамеки терүүчүлөрдүн (Ноокат) жеке окуялары аркылуу изилдөө» текстинин негизги идеяларын талкуулоо**

1. Киришүү (5 мүнөт).
2. Текст менен топтордо иштөө (15 мүнөт).
3. Тексттин негизги идеяларын талкуулоо (25 мүнөт).

**Тексттин биринчи бөлүмү үчүн суроолор:**

1. Советтик мамлекеттин идеологиялык үгүт жана пропагандасы Борбордук Азия аймагындагы пахта өстүрүүнүн өнүгүшүнө кандай роль ойногон?
2. Совет өкмөтү өз жарандарын белгиленген максаттарга жетүүгө кантип жана эмне менен түрткү берген?
3. Советтик мамлекеттин пландуу экономикасында аялдардын пахта жана тамеки өстүрүү тармагына кошкон салымы кандай болгон?
4. Мамлекет тарабынан пахта өстүрүү тармагындагы мындай стратегиялык милдет акталганбы?
5. Эмне үчүн эл аралык уюмдар Советтер Союзунда өндүрүлгөн пахтаны сатып алуудан баш тартып, санкция киргизишкен?
6. Аймакта пахта өстүрүү мезгилиндеги мамлекеттин аялдарга жана балдарга карата жүргүзгөн экономикалык саясаты акталганбы?

## ЭКИНЧИ БӨЛҮК

1. Б. Мидинованын текстинин негизги идеяларын талкуулоо (уландысы, 30 мүнөт).
2. Көркөм өлчөө катары Арал деңизинин соолушунун трагедиясы тууралуу даректүү тасманы көрсөтүү (бул тасма АХАД фондунда бар). Советтер Союзунун пахта жана тамеки өстүрүү тармагындагы жетишкендиктери тууралуу советтик хроникадан даректүү тасманы көрсөтүү (10 мүнөт).
3. Семинардын негизги суроосуна жооп издөө (5 мүнөт).

**Тексттин экинчи бөлүмү үчүн суроолор:**

1. Жашоо үчүн күрөшүүдө жана өздөрүнүн адамдык кадыр-баркын коргоодо аялдардын эмгегинин баасы кандай болгон?
2. Арал деңизинин кургап калышынын себеби эмнеде жана анын экологияга, аялдардын ден соолугуна тийгизген таасири кандай?
3. Сиз колониялык пахта кампаниясынын, Арал деңизинин кургап калышынын жана Борбордук Азиядагы аялдардын гендердик укуксуздугунун ортосунда байланыш бар деп ойлойсузбу?
4. Бул изилдөө совет доорундагы пахта жана тамеки өстүргөн аялдардын социалдык-экономикалык абалына арналган. Аталган эмгек чөйрөлөрүндө азыркы учурда бул шарттар өзгөрдүбү?

Патриархалдык коомдордо аялдарга карата экономикалык зомбулук эмнеден көрүнөт? Талкуу учурунда этикалык оюн өткөрүп, Б.Садыковдун «Смерч» же Тажик техникалык университетинин студенттери тарабынан тартылган «Арал – көз жаш деңизи» деген тасмаларды көрүү сунушталат.

**Жыйынтыктоо (5 мүнөт).**

# III бап
# Академиялык жазуу

### Сабактын планы

Тезистик ырастоолор, абзацтын түзүмү жана салыштырмалуу эсселердин байланыштуулугу



### Сабактын темасы

Бул сабак күчтүү тезистик ырастоолорду түзүү, жакшы түзүмдөгү абзацтарды куруу жана Борбордук Азиядагы аялдардын коопсуздугу жөнүндөгү салыштырмалуу эсселер үчүн ырааттуу жазуу техникасын өнүктүрүүгө арналган.

### Сабактын максаттары

Студенттер салыштырмалуу эсселер үчүн эффективдүү тезистерди түзүүнү үйрөнүшөт жана так тематикалык, идеясын далилдөөчү сүйлөмдөрдү жана корутунду сүйлөмдөрдү жазууну практика жүзүндө колдонушат. Сабак академиялык жазууда биримдикке жана байланыштуу ырааттуулукка жетишүүгө басым жасап, бул көндүмдөрдү Борбордук Азиянын контекстиндеги аялдардын коопсуздук маселелерин талдоо үчүн колдонот.

### Материалдар жана жабдуулар

Керектүү материалдарга «Борбордук Азиядагы аялдар» курсунун тексттери, тезистик билдирүүлөрдүн үлгүлөрү жана абзацтардын мисалдары, биримдик жана байланыштуу ырааттуулук боюнча жумушчу барактар, демонстрациялар үчүн проектор же доска, берилген эссе планынын шаблону, ошондой эле жазуу көнүгүүлөрү үчүн студенттердин дептерлери же ноутбуктары кирет.

### Окутуунун натыйжалары

Сабактын аягында студенттер салыштырма эсселер үчүн фокустук тезистик билдирүүлөрдү түзө алышат жана туура тематикалык, идеясын далилдөөчү сүйлөмдөрдү жана жыйынтыктоочу сүйлөмдөрү бар ырааттуу абзацтарды түзө алышат. Алар тексттин байланышсыз бөлүктөрүн аныктоо жана оңдоо көндүмдөрүн өнүктүрүшөт, бул ыкмаларды Борбордук Азиядагы аялдардын коопсуздугу жөнүндөгү эсселерге колдонушат.

### Баалоо ыкмалары

Студенттердин ийгилиги аудиториядагы жазуу көнүгүүлөрү, абзацтардын үлгүлөрүн өз ара рецензиялоо, окутуучунун сабак учурундагы байкоолору аркылуу бааланат.

### Сабактын жүрүшү:

- **Киришүү** (10 мүнөт): Эссенин тактыгынын маанилүүлүгүн талкуулоо жана күчтүү, алсыз тезистерди салыштыруу.
- **Лекция** (15 мүнөт): Абзацтын эффективдүү түзүмүн жана байланыш принциптерин көрсөтүү.

- **Практика** (20 мүнөт): Окутуучунун жетекчилиги астында тезистик билдирүүлөрдү жана ырастоочу сунуштарды жазуу.
- **Топтук иш** (20 мүнөт): Тексттеги байланыш көйгөйлөрүн аныктоо жана жакшыртуу.
- **Өз ара рецензиялоо** (15 мүнөт): Эссенин планын колдонуу менен пикир алмашуу.
- **Корутунду** (10 мүнөт): Жыйынтыктоо, негизги түшүнүктөрдү кайталоо жана кийинки сабактын темасын жарыялоо.

**Рефлексия**

Окутуучу студенттердин жазуу иштеринин үлгүлөрүн материалды түшүнгөндүгү боюнча баалайт, алардын байланыштуу ырааттуулук маселелерин, оңдой билүү жөндөмдүүлүгүн белгилейт, активдүүлүктүн натыйжалуулугун баалайт жана келечектеги сабактар үчүн кошумча моделдөө же практика керектигин аныктайт.

**Алдын ала билим**

Студенттер мурунку сабактардан академиялык жазуунун негизги көндүмдөрүнө ээ болушу, салыштырмалуу эссенин түзүмүн түшүнүшү жана курстун материалдарынын негизинде Борбордук Азиядагы аялдардын коопсуздук маселелери жөнүндө түшүнүккө ээ болушу керек.

**Убакытты бөлүштүрүү:**

- киришүү: 10 мүнөт
- лекция/демонстрация: 15 мүнөт
- жетекчилик астында практика: 20 мүнөт
- байланыштуулук боюнча көнүгүүлөр: 20 мүнөт
- өз ара рецензиялоо: 15 мүнөт
- жыйынтыктоо: 10 мүнөт

**Уюштуруу формалары**

Окутуу бүткүл класс үчүн презентацияларды, чакан топтордо иштөөнү, жеке жазуу үчүн көнүгүүлөрдү жана түшүнүктөрдү ар кандай ыкмалар аркылуу бекемдөө үчүн өз ара рецензия сессияларын айкалыштырат.

**Үй тапшырмасы**

Студенттер Казакстандагы жана Борбордук Азиянын башка өлкөсүндөгү аялдардын коопсуздугуна багытталган салыштырмалуу эссенин планын түзүшөт, бөлүп көрсөтүлгөн **өткөөлдөр** менен байланышкан бир абзацты жазышат жана ишти кийинки сабакта өз ара рецензия үчүн алып келишет. Бул тапшырма сабактын бардык түшүнүктөрүн алардын учурдагы окуу ишинде колдонот.

## Практикалык сабактар жана үй тапшырмасы

**1. Салыштырма-типологиялык эсселердин тезистик ырастоосу**

**Ролу жана мааниси**

- **Аныктама**. Тезистик ырастоо – бул сиздин эссеңиздин борбордук аргументи же негизги оюу.
- **Ролу**. Ал бүт эссени багыттап, эмне салыштырылып же карама-каршы коюлуп жатканын жана сиз кандай негизги тыянак чыгарып жатканыңызды көрсөтөт.
- **Мааниси**. Ачык, так тезис окурмандарга сиздин эссеңиздин максатын жана багытын түшүнүүгө жардам берет.

**Түзүм**

Салыштырмалуу-типологиялык эссе үчүн жакшы тезистик ырастоо:

- салыштыруу объекттерин аныктайт;
- окшоштуктарды жана айырмачылыктарды көрсөтөт;
- сиздин негизги аргументиңизди же корутундуңузду билдирет.

**Бешинчи баптын макалаларынын негизиндеги тезистердин мисалдары:**

1. Казакстан жана башка өлкөлөр шаардык мейкиндиктерде аялдардын коопсуздугун жакшыртуу боюнча демилгелерди иштеп чыкканына карабастан, Казакстандын ыкмасы укуктук базанын алсыздыгынан жана коомдук маалымдуулуктун төмөндүгүнөн улам натыйжасыз бойдон калууда.
2. Астанадагы аялдардын тажрыйбасы шаардык коопсуздуктун универсалдуу жана уникалдуу көйгөйлөрүн аныктап, Борбордук Азия боюнча гендердик сезимтал шаар куруунун зарылдыгын баса белгилейт.
3. Коомдук активизм Казакстандын шаарларында аялдардын коопсуздугун жакшыртканына карабастан, укуктук коргоо жана социалдык колдоо жаатында батыш өлкөлөрүнө салыштырмалуу олуттуу айырмачылыктар сакталууда.

**2. Тематикалык, ырастоочу жана жыйынтыктоочу сүйлөмдөр**

- **Ролу**. Ар бир абзацтын негизги идеясы тезис менен түздөн-түз байланыштуу.
- **Түзүмү**. Абзацта кайсы аспект салыштырылаары же карама-каршы коюлаары так көрсөтүлөт.

**Мисалдар:**

1. Казакстан менен батыш өлкөлөрүнүн ортосундагы негизги айырмачылыктардын бири – сексуалдык ыдыкка каршы укуктук чаралардын натыйжалуулугу.
2. Башка өлкөлөргө окшоп, Казакстанда шаарларда аялдардын коопсуздугун жогорулатуу боюнча коомдук деңгээлдеги демилгелер пайда болду.

**Ырастоочу сүйлөмдөр**

1. **Ролу**. Тематикалык сунушту өнүктүрүү үчүн далилдерди, мисалдарды жана түшүндүрмөлөрдү берет.
2. **Түзүмү**. Фактыларды, маалыматтарды, анекдотторду же тексттен цитаталарды колдонот.

**Мисалдар:**

1. Бельгияда ыдык көрсөтүүгө каршы мыйзамдар жабырлануучуларга арыз берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми Казакстандын укуктук базасында мындай так аныктамалар жана аткаруу механизмдери жок.
2. Казакстандагы окуучулар тарабынан иштелип чыккан «99-стол» долбоору Россиядагы «Галяга чал» демилгесине окшош, бул коопсуздук маселелерин коомдук чечүүгө болгон аймактык тенденцияны чагылдырат.

**Корутунду сүйлөмдөр**

- **Ролу**: Абзацтын негизги идеясын жыйынтыктап, аны тезис менен байланыштырат.
- **Түзүмү**: Салыштырууну/карама-каршы коюуну же анын маанилүүлүгүн кайталайт.

**Мисалдар:**

1. Демек, эки аймакта тең коопсуздук боюнча демилгелер ишке киргизилгенине карабастан, алардын натыйжалуулугу укуктук жана маданий шарттар аркылуу аныкталат.
2. Демек, коомдук активизм Казакстанда да, башка өлкөлөрдө да маанилүү роль ойнойт, бирок натыйжалар институционалдык колдоонун ар кандай деңгээлинен айырмаланат.

### 3. Биримдик жана ырааттуулук

**Аныктамалар**

- **Биримдик**. Тезисти колдоо үчүн эссенин бардык бөлүктөрү бирге иштейт.
- **Ырааттуулук**. Сүйлөмдөр жана абзацтар логикалык жактан байланышып, өткөөлдөр жана так структура колдонулат.

**Ролдору:**

- биримдик эссенин негизги аргументке багытталышын камсыз кылат;
- байланыштуулук же ырааттуулук окурмандарга логиканы жана идеялардын агымын түшүнүүгө жардам берет.

**Биримдикке жана ырааттуулукка кантип жетүү керек:**

- тезиске байланыштуу тематикалык сүйлөмдөрдү колдонуңуз;
- ырастоочу сүйлөмдөр тематикалык сүйлөмдү түздөн-түз өнүктүрүп жатканына ынаныңыз;
- байланыштыруучу өткөөл сөздөрүн колдонуңуз (мисалы, «ошол сыяктуу», «бирок», «айырмаланып», «ошондой эле», «башка жагынан»);
- ар бир абзацты негизги ойду күчөткөн жыйынтыктоочу сүйлөм менен аяктаңыз;
- тиешеси жок маалыматтан алыс болуңуз.

**Тексттен мисал:**

«Россияда “Галяга чал” долбоору бар. Казакстанда “99-стол” демилгеси пайда болду»

## 4. Биримдик жана ыраатуулук боюнча көнүгүүлөр

**1-көнүгүү. Тезистик ырастоолорду практикалоо:**

- Берилген текстти окуңуз.
- Эки тезис жазыңыз: бирин окшоштуктарга басым жасап, экинчиси айырмачылыктарга.

**2-көнүгүү. Тематикалык сүйлөмдөрдү жазуу:**

- Баштапкы тезис: «Казакстан жана башка өлкөлөр аялдардын шаарларда коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ар кандай стратегияларды иштеп чыгышкан».
- Укуктук негиздер жөнүндө абзац үчүн тематикалык сүйлөм жазыңыз.
- Коомдук демилгелер жөнүндө абзац үчүн тематикалык сүйлөм жазыңыз.

**3-көнүгүү. Ырастоочу сүйлөмдөр:**

- Тематикалык сүйлөм үчүн: «Казакстандын сексуалдык ыдык көрсөтүүгө карата укуктук мамилеси кээ бир батыш өлкөлөрүнө караганда азыраак өнүккөн», тексттеги маалыматты колдонуп, эки ырастоочу сүйлөм жазыңыз.

**4-көнүгүү. Биримдикти текшерүү**

- Берилген абзацта тематикалык сүйлөмгө же тезиске коошпогон сүйлөмдөрдү белгилеңиз.

**5-көнүгүү. Байланыштуулук (Ырааттуулук) практикасы**

- Абзацты байланыштыруучу **өткөөлдөрдү** (мисалы, «бирок», «анын үстүнө», «ошол сыяктуу», «экинчи жагынан») кошуп кайра жазыңыз.

## 5. Салыштырмалуу-типологиялык эссенин планынын үлгүсү

**Аталышы:**

Шаардык мейкиндиктерде аялдардын коопсуздугу: Казакстанды башка өлкөлөр менен салыштыруу.

**I. Киришүү**

Шаардык чөйрөдөгү аялдардын коопсуздугуна кыскача сереп.

Теманын Борбордук Азия үчүн мааниси.

Тезис (мисалы, «Казакстан да, башка өлкөлөр да шаардык мейкиндиктерде аялдардын коопсуздугун жакшыртуу боюнча демилгелерди иштеп чыкканына карабастан, Казакстандын ыкмасы укуктук базанын алсыздыгынан жана коомдук маалымдуулуктун төмөндүгүнөн улам натыйжасыз бойдон калууда»).

**II. Укуктук алкак**

**Тематикалык сүйлөмдөр**: Казакстан менен батыш өлкөлөрүнүн ортосундагы негизги айырмачылыктардын бири – сексуалдык ыдыкка каршы укуктук чаралардын натыйжалуулугу.

**Ырастоочу сүйлөмдөр**: Казакстандын мыйзамдарын Бельгиянын/Египеттин мыйзамдары менен салыштыруу.

**Корутунду сүйлөм**: Ошентип, Казакстанда аялдардын укуктук корголушу башка айрым өлкөлөргө салыштырмалуу чектелүү бойдон калууда.

**III. Коомдук жана жергиликтүү демилгелер**

- **Тематикалык сүйлөмдөр**: Казакстанда жана башка өлкөлөрдө аялдардын коопсуздугун жакшыртуу боюнча коомдук демилгелердин өсүшү байкалууда.
- **Ырастоочу сүйлөмдөр**: «99-стол », «Stopharass.kz», «Звони Гале» жана башка долбоорлордун сүрөттөлүшү.
- **Корутунду сүйлөм**: Демек, масштабы жана таасири ар кандай болсо дагы кеңири таралган жооп катары коомдук аракеттерди белгилөөгө болот.

**IV. Коомдук аң-сезим жана социалдык мамилелер**

- **Тематикалык сүйлөм**: Коомдун маалымдуулугу жана ыдык тууралуу билдирүүгө даярдыгы жаатында Казакстан менен башка өлкөлөр ортосунда бир топ айырма бар.
- **Ырастоочу сүйлөмдөр**: Сурамжылоолордон алынган цитаталар, маданий факторлор жана тексттен алынган мисалдар.
- **Корутунду сүйлөм**: Демек, социалдык мамилелер (шарттар) аялдардын коопсуздук тажрыйбасын калыптандырууда негизги ролду ойнойт.

**V. Корутунду**

- Тезисти кайрадан түзүү.
- Негизги салыштыруулардын жана айырмачылыктардын кыскача корутундусу.
- Борбордук Азияда шаар куруу жана аялдардын укуктарын жакшыртуу боюнча сунуштар.

**6. Абзацтын үлгүсү (биримдикти жана байланыш ырааттуулугун көрсөтүү)**

**Тематикалык сүйлөм:**

Казакстанда сексуалдык ыдык көрсөтүүгө каршы күрөшүү боюнча укуктук база кээ бир батыш өлкөлөрүнө караганда начар өнүккөн.

**Ырастоочу сүйлөмдөр:**

Мисалы, Бельгияда ыдык көрсөтүүгө каршы мыйзам жабырлануучуларга арызданууга жана адилеттүүлүккө жетүүгө мүмкүндүк берет, ал эми Казакстанда мындай так аныктамалар жана натыйжалуу аткаруу механизмдери жок. Текстте Казакстанда зордуктоо сыяктуу олуттуу кылмыштар жакында эле оор кылмыштар катары классификацияланганы белгиленет. Натыйжада, көптөгөн аялдар полицияга жана укуктук системасына ишенишпейт.

**Корутунду сүйлөм:**

Казакстан аялдарга башка өлкөлөрдөгүдөй коопсуздукту камсыз кылууну кааласа, анда укуктук реформа жүргүзүү зарыл.

**Корутунду**

Тезистик билдирүүлөрдү, тематикалык, ырастоочу жана корутунду билдирүүлөрдү түзүү көндүмдөрүн өздөштүрүү, ошондой эле биримдикке жана байланыштуу ырааттуулукка басым жасоо студенттерге натыйжалуу салыштырмалуу-типологиялык эссе жазууга жардам берет. Берилген тексттерди (5-бөлүм) негиз катары колдонуу менен бул көндүмдөр Борбордук Азиянын шаарларында аялдар туш болгон татаал чындыктарды талдоого жана формулировкалоого жардам берет.

# III бап
# Аялдар жана экономикалык ишкердүүлүк
# Кросс-дебаттык формат (КДФ) – 2 саат



***Эскертүүлөр:***

Бул антологиянын бөлүгү экономикалык маселелерге байланыштуу болгондуктан, студент-спикерлердин чыгуу тартиби антологиянын алгачкы эки бөлүмүнөн айырмаланат. Эгерде антологиянын алгачкы эки бөлүмү биринчи конфигурация менен байланыштуу болсо, анда үчүнчү бөлүм – экинчиси менен байланыштуу. Бул учурда спикерлердин чыгуу тартиби төмөнкү түзүмдө көрсөтүлөт:

- реалист (экономикалык параметр);
- конструктивист (социалдык-саясий параметр);
- примордиалист (маданияттын, тарыхтын, диндин ж.б. баалуулук параметри).

Эгерде биринчи конфигурацияда кыймыл баалуулуктан экономикалык өлчөөгө, андан ары саясий институттарга карай жүрсө, экинчи конфигурацияда кыймыл экономикадан саясий институттарга, алардан экономикадан саясий институттарга жана андан ары баалуулуктардын жаңы системасына ылайыкташтырылган жаңы баалуулук координаттарын түзүүгө карай жүрөт.

Үчүнчү бөлүмдөгү иштердин мазмунун карап чыгып, КДФ боюнча дебаттар үчүн студенттердин тандоосуна төмөнкү резолюцияларды белгилеп кетүү керек.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдарга көбүрөөк укуктар жана мүмкүнчүлүктөр төмөнкү мезгилде берилген деп эсептейт:**

- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн көз карандысыздыгы;
- Советтер Союзу;
- Совет дооруна чейинки мезгил.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын бизнес чөйрөсүндөгү ийгилиги коомдо төмөнкүлөрдү жаратат деп эсептейт:**

- урматтоону;
- сынды;
- алардын коомдогу ролун чектөөнү.

**Биздин команда аялдардын ишкердик ийгилиги төмөнкүлөргө көз каранды деп эсептейт:**

- мамлекеттик институттарга;
- өздөрүнө (жеке аракеттерине, талантына жана жөндөмүнө);
- үй-бүлөгө жана анын баалуулуктарына.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын бизнес чөйрөсүндөгү эң олуттуу ийгиликтери төмөнкү деңгээлдерде жетишилет деп эсептейт:**

- жеке-улуттук деңгээлде;
- үй-бүлөлүк деңгээлде;
- трансулуттук (тармактык) деңгээлде.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын бизнеси көбүнчө төмөнкү негизде туруктуу өнүгөт деп эсептейт:**

- салттуу маданий мураскорлук;
- эмгектин заманбап институционалдык шарттары;
- жеке индивидуалдык сапаттар, көндүмдөр жана талант.

**Биздин команда аялдардын эмгек рыногунда күнүмдүк жумушчу (мардикор) болуп иштеши төмөнкүдөй түшүндүрүлөт деп эсептейт:**

- Борбордук Азиянын улуттук каада-салттарына жооп бербеген уят көрүнүш;
- кадимки социалдык көрүнүш;
- талап кылынган же зарыл болгон социалдык жүрүм-турум.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын социалдык статусунун өсүшүнө жана өнүгүшүнө төмөнкү социалдык институттар өбөлгө түзөт деп эсептейт:**

- мамлекет;
- жеке ишкердик;
- салттуу социалдык-экономикалык жана маданий жамааттар.

**Биздин команда аялдар экономикалык жана социалдык жактан төмөнкү мезгилдерде эзилип келген деп эсептейт:**

- совет дооруна чейинки мезгил;
- советтик мезгил;
- көз карандысыздык мезгили.

# IV БАП
# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЖАНА ДИНИЙ КОНТЕКСТТЕРДЕГИ АЯЛДАРДЫН РОЛУ



**Киришүү**

«Борбордук Азиядагы аялдар: өзгөрүп жаткан дүйнөдөгү ролу, статусу, образдары жана чакырыктары» антологиясы боюнча концептуалдык колдонмонун төртүнчү бабында «Үй-бүлөлүк жана диний контексттердеги аялдардын ролу» деген темада төмөнкү тексттер берилген:

**Негизги тексттер:**
- Айгерим Темирбаева, Талгат Темирбаев «Казакстандагы азыркы суфий мектептериндеги же биримдиктериндеги (тарикаттарында) аялдардын ролу».
- Рано Тураева «Аялдар өзгөрүүнүн өкүлдөрү катары: постсоветтик Борбордук Азиядагы гендер».

**Биринчи бөлүм**

**Биринчи кейс-стади** – үч текст (4 саат – 2 сабак).

**Жалпы тема боюнча кластер: «Үйлөнүү каада-салттары жана дин» же «Борбордук Азиянын азыркы үйлөнүү каада-салттарындагы диний контексттер»**

**Экинчи бөлүм**

**Биринчи кейс-стади** – үч текст (4 саат – 2 сабак)
- Виктория Клемент «Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү жана үй-бүлөлүк баалуулуктардагы аялдык сыпат».
- Утебаев Мадияр «Каракалпак келининин салттуу этикети».
- Чолпон Турдалиева «Кыргыздардын тойлоруна гендердик аспектилерден кароо».
- Томмазо Агуцци. Фотоэссе «Борбордук Азиядагы келиндин күнүмдүк жашоосу тууралуу».

**Жалпы тема боюнча кластер: «Заманбап коомдогу Борбордук Азиядагы аялдарынын ролу»**

**Үчүнчү бөлүм**

**Биринчи кейс-стади – үч текст (4 саат – 2 сабак)**
- Нажиба Темиршоева «Жогорку билимдүү аялдардын үй-бүлөсүнө жана балдарын тарбиялоого тийгизген таасири».
- Бактыгүл Шабдан «Кыргызстанда аялдардын үй-бүлөнүн саламаттыгына жана бакубаттуулугуна кошкон салымы».
- Борисова Елена, Торно Светлана «Аялдар, нике жана камкордук: Тажикстанда үй-бүлө куруу жана социалдык тартипти жандандыруу».

- Шохзодамухаммадова Фотима «Тажик аялдарынын татаал тандоо кырдаалы (дилемма): чыдап жашаш керекпи же ажырашып кетиш керекби?»
- Зарина Муканова «Түштүк-чыгыш Казакстандын айыл жергесиндеги мурас эркек тукум, аталык аркылуу белгиленген коомдогу аялдар».
- Аксана Исмаилбекова «Борбордук Азиядагы аялдар, тууганчылык, ислам жана менчик».



## Негизги тексттер боюнча кластерлерге киришүү



**Аксана Исмаилбекова** – Борбордук Азиядагы гендердик, диний жана укуктук аспектилер боюнча адистешкен антрополог. Анын изилдөөлөрү өзгөчө постсоветтик мезгилдеги нике, тууганчылык, ислам жана менчик темаларын камтыйт.

Аксана Исмаилбекова – Chevening аттуу абройлуу стипендиялык программанын ээси, илимдин доктору жана антропология тармагы боюнча изилдөөчү, Германиядагы Zentrum Moderner Orient уюмунун илимий кызматкери жана Галледеги Мартин Лютер университетинде гендердик маселелер боюнча курс окуйт. Кесиптештери менен бирге адамдын инсандыгынын жана дүйнө таанымынын калыптанышына байланыштуу изилдөөлөрдү жүргүзөт. Илимге чоң салым кошуп, макалаларды жазат жана көптөгөн долбоорлорду ишке ашырат. Үч баланын энеси.

**Аксана Исмаилбекованын изилдөөлөрүнүн негизги темалары**

1. **Нике жашоо стратегиясы катары.** «2010-жылдагы Ош коогалаңынан кийин нике өзбек жамаатынын жашоо стратегиясы катары» деген макаласында Исмаилбекова Кыргызстандагы этникалык жаңжалдан кийин өзбектердин арасындагы нике практикасы кандайча өзгөргөнүн талдайт. Автор жамааттын социалдык жашоосун калыбына келтирүүдө аялдардын коомдук коопсуздук менен туугандар арасындагы байланышты чыңдоо үчүн никени каражат катары колдонуу менен кантип негизги фигуралар болуп калгандыгын изилдеген.
2. **Аялдар өзгөрүүлөрдүн өкүлдөрү катары.** Исмаилбекова Борбордук Азиядагы аялдардын исламдык практикаларды жана диний билимдерди ишкердик ишмердүүлүк үчүн кандайча колдонуп жатканын изилдейт. Буга мисал катары, Өзбекстандагы Сайёра диний ченемдерди социалдык активдүүлүк менен айкалыштырып, турмушка чыккан жаш аялдардын көйгөйлөрүн талкуулоо максатында «Келиндер үчүн мектеп» уюштурган.
3. **Аялдар, тууганчылык, ислам жана менчик.** А.Исмаилбекова Борбордук Азиядагы исламдык практикалардын аялдардын менчик жаатындагы жана мураскерлик укуктарына кандай таасир тийгизерин изилдейт. Ал махр (никеге туруудагы белек), исламдык ченемдер, аялдардын мүлктүк укуктарына жана алардын коомдогу даражасына кандай таасир этерин талдоого алат.




**Рано Тураева** – антрополог жана Германиядагы Галле-Заале шаарындагы Макс Планк атындагы социалдык антропология Институтунун илимий жардамчы (ассоциацияланган) изилдөөчүсү. Анын эмгектери Борбордук Азиядагы, өзгөчө постсоветтик мезгилдеги гендердик өзгөрүүлөрдү изилдөөгө арналган.



**Рано Тураеванын изилдөөлөрүнүн негизги аспектилери:**

1. **Аялдар өзгөрүүлөрдүн өкүлдөрү катары.** «Аялдар өзгөрүүлөрдүн өкүлдөрү катары: постсоветтик Борбордук Азиядагы гендер» деген макаласында Тураева аялдардын эмгек рыногунун, үй-бүлөлүк түзүмдөрдүн жана гендердик институттардын өзгөрүүлөрүнө тийгизген таасирин карайт. Ал коомдун салттуулугуна жана исламдык ченемдерге карабастан, аялдардын өз мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө умтулуп, ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн активдүү өздөштүрүп жаткандыгын белгилейт. Бирок ааламдашуу дайыма эле салттуу гендердик ролдордун өзгөрүшүнө алып келе бербейт.
2. **Диндин ролу жана аялдардын өздүгү (иденттүүлүгү).** Дагы бир башка изилдөөсүндө Тураева Борбордук Азиядагы аялдардын исламга кандайча келгенин жана бул алардын иденттүүлүгүнө кандай таасир эткенин талдайт. Ал аялдардын динчилдиги көбүнчө сырткы көрүнүшү боюнча бааланарын, бирок иш жүзүндө баары алда канча татаал экенин баса белгилейт. Аялдардын миграциясы жана мобилдүүлүгү алардын социалдык ролдорун жана салттуу ченемдерди кабыл алуусунун өзгөрүшүнө алып келет.
3. **Гендердик изилдөөлөрдү бийликтен, башкаруудан же мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу процесси (деколонизациялоо).** IV Эл аралык «Посткоммунисттик Борбордук Азия: ой бөлүшүү үчүн мейкиндик» аттуу конференциянын алкагында Рано Тураева гендердик изилдөөлөрдү **мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу процессине (**деколонизациялоого) арналган эмгегин тартуулаган. Ал салттуу ыкмаларды кайра карап чыгуунун жана аймактагы аялдардын тажрыйбаларынын ар түрдүүлүгүн таануу зарылдыгына басым жасайт.

Рано Тураеванын эмгектери Борбордук Азиядагы татаал гендердик динамиканы түшүнүүгө олуттуу салым кошуп, тарыхый контекстти, диний факторлорду жана социалдык өзгөрүүлөрдү эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт.



**Айгерим Темирбаева, Талгат Темирбаев «Казакстандагы заманбап суфий мектептериндеги же биримдиктериндеги (тарикаттарындагы) аялдардын ролу»**

Айгерим Темирбаева жана Талгат Темирбаев Казакстандагы заманбап суфий мектептериндеги (тарикаттарындагы) аялдардын ролуна арналган изилдөө жүргүзүшкөн. Алар **«Казакстандагы жана чет өлкөлөрдөгү суфий практикаларынын гендердик аспектилери»** деген макаласында суфий салты дүйнөнүн бири-бирине байланыштуу жана бири-бирин толуктап турган эки гендердик карама-каршылыгына

(дуалдуулугуна) карабастан, жашоонун бirимдигин тааный турганын, бул суфизмдеги аялдардын руханий өнүгүүсүнө өбөлгө түзөрүн белгилешет. Ошондой эле макалада тарыхта белгилүү болгон аял суфийлер, азыркы аялдардын суфий уюмдары жана казакстандык суфий мектептериндеги (тарикаттардагы) аялдардын катышуусу каралат.

Дагы башка изилдөөдө, **«Заманбап Казакстандын суфий мектептеринин же биримдиктеринин (тарикаттарынын) санариптик ландшафты»** авторлор санариптик технологиялардын суфий жамааттарынын практикасына тийгизген таасирин, анын ичинде аялдар алардын онлайн ресурстарына жана социалдык тармактарына катышуусун, бул алардын руханий баарлашууга жана билим алууга мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтерин талдашат.



Айгерим Темирбаева менен Талгат Темирбаевдин изилдөөлөрү Казакстандын суфий практикасындагы аялдардын активдүү ролун, алардын суфий жамааттарынын өнүгүшүнө жана каада-салттардын заманбап шарттарга ылайыкташтырууга кошкон салымын баса белгилейт. Суфий тарикаты (арабча: «الطريق» – «жол», «багыт») – бул суфизмдеги, исламдын сырдуу, мистикалык багытындагы, руханий жол же мектеп.

Тарикат – бул Кудайга жакындоого багытталган тажрыйбалар аркылуу руханий жактан өркүндөтүүгө арналган уюмду же бир тууугандыкты билдирет. Суфизм жалпысынан ички тажрыйбага, Кудай менен сырдуу, мистикалык байланышка чыгууга умтулууга, сүйүүгө, берилгендикке жана өзүн-өзү таануу аркылуу чындыкты издөөгө басым жасайт.

**Суфий тарикатынын негизги аспектилери.**

Руханий жол (тарикат): Ар бир суфий тарикаттын өзүнүн кайталангыс, уникалдуу жолу бар, ал медитациялардан, намаздардан, руханий тажрыйбалардан, мисалы зикр (Кудайдын ысымдарын кайталоо), ошондой эле жанды жана жүрөктү күнүмдүк, материалдык байланыштардан тазалоого багытталган ырым-жырымдардан турат.

**Шейх**: Суфий тарикаты көбүнчө шейх-насаатчы же мугалим тарабынан жетектелет, ал шакирттерди жетектейт, аларга руханий жолунда жардам берип, аларга билген билимин өткөрүп берет. Шейх шакирти менен Кудайдын ортосундагы байланыштыруучу звено болуп эсептелет.

**Мураид**: Бул тарикаттын окуусун ээрчиген жана ички гармонияга жетүү үчүн жана Кудайга жакындоо максатында руханий тажрыйбаларды аткарган жолдоочу же шакирт.

**Сыйкырдуу, мистикалык максат**: Суфий тарикатынын максаты – бул «фан» абалына жетүү, ал толук Кудайга сүңгүп кетүү жана жеке идентүүлүктөн баш тартып Кудайдын нуру жана акыйкаты менен биригүү дегенди билдирет.

**Жамааттар жана бир туугандыктар**: Суфий тарикаттары көбүнчө кичинекей жана жакындардан турган же кеңири, көп сандагы жолдоочуларды камтыган жамааттардан турат. Бул жамааттар белгилүү бир эрежелерди жана тажрыйбаларды карманган **эркектерди дагы, аялдарды** да камтый алат.

**Ырым-жырымдар**: Суфий бир туугандык өзүнө ар кандай ырым-жырымдарды камтыйт, мисалы, биргелешкен намаздар, ырдоо, бийлөө («айлануучу дервиштер») жана руханий тажрыйбаны ачууга жардам берген **жеке практикалар**.

**Суфий тарикаттарынын мисалдары:**

Накшбандийя – Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстанды кошо алып караганда
 Борбордук Азиядагы эң кеңири таралган тарикаттардын бири.

Мевлевийя – атактуу айлануучу дервиштердин бийин бийлешкен белгилүү тарикат. Кадирийя – араб өлкөлөрүндө жана алардын чегинен тышкары жерлерде кеңири таралган эң эски жана белгилүү суфий ордендеринин (биримдигинин) бири.

Демек, суфий тарикаты – бул намазга жагылып жана ибадат кылуу тажрыйбаларын гана камтыган жол эмес, ал ошондой эле руханий өнүгүүнү, өзүн-өзү таанууну жана Кудай менен түздөн-түз жана жеке байланышка умтулууну дагы билдирет**.**

## Кошумча тексттеринин авторлору тууралуу:

**Виктория Клемент** «Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү жана үй-бүлөлүк баалуулуктардагы аялдык сыпат».




Виктория Клемент Вирджиния штатындагы Квантико шаарындагы Деңиз аскерлери корпусунун университетинин алдыңкы ыкчам маданиятын изилдөө борборунун Евразия боюнча эксперти. Буга чейин Вашингтондогу Вудро Вильсон атындагы Эл аралык изилдөөлөр борборунда илимий кызматкер болуп иштеген, ошондой эле Монтерейдеги (Калифорния) Деңиз аскерлери үчүн аспирантура мектебинде сабак берген. Ал Евразияны изилдөөчүлөр коомчулугунун (Central Eurasian Studies Society) негиздөөчүлөрүнүн бири болуп саналат.



**Зарина Муканова** «Түштүк-чыгыш Казакстандын айыл жергесиндеги мурас эркек тукум, аталык аркылуу белгиленген коомдогу аялдар»».

Социалдык антрополог. «Санжыра, Түштүк-чыгыш Казакстандын айыл жерлериндеги гендер» темасында PhD диссертациясын коргогон. Талдыкоргондон алыс эмес жайгашкан кичинекей айылдагы туугандык байланыштарды жана санжыраны изилдөөгө басым жасаган.



**Томмазо Агуцци** – Эстониянын Таллинн техникалык университетинин (TalTech), MARKETS инновациялык окуу тармагынын аспиранты.

Ал Вена университетинин (Австрия) жана Роскилле университетинин (Дания) глобалдык изилдөөлөр боюнча кош магистр даражасына, ошондой эле Болонья университетинин (Италия) эл аралык өнүгүү жана кызматташтык боюнча бакалавр даражасына ээ. Ошондой эле Абылай хан атындагы Эл аралык мамилелер жана Дүйнөлүк тилдер университетинде сабак берген жана Казакстандын Алматы шаарындагы Евразия Борбордук Азия фондунда иштеген. Ал постсоветтик мейкиндиктин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө багытталган изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Атап айтканда, ал Борбордук Азиядагы социалдык ченемдердин түзүлүшүн жана мамлекет менен жеке адамдардын ортосундагы моралдык жана этикалык ченемдердин өзгөчөлүктөрүн изилдеген. Томмазо Агуцци – италиялык элет жеринен чыккан ышкыбоз фотограф, Казакстанга биринчи жолу 2017-жылы келген. Изилдөө долбоору ага доктордук диссертациясын коргоого даярдануу үчүн Алматыга кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ал Алматынын эски архитектурасын жакшы көрөт жана жума сайын Медеу муз тебүүчү жайына чыгып, ал жерде жөө күлүктөр менен кошо машыгат. Томмазо Агуццинин «Дүйнөнүн чатырында» аттуу сүрөтү Mobile Photography Awards жыл сайын өткөрүлүүчү конкурсунда «Жапайы жаратылыш» номинациясында жеңишке жеткен.



**Турдалиева Чолпон** Борбордук Азиядагы Америка университетинин Жалпы билим берүү программасынын профессору. Ал Гумбольдт университетинде философия илимдеринин доктору (2022, Германия) даражасын алып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунда тарых жана антропология боюнча постдоктордук даражасын коргогон (2010, Кыргызстан). Ошондой эле Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых адистиги боюнча дипломун алган.

Учурда ал Борбордук Евразияны изилдөө коомунун (CESS) коомдук ишмердүүлүгү үчүн сыйлык тапшыруу комитетинин мүчөсү (2023-жылдан бери), Түндүк Американын Жакынкы Чыгышты изилдөө ассоциациясынын мүчөсү (2000-жылдан бери, АКШ), Эл аралык оозеки тарых ассоциациясынын (IOHA) мүчөсү (2019-жылдан бери), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргызстандын тарыхын иликтөө жана изилдөө боюнча Мамлекеттик комиссиянын мүчөсү (2012-жылдан бери), Кыргыз Республикасынын «Тарых Коому» тарыхчылар Ассоциациясынын мүчөсү (2013-жылдан бери, Кыргызстан), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын антропология жана археология боюнча диссертациялык комиссиясынын мүчөсү (2015-жылдан бери) жана Кыргызстандын Фулбрайт Ассоциациясынын өкмөттүк эмес уюмунун башкармалыгынын мүчөсү (2019-жылдан бери).

Доктор Турдалиева АКШнын маданий мурастарды сактоо боюнча элчилеринин фонду (AFCP), Сорос фонду, Кристенсен фонду, «Кумтөр Голд Компани» компаниясы, ЮНЕСКО жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каржыланган көптөгөн эл аралык жана улуттук долбоорлорду ишке ашырган «Музейдик демилгелер борбору» бейөкмөт уюмунун негиздөөчүсү жана директору болгон. Эң маанилүү долбоорлору XI кылымга таандык Бурана мунарасын (2021-2023) жана XV кылымга таандык Шах-Фазл күмбөзүн (2000-2001) коргоого жана баштапкы абалга келтирүүгө (реставрациялоого) багытталган. Ал Кыргыз Улуттук тарых музейи (2001), Нарын тарыхый-этнографиялык музейи (2012-2015), Жалал-Абад музейи (2017), Ак-Талаа музейи (2018) жана Бурана музей комплекси (2021-2023) менен биргеликте музейлерди башкаруу боюнча долбоорлорду донорлордун колдоосу менен ишке ашырган.

**Утебаев Мадияр Бердибаевич** – Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын Каракалпакстан бөлүмүнүн Каракалпак илимий-изилдөө гуманитардык илимдер Институтунун кенже илимий кызматкери.



**Светлана Торно** – Макс Планктын «Мобилдүүлүк доорундагы карылык» изилдөө тобунун илимий кызматкери. Ал Гейдельберг университетинде социалдык антропология боюнча докторлук даражасына ээ болгон, буга чейин Тюбинген (Германия) жана Макгилл (Канада) университеттеринде антропология, география жана биология боюнча билим алган. MPI-MMGге келгенге чейин Гейдельбергдин Транс маданий изилдөөлөр борборунун (HCTS) илимий жардамчы (ассоциацияланган) мүчөсү болгон жана Гейдельберг университетиндеги «Азия жана Европа ааламдашкан контекстте» алдыңкы тажрыйба кластеринде докторлук стипендия алган. Светлананын изилдөөлөрү Борбордук Азиядагы карылыкка, мобилдүүлүккө, муундар аралык мамилелерге, камкордукка жана гендерге багытталган, бул тармактарда анын этнографиялык талаа иштери боюнча чоң тажрыйбасы бар. Учурда ал диссертацияга байланыштуу ар кандай басылмалардын үстүндө иштеп жатат, анын ичинде «Умтулуу, милдеттенмелер, байланышкан өмүрлөр: Тажикстандагы аялдардын камкордугу жана турмуштук жолдору» аттуу китептин кол жазмасы дагы камтылган.

Постдоктордук долбоорунун алкагында ал массалык эмгек миграциясынын контекстинде Тажикстандык улгайган адамдардын курактык өзгөрүүлөргө карабастан, социалдык байланыштарды, баарлашууну жана коомго катышууну сактоо жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн (реляциялык мобилдүүлүгүн) изилдейт.

Светлана Торно – бир жыл бою Тажикстанда үй-бүлөнүн салттуу түзүлүшүн жана аялдардын үй-бүлөдөгү ролун изилдеген немис этнографы. Ал тажик аялдарын көптөгөн кыйынчылыктарга жана көйгөйлөргө карабастан, өздөрүн бактылуу сезишет деп эсептейт.

**Семинар үчүн кейс: Рано Тураеванын текстинин негизинде Борбордук Азиядагы аялдардын өкүлчүлүгү жана гендердик билимдерди бийликтен, башкаруудан же мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу (деколонизациялоо).**

**Контекст:**

Постсоветтик Борбордук Азияда (айрыкча Өзбекстан менен Тажикстанда) жаңылануу (модернизация) аракеттерине жана ааламдашкан феминизмдин идеяларынын таасирине карабастан аялдар ислам, патриархалдык ченемдер, үй-бүлөлүк күтүүлөр жана мамлекеттик идеология бири-бирине чырмалышкан татаал системанын алкагында иш алып барууну улантуушуда.

Изилдөөчү Рано Тураева аялдардын мындай тажрыйбасын батыштык гендердик стандарттан «артта калуучулук» эмес, жергиликтүү контекстте тамырлаган максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмүнүн (агенттиктин) башка, стандарттуу эмес (альтернативдүү) формалары катары кароону сунуштайт.

**Сценарий:**

Сиз, өзүңүздү постсоветтик жана батыш коомдорундагы аялдардын гендердик стратегияларын салыштыруу багытында иштеп жаткан изилдөө тобунун мүчөсү катары элестетиңиз. Сизге Борбордук Азиядагы кырдаал боюнча аналитикалык материал даярдоо тапшырылды.

Сиздин милдетиңиз – Рано Тураеванын текстинин жана башка мисалдардын негизинде аймактагы аялдардын төмөнкүлөрдү кандайча ишке ашырып жатканын баалоо:

- өз кызыкчылыктарына (үй-бүлөлүк, экономикалык, диний) кантип жетип жатышат ;
- кандай чектөөлөргө туш болушат;
- көнүмүш либералдык же колониялык алкактардан тышкары инсандыгын, өздүгүн (идентүүлүгүн) кантип калыптандырышат.

**Талкуу үчүн негизги суроолор:**

1. Ислам жана диний тажрыйбалар аялдардын күнүмдүк жашоосуна кандай таасир этет?
2. Динчилдик чектөөбү же булакбы? Эмне үчүн?
3. Аялдар исламды кантип өздөрүнө «ылайыкташтырышат»? Мисал келтиргиле...
4. Салттуу ролдорду аткарган аялды өзгөрүүнүн өкүлү деп эсептесе болобу? Мисалы, эне, келин, дин туткан мусулман аял – бул баш ийүүнүн формасыбы же аң-сезимдүү тандообу?
5. «Гендердик билимдерди бийликтен, башкаруудан же мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу (деколонизациялоо)» деген эмнени билдирет?
6. Эмне үчүн батыштык эмансипация жана теңдик түшүнүктөрү аймакта дайыма эле колдонула бербейт?
7. «Жогору жактан таңууланган» талкуудан кантип сактанса болот?
8. Миграция гендердик ролдорду кандайча, кантип өзгөртүп жатат?

9. Аялдар акча таап, үй чарбасынын башчысы болуп, автономия тажрыйбасына ээ болгондо эмне болот?

**Тапшырма** (топто ишти аткарууга 20–30 мүнөт берилет)



Рано Тураеванын текстинде кездешкен же ушул сыяктуу талаа изилдөөлөрүнө негизделген аялдардын бейнесинин бирин тандаңыз. Сиздин топ төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:

- анын турмуштук абалын кыскача сүрөттөп берүү;
- анын максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнүн же чечим кабыл алуу, максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмүнүн (агенттиктигинин) формаларын аныктоо (ал кандай механизмдер аркылуу иштейт).

Төмөнкү суроого жооп бергиле: Ал учурдагы тартипти колдойбу же аны өзгөртөбү (трансформациялайбы)?

Андан кийин ар бир чакан топ калган топтор менен жыйынтыктарын бөлүшөт.

Материалдар (окутуучунун каалоосу боюнча): мисалы, Рано Тураеванын тексти.

**Рано Тураеванын текстине суроолор:**

1. Үч бөлүмдөн турган макаланын ар бир бөлүмү эмнеге арналат?
2. Хужум кампаниясы деген эмне?
3. Борбордук Азиядагы заманбап антропологиялык изилдөөлөрдө кандай көйгөйлөр бар?
4. Изилдөөчү Дениз Кандийоти сунуштаган «патриархалдык келишимдер» дегенди кандай түшүнөсүнөр?
5. Аялдар кеңештери эмне иш алып барышкан?
6. Постсоветтик Борбордук Азияда аялдардын гендердик ролдору жана абалы кандай өзгөрдү?
7. Постсоветтик Борбордук Азияда көп аял алуу институту кандай өнүгүп жатат?
8. Көп аял алуу чынында эле Борбордук Азиядагы аялдарга каршыбы?
9. Нозиманын мисалы, кейси постсоветтик Борбордук Азияда жат көрүнүшбү же көнүмүшбү?

Томмазо Агуццинин «Борбордук Азиядагы жаш келиндин күнүмдүк жашоосу жөнүндө» фотоэссесинин мисалында Борбордук Азиядагы аялдар жана дин темасындагы видеолор же сүрөттөр.

Мисалы, казакстандык сүрөтчү Асел Кенжетаева «Жалындаган келин. Сеп» аттуу сүрөттөр сериясында аялдардын коомдук активдүүлүк менен күйөөсүнүн үйүндөгү жана анын үй-бүлөсүндөгү милдеттеринин ортосунда тең салмактуулукту сактап жатканындыгын сүрөттөйт.

Салттуу коомдогу келиндердин татаал турмушун чагылдырган бул эмгектер адам укуктарына арналган көргөзмөлөрдө көрсөтүлгөн.

Ошондой эле БУУнун миграция боюнча Эл аралык уюму тарабынан уюштурулган «Мигранттар: Борбордук Азиядагы көрүнбөгөн күч» аттуу фото көргөзмөнү белгилей кетүү керек.

Бул көргөзмөдө Борбордук Азиядан келген мигранттардын жашоосу, анын ичинде үй-бүлөлүк мамилелердин аспектилери жана аялдардын ролу тууралуу баяндаган эмгектер коюлган.

Сүрөттөр авторлордун окуялары менен коштолгон, алар мигранттардын күнүмдүк жашоосун жана кыйынчылыктарын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.



## II

### Студенттик семинар үчүн кейс-тапшырма: «Казакстандагы заманбап суфий мектептериндеги же биримдиктериндеги (тарикаттарындагы) аялдардын ролу»

**Контекст**

Акыркы он жылдыкта Казакстанда, анын ичинде аялдар арасында да суфий тажрыйбаларына кызыгуу күч алууда. Мындай түзүмдөрдө салттуу түрдө эркектер үстөмдүк кылганына карабастан, аялдар суфий мектептеринин же биримдиктеринин (тарикаттарынын) өнүгүшүндө маанилүү роль ойношот. Айгерим менен Талгат Темирбаевдердин изилдөөлөрү көрсөткөндөй, азыркы шарттарда аялдар руханий жашоодо, тажрыйбалардын салттуу формаларында дагы, жаңыларында дагы – мисалы, интернетте, онлайн-жамаат аркылуу активдүү катышууда.

**Талкуулоо үчүн негизги суроолор:**

- Казакстандын суфий коомчулуктарында аялдардын ролу социалдык жана маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө жараша кандай өзгөрүүдө?
- Аялдардын суфий практикаларына катышуусунун кандай салттуу жана жаңы формаларын бөлүп көрсөтүүгө болот? Бул практикаларда аялдардын ролу кандай?

**Гендердик аспектилер:**

- Аялдардын суфий окууларындагы өзгөчө ролу эмнеде жана бул исламдык руханият жана теңдик жөнүндөгү окуулар менен кандай байланышы бар?
- Суфий жамааттарында аялдар руханий мугалимдер (насаатчылар) же жол башчылар (лидерлер) катары кандай кабыл алынат? Бул ролдордо аялдар үчүн кандай тоскоолдуктар жаралышы мүмкүн?

**Санариптештирүү жана заманбап тажрыйбалар:**

- Санариптик технологиялар аялдардын суфий окууларына жана жамааттарына жеткиликтүүлүгүнө кандай таасир этишет?
- Онлайн платформалар (социалдык тармактар, форумдар, вебинарлар) аялдардын суфий руханий жашоосуна катышуу мүмкүнчүлүгүн кандайча өзгөртөт? Бул ыкманын кандай артыкчылыктары жана кемчиликтери бар?

**Социалдык өзгөрүүлөр жана тарикаттар:**

- Казакстандагы кайсы социалдык жана маданий өзгөрүүлөр аялдардын суфий мектептерине же биримдиктерине (тарикаттарына) активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт?
- Мындай өзгөрүүлөр өлкөдөгү суфий тажрыйбаларынын концепциясына жана өнүгүүсүнө кандай таасир этет?

**Топтук иш үчүн тапшырма:**

- Суфий тажрыйбаларынын контекстиндеги гендердик талдоо.
- Чакан топторго бөлүнүп, аялдар активдүү катышкан суфий тажрыйбаларынын бирин тандагыла. Бул тажрыйбада гендердик айырмачылыктар кандайча көрүнөрүн талдап, бул ролдорду өзгөртүүнүн мүмкүн болгон жолдорун сунуштагыла.



**Презентация**

Ар бир чакан топ өзүнүн тыянактарын презентация түрүндө көрсөтөт, анда:

- суфий мектептеринде же биримдиктеринде (тарикаттарында) аялдардын катышуусунун мисалдары келтирилет;
- социалдык жана маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдүн шартында суфий жамааттарындагы аялдардын ролун өнүктүрүүнүн жана ыңгайлаштыруунун мүмкүн болгон жолдору сунушталат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Диний жана руханий тажрыйбалардагы гендердик ролдордун заманбап шарттарга кандайча ыңгайлашуусун түшүнүү.
- Салттуу диний тажрыйбалардын жаңы технологиялар жана социалдык өзгөрүүлөр менен өз ара аракеттенүүсүн талдоо.
- Гендердик көз караш аркылуу диний түзүмдөрдөгү өзгөрүүлөрдү талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

**Кейс** салттуу диний тажрыйбалар менен заманбап контексттин өз ара аракеттешүүсүн, ошондой эле руханий жана маданий өзгөрүүлөрдөгү аялдардын ролун изилдөө ыкмасы катары

## ОКУТУУЧУЛАРГА ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ БОЮНЧА СУНУШТАР:

1. **Теманы контексттештирүү**

   Макаланы окуудан мурун студенттерге киришүү маалыматын бериңиз:

   - суфизм деген эмне? анын исламдагы орду жана суфий мектептеринин же биримдиктеринин (тарикаттарынын) өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүндүрүңүз;
   - салттуу диндерде (анын ичинде исламда) гендердик ролдор кандайча калыптангандыгын кыскача талкуулаңыз;
   - Борбордук Азиядагы, өзгөчө Казакстандагы, диний тажрыйбалардын өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруңуз.

   **Максаты**: студенттерге диний тажрыйбаларда гендердик айырмачылыктардын келип чыгуу жолдорун түшүнүүгө жардам берүү.

2. **Түшүнүктөргө көңүл буруу**

   Студенттер маалыматты жеткиликтүү колдоно алышы үчүн негизги терминдерди жана түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүңүз:

   - суфизм / тарикат;
   - гендердик ролдор;
   - аялдардын диний максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттиги);
   - постсоветтик динчилдик.

Макала боюнча «глоссарий» түзүүнү сунуштаңыз, бул маалыматтын курамын түзүүгө жардам берет.

**3. Талкулоо жана дебаттар**

Төмөнкү суроолор боюнча топтук талкуулоону уюштуруңуз:

1. Суфий тажрыйбаларында аялдарга диний активдүүлүктүн кандай формалары жеткиликтүү?
2. Эмне үчүн ар кайсы өлкөдөгү (мисалы, Казакстан менен Түркиядагы) суфий мектептеринде же биримдиктеринде (тарикаттарында) аялдардын катышуусу бири-биринен айырмаланат?
3. Руханий тажрыйба бир эле учурда салттуу жана феминисттик боло алабы?

**Ыкма**: Студенттерди «Макул» жана «Каршы» деген чакан топторго бөлүп, суфизм аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө боло алабы? деген суроону талкуулоону сунуштаңыз.

**4. Тармактар аралык ыкма**

Макаланын темасы башка илим тармактары менен кандай байланышта экенин көрсөтүңүз:

- Антропология: диний жамааттардагы тажрыйбаларды байкоо:
- Социология: жыныска жана бийликке карата диндин ролу.
- Саясат таануу: мамлекеттик диний саясаттын гендердик ролдорго тийгизген таасири

Студенттерден жалпыга маалымдоо каражаттарынан, маек же башка изилдөөлөрдөн мисал келтирүүнү сураныңыз.

**5. Рефлексия**

Студенттерге төмөнкү темада кыскача эссе же күндөлүк жазууну сунуштаңыз:

Аялдардын диндеги ролу жөнүндө алардын жеке түшүнүктөрү кандай?
Макаланы окугандан кийин алардын оюн эмне таң калтырды же өзгөрттү?

**Баалоо формасы:**

Талкууга катышуу – 30%

Аналитикалык тапшырма (эссе же кейс) – 40%

Рефлексия – 30%

## III

**КЕЙС-СТАДИ (case study) тексттердин жалпы бөлүмү боюнча билимдерди талдоону, талкуулоону жана практика жүзүндө колдонууну айкалыштырат:**

- «Борбордук Азиянын заманбап коомундагы аялдардын ролу» аттуу жалпы тема боюнча кластер.
- Нажиба Темиршоева «Жогорку билимдүү аялдардын үй-бүлөсүнө жана балдарын тарбиялоого тийгизген таасири».
- Бактыгүл Шабдан «Кыргызстанда аялдардын үй-бүлөнүн саламаттыгына жана бакубаттуулугуна кошкон салымы».
- Борисова Елена, Торно Светлана «Аялдар, нике жана камкордук: Тажикстанда үй-бүлө куруу жана социалдык тартипти жандандыруу».

- Шохзодамухаммадова Фотима «Тажик аялдарынын татаал тандоо кырдаалы (дилемма): чыдап жашаш керекпи же ажырашып кетиш керекби?»
- Зарина Муканова «Түштүк-чыгыш Казакстандын айыл жергесиндеги мурас эркек тукум, аталык аркылуу белгиленген коомдогу аялдар».



**КЕЙС: «Жеке жана коомдук: Борбордук Азиянын өзгөрүлмө ландшафында-гы аял затынын ролу»**

**Кырдаал**

Өзүңүздү Борбордук Азиянын айылдык жана шаардык коомчулуктарында аялдарды колдоо программаларын иштеп чыгуу боюнча бейөкмөт уюмда (НПО) иштеген адам катары элестетиңиз. Сиздин милдетиңиз – сиз талдап чыккан реалдуу изилдөөлөрдүн негизинде жергиликтүү бийликке жана донорлорго аналитикалык баяндама жана сунуштамаларды даярдоо.

**Кейстин максаты:**

Аялдардын ролдору өлкөгө, билим деңгээлине, нике статусуна жана социалдык шарттарына жараша кандайча айырмаланарын түшүнүү, ошондой эле аймактардагы аялдардын абалын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Студенттер үчүн тапшырмалар**

Топтук талдоо:

Тексттерди чакан топторго бөлгүлө. Ар бир топ бир-эки макаланы изилдеп, төмөнкү суроолор боюнча кыскача баяндама даярдайт:

- Аялдын ролу кандайча сүрөттөлгөн?
- Анын алдында кандай чакырыктар жана тандоонун татаал абалы турат?
- Анын тандоосуна кайсы факторлор (билим берүү, маданият, үй-бүлөлүк басым ж. б.) таасир этет? Эмне үчүн?

**Коммуникативдик бөлүк**

Дебат өткөрүңүз:

Тема: «Коомдо аялдардын ролун бекемдөө үчүн эмне маанилүү: экономикалык көз карандысыздыкпы же үй-бүлөлүк чектөөлөрдүн өзгөрүлүшүбү?»

**Практикада колдонуу**

Ар бир чакан топ:

- бейөкмөт уюмдар же мамлекеттик органдар үчүн 3-5 сунушту иштеп чыгуу;
- кейстин негизинде аялдарды колдоо үчүн кандай колдоочу программалар зарыл экенин негиздөө (мисалы: билим берүү курстары, психологиялык жардам, укуктук коргоо ж.б.).

**Рефлексия**

Макалалардагы каармандардын жеке тагдырлары аймактагы мындан кенен социалдык процесстерди кантип чагылдырарын талкуулаңыз.

**Окуу максаттары:**

- Борбордук Азиядагы аялдардын тажрыйбаларынын көп түрдүүлүгүн түшүнүү;
- гендер, маданият, билим берүү жана социалдык институттар ортосундагы байланыштарды байкоо;

- сынчыл ой жүгүртүүнү, аргументтөөнү жана көп тармактуу мамилени өнүктүрүү.

**Жалпы тема боюнча кластер: «Үйлөнүү ырым-жырымы жана дин» же Борбордук Азиядагы азыркы үйлөнүү каада-салттарындагы диний контексттер»**

- Виктория Клемент «Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү жана үй-бүлөлүк баалуулуктарындагы аялдык сыпат».
- Утебаев Мадияр «Каракалпак келининин салттуу этикети».
- Чолпон Турдалиева «Кыргыздардын тойлоруна гендердик аспектилерден кароо».
- Томмазо Агуцци. Фотоэссе «Борбордук Азиядагы келиндин күнүмдүк жашоосу тууралуу».



**КЕЙС: «Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү аялзатынын бейнеси: салт менен өзгөрүүнүн (трансформациянын) ортосунда»**

Виктория Клементтин макаласы маданий ченемдерге, гендерди жана жөрөлгөлөрдүн символикасын талдоо үчүн ылайыктуу кейс болуп саналат.

**Кейстин контексти**

Сиз постсоветтик мейкиндиктеги салттуу үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүндөгү аялдардын ролу жөнүндө аналитикалык баяндама даярдап жаткан этнограф/социологсуз. Сизге салт-жөрөлгөлөрү аялзатынын назиктигин кандай чагылдырарын (же калыптандырарын), жана ааламдашуу менен заманбап баалуулуктардын таасири тийген шарттарда кандай өзгөрүүлөр болуп жатканын изилдөө милдети тапшырылат».

**Тапшырмалар:**

- Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндө аялзатынын «салттуу» назиктиги кандай символдор жана иш-аракеттер аркылуу чагылдырарын аныктаңыз?
- Үйлөнүү жөрөлгөлөрүндө келиндин ролу кандай? Коом андан эмнелерди күтөт?
- Бул жөрөлгөлөр үй-бүлөлүк баш ийүүнү (иерархияны) жана патриархалдык баалуулуктарды кантип сактап турат?

**Салыштырма талдоо:**

- Башка постсоветтик же мусулман коому менен окшоштуктарды табыңыз (мисалы, Өзбекстанда, Казакстанда, Чеченстанда, Азербайжанда). Бул өлкөлөрдөгү жөрөлгөлөр аялдык өздүк иденттүүлүгүн кантип билдирет?
- Бул контексттерде аялдык назиктик эмнелерди бириктирет же айырмалайт?

**Рефлексия жана заманбаптык:**

- Салттуу жөрөлгөлөрдүн кайсы көрүнүштөрү азыркы коом тарабынан сынга алынууда же өзгөрүүдө?
- Заманбап түркмөн (же жалпысынан Борбордук Азиялык) аялдар үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү өзүнүн ролун кандайча кайрадан талдоого алып жатышат? Аялдардын «тынч» каршылыктын мисалдары барбы?

**Практикалык тапшырма**

Үч-беш мүнөттүк кичи-подкасттын сценарийин иштеп чыгыңыздар. Анда жаш түркмөн кыздын атынан турмушка чыгуу тоюнун алдындагы салтка урмат көрсөтүү керекпи же өз оюн билдирүү керекпи деген кыздын сезимдерин жана ойлорун сүрөттөгүлө.



**Кейстин максаты:**

1. Үйлөнүү жөрөлгөлөрү гендердик ченемдерди кантип чагылдырарын жана бекемдерин түшүнүү;
2. Салттуу маданият менен аялдардын заманбап инсандык өздүгүнүн ортосундагы өз ара байланышын талдоо;
3. Маданий жана кросс-маданий (эл аралык) салыштырма талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

Текстти талдоонун жана талкуулоонун натыйжасында студенттер эң башкы суроого жооп берүүсү керек: Эмне үчүн тууганчылык, ысым, фамилия жана мурас атадан уулдарга гана, эркек тукум аркылуу гана (патрилинейлик) жана үйлөнгөндөн кийин жаш үй-бүлө күйөөсүнүн гана ата-энеси менен же аларга жакын жерде жашаган коомдук түзүлүштө (патри-локалдык) жашаган аялдардын тажрыйбасын эске албай туруп Түркмөнстандагы баалуулуктарды (үй-бүлөлүк, улуттук, салттык) түшүнүү мүмкүн эмес?

## ТОПКО ЖАНА ОКУТУУЧУГА ЖАРДАМ БЕРҮҮЧҮ, КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛ

**Жеткиликтүү материалдардын негизинде түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү жана үй-бүлөлүк баалуулуктардагы аялдардын ролу жөнүндө.**

**Түркмөндөрдүн үлпөт жөрөлгөлөрүндөгү аялдардын орду.** Түркмөндөрдүн көптөгөн салттык үлпөт жөрөлгөлөрүндө аялдар башкы ролду ойнот. Алардын ичинен көрүнүктүү элементтердин бири той садака – үйлөнүү үлпөткө чейинки жөрөлгө, анда күйөө менен келиндин үйлөрүндө курмандыкка кой союлуп, майрамдык тамактар жасалып, кең дасторкон жайылат. Мындай жөрөлгө салттуу тамактарды жасоо менен (палоо, шорпо, гатлама жана пишме) коштолуп, аялдардын кулинардык чеберчилигин жана маданий мурастын сакталышына кошкон салымын көрсөтөт.

Кызды узатуу үйлөнүү үлпөттүн дагы бир салтанаттуу маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал учурда аялдар менен кыздар салтанаттуу улуттук кийимдерди кийип, килемдер менен шөкөттөлгөн төөлөргө минип, күйөө баланын үйүнө барышат. Бул көрүнүш аялдардын социалдык даражасын жана улуттук каада-салттарга берилгендигин көрсөтөт. Азыркы учурда заманбап үлпөттөр унаалар менен коштолсо дагы, бирок улуттук кийимдер жана ырым-жырымдар сыяктуу салттуу элементтердин сакталышы аялдардын бул ырым-жырымдарга катышуусунун маанилүүлүгүн баса белгилеп келет.

### Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана аялдардын социалдык даражасы

Түркмөн коомунда үй-бүлө социалдык түзүлүштүн өзөгү, ал эми аял бул түзүлүштүн урмат-сыйга ээ кадырлуу мүчөсү болуп саналат. Тарыхый булактар түркмөн аялдары илгертен эле олуттуу укуктарга жана эркиндиктерге ээ болгонун белгилешет. Мисалы, 1885-жылы чыгыш таануучу М.Морозова мындай деп жазган: «Алар өзүнүн

кайталангыс сулуулугу, жаркыраган кооз улуттук кийимдери жана сымбаттуу турпаты менен багындырышат».

Салттуу кол өнөрчүлүк (килем токуу, сайма саюу жана зергерчилик) сыяктуу этно-маданий баалуулуктардын сактоо аялдардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу. Искусствонун бул тармактарына алардын кошкон салымы аялдарды маданияттын жана салттын сактоочулары катары баса белгилейт. Демек, үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана түркмөн үйлөнүү-үлпөт жөрөлгөлөрүн сактоодо жана жаңы муунга өткөрүп берүүдө, өткөндүн каада-салттары менен азыркы учурдун реалдуулугун айкалыштырууда түркмөн аялдары борбордук ролду ойношот.

## IV

**Кейс, студенттерге же семинардын катышуучуларына постсоветтик Борбордук Азиядагы дин, салт, миграция жана гендердин өз ара байланыштары тууралуу ойлонууга өбөлгө болот.**

**КЕЙС: «Чектөө менен эркиндиктин ортосунда: Борбордук Азиядагы аялдар өзгөрүп жаткан коомдо»**

**Контекст**

Сиз постсоветтик коомдогу гендердик ролдордун өзгөрүүлөрүн изилдеген эл аралык уюмдун алдындагы изилдөө тобунда иштейсиз. Команда Рано Тураеванын Борбордук Азиядагы (өзгөчө Өзбекстан менен Тажикстандагы) аялдардын дин тутуусу, миграциясы жана гендердик билимдерин мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу процесси (деколонизациялоо) тууралуу изилдөөлөрүнүн негизинде маек (интервью) жана талаа материалдарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк алды.

**Негизги кейстик суроо:**

Батыш феминисттик алкагынан сырткары, диний иденттүүлүктү, салттуу күтүүлөрдү жана автономияга умтулууну айкалыштырган аялдардын аракеттерин кантип түшүнүүгө жана чечмелөөгө болот?

**Талкуу үчүн тапшырмалар**

Дин тутуу жана эркиндик:

- Аялдар исламды жеке өзү өсүү жана коомдук активдүүлүк үчүн ресурс катары кантип колдонушат?
- Муну канчалык максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмүнүн (агенттиктин) формасы деп эсептесе болот?

Миграция жана гендердик ролдордун өзгөрүшү

- Эмгек миграциясына кеткен же миграциядан кайтып келген аялдар үчүн кандай жаңы мүмкүнчүлүктөр жана коркунучтар пайда болот?
- Алардын үй-бүлөдөгү орду кантип өзгөрөт?

Каада-салт жана модернизация

- Эмне үчүн батыштык гендердик теңчилик концепциялары Борбордук Азияда ар дайым эле «иштей»бербейт?

- Диний идентификациясы күчтүү аймактарга карата «гендердик изилдөөлөрдү мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуу процесси (деколонизациялоо)» деген эмнени түшүндүрөт?

**Саясат жана дин**

Кантип мамлекеттер (мисалы, Өзбекстан же Тажикстан) «түз жүргөн» аял деген түшүнүктү калыптандырат? Расмий дискурс кандай чектөөлөрдү киргизет?

**Катышуучулар үчүн тапшырма**

Рано Тураеванын материалдарында берилген аялдардын образдарынан бирин тандаңыз (мисалы, диний активист, мигрант аял, ишкер аял, «салттуу» эне) жана төмөнкү суроолорго жооп бериңиз:

1. Ал коомдо кандай кыйынчылыктарга туш болот?
2. Ал кандай жолдор (дин, экономика, үй-бүлө аркылуу) менен иштейт ?
3. Анын аракеттерин кандай деп баалайсыңар: ченемдерге баш ийүүбү же максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмүнүн (агенттиктин) стратегиясыбы?

## V

**Зарина Мукановaнын текстине концептуалдык карта**

1. **Мурас эркек тукум, аталык аркылуу белгиленген (патрилинейдик) коомдогу негизги түшүнүк**
   - Аныктама: туугандык байланышты, макамды жана мүлктү эркек урпагы аркылуу өткөрүү.
   - Туугандык форма (ата-баба → ата → уул).
   - Фамилиянын ролу, урууга таандыктыгы.
   - Социалдык түзүм менен баш ийүнүн (иерархиянын) байланышы.
2. **Мурас эркек тукум, аталык аркылуу белгиленген (патрилинейдик) системадагы гендердик ролдор**
   - Аял «келген», «бөтөн» (күйөөсүнүн үй-бүлөсүнө, уруусун кирет).
   - Күтүүлөр: баш ийүү, кайын-журтка кызмат кылуу, тукумун улантуу.
   - чектелген менчик укуктары.
   - Аялдын таралыш линиясынын санжырада «көрүнбөгөндүгү».
   - Нике ченемдери, каада-салт жана жөрөлгөлөр менен байланышы.
3. **Аялдын максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттиги) жана адаптациясы**
   - Аялдар таасир этүүнүн жолдорун кантип табышат (эне болуу, үй-бүлөнү багуу, уулду тарбиялоо аркылуубу)?
   - Салттар менен сүйлөшүүлөр: ылайыкташуу, үй-бүлөдөгү символикалык бийлик.
   - «Жумшак каршылыктын» мисалдары.
   - Феминисттик антропология менен күнүмдүк каршылык көрсөтүү теорияларынын байланышы

**4. Үй-бүлө жана үй чарбасы**
- Кеңейтилген үй-бүлө (ата, апа, келин).
- Түзүлүшү: Чечимдерди ким кабыл алат?
- Аялдын баш ийүүдөгү (иерархиядагы) келинден чоң апага чейинки орду.
- Туугандык жана үй-бүлөлүк баш ийүү институттары менен байланыш.

**5. Мейкиндик жана мобилдүүлүк**
- Аял өз уруусунан башка үй-бүлөгө өтөт.
- Ата-энесинин үйүнө кайтып келүүгө карата чектөөлөр.
- Күйөөсүнүн үйүнө байлануу.
- Барган жердин символикасы, таандыктыгы жана денени көзөмөлдөө менен байланыш.

**6. Өзгөрүүлөр жана заманбаптык**
- Миграция, билим алуу, интернеттин таасири.
- Аялдардын экономикалык ролунун өсүшү.
- Үй-бүлө, нике, иденттүүлүктү кабылдоонун өзгөрүүсү.
- Постсоветтик контекст жана айылдын жаңылануусу менен байланышы.

**Картаны кантип колдонсо болот?**
- Эссе же курстук иш жазууда негиз катары.
- Семинардык, практикалык сабактарда талкуулоо үчүн.
- Презентация же долбоордун визуализациясы үчүн.

**Студенттерге жардам иретинде:**

Студенттерге окуп же көрүп жатканда толтуруу үчүн шаблон бериңиз.

**Кырдаал/тексттен мисал:**
- Тууганчылык, ысым, фамилия жана мурас атадан уулдарга гана, эркек тукум аркылуу гана (патрилинейлик) кантип байкалат?
- Гендердик ролдор: Аялдарда максаттарды коюу жана аларга жетүү үчүн иш-аракет кылуу жөндөмү (агенттүүлүк) барбы?

**Визуалдык материалдар менен байланышы**

Текстти тасмалар жана видеолор менен байланыштыруу:
- «Бауырына салу» тасмасы (А. Кучинчуреков)
- Казак үй-бүлөлөрү, каада-салттары жана миграция тууралуу документалдык тасмалар
- Айыл аймактардагы аялдар менен видеомаектер

**Тапшырма:**

Тасма/видеодон тууганчылык, ысым, фамилия жана мурас атадан уулдарга, эркек тукум аркылуу (патрилинейликтин) элементтеринин бири бар болгон мисалды табыңыз. Мукановanын тексти менен кандай байланышы бар экенин түшүндүрүңүз.

## VI

**«Кыргыздардын үйлөнүү каада-салттарындагы аялдардын ролу: антропология жана тарых призмасы аркылуу гендердик талдоо» темасындагы семинар үчүн кейс.**



**Максаты:** гендердик нормалар жана социалдык күтүүлөр аялдардын үйлөнүү үлпөтүнө катышуусуна кандай таасир этээрин жана мындай көрүнүштөр Кыргызстандагы кеңири социалдык жана маданий түзүмдөрдү кандайча чагылдырарын изилдөө.

**Тапшырма**

**Булактарды талдоо:**

- Чолпон Турдалиеванын эмгектерин иликтеп чыгыңыз;
- Анын аялдардын коомдогу салттуу ролдорун түшүнүү үчүн контекст бере турган көчмөндүк жана туугандык мамилелердин антропологиясы боюнча жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүнө көңүл буруңуз.

**Үйлөнүү салттарына гендердик талдоо:**

- Салттуу үйлөнүү каада-салттарында гендердик ролдорду жана күтүүлөрдү кантип чагылдырарын изилдегиле;
- Бул жөрөлгөлөр учурдагы коомдук түзүлүштөрдү жана ченемдерди кантип бекемдей аларын талдоо.

**Заманбап өзгөрүүлөр:**

- Аялдардын билим алуусу, миграция жана социалдык ченемдердин өзгөрүшү сыяктуу коомдогу заманбап өзгөрүүлөр үйлөнүү үлпөт салттарына кандай таасир этерин талдагыла;
- Мындай өзгөрүүлөр үйлөнүү үлпөтүндө аялдардын ролун кайра каралып чыгышына алып келиши мүмкүн экенин талкуулагыла.

**Иштин форматы:**

- Изилдөөнүн жыйынтыктарын көрсөткөн аналитикалык макала жазуу же презентация даярдоо;
- Чолпон Турдалиеванын изилдөөлөрүнөн жана башка булактардан мисалдарды киргизүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Кантип гендердик ченемдер аялдардын үйлөнүү салтына катышуусуна таасир этерин түшүнүү.
- Антропологиялык жана гендердик изилдөөлөрдүн негизинде маданий тажрыйбаларды талдоо мүмкүнчүлүгү;
- Сынчыл ой-жүгүртүү жана социалдык түзүлүштөрдү талдоо жөндөмүн өркүндөтүү.

## VII

### КЕЙС: Каада-салт менен өзгөрүүлөрдүн ортосундагы аялзат – XXI кылымдагы Борбордук Азия

**Контекст**

Борбордук Азия өлкөлөрүндө (Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан) аялдар эзелтеден эле үй-бүлөдө жана коомдо маанилүү роль ойногон. Бирок, алардын абалы бир нече факторлордун таасири астында калыптанган: салттуу патриархалдык түзүлүш, исламдык ченемдер жана үрп-адаттар, советтик мурас (мисалы, аялдардын тең укуктуулугу (эмансипациясы), заманбап социалдык жана саясий өзгөрүүлөр.

Сиз өзүңүздү Борбордук Азия аймагында иштеген эл аралык уюмдун социалдык саясат боюнча кеңешчиси деп элестетиңиз.

Сиздин милдетиңиз – жергиликтүү каада-салттарды бузбай, аялдардын коомдук жана диний турмушка катышуусун колдоо программасы үчүн аналитикалык кат даярдоо.

**Негизги дилемма:**

Аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролуна салттуу жана диний көз караштарды урматтоо менен гендердик теңчиликти жана аялдардын укуктарын кеңейтүү ортосундагы тең салмакты кантип табууга болот?

**Талдоо үчүн суроолор:**

1. Аймактын диний турмушунда аялдар кандай роль ойнойт?
2. Алар диний билим берүүгө катыша алабы? Кандай чектөөлөр бар?
3. Үй-бүлөдөгү ролдордун бөлүштүрүлүшүндө дин кандай таасир этет?
4. Никеде, балдарды тарбиялоодо жана каржы маселесинде канчалык деңгээлде аял чечим кабыл ала алат?
5. Борбордук Азия өлкөлөрүндө бул ролдор кандайча айырмаланат? Мисалы, либералдуу Кыргызстан менен жабык Түркмөнстанды салыштырыңыз.
6. Советтик саясат аялдардын коомдогу абалына кандай таасирин тийгизди?
7. Ал аялга үй-бүлөнүн чегинен чыгууга жардам бердиби же тескерисинче, каршылык жараттыбы?
8. Аялдардын алдында кандай заманбап чакырыктар турат?

**Мисалы:** эрте никеге туруу, үй-бүлөдөгү зомбулук, үй-бүлөнүн кысымы, диний билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

**Практикалык тапшырма**

Төмөнкүлөрдү сунуштаңыз:

- диний жана маданий контекстте аялдардын абалын жакшыртуу боюнча ылайыктуу, конкреттүү чаралар;
- коомчулук, анын ичинде диний жол башчылар (лидерлер) кабыл ала турган агартуу кампаниясы;
- Борбордук Азиядагы бир өлкөнүн тажрыйбасын башка ислам өлкөсү (мисалы, Индонезия же Иран) менен салыштырып талдоо.

**«Борбордук Азиянын заманбап үйлөнүү салттарындагы диний контексттер»** темасын талкуулоо үчүн үйлөнүү үлпөтүнүн диний, маданий жана социалдык аспектилеринин өз ара таасирин түшүнүүгө жана талдоого багытталган этикалык оюнду колдонсо болот.

**ЭТИКАЛЫК ОЮН: «КААДА-САЛТТАРДЫН КУРАГЫ (МОЗАИКАСЫ)»**



**Максаты:** Борбордук Азиянын маданий жана социалдык контексттеринин ар түрдүүлүгүн эске алуу менен катышуучулардын үйлөнүү үлпөт тойлоруна диний каада-салттардын тийгизген таасирин талдоо жана талкуулоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Катышуучулардын жаш курагы: өспүрүмдөр жана чоңдор (15–35 жаш).

Катышуучулардын саны: 6–12 адам.

**Маалымат сабагы**

**Материалдар:**
- ар кандай үйлөнүү ырым-жырымдарын сүрөттөгөн карточкалар (мисалы, казак, кыргыз, өзбек, тажик);
- диний символдор менен ыйык тексттерден (Куран, хадистер, жергиликтүү диний тажрыйбалар) алынып карточкаларга түшүрүлгөн үзүндүлөр;
- «курак» түзүү үчүн кагаз жана маркерлер.

**Оюндун эрежелери:**
1. Ар бир катышуучуга үйлөнүү каада-салттарынын биринин сүрөттөлүшү жана тиешелүү диний символикасы бар карточка берилет.
2. Катышуучулар кезек-кезеги менен өз карточкаларын топко көрсөтүп, диний элементтер алардын маданиятындагы үйлөнүү каада-салттарына кандай таасир этерин түшүндүрүп беришет.
3. Ар бир карточка көрсөтүлгөндөн кийин топ кийинкилерди талкуулайт:

Диний элементтер заманбап үйлөнүү ырым-жырымдарына кантип киргизилүүдө? Алар кандай баалуулуктарды жана ченемдерди чагылдырат? Мындай каада-салттар коомдук мамилелерге жана никедеги аял менен эркектин ролдорун кабылдоого кандай таасир этет?

Талкуудан кийин катышуучулар биргелешип «каада-салттардын курагын» түзүшөт. Анда кагаз менен маркерлерди колдонуп диний символдор менен үйлөнүү ырым-жырымдарынын ортосундагы өз ара байланыштарды визуалдуу чагылдырышат.

**Оюндун аягындагы рефлексия:**
- Кандай жалпы өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары аныкталды?
- Диний контексттерди түшүнүү маданий ар түрдүүлүктү урматтоого жана сактоого кандайча өбөлгө түзө алат?

**Сунуштар:**
1. Карточкаларды даярдоодо Борбордук Азиянын үйлөнүү каада-салттарынын ар түрдүүлүгүн чагылдырган ишенимдүү булактарды колдонуу (баптагы тексттер).
2. Ар кандай диний жана маданий практикаларга урматтоо менен мамиле кылууну камсыз кылуу.
3. Катышуучуларды ачыктыкка жана диалогго даяр болууга үндөө.

Бул оюн сынчыл ой жүгүртүүнү, эмпатияны жана маданий, диний ар түрдүүлүктү урматтоону өнүктүрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле катышуучуларга диндин Борбордук Азиядагы үйлөнүү үлпөт каада-салттарын калыптандыруудагы ролун тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

**Елена Борисова менен Светлана Торнонун «Аялдар, нике жана камкордук: Тажикстанда үй-бүлө куруу жана социалдык тартипти жандандыруу» деген текстине карата**



Бул изилдөө Тажикстандагы гендердик жана үй-бүлөлүк тажрыйбаларды талдоого арналган, анда аялдардын никедеги, камкордуктагы жана социалдык тартипти кайра жаратуудагы аялдын ролуна басым жасалат.

Авторлор никенин жана үй-бүлөлүк мамилелердин салттуу жана заманбап тажрыйбалары тажик коомундагы аялдардын абалына тийгизген таасирин талдашат. Аялдардын камкордугуна, кайрадан балалуу болгусу келген (репродуктивдик) жүрүм-турумуна жана социалдык мобилдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулат. Изилдөө ошондой эле диний жана маданий ченемдердин үй-бүлөлүк тажрыйбага жана гендердик ролдорго тийгизген таасирин талдайт.

**КЕЙС: «Тажикстандагы гендердик ролдор жана үй-бүлөлүк тажрыйбалар»**

**Кейстин максаты:** социалдык тартипти кайра жаратууга жана камкордукка басым жасоо менен тажик коомундагы аялдардын абалына салттуу жана заманбап нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин таасирин талдоо.

**Студенттер үчүн тапшырма:**

Өзүңүздү тажик айылында изилдөө жүргүзүп жаткан социологдор катары элестетиңиз. Силер салттуу жана заманбап нике менен үй-бүлөлүк мамилелердин тажрыйбалары коомдогу аялдардын абалына кандай таасир этерин изилдешиңер керек.

Борисова менен Торнонун изилдөөсүнөн алынган материалдарды, ошондой эле кошумча булактарды колдонуп, төмөнкүлөрдү даярдаңыз:

- Никенин салттуу тажрыйбасын талдоо: Алар гендердик ролдор менен социалдык күтүүлөрдү кантип түзөт?
- Диний ченемдердин тийгизген таасирин талдоо: Ислам баалуулуктары үй-бүлөлүк тажрыйбага жана аялдардын абалына кандай таасир этет?

**Заманбап өзгөрүүлөр**

Үй-бүлөлүк түзүмдөрдө кандай өзгөрүүлөр болуп жатат жана алар социалдык өзгөрүүлөрдү (трансформацияларды) кантип чагылдырат?

Жергиликтүү бийлик органдары жана бейөкмөт уюмдар үчүн сунуштарды бергиле:

- Гендердик теңчиликти жайылтууда аялдарды өздөрүнүн маданий өзгөчөлүгүн сактоодо кантип аларга колдоо көрсөтүү мүмкүн?
- Айыл жергесиндеги аялдардын абалын жакшыртуу үчүн кандай программалар же демилгелер натыйжалуу болушу мүмкүн?

**Жыйынтыктарды көрсөтүү форматы:**

- Кырдаалды талдоо жана сунуштар менен презентация.

- Мүмкүн болгон чечимдерге жана алардын кесепеттерине басым жасоо менен топтук талкуулоо.

**Даярдык көрүү үчүн каражаттар:**

- Борисова менен Торнонун изилдөөсү;
- Борбордук Азиядагы гендердик абал жана үй-бүлөлүк тажрыйбалар жөнүндөгү макалалар жана отчеттор;
- Тажикстандагы диний жана маданий аспектилер жөнүндөгү материалдар.

**КЕЙС: «Тажикстандагы үйлөнүү ырым-жырымдарынын символикасы: талдоо жана чечмелөө»**

**Максаты:** Тажикстандагы үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарынын символикасын талдоо, алардын диний жана маданий аспектилерин аныктоо, ошондой эле алардын азыркы заманбап коомдун контекстиндеги маанисин түшүнүү.

**Студенттер үчүн тапшырма**

**Салттуу үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарын изилдөө:**

- Тажикстандагы салттуу үйлөнүү үлпөт **ырым-жырымдарын** сүрөттөлүшүн изилдеңиз, анын ичинде сүзане (үйлөнүү жабдыгы) даярдоо, куран окуу жана сый тамактар менен байланышкан жөрөлгөлөр, ошондой эле бул практикага таандык символикаларды дагы талдап изилдеңиз;
- Диний ырым-жырымдары жана символдору менен байланышкан исламдык каада-салттарын, мисалы, Куран окуу, молдонун дубасы табып, алардын үйлөнүү үлпөтүндөгү ролун аныктагыла;
- Маданий символдорду, мисалы, белгилүү кездемелерди, оймо-чиймелерди жана жөрөлгөлөрдү колдонуу жана алардын тажик маданиятынын контекстиндеги маанилерин талдагыла.

**Заманбап өзгөрүүлөр жана алардын таасири:**

- Ааламдашуу жана урбанизация сыяктуу заманбап тенденциялар салттуу үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарына кандай таасир этерин изилдеңиз.
- Салттуу элементтер заманбап үйлөнүү үлпөттөрүндө сакталабы же аларды өткөрүүдө өзгөрүүлөр болуп жатабы, талкуулагыла.

**Сунуштар:**

- Коомдогу азыркы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарында диний жана маданий каада-салттарды сактоо боюнча өз сунуштарыңызды киргизиңиз;
- алардын маанисин жана маданий мураска болгон сый-урмат мамилесин сактоо үчүн салттуу элементтерди азыркы үйлөнүү үлпөттөрүнө кантип киргизсе болорун талкуулагыла.

**Натыйжаларды көрсөтүү форматы:**

- Үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарындагы символикасын талдаган, аныкталган диний жана маданий аспектилерин, ошондой эле каада-салттарды сактоо боюнча сунуштарды камтыган презентация даярдаңыз.
- Ар бир студент өзүнүн тыянактарын жана сунуштарын көрсөтө турган топтук талкууну уюштуруңуз.

Бул кейс студенттерге Тажикстандагы үйлөнүү үлпөт ырым-жырымдарындагы диний жана маданий аспектилердин ортосундагы байланышты тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле азыркы коомдун контекстинде каада-салттарды талдоо жана чечмелөө көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Ошондой эле студенттерге **Мадияр Утебаевдин «Каракалпак келининин салттуу жүрүм-туруму (этикети)»** текстине сунуштаса да болот**.** Бул кейс аларга кантип салттуу гендердик абал менен маданий тажрыйбалар коомдогу жеке автономияга жана социалдык өсүүгө тийгизген таасирин түшүнүүгө жардам берет.



**КЕЙС: «Этикетпи же чектөөбү? Каракалпак келининин тажрыйбасындагы гендердик ченемдер»**

**Кырдаал**

Тексттин негизинде каракалпак келиндерине коюлган жүрүм-турум ченемдеринин алардын жашоосуна жана социалдык абалына тийгизген таасирине анализ даярдоо.

**Контекст**

М. Утебаевдин текстине таянып, төмөнкүлөрдү талдагыла:

- Каракалпак маданиятында «келиндин жүрүм-туруму» деген түшүнүк эмнени камтыйт?
- Турмушка чыккандан кийин аялга кандай милдеттер, тыюу салуулар, күтүүлөр жүктөлөт?
- Бул ченемдерди калыптандырууда күйөөнүн үй-бүлөсүнүн ролу кандай?

**Студенттер үчүн тапшырмалар**

**Аналитикалык тапшырма:**

- Салттуу жүрүм-турумдун (этикеттин) негизги элементтерин аныктаңыз (жаңсоолор, сүйлөө, жүрүм-турум, кийим ж.б.);
- Бул жүрүм-туруму (этикет) маданий иденттүүлүктү сактоодо же болбосо баш ийүүнү (иерархияны) колдоодо кандай функцияларды аткарарын талдагыла

**Сынчыл тапшырмасы**

Салттуу жүрүм-турумдун (этикеттин) төмөнкүлөргө кандай таасир этерин баалаңыз:

- Аялдын психологиялык абалына;
- Анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана укуктарына;
- Кийинки муундарды тарбиялоого.

Бул ченемдерди Борбордук Азиянын башка коомдорундагы (студенттердин тандоосу боюнча) ушундай тажрыйбалар менен салыштыргыла.

**Талкуулоо**

«Аялдардын салттуу жүрүм-турум талаптарын сактоо коомдун кысымынын көрүнүшү эмес, ыктыярдуу тандоо болушу мүмкүнбү?» деген темада талкуу жүргүзүү.

**Практикалык тапшырма:**

- «Каада-салт менен укуктардын ортосундагы көпүрөнү» иштеп чыккыла;
- Маданиятка болгон сый-урматты кантип сактап, аялдар үчүн жүрүм-турумдун (этикеттин) басмырлоочу кесепеттерин кантип азайтууга болорун сунуштагыла.

**Кейстин максаттары:**

- Аялдардын жашоодогу салттуу маданий тажрыйбаларынын маанисин түшүнүү.
- Маданият менен укуктук чектөөнүн ортосундагы чек араны сын көз менен түшүнүү;
- Маданияттар аралык талдоо жана этикалык баа берүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**М. Утебаевдин текстине кошумча суроолор:**

1. «Качуу/көрүнбөө» салты деген эмне?
2. Келин күйөө баланын үйүнө биринчи жолу келген күнү кандай ырым-жырымдар жасалат?
3. Каракалпактарда никеге туруунун кандай түрлөрү бар?

**КЕЙС: Терс мамилелерге алып келүүчү белги (стигма) менен эркиндиктин ортосунда: Тажик аялынын татаал тандоо абалы (дилеммасы)»**

**Контекст**

Фотима Шохзодамухаммадованын макаласынын негизинде кризистик никеде турган аялдарга колдоо көрсөтүү программасын каржылоо үчүн аналитикалык кат даярдоо керек.

**Студенттер үчүн тапшырмалар**

**Кейсти талдоо:**

- Тажикстанда аялдардын ажырашуу жөнүндө чечим кабыл алуусуна көбүнчө кандай себептер тоскоолдук кылат?
- Аял үчүн ажырашуунун социалдык жана экономикалык кесепеттери канчалык?
- Мындай татаал тандоодо (дилеммада) үй-бүлөнүн, коомдун, мамлекеттин жана диний чектөөлөрдүн ролу кандай?

**Этикалык татаал тандоо (дилемма)**

Талкуулоо үчүн суроо: «Сабырдуулук кайсы учурда күч, кайсы учурда эзүүнүн, зулумдуктун формасы болот?»

Тексттеги реалдуу мисалдарды колдонгула.

Төмөнкүлөргө багытталган чакан социалдык кампаниянын же жергиликтүү демилгенин концепциясын иштеп чыккыла:

- Аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу;
- «Чыдап жашоо же ажырашуу» тандоосунун алдында турган аялдар үчүн колдоо (психологиялык, укуктук, каржылык) механизмдерин түзүү;
- Ажырашууга байланыштуу терс мамилелерге алып келүүчү белгилерди (стигманы) жоюу.

**Рефлексия:**

- Тажик коомунда мындай демилгени ишке ашырууда кандай тобокелдиктер жана тоскоолдуктар пайда болушу мүмкүн?
- Тышкы (анын ичинде батыштык) ыкмаларды киргизүүдө маданий түшүнбөстүктөн кантип сактануу керек?

**Тапшырманын максаттары:**

1. Салттуу коомдун контекстиндеги гендердик татаал тандоолорду (дилеммаларды) түшүнүү.
2. Теориялык билимди реалдуу социалдык кырдаалдарга колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү.
3. Эмпатияны, этикалык ой жүгүртүүнү жана маданий жактан сезимтал демилгелерди долбоорлоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

## VIII

**Елена Борисова менен Светлана Торнонун «Аялдар, нике жана камкордук: Тажикстанда үй-бүлө куруу жана социалдык тартипти жандандыруу» текстине ЭТИКАЛЫК ОЮН**

**Этикалык** ролдук оюн-студенттер өздөрүнө ар кандай социалдык ролдор менен моралдык жана маданий татаал тандоолорду (дилеммаларды) өздөрүнө ченеп көрүү форматы.

**Этикалык** ролдук оюн «Үй- бүлөлүк кеңеш: келиндин келечеги»

**Оюндун максаты:**

**Нике жана үй-бүлөлүк камкордукка байланыштуу чечимдер жеке эмес, социалдык ченемдердин,** күтүүлөрдүн жана ээлеген ролдорунун таасири менен кандай калыптанаарын көрсөтүү.

**Оюндун сценарийи**

Тажик айылдарынын биринде үй-бүлөлүк кеңеш өтүп жатат. Жаш келин (20 жашта) билимин улантып, жумуш табууну каалайт, бирок анын үй жумуштары боюнча милдеттери, кайненесинин күтүүлөрү, күйөөсүнүн жана кайын журтунун кысымы аны тандоо жасоого аргасыз кылат: «жакшы аял» болуу же көз карандысыздыгын коргоо.

**Студенттер үчүн ролдор:**

*Келин* – өнүгүүнү каалайт, бирок күйөөсүнүн үй-бүлөсүнүн колдоосун жоготуп алуудан коркот.

*Кайнене* – каада-салтты жактоочусу, үйгө жана улууларга кам көрүүнү артыкчылыктуу деп эсептейт.

*Күйөө* – аялына болгон сүйүүсү менен апасына болгон сый мамиленин ортосунда эки анжы.

*Кайнатасы* – прагматик, үй-бүлөнүн «уят болбоосуна» көбүрөөк кызыкдар.

*Келиндин эжеси* – жаш, заманбап, сиңдисин колдойт.

*Айылдык активист*/бейөкмөттүк уюмдун өкүлү – аялга жардам сунуштап, анын үй-бүлөсүн аялдардын билимдүү жана тең укуктуу болгондугунун маанилүүлүгүнө ынандырат.

*Имам/диний кеңешчи (милдеттүү эмес)* – шариятты жана каада-салтты колдойт.

**Оюндун эрежелери жана жүрүшү:**

Даярдоо (10 мүнөт): Ар бир катышуучуга анын позициясынын, кызыкчылыктарын жана жашыруун мотивацияларынын сүрөттөлүшү бар карточкалар таратылат.

Кеңеш (20–30 мүнөт): Ролдук талкуулоо – келин өз каалоосу менен бөлүшөт жана талкуу башталат. Ар бир оюнчу өз оюн айта алат, сүйлөй алат, ынандыра алат, жашыруун башкара алат, эки тарап тең макул болгон чечимдерди сунуштай алат.



Чечим (10 мүнөт): Үй-бүлө келинге окууга жана иштөөгө уруксат берүү же салттуу жашоо образын сактоо боюнча чечим кабыл алышы керек.

**Талкуу жана ой жүгүртүү:**

- Кандай тандоо жасалды? Эмне үчүн?
- Кайсы аргументтер эң күчтүү болду?
- Өзүңүздүн ролуңузда кандай сезимде болдуңуз?
- Эгер чыныгы жашоодо ушундай жагдайда болсоңуз, эмне кылмаксыз?

**Оюн эмнеге үйрөтөт:**

- Бир үй-бүлөдөгү кызыкчылыктардын көп түрдүүлүгүн түшүнүү.
- Социалдык ролдордун аракет эркиндигин кантип чектей турганын байкоо.
- Маданий сезимтал этикалык аргументтерди колдонуу.

## ЭКИНЧИ ЭТИКАЛЫК ОЮН

Изилдөөчүлөрдүн корутундусунун негизинде нике, ритуалдык экономика, социалдык туруктуулук жана мамлекеттик жөнгө салуу аракеттеринин ортосундагы байланышты көрсөтүү маанилүү. Мунун негизинде социалдык кысым жана теңсиздик шартында чечим кабыл алууну моделдеген этикалык ролдук оюн жаратууга болот.

**Этикалык оюн: «Үйлөнүү той милдет катары: намыс, ресурстар жана адилеттүүлүк»**

**Оюндун контексти**

Тажикстандын түштүк бөлүгүндө (Куляб) жашаган үй-бүлө кызын узатууга даярданып жатат. Согдидеги туугандарынын тойлоруна шыктанып, бул үй-бүлө дагы ресторанда салтанаттуу азем өткөрүп, кымбат баалуу белектерди сатып алып, «деңгээлди» көрсөтүүнү каалайт. Бирок киреше жетишсиз болуп, алар насыя алышат, карызга батышат, анан туугандарынан акча суроого аргасыз болот. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосунда чыңалуу пайда болот: «коомдук көрсөткүч» үчүн экономикалык чыгымдарга баруу керекпи? Келечекке зыян кылбай каада-салтты кантип сактап калууга болот?

**Ролдор:**

Кыздын атасы – коомдук милдетти сезет, «уятка калбоону» каалайт, бирок каражаты жок экенин түшүнөт.

Кыздын апасы – карыздардан чочулайт, жөнөкөй үйлөнүү тоюн каалайт, бирок кошуналардын сынына калгысы келбейт.

Келин – тынч үйлөнүү тойду жана билим алууну каалайт, бирок анын пикири маанилүү эмес.

Агасы (же таякеси) – «элдикиндей» үйлөнүү той өткөрүү үчүн насыя алууну же жерди сатууну сунуштайт.

Согдиден келген кошунасы/тууганы – ал жактагы тойлору менен мактанып, барктуу, чоң той өткөрүүнү сунуштайт.

Мамлекеттик органдардын/махаллянын өкүлү – үйлөнүү тойлорго ашыкча чыгымдарга каршы мамлекеттик саясатты эске салат (мисалы, салтанаттарды жөнгө салуу жөнүндөгү мыйзамга ылайык).



Имам – никенин руханий жагын жана жөнөкөйлүгү жөнүндө айтат, бирок салтанаттуу үйлөнүү тойлорунун каада-салтын түз сындагандан качат.

Жергиликтүү журналист аял/изилдөөчү аял – байкап турат жана ыңгайсыз суроолорду берет: «Мындай үйлөнүү тойдон ким пайда көрөт?»

**Оюндун максаты:**

- Чечим кабыл алуу – тойду кантип өткөрүү керек?
- Дүркүрөтүп (карызга батып, бирок «намыс» менен);
- Жөнөкөй (бирок коомдук сынга кабылуу коркунучу менен);
- Компромисске барууга аракет кылуу (стандарттуу эмес чечим табуу).

**Талкуулоо үчүн этикалык жана социомаданий маселелер:**

1. Жакырчылык шартында «эл эмне дейт?» канчалык деңгээлде акталат?
2. «Социалдык тынчтыкты» сактоо үчүн ким жооптуу – мамлекетби, үй-бүлөбү, коомбу?
3. Мындай кырдаалда тандоо эркиндиги жөнүндө айтууга болобу?
4. Эмне маанилүүрөөк: жеке бакубаттуулукпу же жамааттын «пикириби»?

**Оюндан кийинки талкуулоо:**

- Оюнчулар өз ролдорунда кандай сезишти?
- Чечим кабыл алууда эң кыйыны эмне болду?
- Аймактык айырмачылыктар жана тарыхый факторлор (индустриялаштыруу, инфраструктурага жеткиликтүүлүк) кандай роль ойнойт?
- Мамлекеттик саясат башка кандай тандоону (альтернативаны) сунуштай алат?

**Сунуштар**

Студенттерге алар айырмаларды жакшыраак көрүүсү үчүн ар кайсы аймактарда болгон тажик үйлөнүү үлпөтүнүн чыныгы сүрөттөрүн (мисалы, макаладан же ачык булактардан) көрсөтүңүз.

Оюндан кийин добуш берүүнү өткөрүңүз: «Сиз кандай тойду тандайт элеңиз жана эмне үчүн?».

# IV бап
# Академиялык жазуу

## Сабактын планы

## «Тектештирме-салыштырмалуу эссени APA форматоо менен түзүмдөө» (2 саат)

**Сабакка сереп:**

Бул 90 мүнөттүк сабак студенттерди Борбордук Азиядагы аялдардын ролу жөнүндө жакшы түзүлгөн тектештирме-салыштырмалуу эссени (APA форматтоонун туура стандарттарын колдонуу менен) жазууга үйрөтөт. Сабак мурунку жазуу сабактарына негизделип, эссенин түзүлүшүнө жана академиялык форматтоого өзгөчө көңүл бурулат.

**Окутуу максаттары:**

Студенттер контекстти аныктаган жана так тезистик ырастоолорду камтыган натыйжалуу киришүүлөрдү түзүүнү үйрөнүшөт. Алар негизги абзацтарды, тиешелүү далилдерди жана өтүүлөрдү колдонуу менен салыштырма жана карама-каршы концепцияларды жазууга машыгышат.

Сабак ошондой эле негизги ойлорду бириктирген жана алардын маанилүүлүгүн көрсөткөн корутундуларды жазуу ыкмаларын камтыйт. Мындан тышкары, студенттер цитаталарды берүүдө, колдонулган адабияттардын тизмесин түзүүдө жана документтин түзүлүшүн уюштурууда APA форматтоо эрежелерин колдонушат.

**Керектүү материалдар:**

Окутуучулар маңыздуу киришүүлөрдү, негизги бөлүктүн абзацтарын жана корутундуларды көрсөткөн эссенин түзүмүнүн үлгүлөрүн даярдашы керек. Маанилүү ресурстар болуп Битикчинин (2023) жана Хуршеддин (2023) эмгектеринен үзүндүлөр, APA стили боюнча колдонмо, форматтоо боюнча таркатма материалдар жана көрсөтүү үчүн жабдуулар саналат. Студенттерге жазуу куралдары жана текст иштетүү программалары жеткиликтүү болушу керек.

**Окутуу ырааттуулугу:**

Сабак 15 мүнөттүк киришүү үлгүлөрүн талдоо менен башталат, анда негизги элементтер бөлүнүп көрсөтүлөт: илмек (зацепка), маалымат жана тезис. Андан кийин негизги абзацтарды жазуу 20 мүнөттүк практикум өтүлөт, анда студенттер берилген булактарды колдонуу менен салыштырма абзацтарды түзүүнү үйрөнүшөт. Кийинки 15 мүнөт корутунду жазуу ыкмаларына арналат. Андан кийин студенттер 15 мүнөт APA боюнча цитаталарды жана адабияттардын тизмесин форматтоого машыгышат. Сабак 10 мүнөттүк жыйынтыктоо жана үй тапшырмасын түшүндүрүү менен аяктайт.

**Баалоо ыкмалары:**

Студенттердин материалды өздөштүрүү деңгээли класстагы жазма көнүгүүлөр аркылуу бааланат, анда алар эссенин компоненттерин түзүү жана белгилөө аркылуу түзүлүшүн түшүнгөнүн көрсөтүшөт. Өз ара рецензиялоо сессиялары чиймеленген бөлүктөргө

кайтарым байланыш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Үй тапшырмалары толук киришүүнү, APA боюнча цитаталары бар негизги бөлүктүн бир абзацын жана корутундуну камтыйт. Окутуучулар башкы (титулдук) барактарды жана адабияттардын тизмесин APA боюнча туура форматтоого өзгөчө көңүл бурушат.

**Үй тапшырмасына коюлган талаптар:**



Үй тапшырмасы үчүн студенттер Борбордук Азиянын эки коомундагы аялдардын укуктарын салыштырган, бардык зарыл болгон түзүмдүк элементтер камтыган кириш сөз жазышы керек. Алар Кыргызстандагы жана Тажикстандагы укуктук макамды талдаган негизги бөлүктүн бир абзацын түзүшөт, ага APA боюнча жок дегенде бир туура жазылган цитатаны кошот. Жыйынтыктарды жана алардын баалуулугун камтыган корутунду, ошондой эле APA боюнча түзүлгөн адабияттардын тизмеси жана титулдук барак талап кылынат.

**Баалоо жана рефлексия:**

Сабактан кийин окутуучулар студенттердин өз иштеринде түзүмдүк сунуштарды канчалык деңгээлде натыйжалуу колдонгонун баалашы керек. Рефлексия процесси эң пайдалуу көнүгүүлөрдү аныктоого жана APA боюнча форматтоонун дагы деле сакталган кыйынчылыктарды белгилөөгө жардам берет. Байкоолор студенттер кийинки сабактарда толук эссе жазууга киришкенге чейин, конкреттүү көндүмдөр боюнча кошумча практика керектигин же керек эместигин аныктоого мүмкүндүк берет. Цитаталарды форматтоодо же абзацтарды байланыштыруу боюнча кошумча колдоого муктаж студенттерге өзгөчө көңүл буруу зарыл.

**Алдын ала билим:**

Сабактын ийгиликтүү өтүүсү үчүн студенттер тезистик ырастоолорду жана абзацтын түзүмүн түзүү боюнча башталгыч көндүмдөргө ээ болушу керек. Риторикалык ыкма катары тектештирме-салыштырма жазуу жанры менен таанышып, ошондой эле мурунку курстардан APA стилинин эрежелерин түшүнүүсү зарыл. Студенттер курстун материалдарынан Борбордук Азиянын аялдары темасындагы академиялык тексттер менен иштөө боюнча алдын ала тажрыйбага ээ болушу керек.

**Убакытты бөлүштүрүү:**

- киришүү:15 мүнөт
- негизги бөлүктүн абзацтарын куруу: 20 мүнөт
- корутундуну жазуу: 15 мүнөт
- APA боюнча форматтоо практикасы: 15 мүнөт
- жыйынтыктоочу сереп: 10 мүнөт
- үй тапшырмасын түшүндүрүү жана суроолор: 15 мүнөт

**Окутуу ыкмалары:**

Сабак ар кандай ыкмаларды колдонот: концепцияларды көрсөтүү үчүн түз окутуу, өз ара аракеттенүү аркылуу окутуу үчүн чакан топтордо биргелешип иштөө, көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн жеке жазуу практикасы жана түшүнүктү бекемдөө үчүн бүт класс менен талкуулоо. Мындай мультимодалдык ыкма окутуунун ар кандай стилдерин эске алат жана негизги түшүнүктөрдү көп жолу кайталоо жана колдонуу аркылуу күчөтөт.

## Практикалык сабактар жана үй тапшырмасы:

### 1-бөлүк. Киришүү жазуу

**Киришүүнүн максаты жана түзүлүшү**

**Максаты:**

Киришүү эссеңиздин тонун аныктайт. Ал тема менен тааныштырат, контекстти түзүп, окурмандардын көңүлүн буруп, сиздин тезисиңизди жана максатыңызды билдирет. Жакшы түзүлгөн киришүү окурмандарга эсседен эмнени күтөөрүн түшүнүүгө жардам берет.

**Киришүүнүн компоненттери:**

1. Жалпы билдирүү: темага кеңири киришүү.
2. Жалпы ырастоону тастыктаган далилдер: киришүүнү тастыктаган фактылар, статистика же байкоолор.
3. Кошумча маалымат: маселени түшүнүүгө жардам берген контекст же аныктамалар.
4. Конкреттүү мисалдарга өтүү: салыштыруунун негизги объектилерине көңүлдү буруу.
5. Конкреттүү мисалдар: салыштыруунун эки же андан көп объектилерин кыскача тааныштыруу.
6. Тезистик ырастоо: эссенин негизги оюн же аргументин так баяндоо.
7. Эссенин максаты: эсседе эмне жасаларын түшүндүрүү (мисалы, эки ыкманы салыштыруу жана карама-каршы коюу).
8. Киришүүнүн корутундусу: негизги абзацтарга өтүүчү сүйлөм.

**Киришүүнү жазуу боюнча сунуштар:**

- окурмандын кызыгуусун арттыруу үчүн кеңири билдирүүдөн баштаңыз;
- теманын маанилүүлүгүн негиздөө үчүн тиешелүү фактыларды же статистиканы келтириңиз;
- окурман контекстти түшүнүүгө кошумча материалдарды бериңиз;
- салыштыруу объектилерин так көрсөтүңүз;
- эссенин тезисин жана максатын белгилеңиз;
- негизги бөлүккө өтүү менен аяктаңыз.

**Киришүүнүн мисалы (бөлүмдүн негизинде)**

- **Жалпы ырастоо:** Дүйнө жүзүндөгү шаарларда аялдардын коомдук жайлардагы коопсуздугу алардын коомго катышуусуна таасир эткен актуалдуу маселе бойдон калууда.
- **Тастыктоочу далилдер:** Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ыдык көрсөтүү жана зомбулук коркунучу аялдардын билим алууга, иштөөгө жана маданий иш-чараларга катышуусун чектейт (Tleuken, 2023).
- **Кошумча маалымат:** Тарыхый жактан алганда, шаардык чөйрө аялдардын муктаждыктарын эске албастан долбоорлонгон, бул көбүнчө кооптуу шарттарга алып келген.

- **Конкреттүү мисалдарга өтүү:** Бул көйгөй Казакстанда айрыкча байкалат, анда акыркы изилдөөлөр аялдар туш болгон кыйынчылыктарды жана алардын маселесин чечүүгө багыттаган активизмди ачып берет.
- **Мисал келтирүү:** Канада жана Бельгия сыяктуу өлкөлөр аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн укуктук жана социалдык чараларды киргизген, Казакстан мындай демилгелерди эми гана өнүктүрүүдө.
- **Тезис:** Бул эсседе аялдардын укук коргоо активдүүлүгүнүн өнүгүшүн жана Казакстандагы жана башка өлкөлөрдөгү шаардык коопсуздук маселелерине болгон феминисттик жооптор салыштырылат жана карама-каршы коюлат.
- **Эссенин максаты:** Максаты – аялдардын коопсуздук маселелерин кантип ар кандай коомдор чечип жаткандыгын жана активдүүлүктүн келечеги үчүн кандай сабактарды алса болорун, ар кандай коомдордо кандай чечилген жана келечектеги активизм үчүн кандай сабактарды алууга болорун талдоо.
- **Киришүүнүн корутундусу:** Эл аралык жана жергиликтүү ыкмаларды изилдөө менен биз шаардык феминизмдин кыйынчылыктарын жакшыраак түшүнөбүз.

**Класстагы көнүгүүлөр (Киришүү):**

1. Киришүүнүн үлгүсүн окуп, ар бир компонентти аныктаңыз.
2. Шаардагы аялдардын коопсуздугу жөнүндө жалпы билдирүү жана далилдерди жазыңыз.
3. Жуптар менен бирге аялдардын укуктары жөнүндө салыштырмалуу эссеге тезис жана максат түзүңүздөр.

**Үй тапшырмасы (Киришүү):** «Аялдардын коопсуздугу боюнча демилгелер: Казакстан башка өлкөгө салыштырмалуу» деген темада тектештирме-салыштырмалуу эссе үчүн бардык керектүү компоненттерди камтыган киришүү жазыңыз.

## 2-бөлүк: Тектештирме-салыштырмалуу эссенин негизги бөлүгүн жазуу (APA стили)

**Негизги бөлүктүн максаты жана түзүмү**

**Максаты:**

Негизги бөлүк тандалган объекттердин деталдуу салыштырууларын жана карама-каршылыктарын сунуштоо менен бирге сиздин башкы аргументтериңизди өнүктүрүп, тезисти колдойт,.

**Түзүлүшү:**

- Ар бир абзац эки объектиге тиешелүү болгон конкреттүү аспектке же темага арналат.
- Абзацты так тематикалык сунуштар менен баштаңыз.
- Далилдери, мисалдары же статистикасы менен түзүлгөн сүйлөмдөрдү келтириңиз.
- Абзацты жыйынтыктаган же талдоонун үстүнөн ой жүгүрткөн корутунду сүйлөм менен аяктаңыз.

**Эмне үчүн мындай түзүм?**

Ал тезистин тактыгын, логикалык түзүлүшүн жана күчтүү колдоону камсыздайт. Ар бир абзац негизги аргументке түздөн-түз тиешелүү болушу керек.

**Негизги элементтер:**

- Темалык сүйлөмдөр: абзацтын негизги идеясын түзөт жана аны тезис менен байланыштырат.
- Колдоочу сүйлөмдөр: далилдерди, мисалдарды же талдоолорду көрсөтөт.
- Жыйынтыктоочу сүйлөмдөр: маанисин баса белгилеп, жыйынтык чыгарат.
- Биримдик: ар бир абзац бир идеяга багытталат.
- Байланыш: идеяларды бириктирүү үчүн өтмө сөздөрдү колдонуңуз.
- Логика: идеяларды так, ачык жана уюшкандыкта баяндаңыз.

**Негизги бөлүктүн абзацынын түзүмүнүн мисалы.**

**1-пункт. Аялдардын коопсуздугунун укуктук негиздери**

**Тематикалык сүйлөм:** Казакстанда аялдарды укуктук коргоо Бельгия сыяктуу өлкөлөрдөн кыйла айырмаланат.

**Колдоочу сүйлөмдөр:**

- Бельгияда 2014-жылдагы мыйзам коомдук жайларда ыдык көрсөтүү кылмыш деп таап, жабырлануучуларга юридикалык коргоону камсыз кылат (Smith, 2019).
- Казакстанда сексуалдык ыдык көрсөтүүнү олуттуу кылмыш катары мыйзамдар жакында эле тааный баштады, бирок алардын аткарылышы начар бойдон калууда (Tleuken, 2023).

**Жыйынтыктоочу сүйлөм:** Бул айырмачылыктар аялдар үчүн коопсуз шаардык чөйрөнү түзүү максатында укуктук реформанын зарылдыгын баса белгилейт.

**2-пункт. Коомдук активдүүлүк жана социалдык демилгелер**

**Тематикалык сүйлөм:** Коомдук активдүүлүк Казакстанда да, башка өлкөлөрдө да аялдардын укуктарын илгерилетүүдө негизги ролду ойнойт.

**Колдоочу сүйлөм:**

- Казакстанда «Столик 99» демилгелери жана Stopharass.kz платформасы аялдарга ыдык көрсөтүүлөр жөнүндө билдирүүгө жана жардам алууга көмөктөшөт (Tleuken, 2023).
- Канада жана Россиядагы METRAC жана «Галяга телефон чал» сыяктуу окшош долбоорлор коопсуз жай менен камсыздап, ыкчам колдоону камсыз кылат.

**Жыйынтыктоочу сүйлөм:** Бул демилгелер расмий саясаттагы боштуктарды жоюуда коомчулукка негизделген чечимдердин күчүн көрсөтөт.

**3-пункт. Коомдук кабылдоо жана катышуу**

**Тематикалык сүйлөм:** Коопсуздукту коомдук кабыл алуу жана ага активизмге катышууга даярдык ар кандай контексттерде айырмаланат.

**Колдоочу сүйлөмдөр:**

- Казакстандагы сурамжылоолор көрсөткөндөй, көптөгөн аялдар коомдук жайларда өздөрүн коопсуз сезишпейт, бирок корккондуктан жана ишенбөөчүлүктөн улам полицияга кабарлагандар, кайрылгандар аз (Tleuken, 2023).
- Колдоочу укуктук системасы бар өлкөлөрдө билдирүүлөрдүн деңгээли жогору, бул институттарга болгон ишенимдин маанилүүлүгүн көрсөтөт.

**Жыйынтыктоочу сүйлөм:** Коомдук ишенимди калыптандыруу аялдардын укуктарын коргоо боюнча укуктук жана коомдук аракеттердин ийгилигинин башаты болуп саналат.

**Илимий булактарды натыйжалуу пайдалануу (APA стили):**

- Башкача айтуу: маалыматты өз сөзүңүз менен кайрадан айтып, алынган илимий булакты көрсөтүңүз.
- Жыйынтыктоо: булактан негизги идеяларды кыскартыңыз жана аны көрсөтүңүз.
- Цитата келтирүү: илимий булактан алынган сөздөрдү так пайдаланыңыз, тырмакчага алып, шилтемелерин көрсөтүңүз.
- Тексттин ичиндеги шилтеменин мисалы: (Tleuken, 2023).
- Библиографиялык жазуунун мисалы (APA):
- Tleuken, A. (2023). Urban Feminism in Kazakhstan: How Safe Are Cities for Women? In Women and Rights: Activism and Feminism (pp. 873-878).

**Класстык көнүгүүлөр (негизги бөлүктүн абзацтары):**

1. Абзацтагы тематикалык, колдоочу жана жыйынтыктоочу үлгүлүү сүйлөмдөрдү аныктаңыз.
2. Берилген тексттен үзүндүнү башка сөздөр менен айтып, APA боюнча цитата кошуңуз.
3. Казакстандагы жана башка өлкөдөгү аялдардын коопсуздугуна карата укуктук мамилелерди салыштырып, тексттин негизги бөлүгүнүн абзацын жазыңыз.

**Үй тапшырмасы (негизги бөлүктүн абзацтары):**

1. Тектештирме-салыштырмалуу эссеңиздин негизги бөлүмүнүн эки абзацын алардын ар бирин ар кандай аспектиге басым жасоо менен (мисалы, укуктук негиздер, активизм, коомдук кабыл алуу) жазыңыз.
2. Ар бир абзацта APA боюнча кеминде бир цитата колдонуңуз.

## 3-бөлүк. Корутунду жазуу
## Корутундунун максаты жана түзүмү

**Максаты:**

Корутунду негизги тыянактарды жыйынтыктайт, тезисти күчөтөт жана эссени аяктайт. Ошондой эле корутундуда келечектеги изилдөөлөр үчүн кененирээк натыйжаларды же багыттарды сунуштай алат.

**Түзүмү:**

- тезисти жаңы сөздөр менен кайра жазыңыз;
- негизги бөлүктүн орчундуу учурларын, негизги ойлорун кыскача жалпылаңыз;
- өз тыянактарыңыздын маанилүүлүгүн талкуулаңыз;
- жыйынтыгын акыркы ой же аракетке чакыруу менен аяктаңыз.

**Тезис менен байланыш:**

Корутунду тезис менен так, ачык байланышта болушу зарыл жана сиздин талдооңуз анын кантип колдоорун көрсөтүшү керек.

**Корутундуга мисал:**

Казакстанда да, башка өлкөлөрдө да аялдардын шаардык чөйрөдөгү коопсуздугунун маанилүүлүгүн моюнга алганы менен укуктук алкакта, коомдук активизмде жана кабылдоодо алардын мамилелери бир топ айырмаланат. Салыштырууда аялдар үчүн коопсуз шаарларды түзүүдө ар тараптуу (комплекстүү) укуктук реформанын жана коомчулуктун катышуусунун зарылдыгы баса белгиленди. Көбүрөөк коомдор мындай көйгөйлөргө туш болгон сайын, мыкты тажрыйбалар менен бөлүшүү жана жергиликтүү демилгелерди колдоо бүткүл дүйнө жүзү боюнча аялдардын укуктарын жана шаардык феминизмди алдыга жылдыруу үчүн негиз болуп калат.

**Класстык көнүгүүлөр (корутундулар):**

1. Корутундунун мисалын окуп чыгып, тезистин кандайча башка сөздөр менен кайра түзүлгөнүн жана негизги ойлордун жыйынтыкталганын аныктаңыз.
2. Эссеңиздин корутундуларынын маанилүүлүгүн чагылдырган акыркы сүйлөмдү жазыңыз.

**Үй тапшырмасы (корутунду):**

- Сунушталган түзүлүшкө ылайык тектештирме-салыштырма эссеңиздин корутундусун жазыңыз.

## 4-бөлүк. APA форматтосу – библиография жана титулдук барак

APA стили боюнча библиография (адабияттар тизмеси):

- Эсседе келтирилген бардык илимий булактарды тизмектеңиз.
- Авторлордун фамилиясына жараша алфавиттик тартипте жайгаштырыңыз.
- Ар бир жазуу үчүн асылма, илинген чегинүүнү колдонуңуз.

**Мисал:**

Tleuken, A. (2023). Urban Feminism in Kazakhstan: How Safe Are Cities for Women? In Women and Rights: Activism and Feminism (pp. 873-878).

**APA стили боюнча титулдук барак:**

1. Эссенин аталышы.
2. Студенттин аты-жөнү.
3. Окуу жайдын аталышы.
4. Курстун аталышы жана номери.
5. Окутуучунун аты-жөнү.
6. Датасы.

**Мисал:**

Аталышы: Аялдардын коопсуздугу боюнча демилгелер: Казакстан менен дүйнөлүк тажрыйбаны салыштыруу

Аты: [Сиздин атыңыз]

Окуу жайы: [Сиздин университетиңиз]

Курс: Борбордук Азиянын аялдары

Окутуучу: [Окутуучунун аты]

Датасы: [Дата]

**Класстык көнүгүүлөр (APA форматтоосу):**

1. Адабияттар тизмесиндеги жазууну APA стилинде форматтаңыз.
2. Эссеңиз үчүн титулдук барак түзүңүз.

**Үй тапшырмасы (APA форматтоосу):**

Эссеңиздин долбоору үчүн APA форматындагы библиографияңызды жана титулдук барагыңызды тапшырыңыз.

**Жыйынтыктоочу таблица: тапшырмалар жана көнүгүүлөр**

| Бөлүмдөр: | Класстык көнүгүүлөр | Үй тапшырма |
|---|---|---|
| Киришүү | Компоненттерди аныктоо;<br>тезисти жазуу;<br>киришүүнүн алгачкы иштелмеси | Киришүүнү толук жазуу |
| Негизги бөлүк | Түзүмдү талдоо; башка сөздөр менен кайра жазуу, абзацты жазуу | APA боюнча цитаталары менен эки абзацты жазуу |
| Корутунду | Резюме менен маанилүүлүктү аныктоо; корутундуну жазуу | Толук корутундуну жазуу |
| APA калыбына салуу | Библиографияны форматтоо;<br>башкы баракты түзүү | Библиография менен башкы (титулдук) баракты тапшыруу |

**Шилтемелер:**

Тлеукен, А. (2023). Казакстандагы шаардык феминизм: Шаарлар аялдар үчүн канчалык коопсуз? «Аялдар жана укуктар: активизм жана феминизм» китебинде (873-878-беттер).

Смит, Дж. (2019). Бельгиядагы ачык ыдыкка каршы укуктук чаралар. Гендердик изилдөөлөр журналы, 28(4), 512-526-беттер.

# IV бап
# Кросс-дебаттык формат (КДФ)
# Үй-бүлөлүк жана диний контексттердеги аялдардын ролу
# (2 саат)



***Эскертүүлөр***

Дебат өткөрүү үчүн сунушталган бардык резолюциялардын ичинен бирөөнү тандаңыз. Антологиянын бул баптагы темасы түздөн-түз биринчи конфигурация менен байланыштуу, бирок эгерде ушул баптын макалалары институционалдык мүнөздөгү маселелерди көтөрсө, анда резолюция 3-конфигурация катары ойнолушу мүмкүн. Бул бапта дал ушул парадоксторду табууга болот, ошондуктан биз бардык конфигурацияларды резолюциялар боюнча бөлүп көрсөттүк. Ошентсе да, сунуш катары, эгер сиз 1-конфигурацияны колдонсоңуз, бул анчалык деле чоң жаңылыштык болбойт деп эсептейбиз, анткени тематика маданият жана дин менен байланыштуу. Бул оюнду жаңыдан ойноп баштаган студенттер үчүн жеңилирээк болот.

Конфигурацияны аныктоо үчүн биринчи кезекте төмөнкүлөргө көңүл буруу керек:

- тематикага;
- илимий макалаларда келтирилген аргументтерге;
- макаладагы үстөмдүк кылган бөлүктөргө (кээде макала бир темага байланыштуу, бирок талкууланган бөлүктөрү башка социалдык жана институционалдык компоненттерге тиешелүү болушу мүмкүн).

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР!** Дебатка жаңы катышып баштагандарга баптын же макаланын жалпы темасынан баштоо жакшы. Ушул контекстте, биз бул бапта берген бардык резолюциялар биринчи конфигурацияда ойнолушу мүмкүн.

**Студенттердин тандоосуна сунушталган резолюциялар:**

**Биздин команданын пикиринде, туруктуу жана бактылуу үй-бүлөлүк нике төмөнкүлөргө негизделиши керек:**

- салттуу-улуттук баалуулуктарга;
- диний баалуулуктарга;
- жеке эркин тандоого. (1-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, «келин» институту Борбордук Азияда:**

- үй-бүлөдөгү өзүнүн социалдык ордун сактап калат;
- коомдогу аялдардын укуктарынын кеңейишине байланыштуу жок болуп кетет;
- каада-салт менен азыркы замандын ортосундагы байланыштын башка гибриддик формасына айланат. (3-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, Борбордук Азиядагы үй-бүлөлөрдөгү келиндин социалдык ролу биринчи кезекте төмөнкүлөр менен аныкталат деп эсептейт:**

- күйөөсүнүн үй-бүлөсүндөгү келиндин жүрүм-турумунун салттуу социалдык чемдери менен;
- келиндин ата-энесинин саясий даражасы менен;
- экономикалык даражасына ылайык. (1-же 2-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, социалдык байланыш чөйрөсүндө, өзгөчө Борбордук Азиянын салттуу коомдорундагы аялдар менен эркектердин ортосундагы тыюуларды колдонуу төмөнкүлөргө байланыштуу деп эсептейт:**

- архаикалык мифологиялык баалуулуктар системасына негизделген салттуу системага;
- экономикалык факторлорго;
- патриархалдык баалуулуктар системасына багытталган социалдык көзөмөлдү бекемдөө системасыга.

**Биздин команданын пикиринде, Борбордук Азияда көп аял алуу институтунун (полигамиянын) өнүгүшүнүн негизги себептери деп төмөнкүлөрдү эсептейт:**

- калк арасында динчилдиктин күчөшү;
- экономикалык факторлор;
- калк арасында билим деңгээлинин кескин төмөндөшү. (3-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, Борбордук Азиядагы аялдардын никедеги бактысы жана бакубаттуулугу төмөнкүлөр менен аныкталат деп эсептейт:**

- жакшы билим алуу;
- үй-бүлөнүн жана коомдун баалуу каада-салттарын сактоо;
- мамлекеттик мыйзамдар. (2-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, Борбордук Азиядагы үйлөнүү тойлорундагы жана жаназадагы жөрөлгөлөрдө берилүүчү салттуу сый тамактар төмөнкүдөй болушу керек деп эсептейт:**

- мындай иш-чараларды уюштуруучулардын баары үчүн үнөмдүү (жупуну) болууга тийиш;
- мындай иш-чараларды уюштуруучу адамдардын, үй-бүлөсүнүн каржылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен өткөрүлүүгө тийиш;
- мамлекеттик мыйзамдар жана өкмөттүк токтомдор менен жөнгө салынууга тийиш. (2-конфигурация).

**Биздин команданын пикиринде, Борбордук Азиядагы аялдардын үй жумуштары төмөнкүлөр менен байланыштуу деп эсептейт:**

- каада-салт менен байланыштуу;
- ресурстарды жана бийликти көзөмөлдөө максатында социалдык курулуштун патриархалдык системасы болуп саналат;
- аялдын жеке тандоосуна. (1-конфигурация).

**Биздин команда келиндин үй-бүлөдөгү ролун жана социалдык даражасын төмөнкү жолдор менен өзгөртүүгө болот деп эсептейт:**

- келиндер үчүн социалдык лифттерди активдештирүүчү катуу жөнгө салынган салттуу эрежелерди колдонуу;

- келиндин өзүнүн экономикалык жана билим деңгээли;
- келиндин жеке сапаттары.

**Биздин команда аялдардын суфий тарикаттарына жол башчы же жолдоочу катары катышуусу төмөнкүлөрдөн келип чыгат деп эсептейт:**

- аялдын баштапкы сырдуу (мистикалык) табиятынан;
- өзүнүн руханий жолуна карата жеке рационалдуу тандоодон;
- патриархалдык баалуулуктар системасы менен байланышкан атайын берилген социалдык саясий курулуштан (конструкциядан). (1-конфигурация).

**Биздин команда заманбап Борбордук Азиядагы үйлөнүү үлпөтүнүн өзгөрүшүнө төмөнкүлөр таасир этет деп эсептейт:**

- дин;
- мамлекет;
- индивидуалдуулук (1-конфигурация).

**Биздин команда аялдар коомдогу өздөрүнүн социалдык ордун жана кадыр-баркын эң натыйжалуу коргой ала турган мыкты мейкиндик деп төмөнкүлөрдү эсептейт:**

- мамлекеттик-институционалдык мейкиндик;
- экономикалык мейкиндик;
- маданий-диний мейкиндик.

**Биздин команда Борбордук Азиядагы аялдардын ажырашуусунун себептери негизинен төмөнкүлөргө байланыштуу деп эсептейт:**

- үй-бүлөнүн калыптанган салттуу баалуулуктар системасына;
- экономикалык кыйынчылыктарга (жакырчылык);
- билим деңгээлинин төмөндүгүнө. (1-конфигурация).

# V БАП АЯЛДАР ЖАНА УКУК: АКТИВИЗМ ЖАНА ФЕМИНИЗМ



## Айдана Тлеукен «Казакстандагы шаардык феминизм: шаарлар аялдар үчүн канчалык коопсуз?»

Айдана Тлеукендин тексти Казакстандык шаардык чөйрөдөгү аялдардын коопсуздугунун актуалдуу маселелерине арналган. Анда өлкөнүн борбору – Астанага басым жасалат. Автор, туруктуу шаардын өнүгүү тармагында жана гендердик теңчилик боюнча эксперт катары, аялдардын коомдук жайларда коопсуздукту кабылдоосуна байланыштуу маанилүү маселелерди көтөрүп, кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды берет.

Казакстандагы шаарлар, Борбордук Азиянын көптөгөн башка өлкөлөрүндөгүдөй эле, негизинен эркектер тарабынан долбоорлонуп, аялдардын муктаждыктары көбүнчө жетишерлик эмес эсепке алынып келет. Бул ыңгайсыз транспорттук каттамдарда, жарыктандыруунун жетишсиздигинде жана шаарларды аялдар үчүн коопсуз кылбаган башка аспектилерде көрүнүп турат.

### I. КЕЙС: Казакстан шаарларында аялдардын коопсуздугу

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Казакстандагы аялдар (Астананын мисалында) шаардык аймактарда жана коомдук транспортто өздөрүнүн коопсуздугун кандай кабыл алышат?
2. Аялдардын коопсуздугуна шаардык чөйрөнүн кайсы факторлору шарт түзөт же тоскоолдук кылат?
3. Учурдагы мыйзамдар жана укук коргоо органдары аялдарды шаарларда сексуалдык ыдыктан жана зомбулуктан канчалык деңгээлде коргойт?
4. Казакстандын шаарларында аялдардын коопсуздугун жогорулатуу үчүн кандай коомдук демилгелер багытталган?
5. Казакстандын шаардык аймактарында аялдардын коопсуздугун жакшыртуу үчүн шаарды пландоо, мыйзам чыгаруу жана коомдук маалымдуулук деңгээлинде кандай конкреттүү чараларды сунуштоого болот?

**Кырдаал**

Казакстанда аялдар үчүн шаардык чөйрөнүн коопсуз эмес экендиги тууралуу көпчүлүк түшүнө баштаганы байкалууда. Астанада жүргүзүлгөн пилоттук сурамжылоо сыяктуу изилдөө көрсөткөндөй, көптөгөн аялдар коомдук жайларда жана транспортто сексуалдык ыдык көрсөтүүлөргө туш болгондугун белгилеп, коркушарын көрсөтүшкөн. Учурдагы мыйзамдар жана шаардык курулушка болгон талаптар көбүнчө коопсуздуктун гендердик аспектилерин эске албайт. Анткен менен бул көйгөйдү чечүүгө багытталган коомдук демилгелер пайда

болууда, бирок системалуу өзгөрүүлөр мамлекеттин, шаардык бийликтин жана коом тарабынан күч-аракеттерин камтыган комплекстүү мамилени талап кылат.

**II. Чакан топтор үчүн тапшырмалар**

**1-топ: «Шаардык чөйрө жана коопсуздук»**

Тексттин негизинде Астананын шаардык чөйрөсүндөгү конкреттүү кемчиликтерин бөлүп көрсөтүп, аялдардын ою боюнча ошол кемчиликтер (мисалы, жарыктандыруу, пландоо, айрым жерлерде адамдардын жоктугу) ыдык көрсөтүүгө ыңгайлуу шарт түзүп, аялдардын колдоосуздук сезимдерге алып келерин талдаңыз. Казакстандын шаарларында аялдардын коопсуздугун жогорулатууга багытталган шаардык инфраструктураны жакшыртуу боюнча үчтөн кем эмес практикалык жана так, конкреттүү чараларды сунуштаңыз. Ар бир сунушту тексттеги маалыматка же логикалык ой жүгүртүүгө таянып негиздеңиз.

**2-топ: «Мыйзам чыгаруу жана укук аткаруу»**

Тексттеги маалыматка таянып, Казакстандагы сексуалдык ыдык көрсөтүүгө байланыштуу мыйзамдардын учурдагы абалын талдаңыз. Аялдарды натыйжалуу коргоого тоскоол болгон негизги кемчиликтерди аныктаңыз. Шаарларда сексуалдык ыдык көрсөтүүгө жана зомбулукка каршы күрөшүү үчүн мыйзам чыгаруу базасын жана укук коргоо органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча үчтөн кем эмес конкреттүү сунуштарды иштеп чыгыңыздар. Текстте көрсөтүлгөн дүйнөлүк тажрыйбаны эске алыңыздар.

**3-топ: «Коомдук демилгелер жана маалымдуулук»**

Ар кайсы өлкөлөрдүн шаардык чөйрөсүндөгү аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча коомдук демилгелердин жана иш-чаралардын мисалдарын изилдеп, төмөнкү таблицаны толтуруңуздар:

| № | Өлкө | Демилге/иш-чара | Сүрөттөө |
|---|---|---|---|
| 1 | **Орусия** | «Галяга телефон чал» долбоору | Аялдар жардам алуу үчүн (башпаанек, такси чакыруу же запастык(кошумча) чыгууну көрсөтүү үчүн) «Галяга телефон чал» атайын жашыруун фразаны колдонуу менен өнөктөш мекемеге кайрыла алат |
| | | | |
| | | | |

Алардын күчтүү жана алсыз жактарын баалаңыздар. Социалдык тармактарды жана башка байланыш каналдарын колдонуу менен, коомчулуктун Казакстандын шаарларындагы аялдардын коопсуздугу маселеси боюнча маалымдуулугун жогорулатуунун кеминде эки жаңы, чыгармачыл жана иш жүзүнө ашырууга мүмкүн болгон демилгесин же ыкмасын сунуштаңыздар.

**4-топ: «Шаарды пландаштырууга жана чечим кабыл алууга тийгизген таасири»**

**Тапшырма:** Шаардык чөйрөнүн коопсуздугун жогорулатуу үчүн чечим кабыл алуу органдарында жана шаарды пландоочулар арасында аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүү эмне үчүн маанилүү экендигин негиздеңиздер. Казакстандагы шаарды пландаштыруу жана чечим кабыл алуу процесстерине аялдардын

катышуусун көбөйтүүгө багытталган экиден кем эмес конкреттүү иш-чара сунуштңыздар. Квота бөлүү, билим берүү программалары, коомдук угуулар жана аялдарды тартуунун башка формалары сыяктуу ар кандай механизмдерди карап көрүңүздөр.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Пилоттук изилдөөнүн жана учурдагы кырдаалды талдоо менен бекемделген Казакстандын шаарларындагы аялдардын коопсуздугуна байланыштуу көйгөйлөрдүн такталган тизмеси.
2. Шаар чөйрөсүндө аялдардын коопсуздугун жакшыртуу боюнча конкреттүү жана негиздүү сунуштардын комплекси төмөнкү категорияларга бөлүнгөн:
   - чечим кабыл алуу жана шаар куруу органдарында аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүү;
   - гендердик коопсуздукту эске алуу менен шаардык инфраструктураны жакшыртуу;
   - сексуалдык ыдыкка жана зомбулукка каршы мыйзамдарды жана укуктук колдонуу практикасын күчөтүү;
   - коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу жана жабыр тарткандарды колдоо механизмдерин түзүү.
3. Көйгөйдү терең изилдөөгө жана сунуштарды ишке ашырууга багытталган мындан аркы изилдөөлөр жана демилгелер боюнча сунуштар.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша):**

**Эл аралык тажрыйбалардын салыштырма таблицасы.**

Тексттеги аялдардын коопсуздугу боюнча демилгелерди (мисалы, Канададагы METRAC аудити, Индиядагы Safetipin) Казакстандагы кырдаал менен салыштырган таблица түзүңүздөр. Маданий жана экономикалык факторлорду эске алуу менен, кайсы иш-чаралар жергиликтүү деңгээлде колдонууга ылайыктуу экенин көрсөтүңүздөр.

**Окуялардын интерактивдүү картасы**

Тексттеги маалыматтарды (2-сүрөт) колдонуу менен Астананын картасын түзүп, анда зомбулук болгон жерлерди белгилеңиздер (мисалы, Google Maps).
Категорияларды (транспорт, коомдук жайлар) жана сурамжылоодогу маалыматтарды кошуңуздар. Бул иш-аракет көйгөйдү визуалдаштырып, инфраструктурадагы өзгөрүүлөрдүн зарылдыгын баса белгилейт.

**«Эмпатия картасы»**

Катышуучуларга сурамжылоонун маалыматтарына жана макаладагы эмоционалдык билдирүүлөргө таянып, өздөрүн Астанада жашаган аялдын ордуна коюу сунушталат. Алар төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракет кылышсын:

- Ал шаарда өзүнүн айланасында эмнени көрөт?
- Ал эмнени (кандай сүйлөшүүлөрдү, үндөрдү) угат ?
- Ал эмне жөнүндө ойлонот жана эмнени сезет?
- Ал эмне дейт жана эмне кылат (кантип кооптуу кырдаалдардан качат)?
- Ал эмнеден коркот жана эмнеге үмүттөнөт? (Мындай көнүгүү көйгөйдү жеке тажрыйба аркылуу тереңирээк түшүнүүгө жардам).

**«Маалыматтык кампанияны иштеп чыгуу»**

Ар бир топ социалдык тармакта жүргүзүлө турган Казакстандын шаарларында аялдардын коопсуздугу маселеси боюнча маалымдуулукту жогорулатууга багытталган кыска, бирок натыйжалуу маалыматтык кампанияны иштеп чыгат. Ар бир кампания төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- так билдирүү (макаладан алынган негизги тыянакка негизделген);
- визуалдык элемент (баннердин же кыска видеонун сүрөттөлүшү);
- жайылтуу үчүн хэштегдер;
- аракетке чакыруу (жөнөкөй жарандар эмне кыла алышат?) .

**«Менин салымым» атылышындагы кереге кеңеш**

Жалпы талкуудан кийин чакан топтогу ар бир катышуучуга аялдар үчүн шаардык чөйрөнүн коопсуздугун жогорулатууга кандай жеке (мейли кичинекей болсун) салым кошо алары жөнүндө бир конкреттүү идеясы менен бөлүшүүнү сунуштуңыздар. Бул төмөнкүдөй болушу мүмкүн: коомдук транспорттогу айланадагыларга көңүл буруу, петицияны колдоо, «99-стол» демилгеси жөнүндө тааныштарына айтып берүү ж.б.

## Ксения Прилуцкая
## «Биз биргеликте – абабыз»: Алматы менен Бишкектеги аялдар жана шаардык экоактивдүүлүк»

Ксения Прилуцкаянын «Биз биргеликте абабыз» аттуу тексти Алматы менен Бишкектеги шаардык экоактивизмдеги аялдардын ролун изилдөөгө арналган. Автор – антрополог жана жарандык, экологиялык активизм боюнча адис. Ал аялдардын шаардык абанын сапатын жакшыртууга багытталган күрөшкө кандайча катышаарын, алардын максаттарын, иштөө ыкмаларын жана бийлик менен өз ара мамилесин талдайт.

Аялдар көп учурда бейөкмөт уюмдарда (БӨУ) ыктыярчылыктан баштап жетекчиликке чейин ар түрдүү кызматтарды (позицияларды) ээлешет. Алардын ишмердүүлүгү экологиялык абалды гана жакшыртпастан, гендердик теңдикти жана коомдун демократиялаштырууга да өбөлгө түзөт. Экоактивизм шаардык чөйрөнү өзгөртүү жана жарандык активдүүлүктү жогорулатуу үчүн маанилүү курал болуп калат.

**I. КЕЙС: «Алматы менен Бишкектеги аялдар жана шаардык экоактивдүүлүк»**

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Алматы менен Бишкек шаарларындагы абанын сапатына байланыштуу экоактивизмдеги аялдардын негизги өзгөчөлүктөрү жана ролу кандай?
2. Бул шаарларда экоактивизмге катышкан аялдар менен эркектердин ортосундагы мотивациясында, мамилесинде жана даражаларында кандай айырмачылыктар бар?
3. Казакстан менен Кыргызстандагы саясий кырдаал аялдардын экоактивисттик уюмдарына жана алардын жетекчилеринин ишмердүүлүгүнө кандайча таасир этет?

4. «МувГрин» жана Almaty Urban Air сыяктуу аялдардын экоактивисттик уюмдары абанын булганышы маселесине көңүл буруу жана коомчулук менен бийликтин өз ара аракеттенүүсү үчүн кандай стратегияларды колдонушат?
5. Алматы менен Бишкек шаардык чөйрөсүнүн контекстинде экоактивизм, саясий активизм жана феминизмдин ортосунда кандай байланыш бар?

**Кырдаал**
Сиздер Борбордук Азиядагы жарандык активизм жана гендердик ролдорду иликтеген изилдөөчүлөрдүн тобусуздар. Ксения Прилуцкаянын макаласын талдоонун негизинде сиз Алматы менен Бишкектеги экоактивизмдеги аялдардын ролун ар тармактуу, комплекстүү түшүнүгүнү иштеп чыгуу керек, алардын ишмердүүлүгүндөгү негизги көйгөйлөрдү жана айырмачылыктарды аныктап, ошондой эле алардын натыйжалуулугуна таасир этүүчү стратегияларды жана факторлорду аныкташыңыздар керек.

**II. Тапшырмалар**

**1-топ:** «Аялдардын экоактивизминин портрети». Алматы менен Бишкектеги экоактивизмге активдүү катышкан аялдардын ролун жана мүнөздөмөлөрүн «Мувгрин»деги Мариянын жана Almaty Urban Air деги Асиянын мисалдарына таянып сүрөттөп бериңиздер. Алар кандай милдеттерди аткарышат, кандай сапаттарын көрсөтүшөт жана өздөрүнүн уюмдарына жана жамааттарына кандай таасир этишет?

**2-топ:** «Гендердик аспекттер жана мотивация». Текстте көрсөтүлгөндөй, аялдар менен эркектердин экоактивизмге болгон мотивацияларын жана мамилелерин салыштыргыла. Бул чөйрөдөгү алардын катышуусуна жана ролдоруна кандай гендердик факторлор таасир этиши мүмкүн? Макаладан конкреттүү мисалдарды келтиргиле.

**3-топ:** «Саясий контекст жана стратегиялар». Казакстан менен Кыргызстандагы саясий абал аялдардын экоактивисттик уюмдарынын ишмердүүлүгүнө жана ачык-айкындуулугуна кандай таасир этерин талдап чыгыңыз. «МувГрин» менен Almaty Urban Air уюмдарынын бийлик жана коом менен өз ара аракеттенүү стратегияларын салыштырыңыз. Бул стратегияларды тандоого кандай факторлор таасир этет?

**4-топ:** «Активизмдердин байланышы»7 Алматыдагы жана Бишкектеги экоактивист аялдардын ишмердүүлүгүндө чагылдырылган экоактивизм, саясий активизм жана феминизм ортосундагы байланышты изилдегиле. Активизмдин мындай ар түрдүү формалары кантип бири-бирин толуктап, бекемдей алат? Бул контекстте «Бирге биз абабыз» деген фразанын маанисин түшүндүрүңүздөр.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
1. Алматы менен Бишкектеги экоактивизмдеги жол башчы (лидер) аялдардын ролун жана мүнөздөмөлөрүн толук сүрөттөп берүү.
2. Экоактивизмге түрткү берүүчү жана мамилелердеги негизги гендердик аспектилерди жана айырмачылыктарды аныктоо.
3. Аялдардын экоактивисттик уюмдарынын ишмердүүлүгүнө саясий контексттин таасирин көрсөтүү жана алардын өз ара катышуу стратегияларын

салыштыруу. Аялдардын экоактивизмге катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө тыянактарды иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугуна өбөлгө түзгөн факторлорду көрсөтүү.

4. Каралып жаткан аймактагы экоактивизм, саясий активизм жана феминизмдин ортосундагы өз ара байланыштарды талдоо менен концептуалдык карта түзүү.



**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**«Тууроо» (окшоштуруу, имитация) ыкмасы. Окутууда** тууроо ыкмасын колдонуу катышуучуга тапшырманы аткарууда эркин жана көз карандысыз сезүүгө мүмкүндүк берет. Тууроо ыкмасы ролдук оюнга караганда азыраак убакытты талап кылат. Ролдук оюнда даярданууга убакыт берилип, атайын даяр текст берилет, окшоштурууда кырдаал гана сунушталат. Башка кырдаалда кырдаалды чечүүнү моделдөө менен, катышуучуларга материалды терең сиңирүү мүмкүнчүлүгү берилет.

**Убакытты пландаштыруу ыкмасы.** Бул ыкма менен камтылган теманы кароодо натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүүгө болот. Мында адамдын өзүн-өзү уюштуруу жөндөмү өзгөчө маанилүү. Белгилүү болгондой, адамдын жашоосунда эң баалуу нерсе- бул убакыт, ошондуктан убакытты туура пландаштыруу үчүн ушул ыкманы колдонсо болот. Мисалы, катышуучулар 5 сааттын ичинде 5 адам менен жолугушууну пландаштырат. Ар бир жолугушууда бир маселе талкууланат. Аягында жалпы, чогуу талкуулоону уюштурууга болот.

## Нурзада Купуева «Кыргызстандагы аялдар, үй-бүлөлүк зомбулук жана сот системасынын көйгөйлөрү. Кейс-стади: Пасанова & Чиртекова»

Купуева Нурзаданын «Кыргызстандагы аялдар, үй-бүлөлүк зомбулук жана сот системасынын көйгөйлөрү» деген тексти системалуу түрдө үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган жана сот системасынын адилетсиздигине туш болгон аялдардын эки окуясына арналган кейс-стади. Автор, фемактивист жана изилдөөчү, Чиртекова Айзат менен Пасанова Гүлжандын кейстеринин мисалында Кыргызстандагы патриархалдык коомдун, гендердик зомбулуктун жана укуктук системанын натыйжасыздыгынын көйгөйлөрүн ачып берет. Патриархалдык система аялдарга салттуу ролдорду (жубай, эне, үй кожойкеси) таңуулап, алардын коомдук, кесиптик жана жеке жашоосундагы мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, аларды кысымга алат. Гендердик стереотиптер бала кезинен эле калыптанып, аялдарга карата теңсиздикке жана зомбулукка алып келет.

Кыргызстандагы аялдар көп учурда системалуу үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болушат, бирок мамлекет тарабынан тийиштүү коргоого ээ болушпайт. Укук коргоо органдары жана сот системасы көбүнчө зомбулук учурларын этибарга албайт, ал эми жабырлануучулар виктимблеймингге (жабырлануучуну күнөөлөө) жана коомдун кысымына туш болушат.

## I. КЕЙС-СТАДИ: Кыргызстандагы аялдар, үй-бүлөлүк зомбулук жана сот системасынын көйгөйлөрү (Пасанова &Чиртекова)

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Кыргыз коомундагы патриархалдык ченемдер жана гендердик стереотиптер аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун тамырлашына жана сакталып, уланып жаткандыгына (перпетуация) кандай өбөлгө түзөт? (Гендердик ролдордун, «уулуу эркектиктин», коомдук пикирдин жана үй-бүлөлүк салттардын таасирин талдоо)
2. Кыргызстандагы сот системасынын кемчиликтери жана бир жактуулугу үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерде кандайча көрүнүп турат жана эмне үчүн жабыр тарткан аялдар көп учурда тиешелүү коргоого жана адилеттүү териштирүүгө ээ боло алышпайт? (Укук коргоо органдарынын, соттордун ишин, эксперттик корутундуларды, мамлекеттик коргоочулардын ролун жана коомдук пикирдин таасирин талдоо).
3. Эмне үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аялдарды колдооочу институттар жана уюмдар реалдуу колдоо көрсөтүүдө дайыма эле натыйжалуу боло бербейт? (Жеткиликтүүлүктү, ресурстарды, иштеп жаткандардын квалификациясын, уюмдардын өз ара аракеттенүүнү жана жабыр тарткандардын ишенимин талдоо).
4. Кыргыз коомунда «жокко чыгаруу маданияты» (канселинг) же үй-бүлөлүк зомбулукка күнөөлүү адамдарга бойкот жарыялоо сыяктуу чараларды колдонууга кандай факторлор тоскоол болууда? (Социалдык байланыштарды, каада-салттарды, коомдук пикирди жана коркунучту талдоо)
5. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук маселелерин чагылдырууда массалык маалымат каражаттарынын ролу кандай? Алар жабыр тарткандарга жана зордук – зомбулукту айыптоого карата эмпатиянын калыптанышына өбөлгө түзөбү же тескерисинче, стереотиптерди жана жапа чеккендерди айыптоону (виктимблеймингти) бекемдейби? Жарыяланган материалдардын тилин, фактыларды тандоону, комментарийлерди жана коомдук пикирге тийгизген таасирин талдоо).

**1-чакан топ: Кырдаал**

Көп жылдар бою жарандык күйөөсүнөн физикалык жана психологиялык зомбулукка дуушар болгон аял акыры чыдабай, айласы кеткен абалда баласы менен терезеден секирген. Натыйжада өз баласын өлтүрүүгө аракет кылган деп айыпталып, СИЗОго киргизилген. Сот системасы алгач аны 12 жылга эркинен ажыратып, көп жылдык зомбулукту жеңилдетүүчү жагдай катары четке каккан. (Чиртекова Айзат).

**Талдоо үчүн суроолор:**

1. Эмне үчүн укук коргоо органдары Чиртекова Айзаттын кайрылууларына карабай, көп жылдар бою ага карата системалуу зомбулукка бөгөт койгон эмес?
2. Кантип соттук-медициналык экспертиза көп жылдык физикалык жана психологиялык зомбулуктун кесепеттерин аныктай алган эмес?
3. Эмне үчүн соттун алгачкы чечими аялды зордук-зомбулуктан үмүтсүздүккө жеткирүү фактысын эске алган жок?

4. Бул иште мамлекеттик жактоочунун ролу кандай болгон?
5. Жогорку Соттун бул ишти кайра карап чыгуусуна жана жаза мөөнөтүн кыскартууга эмне таасир этти? Иштин эске алынбай калган маанилүү аспектилери калдыбы?

**2-чакан топ: Кырдаал**

Жашы жете элек эки баланын энеси жана эки өспүрүмдүн өгөй энеси болгон аял мас күйөөсү тарабынан кызганычтын негизинде жаңжалга кабылып, зомбулукка кабылганы божомолдонот. Иштин чоо-жайы берилген текстте толук ачылган эмес, бирок «өзгөчө адилетсиздик» жана адам укуктары боюнча эл аралык пакттардын этибарга алынбагандыгы тууралуу сөз болот (Пасанова Гүлжан).

**Болгон маалыматтын негизиндеги талкуулоо үчүн суроолор:**

- Гүлжан Пасанованын ишиндеги негизги адилетсиздик эмнеде болгон? Анын ишинде адам укуктары боюнча кандай эл аралык пакттар бузулган?
- Гүлжан Пасанованын абалын сот системасы кандай кабыл алды? Ага коргоо берилгенби?
- Бул кейсти толук талдоо жүргүзүү үчүн дагы кандай кошумча маалыматтар керек болмок?

**II. Тапшырмалар:**

**Талдоо**. Чиртекова жана Пасанованын окуяларынын, кейстеринин негизинде баяндалган патриархалдык ченемдердин жана гендердик стереотиптердин үй-бүлөлүк зомбулукка тийгизген таасирин талдагыла. Тексттен так мисалдарды келтиргиле.

**Баалоо.** Чиртекова Айзаттын алгачкы этаптагы Кыргызстандын сот тутумунун иш-аракеттерин баалап, анын ишин кароодогу кемчиликтерди жана бир тараптуулугун аныктагыла.

**Сунуштоо.** Айзат Чиртекова менен Гүлжан Пасанованын кейстеринин мисалында аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан натыйжалуу коргоо үчүн коом, укук коргоо органдары жана сот системасы тарабынан көрүлө турган чараларды сунуштоо.

**Салыштыруу.** Массалык маалымат каражатарында Айзат Чиртекованын иши кандай чагылдырылганын гендердик сезимталдык жагынан салыштыргыла. Бул окуя боюнча жарыяланган материалдар кырдаалды калыс түшүнүүгө түрткү болгонун же кайра стереотиптердин бекемделишине алып келгендигин талдап чыккыла.

**Иштеп чыгуу.** Кыргыз коомчулугунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүнө көңүл буруу жана жабыр тарткан аялдарды колдоо боюнча маалыматтык кампаниянын стратегиясын иштеп чыгыңыздар.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Аялдарга карата зомбулукту чагылдырууда массалык маалымат каражатарынын ролуна карата сынчыл көз карашты калыптандыруу. Аялдарды натыйжалуу коргоо үчүн атайын белгилерди иштеп чыгуу жана жайылтуу.
- Аялдарды куткаруу үчүн «шашылыш же тез байланышты» уюштуруу.
- Тынч жүрүш акциясын өткөрүү боюнча маалыматтык материалдарды жана анын программасын иштеп чыгуу.

- Кырдаалды жакшыртуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдардын укуктарын коргоо үчүн практикалык сунуштарды (эскерткичтерди) иштеп чыгуу.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**«Мээ чабуулу» ыкмасы:** Жабырлануучуларга жардам берүүнүн эффективдүү стратегияларын иштеп чыгуу жана көйгөйлөрдү чечүү боюнча идеяларды жаратуу.

**Ролдук оюн (билим берүү максатында колдонулушу мүмкүн):** Ар кандай тараптардын келечегин жакшыраак түшүнүү үчүн сот органдарына же ММКга кайрылуу менен байланышкан кырдаалдарды ойноо.

**Дебат форматы (билим берүү максатында колдонулушу мүмкүн):** Үй-бүлөлүк зомбулукка, патриархатка жана коомдун ролуна байланыштуу талаштуу маселелерди талкуулоо.

## Савия Хасанова
## «Мен аны баары бир өлтүрмөкмүн»
## Кыргызстандагы фемицид[*] боюнча изилдөө

Савия Хасанованын «Мен аны баары бир өлтүрмөкмүн» деген тексти Кыргызстандагы фемицид боюнча биринчи масштабдуу изилдөө болуп саналат. Аялдарга карата зордук-зомбулук багытында иш алып барган журналист жана иликтөөчү, автор 2008–2022-жылдар аралыгында өлкөдөгү аялдар менен кыздарды өлтүргөн учурларды талдайт. Негизги басым гендердик мүнөздөгү өлтүрүүлөргө, алардын себептерине, контекстине жана кесепеттерине бурулат.

Дүйнөдө фемицид өзүнчө көйгөй катары таанылган, айрыкча Латын Американын өлкөлөрүндө, анда фемицидди криминалдаштырылган мыйзамдар кабыл алынган. Борбордук Азия өлкөлөрү эл аралык конвенцияларга кошулганына карабастан, фемицидди алдын алуу үчүн жетиштүү чараларды көрүшпөйт.

### I. КЕЙС: Кыргызстандагы фемицид: көйгөйлөр жана аны чечүүчү жолдору

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Кыргызстандагы фемициддин масштабы жана негизги мүнөздөмөлөрү кандай?
2. Аялдардын өлүмүнө алып келген кандай факторлор себеп болууда?
3. Кыргызстандагы мыйзам жана укук коргоо системасы фемицидди алдын алууда жана жазалоодо канчалык натыйжалуу?
4. Кыргызстанда фемицид менен күрөшүү үчүн кандай чаралар көрүлүшү керек?

**Кырдаал**

***1-кейс.*** 2021-жылдын 19-майында Э. аттуу күйөөсү сарайга уйду киргизбегени үчүн аялына ачууланып, башына жана денесине бир нече жолу уруп, аны сабап

* Фемицид – жек көрүү кылмышы, жалпысынан «аялдарды же кыздарды аял болгондуктан атайылап өлтүрүү» катары аныкталат.

салган. Анысы ал келгенсип түн ортосунда Э. мылтыгын алып, аялын атып салган. Алган жаракатынан улам аял ошол замат каза болгон. Эртеси күнү кылмыштын изин жашырууга аракет кылып, күйөөсү аялын жерге берип, баарына жүрөк оорусунан каза болгонун айткан.

Соттук-психиатриялык экспертизанын корутундусуна ылайык, Э. акыл-эси соо эмес «болуп чыкты». Нарын облустук соту аны Жалал-Абад облусундагы психиатриялык ооруканасына мажбурлап дарыланууга жиберүү чечимин чыгарды.

***2-кейс.*** Аял күйөөсүнүн ур-токмогунан качып Таласка келет. 2018-жылдын 23-сентябрында күйөөсү (Ж.Н.Ж.) Бишкектен Таласка аялы жашаган батирге келип, аялын бычак менен бир нече жолу сайып, өлтүрүп, окуя болгон жерден качып кетет. Алган жаракатынан улам аялы көз жумган. Талас шаардык соту ал эркекти 12 жылга эркинен ажыратып, жазасын катуу тартиптеги абакта өтөөгө өкүм чыгарган.

***3-кейс.*** 2019-жылдын 20-сентябрында болжол менен саат 21:30 чамасында 20 жаштагы мас абалындагы эркек Кеминдин көчөлөрүнүн биринде бир кичинекей кызды жолуктуруп калат. Ал кызды күч колдонуп кароосуз калган имаратка зордуктоо үчүн мажбурлап алып барат, бирок кыз каршылык көрсөтө баштаган. Анда эркек аны сабап салгандыктан, кыз каза болгон. Кемин районунун ИИБ УКЖсында милиция кызматкерлери эркекти кармап, убактылуу кармоочу жайына киргизишкен.

***4-кейс.*** 2020-жылдын 12-февралында күйөөсү үйүнө мас болуп келип, аялынан тамак жасап берүүсүн суранган. Аялы плитанын үстүндө тамак жасап жатканда, күйөөсү тез жасашын талап кылып, ачууланып аялына бензин чачып жиберген. Андан соң күйөөсү жасалып жаткан тамакты газ плитасына коюуну талап кылган, газ күйгүзүлгөндө аял отко күйүп кеткен. Ал алган күйүктөрдөн улам бир күндөн кийин реанимацияда каза болгон. Күйөөсү кармалып, убактылуу кармоочу жайга киргизилген.

***5-6-кейстер.*** Бурулай Турдалы кызы менен Айзада Канатбекованын өлтүрүлүшү. Эки кыз тең ала качкандар тарабынан никеге турууга мажбурлоо аракетинде өлтүрүлгөн.

**II. Чакан топтор үчүн тапшырмалар**

1. Маалыматтарды талдоо: Кыргызстандагы фемицидди мүнөздөгөн текстте берилген статистикалык маалыматтарды жана графиктерди изилдөө. Негизги тенденцияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо.
2. Себептери жана кесепеттери: Фемицидге өбөлгө түзгөн социалдык, маданий жана укуктук факторлорду аныктоо. Фемициддин жабырлануучуларга, алардын үй-бүлөлөрүнө жана жалпы коомго тийгизген кесепеттерин талдоо.
3. Салыштырма талдоо: Кыргызстандын аял затына карата зомбулукка каршы күрөшүү жаатындагы мыйзамдарын эл аралык стандарттар жана башка өлкөлөрдүн (мисалы, Латын Америкасы) тажрыйбасы менен салыштыруу. Күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо.
4. Сунуштарды иштеп чыгуу: Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде мамлекеттик жана укук коргоо органдары, жарандык коом үчүн фемициддин алдын алуу жана аялдардын корголушун жакшыртуу боюнча конкреттүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Кыргызстандагы фемициддин масштабдарын жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн так түшүнүү;
- фемицидге өбөлгө болгон негизги факторлорду аныктоо;
- фемицидге каршы күрөшүү боюнча учурдагы чаралардын натыйжалуулугун баалоо;
- көйгөйдүү чечүү үчүн негиздүү жана таасирдүү сунуштарды иштеп чыгуу.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**Конструктивдүү чечим ыкмасы:** Бул ыкма көйгөйлөрдү чечүүгө, командада иштөөгө жана окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө негизделген. Ал беш этапты камтыйт, бирок башка ыкмалардан айырмаланып, бул студенттердин муктаждыктарына ылайык өзгөртүүгө болот.

**Бул беш этап төмөнкүлөр:**

1. Эмпатия. Эмпатияны өнүктүрүү жана чечүүгө болгон муктаждыктын пайда болушу.
2. Аныктоо. Көйгөйлөрдү жана аларды чечүү үчүн потенциалды аныктоо.
3. Идея. Жаңы, чыгармачылык идеялардын үстүндө иштөө.
4. Прототип. Идеянын үстүндө андан ары иштөө үчүн чечимдин үлгүсү.
5. Тест. Чечимдерди тестирлөө жана баалоо, кайтарым байланыш.

**Топтук талкуулоо**: Пикирлер менен алмашуу, идеяларды жаратуу.

**Долбоор иштеп чыгуу**: Конкреттүү сунуштарды түзүп берүү.

**Билим берүү процессиндеги инновациялык окутуу ыкмаларынын бири – ассоциативдик ыкма.**

Ассоциация – бул белгилүү бир түшүнүктөрдүн, аныктамалардын, фактылардын, предметтердин же кубулуштардын ортосундагы өз ара байланышы, анын натыйжасында бир түшүнүктү эскерүүдө аны менен айкалышкан экинчи түшүнүк эске салынат. Башкача айтканда, бир нерсени эстегенде ага байланышкан башка нерсе да эске келет.

**Ассоциациялардын үч түрү белгилүү:**

1. Жакындыгы, чектештиги боюнча – мейкиндик же убакыт жакындыгы боюнча байланыш. Башкача айтканда, бир түшүнүк экинчисин эске салат, анткени алар убакыт же мейкиндик жагынан бир учурда болгон дал келүү.
2. Окшоштугу (үндөштүгү) боюнча – кандайдыр бир белгилери боюнча бири-бирине окшош түшүнүктөрдүн байланышы. Өлкөңүздүн коомдук турмушундагы аялдарга карата зомбулуктун мисалдарын келтириңиз;
3. Татаалдыгы боюнча – ассоциациялар жөнөкөй же татаал болушу мүмкүн: эгер эки гана түшүнүктү бири-бири менен байланыштырып турса – жөнөкөй, ал эми бир түшүнүк көп башка түшүнүктөр менен биригип, чоң ассоциациялык комплексти түзсө – татаал болот.

Басма беттериндеги (газета, журналдардагы) макалаларга **SWOT-талдоо** жүргүзүп, анын жыйынтыктарын колдонуңуздар.

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ГЕНДЕР ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ: КААДА- САЛТ, АКТИВИЗМ ЖАНА АЯЛДАРДЫН РОЛДОРУН ЖАКШЫ ЖАККА ӨЗГӨРТҮҮНҮН (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ОРТОСУНДА

## Халилова Зилола
## «Өзбекстандагы мусулман аялдардын диний билими: тарых жана азыркы учуру»

Зилола Халилованын «Өзбекстандагы мусулман аялдардын диний билими: тарых жана азыркы учуру» аттуу эмгегин талдоодо Өзбекстандагы ислам маданиятынын жана социомаданий өзгөрүүлөрдүн контекстинде аялдардын билим алуусунун эволюциясын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул эмгек тарыхый аспектилерден баштап азыркы тенденцияларга чейинки кеңири чөйрөнү камтып, бул аны мусулман коомундагы аялдардын ролун изилдөөгө маанилүү салым кошот. Зилола Халилова Өзбекстанда аялдардын билим алуусу билимдин чектелүүсүнөн азыркы коомдогу кеңири мүмкүнчүлүктөргө чейинки узак жолду басып өткөнүн көрсөтөт. Тарыхый чектөөлөргө карабастан, аялдар ар дайым билим алуунун жана коомдук турмушка катышуунун жолдорун таап келишкен. Халилованын эмгеги мусулман коомундагы аялдардын ролун түшүнүүгө маанилүү салым кошуу менен ушул жаатта мындан аркы изилдөөлөрдүн зарылдыгын баса белгилейт.

### I. КЕЙС: Өзбекстандагы мусулман аялдардын диний билими: тарых жана азыркы учуру

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Өзбекстанда аялдардын диний билиминин өнүгүшүнө тарыхый каада-салттар жана маданий өзгөчөлүктөр кандай таасир эткен?
2. Аялдардын диний билим алуусун уюштурууда ар кандай мезгилдерде (орто кылымдар, колониялык мезгил, совет доору, көз карандысыздык учурунда) кандай кыйынчылыктар пайда болду?
3. Атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо үчүн заманбап аялдардын медреселеринде диний жана светтик принциптерди кантип айкалыштыруу керек?
4. Светтик мамлекеттин шартында аялдардын диний билим алуу жөрөлгөсүнүн жеткиликтүүлүгүн жана жагымдуулугун кантип жогорулатуу керек?

**Кырдаал.**

Өзбекстанда 2025-жылы Өзбекстан мусулмандарынын башкармалыгы (ӨМБ) тарабынан аялдар медреселерин жаңылоо (модернизациялоо) боюнча долбоор демилгеленген. Долбоордун максаты – диний билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, заманбап гуманитардык жана кесиптик сабактарды бириктирип киргизүү (интеграциялоо), ошондой эле бүтүрүүчү кыздардын коомдук иштерге катышуусун жогорулатуу. Бирок, уюштуруучулардын алдында чакырыктар турат: билим алууга чектелген квоталар, жогорку атаандаштык, бүтүрүүчү кыздарды

ишке орноштурууда колдоонун жетишсиздиги менен диний жана светтик предметтердин ортосундагы тең салмактуулуктун зарылдыгы. Катышуучулар бул көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгышы керек.

**II. Тапшырмалар**

**Чакан топтордо иштөө**

**1-чакан топ. Тарыхый контекст жана каада-салттар**
Өзбекстандагы аялдардын диний билим алуунун тарыхый өзгөчөлүктөрүн талдоо (IX–XIX кылымдар, колониялык мезгил, жадид агымы). Маданий өзгөчөлүктү сактоо жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн заманбап аялдар медреселеринде кайсы каада-салттарды жана тажрыйбаларды ыңгайлаштырса болорун аныктаңыздар.

**2-чакан топ. Советтик мезгил жана анын таасири**
Советтик саясаттын аялдардын диний билимине тийгизген таасирин изилдөө (диний сабактарга тыюу салуу, вакфтарды жабуу, жашыруун билим берүү). Бул чектөөлөр каада-салттарды сактоого кандай таасир эткендигин жана заманбап билим берүү системасы үчүн кандай сабактарды алууга болорун баалаңыздар.

**3-чакан топ. Заманбап чакырыктар жана интеграция**
Аялдар медреселеринин заманбап көйгөйлөрүн талдоо (чектелген квоталар, мектеп программаларынын кайталанышы, бүтүрүүчү кыздардын коомдук иштерге аз катышуусу). Светтик жана диний сабактарды бириктирип киргизүү (интеграциялоо) жана бүтүрүүчү кыздардын кесиптик атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча так, конкреттүү чараларды сунуштаңыздар.

**4-чакан топ. Жеткиликтүүлүк жана коомдук роль**
Аялдардын диний билиминин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу (квоталарды көбөйтүү, атаандаштыкты азайтуу) жана бүтүрүүчү кыздарды коомдук турмушка (мисалы, хокимияттарда, махалля комитеттерде) катышуусун жогорулатуу стратегиясын иштеп чыгыңыздар. Диндер жана маданияттар аралык сабырдуулуктун (толеранттуулуктун) зарылдыгын эске алыңыздар.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Ар бир топ аялдардын диний билим алуу системасын жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды берет.
2. Катышуучулар тарыхый контекст, учурдагы чакырыктар жана аларды чечүү жолдору жөнүндө түшүнүктөрүн көрсөтүшөт.
3. Жыйынтыктоочу сунуштар окуу программаларын жаңылоо (модернизациялоо) үчүн бийлик органдарына кайрылуу, иш менен камсыз кылууну колдоо жана билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү сыяктуу практикалык чараларды камтыйт.
4. Чечимдерде диндер аралык сабырдуулук (толеранттуулук), гуманизм жана заманбап талаптарга ылайык келүү принциптери эске алынат.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**Тарыхый булактарды контексттик талдоо.** Студенттерге Халилованын ишиндеги маалыматтарды колдонуу менен аялдар үчүн революцияга чейинки, советтик

жана заманбап окуу программаларын салыштыруу сунушталсын. Тапшырманын мисалы: үч мезгилдеги (XX кылымга чейинки, советтик, постсоветтик мезгилдеги) аялдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүндөгү өзгөрүүлөрдүн таблицасын түзүү.

**Дебаттар.** «Жадиддер жана советтик система: аялдардын билим алуусу үчүн кимдин ыкмалары натыйжалуу болду?» Жадиддердин (Бехбуди, Авлони ж.б.) эмгектеринен жана сабатсыздыкты жоюу боюнча советтик декреттерден цитаталарды колдонуу.



**Маек.** Расмий саясат менен чыныгы практиканын ортосундагы ажырымды көрсөтүү үчүн медреседе диний билим алган аялдардын маектерин (интервьюларын) же эскерүүлөрүн колдонуу.

## Надира Мухамеджан «Жекелик саяссат катары: уялуу жана каада-салт дискурстары Казакстанда сексуалдык билим берүүгө кантип тоскоол болууда»

Надира Мухамеджандын эмгектери Казакстандагы сексуалдык билим берүүгө салттуу ченемдердин жана уяттуулуктун таасири, ошондой эле бул көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттин жана жарандык коомдун ролу тууралуу маанилүү суроолорду жаратат. Талдоо көрсөткөндөй, кырдаалды жакшыртуу үчүн репродуктивдүү ден соолук боюнча билим берүү жана саясатка болгон мамилени өзгөртүү керек.

### I. КЕЙС: Казакстандагы сексуалдык билим берүү: каада-салт менен азыркы замандын ортосунда

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Салттуу дискурстар жана мамлекеттик саясат Казакстандагы жаштардын сексуалдык билим алуусуна жана репродуктивдүү жүрүм-турумуна кандай таасир этет?
2. Мектептерде натыйжалуу сексуалдык билим берүүнү ишке ашырууга жана өспүрүмдөрдүн репродуктивдүү ден соолук кызматтарына жетүүнү камсыз кылууга кандай тоскоолдуктар бар?
3. Бул тоскоолдуктарды жоюуда жана жаштарга сексуалдык билим берүүдө жарандык коом уюмдары кандай ролду ойношот?
4. Калктын ар кандай топторунун (мисалы, шаардык/айылдык, орус/казак тилдүү) арасында сексуалдык билим берүүнүн мамилелеринде жана натыйжалуулугунда кандай айырмачылыктар бар?

**Кырдаал**

Казакстанда сексуалдык билим берүү маселесинде карама-каршы жагдай байкалууда. Бир жагынан алганда, аялга тиешелүү аруулуктун жана тазалыктын салттуу түшүнүктөрү бар, алар никеге чейин кыздыктын жана жүрүм-турумдагы жөнөкөйлүктүн маанилүүлүгүн баса белгилешет. Маданиятка негизделген жана мамлекеттик саясат менен бекемделген бул түшүнүктөр «гегемондук аялдык жана эркектик жөнүндөгү гетеронормативдик түшүнүктөрдү» түзөт. Экинчи жагынан, Казакстан өспүрүмдөр арасындагы кош бойлуулуктун жогорку

көрсөткүчтөрүнө туш болууда, бул жаштар арасындагы сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук жөнүндө билимдин жана маалыматтын жетишсиздигин көрсөтүп турат.

**II. Тапшырмалар (чакан топтордо иштөө үчүн)**

**1-чакан топ. Мамлекеттик саясатты талдоо:**
Казакстандагы жаштар саясатына, саламаттыкты сактоого жана билим берүүгө байланыштуу мыйзамдарды жана стратегияларды изилдөө.
Аларда өспүрүмдөрдүн сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук маселелери кандайча чагылдырылгандыгын аныктоо.
Мамлекеттик саясат сексуалдык билим берүүгө канчалык деңгээлде өбөлгө түзөөрүн, жактай тургандыгын же тоскоолдук кылаарын баалоо.

**2-чакан топ. Жарандык коом уюмдарынын ишмердүүлүгүн изилдөө:**
«Y-Peer Kazakhstan», «Не Табу» жана «Уят Эмес» уюмдарынын социалдык тармактардагы ишмердүүлүгүнө жана алардын жаштар менен болгон мамилесине талдоо жүргүзүү.
Сексуалдык билим берүү жана терс мамилелерге алып келүүчү белгилерди (стигманы) жеңүү боюнча алардын ыкмаларынын натыйжалуулугун баалоо.
Бул уюмдар кабылган, туш болгон көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды аныктоо.

**3-чакан топ. Ыктыярчылардын маектешүүлөрүн талдоо:**
Y-Peer ыктыярчылары тарабынан келтирилген цитаталарга таянып, сексуалдык билимди жайылтууда алар туш болгон негизги көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды аныктаңыздар. Аларга бийлик, билим берүү мекемелери жана коом тарабынан кандай тоскоолдуктар жаралууда? Мындай тоскоолдуктарды жеңүү үчүн алар кандай стратегияларды колдонушат?

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
- Казакстандагы сексуалдык билим берүү жаатындагы учурдагы кырдаалды так түшүнүү жана далилдери менен презентацияларды даярдоо.
- Кырдаалды жакшыртуу үчүн негиздүү жана иш жүзүндө колдонулуучу сунуштарды иштеп чыгуу жана сексуалдык билим берүүнү калыптандырууда мамлекеттин жана жарандык коомдун ролун баалоо.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосуна жараша)**

**Изилдөө иши:** кошумча маалымат булактарын издөө жана талдоо (мыйзамдык актылар, отчеттор, ЖМКларда жарыялоо ж.б.).

**Топтогу талкуулоо:** Пикир алмашуу, көйгөйлүү маселелерди талкуулоо жана биргелешкен чечимдерди иштеп чыгуу.

**SWOT-талдоо:** (колдонулушу мүмкүн) сексуалдык билим берүүгө ар кандай мамиле менен байланышкан күчтүү, алсыз жактарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана коркунучтарды баалоо үчүн.

**Сааттын жебеси боюнча «макул» жана «каршы» кыймыл.** Студенттер 2 кичи топко бөлүнөт. Жуптарды түзүүчү студенттердин саны бирдей болушу зарыл. 1-топ ички тегерек чөйрө, ал эми 2-топ тышкы тегерек чөйрө. Мугалим суроо берет. Ички жана тышкы тегерек чөйрөдөгүлөр бири-бирине карама-каршы

турушат. Андан кийин мугалимдин кол чабуусу менен сырткы тегерек чөйрөдөгүлөр сааттын жебеси боюнча бир катышуучуга жылат, ал эми ички тегерек чөйрөдөгүлөр ордунда кала беришет. Ушул эле суроо боюнча бир мүнөттүн ичинде жаңы жуптарда жекеме-жеке талкуу уланат. Теманы кайталоодо жана бекитүүдө бул ыкманы колдонуу оң натыйжаларды берет.

**Айлануу (Ротация).** Материалды (көйгөйдү) түшүнүү деңгээлин аныктоо, кандайдыр бир көйгөй жөнүндө ойлонуу жөндөмү аны салыштыруу жана баалоо жөндөмүн жогорулатуу үчүн колдонулат. Катышуучулар төрт чакан топторго бөлүнүшөт. Ар бир топко бир түстөгү маркер берилет. Топтун көлөмүнө жараша жооптор кагазга же флипчартка жазылат. Ар бир берилген суроого, ар бир топ өзүнүн оюн жазышат. Ар бир топтун ойлорун карап чыгып, жалпы презентация даярдайт. Катышуучулар көйгөйдү талкуулашып, өз ойлорун айтышат жана бүтүндөй окуу материалдарын терең түшүнүшөт.

## Наоми Нтакийиса
## «Сабыр, эже... Мусулман рухий жетекчилеринин (устаз) келиндерге жана кайненелерге кеңештери»

Наоми Нтакийиса «Сабыр, эже... Мусулман рухий жетекчилеринин (устаз) келиндерге жана кайненелерге кеңештери» аттуу эмгегинде кыргыз коомунун контекстинде аялдардын тилектештигинин жана салттуу ролдорунун татаал динамикасын изилдейт. Азыркы Кыргызстандагы актуалдуу маселе болгон келиндердин абалына жана алардын кайненелери менен болгон мамилесине өзгөчө көңүл бурулат. Нтакийсанын эмгеги Борбордук Азиядагы аялдардын такыбалыгын жана аялдардын укуктарын изилдөөгө кошкон маанилүү салым болуп саналат. Ал аялдардын коомдогу абалын жакшыртуунун жаңы жолдорун сунуштап, диний билим берүү жана аялдардын тилектештиги аркылуу салттуу ролдорду кантип кайра элестетүүгө болорун көрсөтөт.

### I. КЕЙС: Кыргызстандагы келин менен кайненени колдоо: үй-бүлөлүк мамилелерди шайкеш келтирүүдө устаздын ролу

Кейс салттуу «келинчилик» практикасынын алкагында үй-бүлөлүк мамилелерди жакшыртуу үчүн келиндерге жана кайненелерге кеңеш берген Кыргызстандагы устаз (аял-исламды окутуучу мугалим) дискурсунун талдоосуна негизделген. Устаздар каада-салттарды четке какпай, аялдарды колдоо үчүн диний жана маданий булактарды колдонуп, мамилелерди шайкеш келтирүү жолдорун сунушташат. Кейстин катышуучулары устаздардын ыкмаларын изилдеп, алардын күчтүү жана алсыз жактарын аныктап, аялдарды колдоодогу алардын ролун жогорулатуу, күчөтүү стратегияларын сунушташы керек.

**Көйгөйлүү суроолор:**

Макаланын авторунун пикиринде, устаздар кыргыздын каада-салттары менен ислам принциптерин айкалыштырып, келин менен кайненени кантип колдойт?
Устаз мамилесинде, айрыкча сабыр (чыдамдуулук) жана гендердик күтүүлөрдүн контекстинде кандай чектөөлөр бар?

Келин менен кайнененин ортосундагы чыр-чатакты чечүүдө ким ортомчу боло алат деп ойлойсуз?

**Кырдаал**

2025-жылы Кыргызстанда Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы менен кызматташкан коомдук уюм «Үй-бүлөдөгү ынтымак» долбоорун ишке ашырат. Долбоордун максаты – чыр-чатактарды азайтуу жана аялдардын жыргалчылыгын жакшыртуу үчүн устаздын (аял мугалим) келинге жана кайненеге тиешелүү лекцияларынын жана консультацияларынын натыйжалуулугун жогорулатуу. Көйгөйлөргө төмөнкүлөр кирет: келинге болгон жогорку эмоционалдык жүк, үй-бүлөлөрдөгү диалогдун жоктугу, устаздын светтик аудиторияга тийгизген таасиринин чектелүүлүгү жана сабыр түшүнүгүнүн тегерегиндеги талаш-тартыштар кээде аялдардын укугун коргоого тоскоолдук катары кабыл алынат. Катышуучулар устаздын ыкмаларын жаңылоо (модернизациялоо) жана алардын ролун күчөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгышы керек.

**II. Тапшырмалар (чакан топтордо иштөө)**

**1-чакан топ. Устаздын ыкмаларынын диний жана маданий негиздери**

Устаздар келин менен кайненени колдоо үчүн ислам принциптерин (акыда, сабыр, сухбат) жана кыргыз салттарын кантип колдонорун талдап көрүңүздөр. Алардын ыкмаларынын, мамилесинин күчтүү жактарын аныктап, анын маданий светтик негизин кантип бекемдөөнү, күчөтүүнү сунуштаңыздар.

**2-чакан топ. Сабыр көйгөйлөрү жана гендердик күтүүлөр**

Устаз дискурсунун алкагында сабыр түшүнүгүн (концепциясын) талдаңыздар. Ал гендердик күтүүлөр жана аялдардын укуктары контекстинде келин менен кайнененин ортосундагы чыр-чатактарды чечүүгө кандайча жардам берерин же тоскоол болорун аныктаңыздар. Келиндердин укугун жигердүү коргоо менен сабырдуулуктун тең салмактуу жолдорун сунуштаңыздар.

**3-чакан топ. Жеткиликтүүлүктү жана коомдук таасирди кеңейтүү. Светтик мамилелерди айкалыштыруу (интеграциялоо).**

Чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүдө светтик ыкмаларды (психологиялык колдоо, коммуникация боюнча тренингдер, аялдардын укуктарын коргоо) жайылтуу мүмкүнчүлүгүн талдаңызлар. Алардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана светтик аудиторияга жетүү үчүн так, конкреттүү иш-чараларды сунуштаңыздар. Келин менен кайнененин ортосундагы чыр-чатактарды чечүүдө светтик ыкмаларды айкалыштыруу боюнча тегерек столдун программасын жана жергиликтүү бийлик органдарына (мисалы, көчө комитети, аксакалдар соту, мектеп парламенти, студенттик кеңеш ж.б.) багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Ар бир топ устаздын ишин жаңылоону (модернизациялоо) жана келин менен кайнененин ортосундагы мамилени жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды берет.
- Катышуучулар көйгөйдүн диний, маданий жана гендердик аспектилерин түшүнөөрүн көрсөтүшөт.

- Жыйынтыктоочу сунуштар светтик ыкмаларды айкалыштыруу, сабырдуулукту кайра башкача түшүндүрүү жана лекцияларга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү сыяктуу практикалык чараларды камтыйт.
- Чечимдерде маданияттар аралык чыдамдуулук (толеранттуулук) принциптери жана каада-салт менен аялдардын укуктарынын ортосундагы тең салмактуулук эске алынат.
- Сунуштарды иштеп чыгуу үчүн топтун ичинде талкуулоо жүргүзүү.



**III. Ыкмалык камсыздоо**

**SWOT-талдоо:** Устаздын учурдагы ишмердүүлүгүнүн күчтүү жана алсыз жактарын баалоо.

**Ролдук оюндар:** Келин менен кайнененин ортосундагы чыр-чатактарды чечүүчү жолдорду иштеп чыгуу, моделдөө.

**RAFT ыкмасы** – оригиналдуу тексттерди жазуу үчүн сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү стратегия болуп саналат. Бул педагогикалык ыкма тандалган тема боюнча жазуу жүзүндөгү тексттерди өзгөчө тематикалык мамилелерде түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул теманы бир нече көз караштан кароо жөндөмүн өнүктүрөт.

**Студенттерге үйрөтүү үчүн окутуучунун милдети:**

- ролдорду аныктоо жана тандоо;
- тандалган каармандын атынан кичинекей билдирүүлөрдү түзүү;
- белгилүү аудитория үчүн чакан тексттерди жазуу;
- тексттин каалаган формасын тандоо.

Технологиянын аталышындагы ар бир тамга белгилүү бир мааниге ээ.

| R – Role (Роль) | A – Audience (Аудитория) | F-Forma (Форма) | T-Topic (Тема) |
|---|---|---|---|
| Ролду аныктоо үчүн берилген теманы ким камтый аларын, ачып бере аларын аныктоо керек. | Бул текст кимге арналышы мүмкүн экенин билүү | Жанрды, баяндоо формасын тандоо | Тематиканы тандоо; текст эмне жөнүндө болорун аныктоо; анда кандай негизги идеялар ачылат |

## Рейна Артурова «Кесипкөй активисттер: гибриддик иденттүүлүк боюнча багыттоо»

Рейна Артурованын «Кесипкөй активисттер: гибриддик иденттүүлүк боюнча багыттоо» аттуу макаласын талдоо Борбордук Азиядагы аял активисттердин жана бейөкмөт уюмдардын ролуна, ошондой эле алардын мамлекеттик институттар жана чет өлкөлүк демөөрчүлөр менен өз ара аракеттенүүсүнө байланыштуу бир нече негизги аспектилерди баса белгилейт.

Макалада Борбордук Азияда, өзгөчө Кыргызстан менен Өзбекстандагы башкаруунун патриархалдык формаларынын шарттарында аял активисттердин мааниси баса белгиленет. Аялдардын бейөкмөт уюмдары аялдардын укуктарын жана гендердик теңчиликти алга жылдырууда негизги ролду ойношот, бирок алар «БӨУлашуу» үчүн жана кесипкөйлүк үчүн сынга кабылышат, бул алардын олуттуу социалдык өзгөрүүлөргө

жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүшү мүмкүн. Борбордук Азияда, өзгөчө Кыргызстан менен Өзбекстанда, бейөкмөт уюмдардагы аялдардын кесипкөй активист катары ролуна талдоо жүргүзүү алардын ишмердүүлүгүнүн татаал жана көп кырдуу аспектилерин көрсөтүп, баса белгилейт. 1990-жылдардын башынан тартып, эл аралык уюмдар гендердик маселелерди жигердүү илгерилете баштаганда аял активисттердин кесипкөйлүгү өнүгө баштаганы байкалды, бул төмөнкү, жалпы элдик активдүүлүктөн баштап жогорку институтташтырылган ыкмаларга чейин фокустун өзгөрүшүнө алып келди.



Артурова демөөрчүлөрдүн каржылоосунан болгон көз карандылык активдүүлүктүн алсыратуусуна, таасирин жоготууга, саясий активдүүлүктү басаңдатууга алып келиши мүмкүн экенин баса белгилейт. Аялдардын бейөкмөт уюмдары көбүнчө демөөрчүлөрдүн талаптарын канааттандыруу үчүн саясатташкан темаларды четке кагууга, көз жаздымда калтырууга аргасыз болушат, бул алардын аныктыгына жана натыйжалуулугуна шек туудурат. Бул жергиликтүү жамааттардын реалдуу муктаждыктары менен БӨУлар тарабынан сунушталган күн тартибинин ортосунда ажырымды жаратат.

Макалада аялдардын активдүүлүгүн талдоо үчүн постколониялык жана феминисттик теориялар колдонулуп, маданий жана социалдык контексттерди эске алуу зарылдыгы баса белгиленет. Артурова активисттерди бир тектүү топ катары эмес, инсандыгы жана стратегиялары саясий жана социалдык чөйрөдөн көз каранды болгон ар түрдүү инсандар катары кароо керек деп эсептейт.

Рейна Артурованын макаласы Борбордук Азиядагы аялдык активизмдин татаал жана көп катмарлуу көрүнүш катары түшүнүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Ал аял активисттердин өздүгүн, жеке инсандык сапатын (идентүүлүгүн) жана практикалык тажрыйбасын терең талдап чыгууга, ошондой эле алардын ишине демөөрчүүлүк каржылоонун тийгизген таасирине сынчыл ой жүгүртүүгө үндөйт. Бул изилдөө постсоветтик мейкиндикте гендердик активдүүлүк жана жарандык коом боюнча мындан аркы изилдөөлөр үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Ошентип, Борбордук Азиядагы бейөкмөт уюмдардагы активист аялдар кесипкөйлүүлүгү жана демөөрчүлөрдөн көз карандуулугу боюнча сынга алынганына карабастан, гендердик күн тартибин алдыга жылдырууда маанилүү ролду ойношот.

Алардын өзгөрүлүп жаткан шарттарга ыңгайлашуу жана демөөрчүлөрдүн, мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту табуу жөндөмдүүлүгү патриархалдык жана репрессивдүү шарттарда аялдардын жарандык коомунун ийкемдүүлүгүн жана туруктуулугун далилдейт. Акыр-аягы, кесипкөйлүк жарандык активдүүлүктүн маңызын жок кылбайт, тескерисинче, татаал саясий чөйрөдө өзгөчө иш аракет жасоо жана жашоо үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

## I. КЕЙС: Борбордук Азиядагы активист аялдардын аралаш (гибриддүү) өздүгү

**Көйгөйлүү суроолор:**

1. Активист аялдардын кесипкөйлүгүнө жана бейөкмөт уюмдарда иштегендигине байланыштуу алардын инсандыгы кандай өзгөрүүдө?
2. Алардын ишмердүүлүгүндө кандай баалуулуктар менен артыкчылыктар кагылышат (жергиликтүү муктаждыктар, демөөрчүүлүк кызыкчылыктар)?

3. Аялдардын бейөкмөт уюмдарынын күн тартибин түзүүдө чет өлкөлүк демөөрчүлөр кандай роль ойнойт?
4. Кесипкөй аялдардын бейөкмөт уюмдары аялдардын укуктарын илгерилетүүдө баштапкы демилгелерге салыштырмалуу канчалык натыйжалуу?
5. Аялдардын бейөкмөт уюмдарынын көз карандысыздыгын жана жергиликтүү муктаждыктарын сактоо менен алардын каржылык туруктуулугун кантип камсыз кылууга болот?

**Кырдаал**

Борбордук Азияда патриархалдык салттарга, авторитардык режимдерге жана тышкы демөөрчүлөрдүн таасирине карабастан, аял активисттер жана бейөкмөт уюмдар аялдардын укуктарын алга жылдырууда маанилүү роль ойнойт. Бирок, алардын иш-аракеттери «БӨУлашуу» жана кесипкөйлүк менен байланышып сынга кабылышат, бул сынчылардын айтымында коомдук өзгөрүүлөрдүн натыйжалуулугун төмөндөтөт. Каржылоону тартуу зарылдыгы менен жергиликтүү муктаждыктарга багытталган активдүүлүктүн «накталыгын» сактоонун ортосунда карама-каршылык келип чыгат.

**II. Тапшырмалар (чакан топтордо иштөө)**

**1-чакан топ. «Активист аял: кесипкөйбү же энтузиастпы?»**

«Кесипкөй активист аял» түшүнүгүн талдап, кесипкөйлүктү колдогон жана ага каршы аргументтерди аныктаңыздар.

Тексттен кесипкөйлүктүн оң жана терс жактарын чагылдырган мисалдарды келтириңиздер.

**2-чакан топ. «Мамлекет. Демөөрчүлөр: Күн тартибин ким аныктайт?»**

Кыргызстан менен Өзбекстандагы аялдардын бейөкмөт уюмдарынын ишмердүүлүгүнө мамлекеттин жана чет элдик демөөрчүлөрдүн таасирин салыштыруу.

Мамлекеттинби же чет элдик демөөрчүлөрдүнбү кызыкчылыктары үстөмдүк кылып кетет экен жана бул кандай кесепеттерге алып келерин аныктаңыздар.

**3-чакан топ. «Шаар менен айылдын ортосундагы көпүрөөлөр»**

Жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү муктаждыктары менен аялдардын бейөкмөт уюмдардын ажырым көйгөйүн иликтөө.

Кесиптик бейөкмөт уюмдар менен жер-жерлердеги аялдардын ортосундагы байланышты чыңдоо стратегиясын сунуштоо

**4-чакан топ. «Аралаш (гибриддүү) өздүк: чакырыкпы же ресурспу?»**

Аял активисттердин «Аралаш (гибриддүү) өздүк» түшүнүгүн кесипкөй жана жарандык позициянын айкалышы катары карап көрүү. Бул аялдар кыймылынын максаттарына жетүү үчүн тоскоолдук же ресурс экендигин аныктоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Ар бир чакан топ өзүнүн талдоосунун натыйжаларын презентация же талкуу форматында көрсөтөт.
- Жалпы топ Борбордук Азиядагы активист аялдардын ишиндеги татаалдыктар жана карама-каршылыктар жөнүндө бирдиктүү түшүнүккө жетишет.

- Ар кандай кызыктар тараптардын контексттерин жана кызыкчылыктарын эске алуу менен аялдардын бейөкмөт уюмдарынын ишин оптималдаштыруу боюнча сунуштар иштелип чыгат.

**III. Ыкмалык камсыздоо (окутуучунун тандоосу боюнча)**

**Кейс стади ыкмасы.** Бейөкмөт уюмдардын кейстерин талдоо. Макалада айтылган Кыргызстан менен Өзбекстандын аялдар уюмдарынын конкреттүү мисалдарын талдап чыгуу. Алардын Өзбекстандагы жана Кыргызстандагы иштөө стратегияларын салыштыруу. 

**«Демөөрчү жана активист» бизнес оюну.** Студенттер эл аралык уюмдун өкүлдөрү менен жергиликтүү активист аялдын ортосундагы сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт:

- Демөөрчү «саясатташтырылбаган» долбоорлорду талап кылат;
- активист аял курч темалар (үй-бүлөдөгү зомбулук, ЛГБТ+ укуктары) менен иштөөнү сунуштайт.

**Талкуулоо: «Кесипкөйлүк = саясий активдүүлүктү басаңдатуу?»**
Артурованын гранттарга болгон көз карандылык активизмдин радикалдуулугун төмөндөтөт деген тезисин талкуулоо.
**Суроо:** Демөөрчүлөр менен иштешип жатып, саясий күн тартипти сактап калууга болобу?

**Активизмдин картографиясы.**
Борбордук Азиядагы аялдардын бейөкмөт уюмдарынын картасын түзүп, анда:

- алардын ишинин негизги темаларын;
- каржылоо булактарын;
- мамлекет менен тирешүүнүн деңгээлин белгилеп кеткиле.

Катаал шарттарда жашоо үчүн жалпы стратегияларды аныктоо.

# V бап
# Академиялык жазуу

## Сабактын планы

## PowerPoint аркылуу APA стилиндеги презентацияларды түзүү (4 саат)

**Сабактын темасы:**

Бул сабак студенттерди туура форматтоого, цитаталарды келтирүү ыкмаларына жана слайддардын кесипкөй дизайнын камтыган APA стилиндеги талаптарга ылайык PowerPoint академиялык презентацияларын түзүүгө үйрөтөт.

**Сабактын максаттары:**

Студенттер презентациялар үчүн APA форматтоо талаптары менен таанышышат жана слайддарды, анын ичинде башкы (титулдук) слайддарды, мазмунун камтыган бөлүмдөрдү жана адабияттардын тизмесин камтыган слайддарды натыйжалуу уюштурууну үйрөнүшөт. Сабак слайддарда цитата келтирүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана тыкан, академиялык жактан туура презентацияларды түзүүгө багытталат.

**Материалдар жана жабдуулар:**

Керектүү материалдар «Борбордук Азиядагы гендердик ролдор» темасы боюнча APA стилиндеги презентациянын үлгүсүн, PowerPoint программасы бар компьютерлерди, көрсөтүү үчүн проекторду, APA стили боюнча форматтоо жөнүндө басмадан чыккан колдонмолорду, цитаталарды келтирүү үчүн онлайн булактарды жана иллюстрациялар үчүн тактаны камтыйт.

**Окуутуунун натыйжалары**

Бул сабакты аяктагандан кийин, студенттер APA стандарттарына ылайык башкы (титулдук) туура түзүлгөн слайддарды; мазмунуна ылайыктуу аталыштагы, визуалдык элементтери бар слайддарды түзө алышат; тексттин ичиндеги шилтемелерди туура колдоно алышат, адабияттардын тизмесин камтыган так слайддарды даярдай алышат, бирдиктүү форматтоону сактап жана презентацияларды даярдоодогу жалпы каталардан алыс боло алышат.

**Баалоо ыкмалары**

Студенттердин жетишкендиктерин практикалык сабактарда байкоо жүргүзүү аркылуу, APAнын талаптарына дал келген слайддардын баштапкы варианттарын карап чыгуу, презентация учурунда теңтуштарынан кайтарым байланыш алуу, даярдалган презентацияларды тапшыруу жана APA стилиндеги форматтоо эрежелери боюнча кыска тест аркылуу бааланат.

**Сабактын планы:**

- Киришүү (10 мүнөт): студенттердин PowerPoint жана APA стили менен мурунку тажрыйбаларын талкуулоо, академиялык тактыкка басым жасалат.
- Демонстрация (20 мүнөт): ар бир слайддын максатын жана APAнын элементтерин түшүндүрүп, презентациянын үлгүсүн этап-этабы менен талдап чыгуу.
- APA эрежелери түшүндүрүү (15 мүнөт): шрифттерге, макеттерге, цитаталарга жана визуалдык элементтердин жасалгалоосуна карата негизги талаптарды карап чыгуу.
- Практикалык сабак (30 мүнөт): окутуучулардын жетекчилиги астында жеке кайтарым байланыш менен үлгүлүү слайддарды түзүү.
- Корутунду (10 мүнөт): негизги эрежелерди кайталоо жана оозеки баяндамалар боюнча кийинки сабакты жарыялоо.
- Үй тапшырмасын түшүндүрүү (5 мүнөт).

**Рефлексия**

Окутуучу студенттердин катышуу деңгээлин баалайт, форматтоо жана цитаталарды келтирүүдөгү жалпы кыйынчылыктарды аныктайт, окутуу ыкмаларынын натыйжалуулугун баалайт жана келечектеги сабактар үчүн кошумча практикалык сабактардын же кошумча материалдардын зарылдыгын аныктайт.

**Алдын ала билим**

Студенттер PowerPoint программанын негизги көндүмдөрүн билүүсү зарыл, жазуу тапшырмалардан APA стили жөнүндө түшүнүккө ээ болушу керек жана туура цитата келтирүүдөгү академиялык чындыктын (ак пейилдиктин) принциптерин түшүнүшү керек.

**Убакытты бөлүштүрүү:**

- Киришүү: 10 мүнөт
- Демонстрация: 20 мүнөт
- APA эрежелерин түшүндүрүү: 15 мүнөт
- Практика: 30 мүнөт
- Жыйынтык: 10 мүнөт.
- Тапшырманы түшүндүрүү: 5 мүнөт.

**Уюштуруу**

Окутуу бүткүл аудиториядагы лекциялар менен демонстрацияларды; слайддарды түзүү боюнча жеке же жуптук ишти; кайтарым байланыш үчүн топтук талкууларды; окутуучу жетектеген практикалык сабактарды бири-бири менен алмаштырып турат.

**Тапшырма**

Студенттер курстун темасы боюнча, мисалы**,** «Борбордук Азиядагы аялдар» деген тема боюнча APA стилинде толук презентация даярдашат, ал туура форматталган, цитаталары жана колдонулган адабияттардын тизмеси кирген бардык керектүү слайддарды камтыйт. Даяр презентациялар баалоо үчүн тапшырылып, класста оозеки баяндамага даярдалышы керек.

**Практикалык сабактар жана үй тапшырма**

1. **Биринчи слайд (титулдук)**
   - Аталышы: «Борбордук Азиядагы гендердик ролдор: түркмөн жана казак аялдары»
   - Студент: Аты-жөнү
   - Курс: Борбордук Азиядагы аялдар
   - Окутуучу: Аты-жөнү жана фамилиясы
   - Дата: күнү, айы, жылы
2. **«Киришүү» слайды**
   - Илмек: «Түркмөн келиндеринин диний обочолонушуна каршы казак аялдарынын 72%ы шаарларда өзүн кооптуу сезишет (Tleuken, 2023; Clement, 2018)»
   - Тезис: Казак аялдары билимди жана урбанизацияны автономияга жетүү үчүн колдонушат; түркмөн аялдары салттуу системаларга байланып кала берет.
   - План: Экономикалык системалар → Коомдук жана жеке чөйрөлөр → Каршылык көрсөтүү стратегиялары.
3. **Слайд «Ыкма-усулдар » (Методология)**
   - Колдонуу ыкмасы: пункттарды салыштыруу (мисалы, экономикалык системалар → түркмөн жана казак системалары).
   - Негиздеме: аудитория жакшы кабылдоо үчүн карама-каршылыктарды так баса белгилейт.
4. **Экономикалык системалар жана аялдардын баалуулугу**
   - Түркмөнстан: Галын (келин үчүн калың, төлөм) аялдарды коммерциялаштырат (3000 доллардан ашкан төлөмдөр) (Clement, 2018).
   - Казакстан: Билим берүү, окутуу «заманбап сеп» катары (Aguzzi, 2022); студенттердин саны 1991-жылдан бери үч эсеге өстү (World Bank, 2021).
   - Визуалдуулук: Келиндин калыңы жана университетке тапшыруунун гистограммасы.
5. **Коомдук жана жеке чөйрөлөр**
   - Түркмөнстан: Яшмак ырым-жырымдары үйдөгү ролдорду бекемдейт (Clement, 2018).
   - Казакстан: феминисттик активизм (мисалы, коопсуз жайлар, «Стол 99») аялдарга шаарларды кайтарып берет (Tleuken, 2023).
   - Визуалдуулук: Венндин диаграммасы – коомдук жана жеке чөйрөлөргө жеткиликтүүлүк.
6. **Каршылык көрсөтүү жана ылайыкташуу**
   - Түркмөнстан: Жеке сүйлөшүүлөр (мисалы, балалуу болууну кийинкиге калтыруу) (Clement, 2018).
   - Казакстан: Коомдук кампаниялар (мисалы, Stopharass.kz) (Tleuken, 2023).
   - Визуалдуулук: Түркмөн келини менен казактын наразычылык акциясынын параллелдүү сүрөттөрү.
7. **Слайд «Корутунду»**
   - Жыйынтык: казакстандык аялдар ченемдерге каршы чыгышат; түркмөн аялдары катаал системаларда амал, айла (маневр) табышат.

- Кесепеттери: Саясаттын зарылдыгы – институционалдык коргоо (Казакстан) экономикалык реформаларга каршы (Түркмөнстан).

**8. Слайд «Шилтемелер»**

- APA форматы: алфавит менен, илинген чегинүүдө, Times New Roman шрифти, 12 pt.
- Aguzzi, T. (2022). Борбордук Азиялык келиндин күнүмдүк жашоосу жөнүндө [Фотоэссе].
- Clement, V. (2018). Түркмөнстандык үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүндөгү аялзаты. Борбордук Азиянын аялдары.
- Tleuken, A. (2023). Казакстандагы шаардык феминизм. Борбордук Азия изилдөө журналы 12(2), 45-60.
- World Bank. (2021). Борбордук Азиядагы билим берүүнүн статистикасы. [Электрондук ресурс] https://data.worldbank.org



| Слайддын номери | Мазмуну |
|---|---|
| 1 | Башкы беттин (титулдук) слайд (APA форматы боюнча бардык милдеттүү элементтери менен) |
| 2 | Киришүү (илмек(зацепка), тезис, план) |
| 3 | Методология (ар бир пункт боюнча ыкманы түшүндүрүү) |
| 4 | Экономикалык системалар жана аялдардын баалуулугу (салыштыруу) |
| 5 | Коомдук жана жеке чөйрөлөр (салыштыруу) |
| 6 | Каршылык жана ылайыкташуу (салыштыруу) |
| 7 | Корутунду (жыйынтыктар жана кесепеттер) |
| 8 | Шилтемелер (APA форматы, алфавит боюнча) |

# VI бап
# Кросс-дебаттык формат
# Аялдар жана укук: активизм жана феминизм
# (4 саат – 2 сабак)

**Эскертүүлөр**

Курстун аяктап жаткандыгын эске алып студенттер өздөрүнүн резолюцияларын жалпы кароого алдын ала даярдап алышы маанилүү. Бул учурда мугалим студенттерге бир жума мурун ар бири бирден резолюция даярдоону тапшырма катары бере алат. Сабак учурунда тандоо жүргүзүүдө төмөнкү сунушталган резолюцияларды колдонбостон, студенттердин сунуштарына гана таянса болот. Эгерде студенттер даяр болсо жана окутуучу зарыл деп эсептесе, муну эртерээк да ишке ашырууга болот.

Бешинчи баптагы тексттердин мазмунун талдоонун негизинде студенттерге тандоо үчүн төмөнкү резолюцияларды сунуштаса болот:

**Биздин команда аялдарга карата зордук-зомбулук көбүнчө төмөнкү чөйрөлөрдө орун алат деп эсептейт:**

- шаардык (коомдук) чөйрөдө;
- айылдык коомдук жерлерде;
- үй-бүлөдө.



**Биздин команда гендердик зомбулукка же гендердик адилетсиздикке байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкүлөр зарыл деп эсептейт:**

- коомдун билим деңгээлин жогорулатуу;
- гендердик зомбулукка жана кыздарга, аялдарга карата адилетсиздикке нөлдүк чыдамдуулукка багытталган мамлекеттик мыйзамдарды өзгөртүү;
- коомдогу гендердик зомбулуктун жана адилетсиздиктин келип чыгуу себептерин жоюу үчүн диний жол башчылар (лидерлер) жана жамааттар менен иш алып баруу.

**Биздин команда гендердик маселелерди чечүүдө биринчи кезекте төмөнкүлөрдүн ролу менен байланыштуу деп эсептейт:**

- жарандык коомчулуктун;
- мамлекеттик институттардын;
- жекелик жана анын эрки.

**Биздин команда гендердик жана экоактивисттер көбүнчө төмөнкү тармактарда иштешет деп эсептейт:**

- жарандык сектордо;
- мамлекеттик сектордо;
- эл аралык уюмдарда.

**Биздин команданын пикири боюнча, азыркы Борбордук Азияда гендердик дискурсту бийликтен, башкаруудан же мурунку колониялык өлкөнүн таасиринен бошотуунун (деколонизациялоонун) эң жакшы жолу төмөнкүлөр менен байланыштуу деп эсептейт:**

- Эсте каларлык окуяларды сөз менен жазуу аркылуу кайра жаратуу (психоанализ ыкмасы аркылуу);
- Тарыхты кандай болсо, ошондой кабыл алуу;
- Өткөн колониялык дискурсту жеңүү максатында жаңы баяндарды жана окуяларды түзүү.

**Биздин команда келин менен кайнененин ортосундагы айкалышкан (гармониялуу) мамиле төмөнкүлөргө негизделиши керек деп эсептейт:**

- Баш алган тараптын үй-бүлөлүк каада-салтын сактоо;
- Келиндин өз алдынча билим алуусу;
- Диний негизде.

## КДФ боюнча турнирди студенттер тарабынан өткөрүү (2 саат)

**Эскертүү:**

Студенттер антологиянын бардык баптары боюнча алдын ала резолюцияларды даярдашып, бирок катышуучулар жалпы добуш берүү аркылуу тандап алган бирөөсүнө гана токтолушу керек. Турнир учурунда студенттер өздөрү калыстарды, резолюцияны тандап, дебатка даярдоо боюнча бардык процедуралык маселелерди жүргүзүшөт. Мүмкүн болсо дебатчылар «Борбордук Азиядагы аялдар» антологиясынын бардык окуу материалдарына таяна алгыдай жалпы бир резолюцияны тандап алуусу максатка ылайыктуу. Эгерде бардык катышуучулар макул болсо, бүткүл дебаттык турнирди видеого тартып, университеттин сайтына же студенттин жеке баракчасына жарыялоого болот. Ошондой эле аны YouTube каналына толугу менен же бөлүктөрүн жүктөп койсо дагы болот.

### Студенттер тарабынан КДФти өлчөө жана баалоо параметрлери

Ар бир сабак аяктагандан кийин студенттер бир нече негизги параметрлери боюнча сабакка баа берүү үчүн үзгүлтүксүз анкетаны толтурушу керек. Бул окутуучулар үчүн гана эмес, студенттер үчүн да маанилүү. Анкета онлайн форматта да берилиши мүмкүн.

«Борбордук Азиядагы аялдар» курсунда козголгон темалар жана көйгөйлөр боюнча АХАД БАУнун онлайн платформасында талкуу жүргүзүлүшү мүмкүн, анда студенттер жана окутуучулар КДФди кошо алганда, курстун бардык компоненттери боюнча өз пикирлерин калтыра алышат.

# ТИРКЕМЕ



## Силлабустун үлгүлөрү
## Окутуучулардын каалоосу боюнча 2-3-4-баптар боюнча

▼

## Силлабус

## II бап
## Маданияттагы жана искусстводогу аялдар жана алардын образдары

**1-БЛОК. ФОЛЬКЛОР (4 саат – 2 сабак)**

**Тема:**
«Борбордук Азиядагы элдик оозеки чыгармачылыктагы аялдардын гендердик архетиптери жана социалдык ролдору»

**Негизги суроолор:**

1. Фольклордо аялзатынын сыпатынын патриархалдык жана эгалитардык моделдерин кантип чагылдырат?
2. Эпостордо, макал-лакаптарда жана ырым-жырым текстеринде аялдардын образдары кандай функцияларды аткарат?
3. Фольклорду азыркы чечмелөөлөр гендердик теңчиликке кандайча өбөлгө түзө алат?

**Материалдар:**

1. Элмира Кочумкулова «Аялдар жөнүндөгү кыргыз макал-лакаптарын талдоо».
2. Айтпаева Гүлнара «Жаңыл Мырза» эпосундагы гендердик конфликт».
3. Курбонхонова Нуриджахон «Тажик фольклорундагы баатыр жана акылман аялдардын образдары».
4. Абдулхамидова Парвина «Шугнан лексикасындагы аялдардын ролдорунун эволюциясы».

Иштөө формалары:

**Кейс-стади (макал-лакаптарды, эпосторду талдоо).**

- Салыштырма таблицалар (салттуу жана азыркы образдар).
- Этикалык дебаттар (мисалы, макал-лакаптардагы кыздарга коюлган тыюуларды талкуулоо).

**Жыйынтыктоочу тапшырмалар:**

- Презентация: «Гендердик стереотиптерди фольклор кантип калыптандырат?»
- Эссе: «Фольклордогу аял: курмандыкпы же баатырбы?»

## 2-БЛОК. ТАСМА (4 саат – 2 сабак)

**Тема:**
«Борбордук Азия кинематографиясындагы аялдардын образдарын кайрадан жаратуу: советтик идеалдардан азыркы чакырыктарга чейин».

**Негизги суроолор:**

1. Тажик жана өзбек тасмаларында аялдардын образдары кандайча өзгөрдү?
2. Кинематограф гендердик стереотиптерге таасир этеби?
3. Аял-режиссёрлор (мисалы, Маргарита Касымова) тоскоолдуктарды кантип жеңишкен?

**Материалдар:**

1. Усманова Зулайхо «Тажик тасмаларындагы аялдардын образдары».
2. Хан Ольга «Өзбек тасмасындагы энелик дискурс».
3. Тилло Неккадам «Тажикстандагы биринчи аял-режиссёрунун чыгармачылыгы».

**Иштөө формалары:**

- **Тасмаларды талдоо** («Зумрад», «Обуза»).
- **Ролдук оюндар** (мисалы, «Тартуучу топ: күчтүү аял каарман жөнүндө кантип тасма тартса болот?»).
- **Сценарийди жазуу** – азыркы заманбап аял жөнүндө кыска метраждуу тасманын долбоору.

**Жыйынтыктоочу тапшырмалар:**

- Презентация: «Борбордук Азия тасмаларындагы аялдар: прогресспи же регресспи?»
- Видеоэссе: «Мен улуттук тасманын үлгүлүү (идеалдуу) аял каарманын кандай элестетемин?»

## 3-БЛОК. МУЗЫКА (4 саат – 2 сабак)

**Тема:**
«Аялдын үнү: салттуу ырым-жырымдардан сахнага чейин».

**Негизги суроолор:**

1. Өзүн-өзү көрсөтүү жана каршылык көрсөтүү үчүн кантип аялдар музыканы колдонушат?
2. Эмне үчүн дутар «аялдардын» аспабы деп эсептелет?
3. Ырлар кантип тарыхый документ болуп калат?

**Материалдар:**

1. Саида Даукеева «Моңголия казактарынын жаназалык кошоктору».
2. Таня Мерчант «Дутар аялзатынын сыпатынын символу катары».
3. Бахринисо Кабилова, Рухайё Каримова «Тажик аялдарынын ырлары оозеки тарых катары».

**Иштөө формалары:**

- **Ырлардын тексттерин талдоо** (темалар: сүйүү, жоготуу, наразычылык).
- **Мастер класс**: Дутар аспабында ойноо боюнча мастер-класс (же анын символикалык сүрөттөлүшү).
- **Плейлист түзүү**: «Борбордук Азиядагы аялдардын үндөрү» аттуу плейлист түзүү.



**Жыйынтыктоочу тапшырмалар:**

- Доклад: «Музыка аялдардын эмансипациясынын куралы катары».
- Чыгармачылык долбоор: музыкалык маданияттын каарманы жөнүндө подкаст жаздыруу (мисалы, Тамара Ханум).

**4-БЛОК. ГЕНДЕР (4 саат – 2 сабак)**

**Тема:**

«Аялдар-лидерлер: каада-салт менен жаңылоонун (модернизациялоонун) ортосунда».

**Негизги суроолор:**

1. Кантип тарыхый инсандар (Курманжан Датка, Бопай Ханым) аялдардын укуктарына таасир эткен?
2. «Манас» эпосунда аялдардын кандай архетиптери үстөмдүк кылат?
3. Аялдардын ишкердүүлүгү гендердик ченемдерди кандайча өзгөртөт?

**Материалдар:**

1. Джунскалиева Дина «Курманжан Датка жана Бопай Ханым».
2. Калия Кулалиева «Манастагы аялдардын образы».
3. Ева Леннарц «Казакстандагы чыгармачыл индустриядагы аялдар».

**Иштин формалары:**

- **Дебаттар**: Курманжан Датка уулун өлүм жазасына тартуудан баш тарта алмак беле?
- **Салыштырма-талдоо**: Эпостордогу аял каармандарды азыркы аял жол башчылар (лидерлер) менен салыштырма талдоо.
- **Бизнес-кейс**: Ишкер аялдардын ишкердүүлүгүн колдоо үчүн долбоор иштеп чыгуу.

**Жыйынтыктоочу тапшырмалар:**

- Презентация: «Тарыхтагы аялдардын жол башчылык, лидерлигинин сабактары».
- Эссе: «Бүгүнкү күндө Борбордук Азиядагы аялдарга кандай лидерлик сапаттар керек?»

**Ыкма-усулдар (Методология)**

- **Дисциплиналар аралык мамиле:** антропологиянын, маданият таануунун жана гендердик изилдөөлөрдүн айкалышы.
- **Интерактивдүү ыкмалар:** кейстер, дебаттар, визуалдаштыруу (акыл карталары, Венндин диаграммалары).
- **Этикалык оюндар**: ролдук симуляциялар (мисалы, «Аксакалдар кеңеши аял лидердин тагдырын чечет»).

**Баалоо критерийлери**

- Дискуссияларга катышуу (20%).
- Аналитикалык иштер (эссе, таблицалар – 30%).
- Чыгармачылык долбоорлор (презентациялар, видео – 30%).
- Жыйынтыктоочу тест (20%).

**Баптын максаты**: Борбордук Азиядагы маданият жана искусство гендердик ролдорду кандайча калыптандырып, сындап же өзгөртүп жатканын көрсөтүү.

***Эскертүү:***

*Силлабус аудиторияга (студенттерге, изилдөөчүлөргө, активисттерге) карата теориялык же практикалык компонентке басым жасоо менен ылайыкташтырылышы мүмкүн.*

## Силлабус

## III бап
## Аялдар жана экономикалык ишмердүүлүк

**Биринчи бөлүм. Борбордук Азиядагы аялдардын экономикалык ишмердүүлүктөгү абалы жана ролу (4 саат – 2 сабак)**

**Тексттер**

**КЕЙС-СТАДИ: Натан Лайт. Тармактуу маркетингдин ааламдашуусу (глобалдашуусу): Кыргызстандагы аялдар тармактык маркетингдин кесипкөйлөрү болуп калууда.**

**Негизги тексттер:**

1. Адамбусинова З. «Коммерсант аялдан бизнес-айымга чейин: Борбордук Азиянын постсоветтик бир тармактуу (моно) шаарларында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүүнүн портрети».
2. Колесова Е. «Өзүн издөө: Кыргызстандагы чыгармачыл индустриядагы аял-антрепренёрлор».

**1-сабак. Текст: «Коммерсант аялдан бизнес-айымга»**

**Текст: З. Адамбусинованын тексти**

**Сабактын максаттары:**

- Советтик жумушчулардан ишкерлерге чейинки аялдардын статусунун өзгөрүүсүн (трансформациясын) байкоо.
- Экономикалык кризис шартында аялдардын жашоо стратегияларын талкуулоо.
- Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүү концепциясын (АМКК) талдоо.

**Негизги суроолор:**

- СССРдин ыдырашы бир тармактуу (моно) шаарлардагы аялдардын экономикалык активдүүлүгүнө кандай таасир этти?
- Аялдар жаңы экономикалык шарттарга ыңгайлашуу үчүн кандай стратегияларды колдонушкан?
- Карызга соода кылуу аялдар үчүн кандайча бизнес-моделге айланды?
- АМККнын экономикалык, социалдык жана психологиялык аспектилери эмнелерден турат?

**Иштөө ыкмалары:**

- Тексттин концептуалдык идеяларын топто талкуулоо.
- Соода жана тармактык маркетингдин салыштырма талдоосу.
- Натан Лайттын кейс-стадиси менен иштөө.

**Сабактын планы:**

**Киришүү** (10 мүнөт) – Маселени коюу.

1. **Текстти талдоо** (30 мүнөт) – Бөлүмдөр боюнча топтордо иштөө:
   - бир тармактуу шаарлар жана экономикалык кризис.
   - Карызга соода кылуу бизнес-модель катары.
   - АМКК концепциясы (агенттик, ресурстар, жетишкендиктер).
2. **Кейс-стади менен салыштыруу** (20 мүнөт) – Соода сатык тармактык маркетингден эмнеси менен айырмаланат?
3. **Корутунду** (10 мүнөт) – Негизги суроого жооп: «Аялдар кантип бизнес-айымдарга айланышты?»

**2-сабак. Текст: «Креативдүү индустриядагы аялдар».**

**Текст: Е. Колесованын тексти**

**Сабактын максаты:**

1. Аялдардын салттуу кол өнөрчүлүктөгү (шырдак) ролун изилдөө.
2. Чыгармачыл мейкиндик экономикалык көз карандысыздыкка кандайча өбөлгө түзөрүн талдоо.
3. Ишкердиктеги гендердик стереотиптерди талкуулоо.

**Негизги суроолор:**

1. Эмне үчүн шырдак аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн символу болуп калды?
2. Бизнестеги патриархалдык тоскоолдуктарды аялдар кантип жеңишет?
3. Эркектер менен аялдардын ишкердигинин ортосунда кандай айырма бар?
4. Аялдардын бизнесин өнүктүрүүдө социалдык тармактар жана эл аралык уюмдар (ЮНЕСКО) кандай ролду ойношот?

**Иштөө ыкмалары:**

- Кол өнөрчү уз аялдардын оозеки баяндарын талдоо.
- Тармактуу маркетингдин кейси менен салыштыруу.
- Бизнестеги гендердик ролдор жөнүндө талкуулоо.

**Сабактын планы:**

1. **Киришүү** (10 мүнөт) – Креативдүү индустрия боштондукка (эмансипация) жол катары.
2. **Текстти талдоо** (40 мүнөт) – Топтордо иштөө:
   - Шырдак: экономикалык жана символикалык баалуулук.
   - Аялдардын социалдык жана адамдык капиталы.
   - Ишкердиктеги гендердик стереотиптер.
3. **Кейс-стади менен салыштыруу** (20 мүнөт) – Эмне үчүн кээ бирөөлөр кол өнөрчүлүктү, ал эми башкалары тармактык маркетингди тандашат?
4. **Жыйынтыктоо** (10 мүнөт) – Негизги суроого жооп: «Аялдар өздөрүнүн креативдик мейкиндигин кантип түзүшөт?»

**Экинчи бөлүм. Аялдардын экономикалык теңчилик үчүн күрөшү (4 саат – 2 сабак)**

**Тексттер:**

1. Нурдинова Ш. «Стамбулдагы мардикор-базар өзбек мигранттарынын көрүнбөгөн жүзү катары».
2. Мидинова Б. «Пахта жана тамеки тергендер: советтик жаңылоону (модернизацияны) изилдөө».

Экинчи бөлүм боюнча силлабустун уландысын да жогорудагыдай ыкма менен иштеп чыгууга болот.

**Баалоо:**

- Талкууларга катышуу (30%).
- Текстти топтук талдоо презентациясы (30%).
- «Экономикалык ишмердүүлүк Борбордук Азиядагы гендердик ролдорду кантип өзгөртөт?» аттуу темага эссе жазуу (40%).

**Сунушталган кошумча материалдар:**

- Борбордук Азиядагы аялдардын ишкердүүлүгү жөнүндө даректүү тасмалар.
- Микрокредиттөө жана анын АМККга тийгизген таасири тууралуу макалалар.

Бул силлабусту окутуучунун конкреттүү окуу сааттарына жана каалоосуна ылайыкташтырууга болот.

# Силлабус

## IV бап
## Үй-бүлөлүк жана диний контексттердеги аялдардын орду



**Киришүү**

Антологиянын төртүнчү бабы Борбордук Азиядагы үй-бүлөлүк жана диний түзүмдөрдөгү аялдардын ордун талдоого арналган. Салттуу жана заманбап практикалар, исламдын жана советтик мурастын таасири, ошондой эле социалдык өзгөрүү (трансформация) шарттарындагы аялдардын каалаган максатты жана максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгү (агентность) каралат.

**Биринчи бөлүм. Үйлөнүү каада-салты жана дин**

**Тема:**
«Борбордук Азиядагы азыркы, заманбап үйлөнүү каада-салттарындагы диний контексттер» (4 саат – 2 сабак)

**Негизги тексттер:**

1. **Виктория Клемент** «Түркмөн үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү жана үй-бүлөлүк баалуулуктардагы аялдык сыпат».
   - Үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүнүн символикасын талдоо, ислам жана теңирчилик менен байланышы.
   - Аялдардын каада-салттарды сактоодогу ролу (мисалы, той садака – курмандык чалуу менен коштолгон үйлөнүү алдындагы ырым).
2. **Мадияр Утебаев** «Каракалпак келининин салттуу жүрүм-туруму (этикети)»:
   - Качуу практикасы, патрилинейлик үй-бүлөдөгү келиндин милдеттери.
   - Баш ийүү этикасы жана «жумшак каршылыктын» формалары.
3. **Чолпон Турдалиева** «Кыргыздардын тойлору гендердик аспектилер аркылуу караганда»:
   - Урбанизация шартында үйлөнүү тойлордун эволюциясы.
   - Жөрөлгөлөрдөгү гендердик ролдор (мисалы, эркектер жана аялдар мейкиндиктеринин бөлүнүшү).

**Тапшырмалар:**

- **Салыштырма талдоо.** Түркмөнстандын, Каракалпакстандын жана Кыргызстандын үйлөнүү үлпөт жөрөлгөлөрүнүн салыштырыңыздар. Исламдын жалпы элементтерин жана жергиликтүү айырмачылыктарды аныктаңыздар.
- **Этикалык оюн «Каада-салттардын курагы (мозаикасы)»**. Катышуучулар үйлөнүү тойлорундагы диний ченемдер гендердик ролдорго кандай таасир этээрин талкуулашат.

**Экинчи бөлүм. Азыркы коомдогу аялдар**

**Тема:**
«Экономикадагы, үй-бүлөдөгү жана диндеги аялдардын каалаган максатты жана максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүгү» (4 саат – 2 сабак)

**Негизги тексттер:**

1. **Рано Тураева** «Аялдар өзгөрүүнүн өкүлдөрү катары»:
   - Постсоветтик өзгөрүүлөр (трансформациялар): аялдардын ишкердүүлүгү, миграция, гендердик ролдорду кайра карап чыгуу.
   - Кейс-стади: аял ишкерлердин тарыхы (мисалы, Түркмөнстандык Мерал).
2. **Аксана Исмаилбекова** «Аялдар, тууганчылык, ислам жана менчик»:
   - Аялдардын мураска болгон укуктары (махр), исламдык ченемдердин мүлктүк мамилелерге тийгизген таасири.
   - Нике чыр-чатактардан кийинки аман калуу стратегиясы катары (2010-жылдагы Ош окуясынын мисалында).
3. **Томмазо Агуцци** – Келиндер жөнүндө фотоэссе:
   - Патриархалдык үй-бүлөлөрдөгү аялдардын күнүмдүк турмушуна визуалдык талдоо.

**Тапшырмалар:**

- **Топтук талку**улоо: «Динчилдик аялдар үчүн ресурспу же чектөөбү?»
- **Кейстерди талдоо**: студенттер тексттерде берилген аялдардын баяндарын талдап, алардын каалаган максатты жана максатка жетүү жолун эркин тандоо мүмкүнчүлүктөрүн (мисалы, экономикалык активдүүлүк же диний практика аркылуу) баалашат .

**Үчүнчү бөлүм. Үй-бүлө, билим берүү жана социалдык өзгөрүүлөр (4 саат – 2 сабак)**

**Тема:**

«Билим берүүнүн жана миграциянын гендердик ролдорго тийгизген таасири»

**Негизги тексттер:**

1. **Нажиба Темиршоева** «Жогорку билимдүү аялдар жана алардын үй-бүлөгө тийгизген таасири»:
   - Билимдүү энелердин балдарды социалдаштыруудагы ролу. Салттуу күтүүлөр менен кесиптик ишке ашуунун ортосундагы чыр-чатак.
2. **Фотима Шохзодамухаммадова** «Тажик аялдарынын дилеммасы: чыдап жашаш керекпи же ажырашуубу?»:
   - Ажырашуунун терс мамилени пайда кылган социалдык көрүнүшү (стигмасы), экономикалык тоскоолдуктар. «Стигма менен эркиндиктин ортосунда» аттуу кейс-оюну.
3. **Светлана Торно** «Тажикстандагы аялдар, нике жана камкордук»:
   - Муундар аралык мамилелер, эркектердин эмгек миграциясынын шартында балдарды багуу.

**Тапшырмалар:**

- Ролдук оюн: «Үй-бүлөлүк кеңеш» ролдук оюну.
- Талкулоо: Катышуучулар кайнененин, күйөөнүн жана бейөкмөт уюмдун позицияларын эске алуу менен келиндин ажырашуусу же билим алуусу жөнүндө чечимди талкуулоону моделдештирет.
- Эссе: «Кантип советтик аялдардын тең укуктук (эмансипация) саясаты (мисалы, Хужум кампаниясы) заманбап, азыркы гендердик ролдорго таасирин тийгизген?».

**Ыкмалык сунуштар**

**Баалоо:**

- талкууларга катышуу (30%);
- аналитикалык тапшырмалар (40%);
- жыйынтыктоочу долбоор (эссе же презентация, 30%).



**Дисциплиналар аралык байланыштар: Антропология, социология, ислам таануу.**

- **Ресурстар:** Сүрөттөр (фотоархивдер), мигрант аялдар менен болгон маектер, аялдардын ишкердүүлүгү жөнүндө маалыматтар.

**Жыйынтык:** Силлабуста теориялык талдоо менен интерактивдүү ыкмаларды айкалыштырып, аймактагы аялдардын тажрыйбасынын көп түрдүүлүгүн баса белгилейт. Гендердик изилдөөлөрдү саясий көз карандысыздыкты билдирген процесси аркылуу (деколонизациялоо) жана батыш концепцияларын сын көз менен кайра карап чыгууга басым жасалат.

*Бул материал Борбордук Азия Университети тарабынан «Жарандык коом аркылуу гендердик теңчиликти алдыга жылдыруу» (AGECS) долбоорунун алкагында даярдалды. Аталган долбоор «Ден соолуктун негиздери жана укуктар жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү» программасынын (F4HE), Канада Өкмөтүнүн каржылык колдоосу менен Канададагы Ага Хан фондунун демилгесинин компоненти болуп саналат.*

In partnership with Canada

ФОНД АГА ХАНА

БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНҮКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АЯЛДАР: ӨЗГӨРҮП ЖАТКАН ДҮЙНӨДӨГҮ РОЛУ, СТАТУСУ, ОБРАЗДАРЫ ЖАНА ЧАКЫРЫКТАРЫ

## Окутуучулар үчүн концептуалдык колдонмо

*Дизайнер Айгуль Алдашева*

Басууга 09.03.2026 кол коюлган. Формат: 60х84 1/16.
Офсеттик кагаз. Санарип басып чыгаруу.
Шрифт: DT Helvetica Neue. Көлөмү: 13,75 барак.

ISBN 978-601-382-339-3